В. И. НЕФЕДОВ, С. Ю. ЩЕРБАНЬ

# ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО ЧЕБЕРЧИЛИГИ



АТА-ЭНЕЛЕРГЕ БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ

В. И. НЕФЕДОВ, С. Ю. ЩЕРБАНЬ

# ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Которгон *Бекбосун Орозалиев*

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1976

Инв. № 1486

371.018
Н 58

**Нефедов В. И., Щербань С. Ю.**

Н 58 Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо чеберчилиги. Ф., «Мектеп», 1976 ©.
224 бет. (Ата-энелерге балдар жөнүндө).

Бул китепте үй-бүлөдөгү адептүүлуктүн негиздери жөнүндө, ата-энелер жана балдардын ортосундагы өз ара мамилелер тууралуу, граждандуулукту, кайраттуулукту, коллективчил сезимди тарбиялоо туурасында сөз козголот.

371.018

Н $\frac{1101-298}{М\ 452\ (07)-76}$ 117—76

Детская библиотека № 2
г. Таш-Кумыра

© Издательство «Народная асвета», 1971 г.
© Издательство «Мектеп», 1976 г.

## I глава. УЛЬЯНОВДОРДУН ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН НЕГИЗДЕРИ

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо оңой-олтоң иш эмес. Ал ата-энелерден көптү билгендикти, өтө кылдаттыкты жана кулк мүнөзүнүн таза болушун талап кылат.

Эң бир алдыңкы коомдук ой-пикирдин бүткүл дүйнөгө белгилүү окүлдөрү чыккан Ульяновдордун үй-бүлөсүндөгү балдарды тарбиялоо тажрыйбасы ата-энелердин зор кызыгуусун туудуруп жатканы кокусунан эмес.

«Лениндин көз карашы анын жаш чагынын алгачкы мезгилинде үйдөн алган тарбиясынын, ата-энесинин көрсөткөн үлгүсүнүн таасири астында калыпташкан...»[1] деп, Владимир Ильичтин биографтары адилеттүүлүк менен айрыкча белгилешет. Илья Николаевичтин жана Мария Александровнанын өз балдарына таасир этишинин «жашырын сырын» мына ушундан улам ачып көрсөтүү өтө маанилүү.

Илья Николаевич кичинекей бала кезинен тартып эле «төмөнкү тектен чыккан» адамдын укмуштай жокчулукта жашаган кыйын турмушун башынан өткөргөн. Бөтөнчө зээндүүлүгүнүн, эркинин майтарылгыстыгынын, өз алдынча тырышып талбай эмгектенгендигинин жана агасынын жардамынын натыйжасында гана Илья Николаевич Астрахандагы гимназияны окуудагы жетишкен ийгиликтери үчүн медаль менен бүтүрүп чыгат. Бул гимназиянын бүт тарыхындагы биринчи жана акыркы жолку берилген медаль эле.

Казань университетинде окуган жылдары ал үчүн көп жапа чеккен, көп муктаждыктарды башынан өт-

[1] В. И. Ленин. Биография. 2-басылышы. М., Саясий басма, 1963, 5-бет

көргөн жылдар болгон. Бирок студенттик жылдардагы оор турмуш шарттары И. Н. Ульяновдун эркин мокото алган жок. Тескерисинче, «бул анын мүнөзүн такшалтып, мээнеткечтикке тарбиялады»... деп жазган Мария Ильинична атасы жөнүндө. Студент кезинде эле Илья Николаевич өмүрүнүн саясий маанисин акын-декабрист Рылеевдин төмөнкү сөзү менен бекем айкындап, ошону улам кайталап айтканды жакшы көргөн:

Экөөбүз тең бир тилекти көздөйбүз,
Келечектен үмүттү эч үзбөйбүз.
Мекен жерди арылтууга кайгыдан
Мына ошого күчүбүздү түздөйбүз.

И. Н. Ульянов математикалык илимдердин кандидаты деген даража алуу менен университетти бүтүрүп чыгат. Илья Николаевичтин алгачкы мугалимдик жылдары Пензадагы дворяндар институтунда өтөт. Анда ал өзүн чыгармачылык менен ой жүгүрткөн окутуучу катары көрсөтүп, институттун жана шаардын коомдук турмушуна активдүү катышат.

Илья Николаевич гимназисттерге жакын болгон. Сабактан тышкаркы учурларда ал окуучулар менен тыюу салынган темада көп сүйлөшө турган.

И. Н. Ульянов окутуучу Захаровдун үйүнөн гимназисттер Ищутин, Каракозов жана башка тарбиялануучулар менен жолугушуп, Некрасовдун ырларынан келтирип далайга дейре жатка айтып берүүчү, ал эми Добролюбовду болсо өзгөчө жакшы көргөн, улуу сынчынын эл агартуу жөнүндө, жаңы адамды тарбиялоо жөнүндө айткан тайманбаган сөзү анын сезимине ушунчалык терең таасир эткен[1].

И. Н. Ульянов кесиптеш кишилер менен бирге Нижний Новгороддо иштеп турганда мурдагы гимназист Дмитрий Каракозовдун падышага кол салгандыгы жөнүндөгү кабар аларга келип жетет. Мына ушу билдирүүгө байланыштуу Илья Николаевичке үстү-үстүнө суроо жаадырышты:

— Каракозов жөнүндө айтып берсеңиз...

Институттун директору өз окутуучусуна жолугуп, кытмыр күлүмсүрөп мындай дейт:

---

[1] Роман-газета. 1970, № 11, 10-бет.

— Господин Ульянов, сизди куттуктасак болобу? Каракозов деген кара ниет бузукуну сиз тарбиялап чыгардыңыз беле? Сизби?

— Ооба, ал менин окуучум болгон.

— О, сиздин окуучуңуз экен да?! Мындай бузукуну сиз гана тарбиялай ала турганыңызды мен билчү элем. Сиз гана![1]

Бул чындык эле. Илья Николаевич өзүнүн өмүрлүк жары Мария Александровнага мындай деген: «Биз Митянын жана анын бардык досторунун көз карашына эмир ушунчалык дүркүрөп өнүгүп бараткан алдынкы ой пикирдин уругун чачтык. Элдин бак-таалайы жөнүндө, ага жан аябай кызмат кылуу жөнүндө канча айтылды дейсиң...»[2]

1863-жылдан 1869-жылга чейин И. Н. Ульянов Нижний Новгороддун окуу жайларында эмгектенип, революциялык демократтардын — Н. Г. Чернышевскийдин, Н. А. Добролюбовдун, Д. И. Писаревдин педагогикалык теориясын активдүүлүк менен жүзөгө ашырат. Ал К. Д. Ушинскийдин, Н. И. Пироговдун, Л. Н. Толстойдун, И. Песталоццинин, А. Дистервегдин, Я. А. Коменскийдин педагогикалык теориясын терең үйрөнөт.

Нижегороддогу гимназиянын окуусун эсине түшүрүп, профессор Карякин мындай деп жазган: «Илья Николаевичти биз, гимназисттер, терең урматтап, абдан жакшы көрүүчүбүз. Аны өз предметин эң сонун билгендиги үчүн жана таланттуу, түшүнүктүү айтып бергендиги үчүн урматтоочубуз, баарынан мурда биз аны эч кимдин көңүлүн оорутпагандыгы жана кайрымдуулугу үчүн жакшы көрүүчүбүз... Бул чынында эле ак көңүл, баарын кечире билген жана өз окуучуларын жакшы көргөн адам эле... Илья Николаевичтин мээримдүүлүгү бизге жагымдуу таасир этчү: биздин кээ бирөөлөрүбүз математиканы ушунчалык жакшы көрүп калгандыктан, кийин, университетке барганда, ошону өз адистиги кылып тандап алышты»[3].

Нижний Новгороддо иштеп турган учурунда Илья Николаевич 60-жылдардагы окуялардын революцио-

---

[1] Роман-газета, 1970, № 11, 26-бет.

[2] Роман-газета. 1970, № 11, 29-бет.

[3] А. И. Кондаков. Директор народных училищ И. Н. Ульянов. М., «Просвещение», 1964, 31—32-бет.

нер-демократтардын, педагогиканын прогрессивдүү ишмерлеринин таасири менен анын орду эл арасында экендигине ишенген көз карашка келет. Бул тууралу Анна Ильинична: атасы «кеңирирээк чөйрөдөгү ишти каалагандыгын жана аны гимназиянын оокаттуураак турган окуучулары үчүн эмес, жокчулуктун азабын тарткан окуучулары үчүн, билим ала албай кыйналып жүргөндөр үчүн, кечээки кулдардын балдары үчүн колдонууну каалагандыгын»[1] жазат. Ырас, Ульяновдордун үй-бүлөсүнө жакын турган кээ бирөөлөр Мария Александровнага күйөөсүн сунуш кылынган кызматтан баш тартууга көндүрүңүз деп кеңеш беришкен. Бирок Мария Александровна мындайча жооп кайтаруучу:

— Ал ошоякка барууга милдеттүү!.. элге ошол жерден пайда келтирүүгө болот...— деди да: —...Өзүнүн көз караштарын Илья Николаевич биринчи орунга коёт,— деп кошумчалады.[2]

1869-жылы И. Н. Ульянов Нижний Новгороддон губерниялык кичинекей Симбирск шаарчасына көчүп келет, анда адегенде губерниянын элдик окуу жайларынын инспектору болуп, андан кийин директору болуп иштейт. Симбирск губерниясы Россиянын артта калган чет-жакаларынын бири болуп эсептелген. Симбирск шаарынын өзүндө бардыгы болуп эки эле башталгыч элдик мектеп жана эки жүз койкалуу земстволук бир оорукана болгон, бирок чиркөөлөр, аракканалар жана монастырлар көп болучу.

Жер-жерлердеги мектеп ишинин абалы менен таанышып, мектептерде чыныгы мугалимдердин жок экендигине Илья Николаевич дагы бир жолу ишенет. Ал эми балдарды болсо туш келди баары эле окута беришет. Мисалы, отчет боюнча мектеби бар Иваньково кыштагына барганда эмне деп айтаарын билбей апкаарып калган староста, өөдө карай албай көзүн ала качып, кайта-кайта ийилип таазим этип жатып, балдарды бир катчы киши окутам деп алек болгонун, бирок алигиче чолосу тийбей окута албай жүргөнүн, ал эми акчасын болсо, албетте, убагы менен алып жүргөнүн түшүндүрүп айтып берди.

---

[1] Воспоминания о В. И. Ленине. В 5-ти томах. т. I, М., Политиздат, 1968, 19—20-бет.

[2] Роман-газета, 1970, № 11, 40-бет.

Илья Николаевичке «дайыма ар кай жакта кыштактарды аралап чапкылап жүрүүгө, кышкы суукка, алай-дүлөй бороонго калып калчылдап үшүүгө, жазгы жамгыр жүргөн учурларда жолдо келатып сууга батууга, жаткан жерлерде ачка болуп, ис тийип ооруп калууга ж. б. башынан өткөрүүгө туура келет. Ал... бир нече ай катары менен үй-бүлөсүн көргөн эмес; артынан түшүп жүрүп арандан зорго дегенде арзыбаган акча бөлдүрүп алып, мектептерди курат, алдамчы подрядчиктер менен алпурушат, ...курстарга жетекчилик кылат, ачка болгон мугалимдердин даттануударын угат...»[1].

Самодержавие тарабынан эзилген Ортоңку Поволжьесинин орус эмес элдеринин: чуваштардын, мордвалардын, татарлардын билим алышына Илья Николаевич өзгөчө көңүл бурган.

«Жаңы типтеги мугалимдер», «учурдун кооздугу» деп аталган мугалимдердин эки жылдык курсунда окутуучулук кесиптеги кадрларды даярдоо боюнча И. Н. Ульянов бөтөнчө чоң иш жүргүзөт. Мугалимдик иш алар үчүн эң бир ардактуу граждандык милдет болгон.

Илья Николаевич педагогикалык квалификациясын көтөрүү, тажрыйба алмашуу максатында мугалимдердин съезддерин уюштурат жана өткөрөт.

И. Н. Ульянов элдик мугалимдердин материалдык абалын жакшыртуу жөнүндөгү камкордукка көп күч жумшайт. Ал карапайым адамдардын өзгөчө боорукер жана камкор досу болгон, окуучуга болобу, дыйканга болобу, мугалимге болобу дайыма колунан келген жардамын аяган эмес. Кырдаал кыйын болуп турган учурда, «...чийинден чыккан, укмуштай сандырак жана ырайымсыз реакциянын»[2] жылдарында да ал бүт аң-сезимдүү өмүрү бою ушундай бойдон кала берген.

И. Н. Ульяновдун карапайым элди, агартуу ишин ченсиз сүйгөндүгү жана берилгендиги, бөтөнчө адамгерчиликтүүлүгү жана абдан карапайымдыгы анын балдарынын мүнөзүнүн бир калыпка келип жетилишине, алардын ички дүйнөсүнүн өсүшүнө жакшы таасир эткен.

---

[1] И. Н. Ульянов в воспоминаниях современников. Саратов, Приволжское книжное издательство, 1968, 55-бет.

[2] В. И. Ленин. Полн. собр., соч. ч. I, 295-бет.

Эң сонун аял, өз балдарынын таланттуу педагог-тарбиячысы Мария Александровна Илья Николаевичке жарашып турат эле. «Энем адамдарга мамиле кылганга абдан уста эле, ал бат эле тааныштык байланыштарды түзүп, аны менен катташып жүргөндөрдүн баарынын сүймөнчүлүгүнө жана урматтоосуна ээ болуп ала турган,— деп жазат М. И. Ульянова.— Анын «карапайым» адамдарга, күч эмгегинде иштеген адамдарга карата жасаган мамилесинен да ушундай эле жөнөкөйлүгү жана мээримдүүлүгү байкалып туруучу. Кыштакта турууга туура келген учурларда ал дагы, атамдай эле, дыйкандар менен чын көңүл коюп аңгемелешүүчү, ал эми алар болсо аны кайрымдуулугу жана жылуу мамилеси үчүн, мырзасынган жана текеберсинген бир да белгиси жок экендиги үчүн, аларга жардамга келүүгө даяр болгондугу үчүн чын жүрөктөн жакшы көрүшчү»[1].

Мария Александровна эң зор мээнеткеч аял болгон. Ал алгачкы бала кезинен тартып эле өз атасынын үйүндө эмгек тарбиясынан өткөн. Владимир Ильичтин энеси көптү билген жана көп иш колунан келген. Ал «орус адабиятын жакшы билген, жаңы журналдарды окуганды да жакшы көргөн, ...анан өзүнө таасир эткендерин ортого салып, окуп чыккандары жөнүндө бизге айтып берүүчү»,— деп эсине түшүрөт М. И. Ульянова.

М. А. Ульянова үч чет тилин билген, роялда ойногон. Ал сайма сайганды, жер иштеткенди жана багбанчылыкты жакшы көргөн, «...кечинен түйшүктөнткөн тагдыр аны кайда гана алып барбасын, бардык жерде, эгер бир аз эле мүмкүнчүлүгү боло калса, жемиш бак тигип, огород айдап, ошерде өзү иштечү»[2].

Мария Александровна таң калаарлыктай кайраттуу киши болгон. Өзүнүн турмуш жолунда ал керемет кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. 1886-жылы 12-январда Илья Николаевич каза болот. Көп узабай эле улуу баласы Александр падышага кол салгандыгы үчүн камакка алынып, андан кийин өлүм жазасына

---

[1] М. И. Ульянова. Мать Владимира Ильича — Мария Александровна Ульянова. «Вопросы истории КПСС», 1964, № 4 стр. 47.

[2] А. Л. Карамышев, В. А. Томуль. Воспитание в семье Ульяновых. Саратов, Приволжское книжное издательство, 1969, 37-бет.

тартылат. 1891-жылы 8-майда Петербургда он тогуз жашар кызы Ольга каза болот. Андан кийин Владимир Ильич, Анна Ильинична, Мария Ильинична, Дмитрий Ильич түрмөлөрдө жатышып, сүргүндөргө айдалышат, камактарда болушат...

Эне балдарынын он тогуз жолу камакка алынышын башынан өткөрөт, бирок алдастап калбастан, кайра ого бетер бекем болуп, балдарынын таламын талашып күрөшөт, «мекемелерге», бюрократ чиновниктердин жана төрөлөрдүн кабыл алуу бөлмөлөрүнө кирет. Кыйын абалды башынан өткөргөндүгүнө карабастан, Мария Александровна балдарынын ойлогон ою менен бирге жашады. Тун кызы Анна Ильинична энесинин айкөлдүгүн төмөнкүчө сүрөттөйт: «Ал бардык жагынан жөндөмдүү, баары жогу келишкен киши эле. Ушунчалык оор абалды башынан өткөрүп ичинен сызып жүргөн учурларда да бөтөнчө байкалган өтө туруктуулугу жана мүнөзүнүн күчтүүлүгү менен жооштугу жана камкордугу, ал эми ички тереӊ кайгысы менен — аны көрүп жүргөндөрдүн баарын дайыма өзүнө тарткан оор басырык, жадырап-жайнаган көӊүлдүү кыялы күп келишип тураар эле...», ал «бүт күчүн жумшап, чексиз берилип сүйгөндүгү менен курчаган балдарын эрке кылып тарбиялабастан жана ыгы жок ою менен болбостон, алардын эркин ойлоосуна ашыкча тыюу салбастан өзүнө тарта билген»[1].

Мария Александровнанын күндөлүк турмуш-тиричилигинин эле өзү, атасынын — Илья Николаевичтин турмушундай эле, балдарынын көз карашынын калыптанышына оӊ таасирин тийгизген. Владимир Ильич энесин адамдарга чоӊ камкордук менен өзгөчө көӊүл коюп мамиле кылган мүнөзүн сиӊирип калган эле. Эгерде жакындарынын же жолдошторунун кимдир бирөө жөнүндө жетишерлик камкордук көрбөй калган сыяктанса, энесиндей эле, Владимир Ильич дагы кандайдыр дароо өӊү кубарып, тынчы кетип күйпөлөктөп, кыйналчу...»[2]

---

[1] И. Н. Ульянов в воспоминаниях современников. Саратов, Приволжское книжное издательство, 1968, 19-бет.

[2] М. И. Ульянова. Мать Владимира Ильича — Мария Александровна Ульянова. «Вопросы истории КПСС», 1964, № 4, 58-бет.

Ата-энелеринин граждандык мүнөзү, эмгекчил массалар менен гана тыгыз байланышта болушу, алардын кызыкчылыгына ишкердүүлүк менен жана чын жүрөктөн кылган кызматы, эксплуататорлорду жек көрүшү, өз милдеттерине жогорку даражадагы ак ниеттүүлүк менен кылган мамилеси, демократизми, адамгерчилиги, сылыктык жана билимдүүлүк — Илья Николаевич менен Мария Александровнанын өз балдарына адептүүлүк жактан таасир этишинин дайыма аракеттеги булактары болгон.

Илья Николаевич жана Мария Александровна Ульяновдор балдарына адептүүлүк жактан тарбия берүүгө зор көңүл бурушкан. Алар балдары чыныгы адамдардан болуп өсүшү жөнүндө жана кандай гана шарттарда болбосун өзүнүн жогорку милдетин түшүнө билген граждандардан болушу жөнүндө камкордук көрүшкөн. Ата-энелеринин күндөлүк турмушунун өзү, алардын иш-аракети, көз караштары жана үй-бүлө турмушундагы өз ара мамилелер идеялуу, чыгармачылык менен ой жүгүрткөн, шыктуу жана эр жүрөк адамдардын калыптанып чыгышына көмөк көрсөткөн.

Ульяновдордун үйүндө, Илья Николаевич тамашалап айткандай, «тыюу салынган жемиштер» сакталып калган болчу. Алардын арасында А. И. Герцендин, Н. Г. Чернышевскийдин, Н. А. Добролюбовдун, Д. И. Писаревдин чыгармалары, акын-декабрист К. Ф. Рылеевдин ырлары бар эле.

Көп саптары менен строфаларын цензура өчүрүп таштаган Н. А. Некрасовдун кол жазма поэмаларындагы жана ырларындагы чекиттердин ордуна Илья Николаевич өзү кайра калыбына келтирген сөздөрдү жазып койгон. Мисалы:

Бороон уруп эркин кайык чайкалат,
Түпкүргө алып баратканы байкалат.
Акын болсо... кыйноо тартат, онтолойт,
Эзилгендер карап турсаң андан көп,
Мүңкүрөшөт ылдый салып баштарын,
Эми качан...

Ушул жерден цензура декабристтер жөнүндөгү строфаны өчүрүп таштаган, бирок Илья Николаевич аны таап алып, жазып коёт:

Эр жүрөк, эр азамат чыккандар бар,
Ошону сага айтамын, кулагың сал...
Баш ийип таазим этип урмат көрсөт,
Тагдыры өтө кыйын ойлоп көрсөк...

Илья Николаевичтин колу менен мындай мазмундагы ыр дагы көчүрүп жазылган болучу:

Жан таслим болуп Николай,
О дүйнөгө барган соң,
Пайгамбарга кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат,
Ары-бери кыйнабай,
Бейишке жибер деп айтат.
— Сен кимсиң? — дейт пайгамбарым.
— Мен орус падышасы, таанымалмын.
— Орус падышасы? Анда токтой тургун,
Бир азга сабыр кылгын,
Кеп айтамын, мына ошого көңүл бургун:
Бейиш жолу оңой эмес,
Кыл көпүрөө кыйын жол.
Күнөө кылып келгендерди
Өткөрбөгөн мазар жол.
— Мобу ант ургурлар кайсылар?
— Карапайым калк булар!
Өз кишилериң таанбай,
Сен эмине болгонсуң?
Таш боор болуп атанган,
Баарына тең бата алган
Булар россиялык дворяндар,
Унутуп неге койгонсуң?
Кайыр сурап кезишкен,
Аябай жапа чегишкен.
Анан жүрүп акыры
Бейишке минтип келишкен —
Мына бу эркин дыйкандар.
Ошондо ойлойт Николай:
«Бейиштен калдым, куурал ай!»
Кат жазат анан уулуна:
«Сүйкүмдүү Саша!
Акырет тагдырыбыз аянычтуу,
Чын эле такыр башка.
Эгер кишилериң жакшы көрсөң,

Менин айткан сөзүмө көңүл бөлсөң:
Алардын байлыгын бир аз азайт,
Ал эми бейишке чыгарам десең,
Баарын тең кайыр суратып жиберсең».

Ырдын аягында мындайча кошумча жазуу бар эле: «Бул сатираны көчүрүп жазып алууга кичироссиялык акын Тарас Шевченко мага берген болчу, дейт Варенцов. Варенцов бул сатиранын автору Шевченко болуу керек деген ойдо...»[1].

Мария Александровна ушуларды жана башка ырларды, ошондой эле Герцендин «Колоколун» окуганды жакшы көрө турган. Тарас Шевченкону дарылаган өзүнүн атасы Александр Дмитриевичти мына ушулар менен тааныштырууну ал абдан каалаган.

Цензура тарабынан тыюу салынып, Ульяновдордун үйүндө сакталып тургандардын көбүн балдары жатка жакшы билишкен. Анна Ильинична сегиз жашар Сашанын К. Ф. Рылеевдин «Иван Сусанин» деген ырын кандайдыр балага таандык эмес токтоолук менен декламациялаганын эсине түшүрөт. Ал эми он бир жашында Саша Н. А. Некрасовдун «Кире бериштеги ой толгоо» жана «Еремушкага арналган ыр» аттуу чыгармаларын жатка айтып калган. Саша, бул ырларды мага атам берип, абдан жагып калгандыктан жаттап алган болчумун деп айткан[2].

Үйдө балдардын баары тең Некрасовдун чыгармаларын көп окушчу, өзгөчө «Чоң атасын», «Орус аялдарын» баш көтөрбөй кызыгып окушчу, дейт Анна Ильинична. А. С. Пушкиндин жана М. Ю. Лермонтовдун поэзиясын, М. Е. Салтыков-Щедриндин сатиралык чыгармаларын жакшы көрүшчү. Декабристтерге зор ынта коюп кызыгышчу. Революциячыл демократтардын чыгармаларын окуп үйрөнүү балдардын ой-сезиминде эмгекчил элдин кызыкчылыгы үчүн күрөшүүчүлөрдүн идеалдарынын калыптанышына жакшы таасир эткен.

Илья Николаевич бардык улуттардын эмгекчил адамдарына камкордук көрсөтүп, көңүл коюп мамиле

---

[1] Роман-газета 1970, № 11; 24—25-бет.

[2] И. Н. Ульянов в воспоминаниях современников, Саратов, Приволжское книжное издательство, 1968, 23-бет.

кылган. Ал татарлардын, мордваларлын жана чуваштардын граждандык көп мектептерин уюштуруп, ачкан. И. Н. Ульянов Волганын жээгинде жашаган элди агартууну өнүктүрүү үчүн көп күч жумшаган. Ульяновдордун баары — ата-энелери да, балдары да — чуваш мугалимдер менен тыгыз байланышта болуп, ушул элдердин мектептеринин окуучуларына үзбөй жардам берип турушкан.

Владимир Ильич бала кезинде атасы малай болгон Коля менен достошот. Алар бир партада отуруп, бирге окушат. Володя чуваш мугалим Охотниковду университетке даярдайт. Чуваш элинин агартуучусу Иван Яковлевич Яковлев Ульяновдордун үй-бүлөсүнүн жакын жана чын жүрөктөн берилген досу болгон.

Башка элдердин өкүлдөрүнө карата Ульяновдордун гумандуу мамилеси, алар менен байланышта болушу балдарды интернационализмдин терең сезиминде тарбиялоого оң таасирин тийгизет.

Ата-эненин бири-бирин терең түшүнө билиши, алар менен балдарынын ортосундагы ынтымактуулук жана жакшы көргөндүк да Ульяновдордун үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоонун эң маанилүү шарттарынын бири болгон. «Ульяновдордун үйүндө,— деп жазат П. Н. Лепешинский,— бири-биринин өз алдынча эркин сезип ой жүгүртүүсүнө ишеним көрсөтүп, урматтагандык менен мамиле кылуу атмосферасы өкүм сүрүп турраар эле. Күндөлүк турмуш кызыкчылыгын көздөгөн талаш-тартыштар, адатта өз мүдөөсүнөн чыкпаган адамдардын арасынан кезигүүчү кажы-кужу сөздөр, бири-бирине атаандашып эрегишүү деген эч болчу эмес»[1].

Ульяновдордун күндөлүк турмуш эстетикасынын өзү балдарды тарбиялоодо зор маанилүү ролду ойногон. Илья Николаевич да, Мария Александровна да тыкандыгы, сылыктыгы жана кылдаттыгы менен айырмаланышкан. Алар дайыма бири-бирин алдын ала түшүнө билишкен жана башкаларга көңүл коюп мамиле кылышкан. Ата-энесинин бири-бири менен сүйлөшүү, аңгемелешип отурган кишинин сөзүн угуу, тегеректегилерге таасир этүү манерасы балдар үчүн кулк мүнөздүн чыныгы мектеби болгон.

[1] П. Н. Лепешинский. Жизненный путь Ильича. Л., 1925, 4-бет.

Илья Николаевич жана Мария Александровна эң бир татаал, чоң кайгы баскан жагдайларда да адептүүлүк сезимин жоготпой, жалпы иштин кызыкчылыгы үчүн өз каалагандарынан баш тартып, туура чечим чыгара билишкен. Илья Николаевич аткарып жүргөн иш мына ушуга күбө болот. Ал эч качан наараазы болчу эмес, ачууланчу эмес жана көңүлүн чөгөрчү эмес, ал эми мындай чыдамдуулук менен күч-кубатты жалгыз гана ишке чексиз, өзүн өзү унутканга чейин барган берилгендик бере алат»,— деп жазган анын замандаштарынын бири В. Н. Назарьев.

Ата-эненин өз үй-бүлөлүк иштерине жана коомдук милдетке болгон мамилелери балдарынын сезиминде жогорку адептүүлүк нормаларын, адамга, өзүнүн граждандык милдетине болгон мамилесинин этикасын калыпташтырган жана тарбиялаган.

Ата-эненин гумандуулугу жана жакшы мүнөздүүлүгү, алардын өз ара чын ыкластан чыккан ынактыгы жана сүйүүсү үй-бүлөлүк бакыт менен балдарды тарбиялоонун эң маанилүү шарты болгон. Илья Николаевич жана Мария Александровна өздөрү менен балдарынын ортосундагы бири-бирин жакшы көрүүчүлүктү, достукту жана сүйүүнү сактап калуу жөнүндө дайыма камкордук көрүп келишкен. Ата-эне менен балдардын ортосундагы бул сезимдер алардын ар бирөөнү өзүнчө адам катары кадырлап сыйлагандыктын негизинде өнүккөн.

Илья Николаевич менен Мария Александровна педагогикалык чебердик менен балдарын граждандык милдетин түшүнө билүүгө үйрөтүп, өзүнүн кишилик баркын сезүүсүн өнүктүрүшкөн. Адептүүлүктүн бул идеалдары бүт үй-бүлөнүн активдүү иш-аракетинин натыйжасында өнүгүүгө жетишти. Ата-энесине окшоп, Ульяновдордун балдары дайыма пайдалуу иш менен алек болушчу. Алардын эмгеги үй-бүлөгө гана эмес, башка адамдарга да кубаныч алып келип жаткандыгын сезгендиги менен алар сыймыктаныша турган. Мына ушул белгилүү бир максатка умтулган иш-аракеттеринен алардын адептүүлүк сапаттары түзүлө баштайт.

Илья Николаевич жана Мария Александровна балдарынын кишилик баркын кадимкидей сыйлай билишкен, алардын ой-пикирин терең түшүнгөндүк менен

көңүл коюп угуп, баланын оюнда эмне турганын тез билмдоого өтө чебер болушкан.

Ульяновдордун үй-бүлөсүндө бардык жагынан адилеттүүлүк атмосферасы өкүм сүрүп туруучу. Мария Александровна жана Илья Николаевич балдардын өсүшүнө камкордук менен такай байкоо жүргүзүшөт. Алар балдарынын бардык ийгиликтүү иштери жөнүндө жана ошону менен катар, албетте, тигил же бул тентектиктери жөнүндө да жакшы билишип, ар бир кылык-жорукка өзүнчө адилеттүү баа беришкен. Ата-энелердин адилеттүүлүгү — балдар өзүндө ак ниеттүүлүктү, принципиалдуулукту, кемчиликтерге жол берилбей тургандыкты тарбиялаган атмосфера мына ошол. Ульяновдордун чоң үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүнүн ортосундагы чын жүрөктөн болгон татуулук адилеттүүлүктүн негизинде өнүккөн.

Мария Александровна менен Илья Николаевич балдарды тарбиялоодо эң маанилүү инструмент болуп саналган педагогикалык адептүүлүк жагын жакшы билишкен. Балдарды тарбиялоо процессине атасынын адептүүлүгүнүн таасир этишинин күчү жөнүндө Анна Ильиничнанын эсине түшүрүп жазгандарында жакшы айтылат:

«Анын туруш-турпатынын баары тең: сүйлөгөн сөзү, билимдин күчүнө жана адамдарда жакшы сезимдин болушуна бекем ишенген кебете-кейпинин өзү, албетте, балдардын акыл-эс жагынан жетилип, гумандуу болуп өсүшүнө таасирин тийгизген, ошон үчүн биз билим алуу зарыл жана зор маанилүү экендигин билүүгө эрте үйрөнгөн болчубуз»[1].

Өзүнүн үй-бүлөсүндө Мария Александровна буйрук бергич эмес, баарын ыгы менен башкара билген устат адам болгон. Тынбай иштеп жүргөнүндө да кыжырын келтирбестен, үнүн катуу чыгарып жемелебестен, шашпай акырын чарбасын жөнгө салып, балдарын карай турган. Анда «балдарга карата болгон чексиз сүйүү, терең акыл, уюшкандык, көңүлдүүлүк камкордук жана адептүүлүк, туруктуу эрк жана мүнөздүн күчү»[2] айкалышып турар эле.

---

[1] И. Н. Ульянов в воспоминаниях современников. Саратов, Приволжское книжное издательство, 1968, 17-бет.

[2] Ошондо эле, 29-бет.

Балдардын ата-энелери менен үзбөй көрүшүп, алардын аңгемелешүүлөрүнө, сүйлөшүп отурган сөздөрүнө катышуусу кенже Ульяновдор үчүн адептүүлүк жагынан сабак алуу болгон. Илья Николаевич бир топ күлкүлүү кызык окуяларды билчү эле, ошол окуялардан ал балдарына көп айтып берүүчү, мына ушунун баары абдан көңүлдүү өтүп, баарынын жарпын жаза турган, деп жазат Ульяновдордун үй-бүлөсүнүн досу В. В. Кашкадамова өзүнүн эскерүүлөрүндө. «Бирок чоң кишилердин ортосундагы сөз кандайдыр бир олуттуу маселеге өтөөрү менен, менин бет маңдайымда отурган Володянын өңүнүн түрү дароо өзгөрүлө түшөт. Ал а тургай отургучка кандайдыр бекемирээк жана жыйнагыраак болуп отурат да, бир аз бүкчүйүңкү тартып, сүйлөп жаткандарды кандайдыр алдыртан ойлуу карайт, анын үстүнө тыкан таралган чачы такыр эле болбой улам маңдайына сеңселип түшөт, ал кыбыр этпестен кулак салып, кунт коюп угат. Анын карап отурган кебетесинен козголгон маселеге анын мамилеси кандай экенин туюп билүүгө болор эле: «өңү бирде жактыргандай, бирде аң-таң болгондой өзгөрүлөт; кээде кабагын салып бүркөп калат. Улам-улам анын: «Чынында ошондой эмеспи! Жок... Эмне үчүн?» деп кыскача пикирин айтканы угулат. Улуулардын эмне жөнүндө сүйлөшкөнүнө көңүл буруп кайгысын тартканы анын өңүнөн байкалат. Кандайдыр бир адилетсиздик жөнүндө сөз башталганда, анын өңү гана эмес, бүт туруш-турпаты кыжырдангандыкты билдирет...

Володяны байкап карап жүрүп, оюнкарак, куунак бала болуп туруп эле, өз жашынан бир нече жашка улуу боло калгансып, анын оюн бир жерге топтогон олуттуу балага айланып кетишине мен чынында таң калчумун...»[1]

Сонун педагог-психолог болушкандыктан, Илья Николаевич менен Мария Александровна өз балдарын, алардын жашына ылайык айрыкча өзгөчөлүктөрүн, дегеле балдардын табигый мүнөзүн жакшы билишкен. Ошондуктан үйдө сүйлөшкөн учурларда дайыма балдарынын сөзгө аралашып отургандыгын эске алышкан. Мында балдары ойлогон оюн кантип айтып беришкени-

[1] А. Л. Карамышев. Народная учительница герой труда В. В. Кашкадамова., М., Госучпедгиз, 1959, 49-бет.

не, алардын сүйлөгөн сөзү кандай угулганына көңүл бурушкан, бирок эч качан балдарынын айткандарына көңүл кош болбой, сүйлөшүп жаткан сөздөрүнө кылдаттык менен назарын салып, ошого жараша ыктуу мамиле кыла билишкен. Мындай педагогикалык ыкма баланын ой жүгүртүүдөгү активдүүлүгүнүн өнүгүшүнө түрткү берип, өзүнүн айткан оюна өзү сын көз менен карап талдоо жүргүзүүгө, өз алдынча ой-пикирин айтып түшүндүрүүгө үйрөткөн.

Ульяновдордун үйүндөгү тарбиялоо системасында үй-бүлөлүк традициялар чоң орунду ээлеген. Бул традициялардын педагогикалык жагы ынтымактуу, жадырап-жайнаган шайыр үй-бүлөнү тарбиялоодо көрүнгөн. Балдар келечекте өзүнчө турмуш куруп, үй-бүлө күтүүдө керек болуучу пайдалуу машыгууларга жана билгичтиктерге ээ болушкан.

Илья Николаевич кызматтык милдети боюнча командировкаларда көп жүргөн. Мария Александровна балдары менен бирге алардын атасын жолго даярдоо жагын уюштуруп, чогуу жөнөтүшө турган. Адегенде бир азга отурушуп, андан кийин баары тең атасынын жол буюмдарын көтөрүп алып, аны трашмаңкеге чейин узатып барышчу. Бул узатуулар өмүр бою балдарынын эсинде сакталып калган: баарынын сүйүктүү атасы узак жумаларга, ал тургай узак айларга кетип жатса, анан кантип унутушсун.

Атасынын командировкага барып келиши баары үчүн чоң кубаныч болоор эле. Илья Николаевич мурдатан бери келе жаткан тартип боюнча үй-бүлө мүчөлөрүнө өзүнүн көргөн-билгендери жөнүндө, түркүн адамдар менен болгон жолугушуулары жөнүндө айтып берүүчү. Мектептердин жана мугалимдердин муктаждыктары жөнүндө ал көп айтчу, кээде шылдыңдаган түр менен «мектеп анекдотторун айтып берүүчү, мындай анекдотторду ал көп биле турган, ошондо баары тең шаттанып, күлүп калышар эле. Бул ынтымактуу үй-бүлөдө отурганыңда ыраазы болгондугуңан кандайдыр ичиң жылып, өзүңдү жайлуу сезесиң»[1],— деп жазат өзүнүн эскерүүлөрүндө мугалим Е. В. Кашкадамова.

[1] В. В. Кашкадамова. Воспоминания. В статье «Александр Ильич Ульянов и дело 1 марта 1887» М-Л., 1927, 273-бет.

Детская библиотека № 2



1486

Үй-бүлөдөгү майрамдар кубаныч менен шаттыкка жык толуп тураар эле. Андай майрамдарда дайыма баарынын көңүлү көтөрүлүп, жадырап-жайнагандык өкүм сүрүүчү. Майрамдык столдо отурушканда ата-энеси балдары менен кызыктуу, кээде тамашалуу сөздөрдөн сүйлөшүп, курчап турган турмуштан алынган окуяларды көңүл ачуу үчүн эстеп айтып беришчү.

Ульяновдор туулган күндөрүн белгилегени жатышкан болчу. Илья Николаевич менен Мария Александровнанын туулган күнүнө карата балдары абдан жашыруун түрдө аларга өздөрү белек даярдап күйпөлөктөп жүрүшчү. Салтанаттуу учурду күтүүнүн өзү, ата-энесине жашыруун белек даярдашканы балдардын улууларга камкордук менен мамиле кылып, урмат көрсөтүү сезиминин калыптанышына жакшы таасир эткен, алардын ойлоп тапкычтыгын, иш жүзүндө ар-деме-бирдемелерди жасай билүүгө шыктуулугун өркүндөткөн. Ульяновдордун балдарынын ата-энесине даярдаган көп белектери биздин күнгө чейин келип жетип, бүтүн бойдон сакталып калган. Ульяновск шаарындагы В. И. Лениндин Үй-музейинде ийне салгыч куту, каттар үчүн атлас конверт, тегереги кооздолуп түркүн сүрөт тартылып, көчүрүп жазылган ырлары бар баракчалар, жыгачтан жасалган нан салгыч корзинка жана жип сакталуучу кутуча, фотокарточкалар сакталып турат. Белектерде жазуулар бар. Мисалы, кичинекей көк конвертке мындай деп жазылган: «Менин сүйкүмдүү атама», «И. Н. 1885-ж».

Жаңы жыл ёлкасынын майрамы өзгөчө көңүлдүү болоор эле. Балдары жана ата-энелери оюнчуктарды даярдап, андан кийин ёлканы кооздошчу, мурдатан репетицияланган жаңы жылдык өздүк көркөм программасы боюнча чыгып сүйлөшчү. Мурдагыдай эле, Илья Николаевич менен Мария Александровна кечениn уюштуруучулары боло турган. Ата-энесинин майрамдоого катышуусу дайыма баарына жакчу, анткени бөбөктөр алар менен бирге болгондо өздөрүн бейпил сезип, чыныгы кубанычка бөлөнүп, кызыкка абдан батышчу. «Эртең Катя экөөбүз Ульяновдордукуна ёлкага барабыз. Аларда дайыма абдан көңүлдүү өтөт... Ульяновдордукунда болдук. Илья Николаевич өзү ёлканы жандырып, биз менен бийледи, биз дагы Илья Николаевич менен түркүн оюндарды: көз жуммай

жана мышык-чычкан оюндарын ойнодук. Мария Александровна болсо бизге бий музыкаларын ойноп берип жатты. Володянын курдаштары да болушту. Ушунчалык көңүлдүү болгондуктан, үйгө кеткибиз келбеди»[1],— деп жылуу сөзү менен эскерет жаңы жылдагы ёлкага катышкандардын бири, Ольга Ильиничнанын теңтушу О. П. Петрова.

Кечинде чай үчүү Ульяновдордун үйүндө өзүнчө бир адат болуп калган эле. Чай ичүүгө бүт үй-бүлө чогулушчу, столго отурушканда түркүн темада кызуу сүйлөшүүлөр жүрчү, бири-бирине кызык окуяларды айтышып, мектеп турмушунун күлкү келтирерлик жоруктарын эстерине түшүрүшчү. Бардык үй-бүлө мүчөлөрүнүн мындай эркин аралашып турушу, алардын кечки чай үстүндө отуруп аңгемелешүүсү ата-энеси менен балдарын ого бетер жакын кылган.

Ульяновдор башка тартиптерди дагы сактап келишкен. Мисалы алар Волганы бойлоп саякатка чыгууну, жаратылышка экскурсияга барууну, бирге кошулуп ыр ырдаганды, сүйүктүү акындардын ырларын окуганды жакшы көрүшкөн. Мына ушунун баары тең Ульяновдордун үй-бүлөлүк турмушун гана коздобостон, зор маанилүү тарбиялагыч ролду да ойногон. Чоң кишилердин эмоционалдык мүмкүнчүлүктөрү балдарда тиричилик турмуш менен ыракаттанууну, адамдарга кубаныч алып келүүнү билүү сезимин тарбиялаган.

Ульяновдордун үй-бүлөсүндөгү балдардын бош убагын уюштуруу жагы өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Илья Николаевич жана Мария Александровна, таланттуу педагог болушкандыктан, балдарды адептүүлүк жагынан демилгечил болуу, камкордук көрсөтүү, тартипти сактоо, жолдоштук жана достук сезими сыяктуу оң сапаттарды берип тарбиялоонун куралы катары оюндарды устаттык менен пайдаланышкан. Оюндарда балдардын тулку-бой сапаттары: күчү, ылдамдыгы, чыдамкайлыгы жана шамдагайлыгы иштелип чыгып, алардын ден соолугу чыңалчу. Мында бир байкаларлык маанилүү нерсе: Илья Николаевич менен Мария Александровна балдардын оюн-тамашасына

---

[1] А. Л. Карамышев, В. А. Томуль. Воспитание в семье Ульяновых. Саратов, Приволжское книжное издательство, 1969, 59-бет.

өздөрү катышуучу, бул болсо балдарды көп кубанычка, көп ыракатка бөлөөчү. Ульяновдордун үй-бүлөсүндө түркүн оюн-тамашалар көп болгон. Бул тышта ойнолуучу оюндар (мисалы, крокет оюну), карусель тебүү, ал эми кышында болсо чана тебүү, коньки тебүү оюндары ж. б. Жайкы мезгилде талааларды жана токойлорду кыдырып серүүндөп келүүгө көп чыгышчу. Экскурсияларга барышканда балдар түркүн минералдарды, өсүмдүктөрдү, коңуздарды, көпөлөктөрдү, жандуу жана жансыз жаратылыштын башка дагы өкүлдөрүн көп кармап келишчү. Жаратылышка көбүрөөк карап байкоо жүргүзүп, аны сүйүүнү үйрөнүшкөн.

Аттары бир эле тамга менен башталган шаарларды ким көп айтып берет, ким чечилиши кыйыныраак табышмак түзүп берет ж. у. с. «отурма оюндар» деп аталуучу оюндар белгилүү болгон. «...Бул оюндар балдардын баамдагычтыгынын өнүгүшүнө жардам берип, ойлоп турган оюн өз сөзү менен айтууга ... үйрөткөн. Бул оюнду энебиз абдан жакшы көрүүчү жана биз менен кадимкидей көңүлдөнүп ойноочу»[1],— деп эсине түшүрөт М. И. Ульянова.

Адабияттык оюндарга көп убакыт бөлүнүүчү эле, мунун жардамы менен балдардын эс-акылы, баамдагычтыгы, китепти сүйүүсү өнүккөн.

Шахмат ойноо өзгөчө орунду ээлеген. Илья Николаевич балдары менен кыздарын бул оюнду ойногонду үйрөтүп койгон эле. Володя он бешке чыкканда шахматтан атасын да утуп алчу. Шахмат ойноо балдардын эркин, ынтаа коюусун, эс-акылын, баамдагычтыгын жана тартиптүүлүгүн тарбиялоого оң таасирин тийгизген.

Ишемби күндөрү колго жазылган «Ишембилик» деген үй журналын окушчу, аны даярдоого балдары катышуучу. Алар бир жума бою аңгемелерди, табышмактарды, ребустарды даярдап, макалаларды жазып чыгышчу, андан кийин ата-энелеринин катышуусу менен окуп, талкуулашчу. Балдардын адабий чыгармачылыгы «Ишембиликтин» кабарчыларында унутулгус из калтырган. «Мына эми, артыма кылчайып карасам, мага бул кечелер биздин, улуулары төртөөбүздүн,

[1] М. И. Ульянова. Мать Владимира Ильича — Мария Александровна Ульянова. «Вопросы истории КПСС», 1965, № 4. 42-бет.

ата-энебиз менен коллективдүү ынактыгыбыздын жогорку баскычы болгондой көрүнөт. Ал күндөр ушундай тунук жана кубанычтуу эстелик калтырып кетти»[1].

Балдардын акыл-эсинин жетилишин Илья Николаевич менен Мария Александровна ар адамдын бардык жагынан өнүгүшүнүн составдык бөлүгү деп эсептешкен, ошондой эле балдарды билим алууга эрте тартуунун жактоочулары болушкан. Баарынан мурда окуганга жана жазганга үйрөтүшөт. Мисалы, Владимир Ильич 5 жашынан тартып, ал эми Ольга Ильинична болсо—4 жашынан тартып окуганды үйрөнөт. Ата-энеси балдарын өздөрү окутушат, ошондой эле үйдө сабак берүү үчүн мугалимдерди, мурда И. Н. Ульяновдон тарбия алып чыккандарды чакырышат. Үйдөгү сабактар так расписание боюнча үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат.

Атасы менен энеси балдары улуулардын жардамысыз өз алдынча иштөөгө көнүгүшү жөнүндө камкордук көрүшөт. Балдарын ылайыгына жараша окууга эрте даярдап, өз алдынча иштей билүү ыкмаларына көнүктүргөндүктүн аркасында Ульяновдор окууда гимназисттердин арасынан өзүнүн жетиктиги жана өз алдынчалыгы менен таң каларлыктай айырмаланып турушчу.

Илья Николаевич менен Мария Александровна балдары өз эне тилин терең үйрөнүп, сүйүп окушу үчүн көп күч жумшашкан. Орус тилин үйрөнүү менен, алар балдардын тилин, ой жүгүртүүсүн гана өнүктүрбөстөн, эли-жерин, анын духовный турмушун, маданиятын терең сүйүү сезимин тарбиялашкан. Эне тилден алар эң бир акылман жана эң бир талanттуу педагогду көрүшкөн.

Акыл-эсин жетилтүү жагынан өз алдынча ойлонуп сочинение жазуу өзгөчө ролду ойногон. Мындай сочинениелерди Ульяновдордун балдары мектепке бара электе эле жаза баштагкан. Мында, жогоруда айтылгандай, колго жазылган «Ишембилик» журналы жана башка адабий оюндар чоң ролду ойногон. Гимназияда окуган жылдардын ичинде окуучулар жүзгө жакын чыгарма жазууга милдеттүү болушкан. Илья Никола-

[1] А. И. Ульянова-Елизарова. Воспоминания об Александре Ильиче Ульянове. М.—Л., 1930, 61-бет.

евич менен Мария Александровна үйдө же мектепте балдар сочинение жазып калышкан учурларда алардын чыгармачылыгына методикалык жактан жетекчилик кылууну үзгүлтүксүз иш жүзүнө ашырып турушкан, балдарды өзүнүн ойлогон оюн айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзүүнүн жана классикалык адабиятты окуунун негизинде айкын-ачык, кыска, жөнөкөй тилде жана чынын айтып жаза билүүгө үйрөтүшкөн.

Илья Николаевич балдарын чыгарма жазаар алдында алагды болбой, ойлогон оюн бир жерге топтоп, анан ошого бүт туруш-турпаты менен берилип эргип иштөөгө адат алдырууга абдан кызыккан. Аларды талбай эмгектенүүгө үйрөтүп, иш жазуунун системасы менен тааныштырган. Бул система Владимир Ильич Лениндин — ойчул, журналист, редактордун чыгармачылык лабораториясынан өзгөчө ачык-айкын жана даана көрүнөт.

Володя «төрт бүктөлгөн кагазга жаза турган сочинениесинин планын кириш сөзү жана корутундусу менен кошо түзүп алуучу. Анан бир барак кагазды алып, аны узунунан теңме-тең кылып бүктөчү да, барактын сол жак саптарына оюнда болжолдогондорун ары-бери жаза салып, түзүлгөн планына жараша тамгалары менен цифраларын коюп чыкчу. Барактын оң жак саптары же кең беттери таза бойдон кала турган. Ошол беттерге ал кийинки күндөрү кошумчаларын, түшүндүрмөлөрүн, оңдоолорун, ошондой эле тигинден кара, мындан кара, бети баланча деп, адабияттарга карата берилген шилтемелерин кийрүүчү.

Күн өткөн сайын акырындык менен кагаздын оң жак беттери... үстү-үстүнө жазылып, көп белгилерге, оңдоолорго, шилтемелерге ж. у. с. аябай толуп кетчү... Анан, сочинение тапшырууга аз калганда, ал таза барак казгадарды алчу да, өзүнүн койгон белгилерин мурдатан камдап алган ар кайсы китептерден улам ачып карап, бүт сочинениесин жазып кирчү. Эми ага таза дептерди алып, толук иштелип бүткөн даяр сочинениени сыя менен көчүрүп чыкмайы эле калуучу»[1],— деп эскерет Дмитрий Ильич.

Сочинениесинин планын башынан аягына чейин

---

[1] Воспоминания о В. И. Ленине. В 5-ти томах, т. I. М., Политиздат, 1968, 94—95-бет.

тереӊ ойлонуп, планын кайра иштеп чыгуу, анан теориялык жана анык колдо болгон материалды кылдаттык менен жыйнап, тандай билүү козголгон проблема боюнча көз карашынын өз алдынчалыгы, саясий жагынан курчтугу Владимир Ильичтин сочинение жазуу үстүндө иштеген ишинин мүнөздүүсү болуп саналуучу, «Бу сиз кайсы эзилген таптар жөнүндө жазгансыз, анын биерге эмне кереги бар?»[1]—деп сураган Владимир Ильичтен гимназиянын директору анын «Элдин турмуш жыргалчылыгынын себептери» деген темада жазган сочинениеси менен таанышкандан кийин.

Мария Александровна балдарын чет тилдерине үйрөткөн. «Мени менен бир күнү орусча, экинчи күнү — французча, үчүнчү күнү — немисче сүйлөшүп жүргүлөчү эле, дайыма бизге талап коюп,—деп эскерет Анна Ильинична. Бул тилдерди үйрөнүүдө баарыбызга мунун абдан чоӊ пайдасы тийди. Володя бул тилдерди эркин сүйлөй билген»[2].

Европалык тилдер менен катар гимназияда байыркы тилдерди да окутушчу. Владимир Ильич байыркы тилдер боюнча көрүнүктүү билимге ээ болуп, ошо билгендерин чын ниеттен жолдоштору менен бөлүшкөн, аларга тилдерди үйрөнүүгө гана жардам бербестен, башка кыйын предметтер боюнча да кошумча сабак өткөрүп жүргөн. «Сабакты ушунчалык көӊүл коюп, ушундай жандуу жана кызыктуу өткөргөндүктөн, «жек көрүндү латын тилине» мени да имерип алып кетти. Сабактарыбыз ишке сүйүп мамиле кылгандык менен, абдан кызуу жүрө баштады. Бул талбай окуй берип сабактын баарын жатка билип алган биринчи окуучу эмес эле,— бул баарыдан мурда тилдин өзгөчөлүгү менен коздугун таба билген жаш лингвист эле.

...Ошентип мен бат эле моюн сунуп калдым, анан Володянын көӊүлдүү күлкүсү менен аралашкан ушу сабактар мени абдан алга сүрөгөн эле»[3],— деп кийинчерээк эскерет бул жөнүндө Анна Ильинична.

Эне тилин жана чет тилдерин үйрөнүү, ошондой эле байыркы латын тилин үйрөнүү балдардын духовный жагынан өсүшүнө оӊ таасирин тийгизген. Ошону

---

[1] Н. Крупская. О Ленине. М., Политиздат, 1960, 31-б
[2] «Семья и школа», 1946, № 10—11.
[3] Воспоминания о В. И. Ленине. В 5-ти томах. Т. I. М., Политиздат, 1968, 23-24-бет.

менен бирге Ульяновдордун үй-бүлөсүндө табигый илимдерди өз алдынча үйрөнүүгө чоң орун берилген. Илья Николаевич Добролюбовдун, Чернышевскийдин, Ушинскийдин педагогикалык көз караштарын жана табигый илимдер — илимий билимдин керектүү жакшы азыгы деп эсептешкен прогрессивдүү педагогиканын башка өкүлдөрүнүн жолун жолдоочу катары мына ошолордун таасирине өз балдарын тарткан. Үй шартында лаборатория жабдылган болучу, анда түркүн тажрыйбалар жасалып, байкоо жүргүзүлүүчү. Александр, Ольга жана Дмитрий табигый илимдерге өзгөчө кызыгыша турган.

Ульяновдордун балдарын духовный жагынан тарбиялоочу китептер болгон. «Эгер биз окуп чыккан китептердин баарын чогултсак, үйдөн орун жетпей калаар эле»,— деп далил келтирет Анна Ильинична. Үйдөгү китепканада прогрессивдүү педагогдордун адабияты, мыкты педагогикалык журналдар толугу менен болоор эле. Табигый-математикалык циклдеги китептер чоң орунду ээлөөчү. Балдарга да, чоңдорго да арналган көркөм адабият бөлүмү бөтөнчө бай болучу. Балдар алгачкы кичине кезинен тартып эле ошол убактагы мыкты болуп саналган: «Детское чтение» («Балдар окуусу»), «Задушевное слово» («Чын жүрөктөн чыккан сөз»), «Детский отдых» («Балдардын эс алышы»), «Игрушечка» («Оюнчук») деген ж. б. журналдарды үзгүлтүксүз окушчу.

И. А. Крыловдун, А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, А. В. Кольцовдун, И. С. Никитиндин, М. Е. Салтыков-Щедриндин, Н. А. Некрасовдун жана башка прогрессивдүү жазуучулардын чыгармаларын окуу Ульяновдордун үй-бүлөсүндө олуттуу ролду ойногон. «Атам биздин китеп окуганыбызга байкоо жүргүзүп, көрүнүктүү жазуучулардын баары менен тааныштырып чыгуучу эле, анан бизге орус адабиятынын мыкты чыгармаларын белгилеп көрсөтүп бере турган, ушинтип ал биздин кооздук сезимибизди жетилткен, ошо бойдон биз теңдүүлөр жашырынып окуп жүргөн болбогон романдарга такыр кызыкпай калдык» [1], — деп далил келтирет Анна Ильинична.

---

[1] И. Н. Ульянов в воспоминаниях современников. Саратов, Приволжское книжное издательство, 1968, 16-бет.

Илья Николаевич кызматынан өзгөчө колу бошобогондугуна карабастан, балдарынын окуусуна активдүү жетекчилик кылат. Бул жөнүндө балдары билдирет. Анна Ильинична мындай деп жазат: «Бир жолу жайында атам өзү улуу агабыз менен грек тилинин биринчи негиздерин окуп үйрөнө баштады, мындан башка ал дайыма бардык класстарда бизге физика жана математика боюнча сабактардан түшүндүрүп айтып берип жүрдү... Биз ар качан түшүнбөгөнүбүздүн баарын сабак болуп жатканда атабызга кайрылып сурап алчубуз (энебиздин жетекчилиги менен өтүлүүчү жаңы тилдерден башкасын)»[1].

Балдарды кичинесинен тартып өз алдынча чыгармачылык менен иштөөгө көнүктүрүү алардын акылынын жетилишине жакшы таасир эткен. Владимир Ильич математикалык курч акылы жана математикалык зор билими менен башкалардан айырмаланып турар эле, деп айткан физика жана математикадан лекция окуган Казань университетинин мугалими Г. Н. Шебцев.

Александр жана Дмитрий Ульяновдор гимназияда окуп жүргөн жылдары эле табигый илимдерге абдан кызыгышкан. Анна Ильинична дагы табигый илимдер боюнча эң мыкты көрсөткүчтөргө ээ болгон.

Илим-билимге бергилгендик жагынан Ольга Ильинична бөтөнчө айырмаланган. Ал жөнүндөгү өзүнүн эскерүүсүндө Мария Ильинична мындай деп жазат: «Жаштыгына карабастан абдан зээндүү болуп өскөндүгүнөн башка, Оля ушунчалык эмгекке жөндөмдүү келип, чарчап-чаалыгуу дегенди билчү эмес. Анын ушундай талбай иштөөгө адат алышына үйдөгү турмуш-шарттарынын жакшы уюштурулушу да чоң көмөк көрсөткөн. Апыртпай туруп эле, ал уктап жатканда гана иштечү эмес деп айтса болот. Ал өз ишине, мисалы, эң жакшы көргөн математикага ушунчалык кызыккандыктан, кечинде бүт үй-бүлөбүз менен столовойго кечки чай ичүүгө чогулганыбызда энем Ольганы китеп-дептерлериңди коё туруп, биз менен бирге отуруп чай ичип ал деп араңдан зорго тил алдырып, арабызга алып келип отургузар эле»[2].

---

[1] Ошондо эле, 16-бет.

[2] Семья Ульяновых. Саратов, Приволжское книжное издательство 1966, 43-бет.

Балдардын акыл-эс жагынан өсүшү теория менен практиканы байланыштыруу принцибинде ишке ашырылуучу. Илья Николаевич мектеп үчүн окуу аспаптарын, көрсөтмөлүү куралдарды үзбөй сатып алып, политехникалык плакаттарга, дайыма колдонулуучу техникалык көргөзмөлөргө жазыла турган. Ар качан мына ушуларды балдарына алып келип тааныштырып, физиканын, химиянын, математиканын, табият таануу илимин өндүрүштүн негиздери менен байланыштуу экендигин көрсөтүүчү.

Илья Николаевич жана Мария Александорвна балдарына билим алууга, анан ошо алган билимин практика жүзүндө колдоно билүүгө бардык жагынан жардам беришкен. Мисалы, Саша өз колу менен химиялык лаборатория жабдып алып, анда ал түркүн татаал тажрыйбаларды жасап жүргөн. Володя менен Митя анын лабораториясына көп келип, жардамчы болушчу. Илья Николаевич илимдин тигил же бул закондору турмуш практикасында кандайча байкала тургандыгын билгичтик менен далил келтирип түшүндрүүчү. Кээ учурларда ал үй-бүлөсү менен кемеге түшүп Волгада саякат кылып бараткаңда «эмне үчүн?» деп жаадырган көп суроолорго абдан көңүлдөнүп жооп берер эле. Эмне үчүн кеменин артынан суу көбүктөнүп ташкындап калат? Эмне үчүн алдынан башка бир кеме сүзүп келатканда кеме гудок берет? Эмне үчүн пароходдун үнүнөн эртең менен, анан кечинде гана жаңырык чыгат? Эмне үчүн суунун бир жеринен жашыл жарык чыкса, бир жеринен кызыл жарык чыгат? Эмне үчүн баржалардагы кичинекей үйлөр сүзүп кетип баратат, а тиги жээктеги үйлөр ордунда турат? Эмне үчүн ак чардактар палубанын үстүндө айланып, каркылдашат? ж. у. с. Ата-Ульянов балдарынын суроолоруна жакшы түшүнгүдөй жооп кайтарып келатты, бирок, булар дагы өзүнчө көрүшсүн деген ой менен, атайын алардын көргөндөрүнүн көбүн түшүндүрүп айтып берген жок. Өз мээнети менен, өз тажрыйбасы менен табылган ой — бул бакыт деп, ал туура айткан. Адамдын өз алдынча ой жүгүртө билишинин, эркинин туруктуулугунун биринчи белгиси мына ушу. «Кийинки учурларда,— деп айтчу Илья Николаевич аялын,— балдардын келечегин көп ойлочу болдум. Азыркы жаштарды карап турсаң, ай-

ласыздан тынчың кетет. Аталар балдарынын келечеги кандай болоорун алдын ала биле албайт, каалаганындай жолго сала албайт. Бул — көкөйгө тийген арылгыс кайгы. Эгер баласы ийгиликке жетишсе, ата байкуш кубанат, эгер иши оңунан чыкпай калса, кантмек эле, кайгырат, экөөнүн бирөө...

— Кубана турган гана келечекти күтүшүбүз керек... — дейт Мария Александровна күлүмсүрөп»[1].

Ульяновдордун балдарынын ар тараптан жетик болуп өсүшүндө эстетикалык жагынан тарбиялоо чоң орунду ээлеген. Мария Александорвна сейрек учурай турган музыкант болгондугу белгилүү, Илья Николаевич жакшы ырдаган. Кечкурун үйдө отуруп музыка угушуп, ыр ырдашчу. Адаттагыдай, энеси П. И. Чайковскийдин, А. С. Даргомыжскийдин, А. Е. Варламовдун жана башкалардын классикалык музыкалык чыгармаларынан роялда ойноп аткарып берүүчү. Сүйүктүү ырлардын ичинде акын А. И. Плещеевдин сөзүнө жазылган «Экөөбүз тең бир тилекти көздөйбүз» деген ыр бар эле, бул ырды Илья Николаевич кандайдыр өзгөчө эргип ырдай турган, ага кошулуп балдарынын баары ырдашчу.

Ульяновдордун үй-бүлөсүндө эстетикалык тарбия берүүнү ишти терең билгендик менен жүргүзүшчү. Кокушкинодо кечелерди абдан көп өткөрүшчү, дейт Н. И. Веретенников. «Жаан-чачын болгон күндөрү роялдын тегерегине балдарды чогултуп алып, Маша эже Верстовскийдин «Аскольдовдун мүрзөсү» аттуу операсынын мазмунун элестүү кылып айтып берүүчү, аңгемесин улам музыкада ойноп, ырдап кошумчалап жатты... Жаратылышынан музыкага берилген Володя менен Оля музыкага, ырга кулак салып, кыбыр этпей кунт коюп угушат... Аябай кызыгып айраң-таң калган кичинекей Митя болсо, балбылдап жанган кара көзүн Маша эжеден албайт... Баарыбыз шыбыш чыгарбай, демибизди ичибизге алып, музыканын сонундугуна суктангандык менен угуп отурдук»[2].

Жогоруда айтылгандай, Ульяновдордун үй-бүлөсүндө ырдаганды жакшы көрүшчү. «Күлүк ат» деген ыр

---

[1] Роман-газета, 1970, № 11, 43-бет.

[2] И. А. Печерникова. Величие души. М., Политиздат, 1970, 38-бет.

бөбөктөргө жакчу, алар чабалекей жөнүндө ыракаттанып ырдашчу. Балдар чоңойгон сайын, алардын ырдаган ырлары да олуттуураак боло баштайт. Володя менен Оля «Түнт дайра үстү мелтирейт» аттуу ырды үн алышып ырдаганды жакшы көрүшкөн. Володяга төмөнкү куплеттин сөзү жакчу эле:

Толкун жиреп тайманбаган чыга алат,
Олку-солку буйдалгандар кур калат.
Бекем кайык дайра үстүндө турганда,
Бол, туугандар, алга айдайлы эми бат!

Владимир Ильич А. С. Даргомыжскийдин «Үйлөнүү тоюн», «Фауст» операсынан арияларды ырдаганды жакшы көргөн. Агасы ырдаганда Валентиндин ариясынын бир жерин өзгөчө жакшы келтиргенин эсине түшүрөт Дмитрий Ильич: сыягы анын мааниси Володянын кызуу кандуулугуна, анын күжүрмөн мүнөзүнө жаккан окшойт:

Мына ошол кандуу күрөштө,
Салгылаш болоор мүнөттө.
Биринчи болуп мен кирем,
Солк этпейм коркпойм, ант берем...

Кээ бир ырларга Владимир Ильич өзүнүн куплеттерин кошуп коёр эле, дейт Дмитрий Ильич «Музыканы сүйүү женүндө» деген макаласында. Шушенскиден кайтканында ал сүргүндөгүлөр жазган көп ырларды ала келет. Владимир Ильич жакшы көрүп калган ырлардын бирөө «Улуу салт» деп аталган. Мына ошол ырдын куплеттеринин бирөө:

Желбиреп кызыл туулар көтөрүлөт,
Түрмөсү, найзасы да жардам бербей.
Жалбырттап алып учкан жалын күйөт,
Полктору качып берет алы келбей.

Башка бир ыр «Туруханский» деп аталуучу. «Кызыл туу» жана «Варшавянка» деген польшалык революциячыл ырларды Владимир Ильич абдан жакшы көргөн.

Ульяновдун үйүндөгү музыка жана ыр ырдоо «жалаң ыракаттануунун» гана булагы болбостон, бүт үй-

бүлөгө кубаныч алып келип, Ульяновдордун балдарынын жогорку ой-сезимдерин ойготкон, чоң иш кылууга жана эрдик көрсөтүүгө шыктандырган. Музыка жана ыр ырдоо алардын турмушун коздоп, жакшы сезимдерге байыткан.

Казандан жазган катында Оля мындай дейт: «Биерде жакшы музыка угууга болот: кышында операдан, азыр болсо — Орлов-Сокольскийдин жетекчилиги астында уюштурулуп турган музыкалык симфониялык чогулуштардан. Өзгөчө оркестри жакшы... Музыканы али анчалык жакшы түшүнө элекмин деп ойлогонум менен, олуттуу музыканы абдан жакшы көрөм...» [1].

Теңтуш кызга жазган каттарынын көбүндө Оля бук болуп жүргөнүн, бирок ага музыка жардам берип жатканын билдирет. «Кечээ эле ичим бук болуп турду эле,— деп жазат кыз. — Бирок, менин бактыма театрда «Фауст» жүрүп жаткан экен, ошого бардым (сонун опера). Анан ушу укмуштай жанга жагымдуу чыккан үндөр көңүлүмдү сергитип, күч-кубат, дем берди».

Анна Ильинична менен Мария Ильинична да музыкага абдан берилип, абдан кызыгышкан, улуулары болсо, бул жагынан аларга ар кандай жардам беришкен.

Жаратылыш эстетикалык жактан табиялоонун эң бир сонун куралы болуп саналат. Илья Николаевич жана Мария Александровна балдары менен бирге жаратылыш коздугуна экскурсияларга көп чыгышкан. Алар балдарын гүлдөрдүн, жалбырактардын, чөптөрдүн түрлөрүн, канаттуулардын үнүн, жыл мезгилинин бөлүнүштөрүн айырмалап тааный билүүгө, жаңы чыгып келаткан же жаңы батып бараткан күндүн коздугуна суктанып кароого үйрөтүшкөн.

Ульяновдордун үй-бүлөсү менен жакын мамиледе болгон Н. И. Веретенников төмөнкүдөй эскерет:

«Көк-жашыл тартып, не бир түркүн назик коздукка бөлөнгөн токойдун арасынан чыга бергенибизде эле, ар кай жеринде арбайып-тарбайып жайкалып өскөн айрым дарактары бар кең шалбааны көрдүк. Шалбаанын ары жагынан, өзүнчө даана болуп бөлүнүп

---

[1] И. А. Печерникова. Величие души. М., Политиздат, 1970, 39-бет.

турган анчалык бийик эмес жээктерде кенен дайра тилкеси жылтылдайт. Анын бет маңдайындагы жээги бүт эле асман тиреген кызыл карагайлуу токой. Суунун үстүн карасаң, токой көңтөрүлүп калгансып чагылышып көрүнүп, кооздугу менен өзүнө тартат.

Кайык жок болгондуктан суунун аркы өйүзүнө өтө албасыбызга өкүнүп, биз дарыяны бойлоп жүрүп отуруп, жаш дарактар өскөн адырга чейин бардык, биер дагы абдан кооз экен...

Кубанып кетип мен:

— Тургеневдин Бежин шалбаасындагыдай го дейм! Куду ошонун өзүндөй болуп, кооздугун карачы! — деп кыйкырып жибериптирмин.

Бежин шалбаасына анча деле окшобойт, деп Володя каршы болду, бирок жалпы көрүнүшү чыны менен эле сонун, ошон үчүн, албетте, ар кандай окшоштуруп жасагандан жакшы экендигине макул болду.

Кийин биз ал жерде көп жолу болдук, ал тургай кайыкты да ала бардык»[1].

Илья Николаевич менен Мария Александровна балдарынын эстетикалык активдүүлүгүн тарбиялоого көңүл буруп, аларды жакшы нерселерди күндөлүк турмушуна кийре билүүгө, көрксүз болуп турган айлананы бардык үчүн көрктүү, мазмундуу жана жакшынакай кыла билүүгө үйрөтүшкөн. Мария Александровна дайыма үйдүн алдына жемиш багын өстүрүүнүн, гүл тигүүнүн камылгасын көрүүчү. Гүл өстүрүүчүлүккө жана бак өстүрүүчүлүккө энеси менен бирге балдарынын баары активдүү катышчу. Жайкы күндөрү кечинде алар бүт үй-бүлөсү менен гүлдүн ортосундагы беседкага чай ичкени чогулуп, жыпар жытка ыракаттанып сүйлөшүп отурушканын эсине түшүрөт Мария Ильинична.

Окуудан кийинки бош убактарында балдар кичинекей кол араа менен жыгач араалап, түркүн майдачуйда нерселерди жасап ойночу, ал эми кыздар болсо, сайма сайыша турган, анан баары биригип ар кандай татаал кооздуктарды ж. у. с. жасашчу.

Ульяновдордун үй-бүлөсүндө сүрөт искусствосуна чоң орун берилүүчү. Мария Александровна менен

---

[1] И. А. Печерникова. Величие души. М., Политиздат, 1970, 41.

Илья Николаевич балдарын сүрөт тартуу жагына шыктуу болууга көндүрүшкөн.

Үзгүлтүксүз дене тарбия жасатып үйрөтүүнү Илья Николаевич менен Мария Александровна балдарды бардык жагынан жетик кылып өстүрүүнүн маанилүү шарты катары карашкан. Балдарынын дени соо, алдуу-күчтүү болуп өсүшү үчүн алар дайыма камкордук көрүшкөн. Ульяновдордун үйүндө бекем тартип болор эле, алар тазалыкты катуу сактап, тамактанууга өз убагында келип отурушчу. Күн, таза аба, суу дайыма балдарды чыйралтып, ден соолугу чың, кебете-кейпи келишимдүү болуп өсүүгө жардам берген.

Жай мезгилинде болсо Ульяновдордун балдары жамгыр жаап турса да үзбөй сууга түшүшөт, ал эми түнкүсүн эшик жылуу болуп калганда матрацтарын террасага чыгарып төшөк салып, ошого жатып укташат. Н. И. Веретенников мындай деп жазат: «Володя, мен, ана биз менен курбалдаш дагы бирөө — үчөөбүз бир жайдын ичинде эле сууда сүзгөндү үйрөнүп алганыбыз эсимде. Айтор жети-сегизге чыккан ар бир бала туурасы анчалык кең эмес суудан сүзүп өтүүчү, ал эми эс албастан суунун аркы өйүзүнө жетип, анан кайра берки өйүзүнө сүзүп келсе, анда ал сууда сүзгөндү билет деп эсептешчү. Суунун аркы өйүзүнө кичинекей суучул биринчи жолу сүзө турган болсо, дайыма улууларынын бирөө анын жанында кошо сүзүп узатып баруучу»[1].

Өзөнгө барып сууга түшүү балдарды ыракатка гана бөлөбөстөн, алардын эркин жана чечкиндүүлүгүн, бири-бирине жардамдаш болуу сезимин тарбиялоодо көп пайда келтирген.

Кыш мезгилинде коньяки, лыжа, чананы көп тебишкен. «Күнүгө түшкү тамактан кийин биз... Володя менен коньки тебүүгө чыкчу элек,— деп эсине түшүрөт Дмитрий Ильич. — Кээде карындаштарыбыз биз менен бирге барышчу, Оля дагы коньки тепчү, ал эми кичинекей Маняны болсо колтуктап алып күүлөнтүп муз тептирчү элек. Биздин короодо да узун жылгаяк муз жол салынган дөбө бар эле. Жемиш багы айланта тосулган дубалдын жанынан, ылдый жантаймалатып,

---

[1] И. А. Печерникова. Величие души. М., Политиздат, 1970, 43-бет.

кудук менен жанаша алып өтүп, дөбөнү биз өзүбүз жасадык, ал эми жылгаяк муз жолду болсо дал үйгө чейин жеткирип салдык. Кечки ызгаардуу сууктарда Володя менен кудуктан суу алганы барып, жылгаяк кылып дөбөгө суу төкчү элек. Дөңдөн ылдый зуулдатып тебиш үчүн Володянын кадимки темир чанасы бар болчу, аны көмкөрөдөн жата калып күүлөнтүп, анан кол менен аркы-терки буруп тебүүгө болоор эле.

Дөңдөн ылдый бүт тобу менен жыгач чана тээп зыпылдап келатып тоголонуп, күрткүгө тыгылышат. Чуру-чуу, каткырык-күлкү түгөнбөй, кызыкка абдан батышат»[1].

Кенже Ульяновдор балык кармаганды, мергенчиликке чыкканды, жарышып кайык айдаганды, далайга дейре сейилдеп жүргөндү жакшы көрүшкөн. Мына ушинтип кыймыл-аракет жагынан балдардын керектөөсү канааттандырылып, алардын ой-сезиминде тырышчаактык, бир бет алган ишинен кайтпагандык, өз күчүнө ишенгендик, кыйынчылыктарды жеңе билгендик сыяктуу оң сапаттар тарбияланып чыгуучу.

Үч бир тууган үчөө тең гимнастикага кызыгышкан, бул болсо ишке жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатууга жардам берген. Симбирскиде турушканда Владимир араба коюлуучу сарайга турник орнотуп, үч бир тууган ошерге тез-тез келип чимирилип турник ойношо турган. Кокушкинодогу үйүнүн бет маңдайында трапеция жана аны менен бирге—гимнастикалык көнүгүүлөрдү жасоо үчүн жантык тепкич турар эле, Владимир Ильич ушерге келип, гимнастика жасаганды жакшы көрүүчү. Алакаевкада болсо, өзүнүн жумушчу кабинетинен алыс эмес жердеги бактын көлөкөлүү бөлүгүнө Владимир Ильич өзүнө трапецияга окшотуп, өзү айткандай, дагы бир гимнастикалык жай жасап алган болчу.

Илья Николаевич менен Мария Александровна балдарды эмгекке тарбиялоого бөтөнчө маани беришкен. Мындан алар адамдын бак-таалайлуу жана бардык жагынан толук жөндөмдүү боло турган. Турмуш жолун көрүшкөн. Ошондуктан Ульяновдордун ата-энеси балдарынын акылы сергек болуп, жакшы ой жүгүртө

---

[1] И. А. Печерникова. Величие души. М., Политиздат, 1970, 44—45.

билиши жөнүндө жана бекер отурбай, кандайдыр пайдалуу иш кылууга көнүгүшү жөнүндө, б. а. өз алдынча чыгармачылык менен эмгектенүүгө үйрөнүшү жөнүндө камкордук көрүшкөн. Мария Ильинична Ульянова мындайча эскерет: «Балдарынын кыларга иши жок бекер басып жүргөнүн энебиз жакшы көрчү эмес эле, кээ бир учурларда далай ойлоп тапкычтыкты көрсөтүп, аларды эмгектенүүгө үйрөткөн, анан алардын ушул эмгеги адегенде зордогондой болбошу үчүн; чыдамкайлык менен эмгектин маанисин түшүндүрүп, балдарын талбай эмгектенүүгө кызыктыра билген... Елкага даярдык көргөн күндөр да эсимден кетпей, ошонун жаркыраган элестери бет алдымда турат. Энебиз менен эжебиздин жетекчилиги астында биз, балдар өзүбүз түркүн коздукtарды жабыштырып, жаңгактарды жана дагы башкаларды алтын түстөнтүп ёлкага илип жасалгалаар элек. Бул болсо биздин аракеттенип иштеп жаткан ишибизге кызыктуу түр берип, алгачкы эмгек ыкмаларына көнүктүрүүчү» [1].

Ульяновдордун балдары кичинесинен тартып эле өз камын өзү көрүп, өз алдынча эмгектенүүгө үйрөнүшөт. Кыздар энесинин жетекчилиги астында сайма саюу, түркүн тамак бышыра билүү ыкмаларына ээ болушат. Илья Николаевич балдарын жыгаччылык ишине, ар кандай оюнчуктарды жасоого үйрөтүп, үй буюмдарын ремонттоого катыштырат.

Огороддо жана жемиш багында иштөө бүт үй-бүлө үчүн кубанычтуу чоң майрам болоор эле. «Жер кургак болуп, күн ысык тийген жайдын күндөрү кечинде биз баарыбыз тең суу сепкич, чака, кумура—айтор бар болгон идиштер менен кудуктан суу ташып келип, бактын жөөктөрүнө куюп сугарып, аркы-терки шашкалактап чуркап жүргөнүбүз эсимден кетпейт. Бактарга суу куюп бошоп калган идишин колуна алып зымырап келаткан Володянын караанын али да болсо көз алдыма элестейт» [2].

Балдарын пайдалуу эмгек кылууга үзгүлтүксүз катыштыруу менен Илья Николаевич жана Мария Алек-

[1] М. И. Ульянова. Мать Владимира Ильича — Мария Александровна Ульянова. «Вопросы истории КПСС», 1964, № 4, 42-бет.

[2] А. И. Ульянова. Детские и школьные годы Ильича. М., «Детская литература», 1968, 24-бет.

сандровна аларды талбай эмгек кылган адамдардын баарын жакшы көрүүгө адат алдырган. Жогоруда айтылып өткөндөй, бул жагынан атасы да, энеси да балдары үчүн мыкты үлгү болушкан. Илья Николаевич столярдык жана токардык инструмент менен ардеме-бирдемелерди жасаганды жакшы билген. Мария Александровна сайма саюуга, жемиш бак, гүл өстүрүүгө чебер болгон. Ал тигүү машинасы менен кийим тиккенге кылдат эле. Мына ушу өздөрү билген эмгек ыкмаларынын баарын ата-энеси балдарына үйрөтүп, ар иште тыкан болууга көнүктүрүшкөн. Ушинтип күн өткөн сайын, акырындык менен алардан чынында эле эмгекти сүйгөн улуу мээнеткеч адамдар өсүп чыга келген.

Ульяновдордун педагогикалык асыл жөндөмү адамды терең урматтоодон, анын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүүдөн, анын өз алдынчалыгын таануудан, анын ойлогон оюна, кылган ишине адилет баа бере билүүдөн көрүнөт. Илья Николаевич менен Мария Александровна бардык адамдарга, өзгөчө балдарга, алардын түркүн ойго чөмүлүп бугуп жаткан ички дүйнөсүнө терең камкордук көрсөтүшкөн. Көз карашынан, сүйлөгөн сөзүнүн маанисинен, үнүнүн чыгышынан, баскан-турганынан жана эне менен атага гана сезилүүчү дагы башка белгилеринен алар балдары менен кыздарынын сырткы түрүнөн байкалбаган жашырын сырын ача билишкен.

«Жаман балдар менде жок,— дечү эле Илья Николаевич,— бирок ошондой болсо дагы алардын ар бир түгөйү бири-биринен таптакыр башкача болуп айырмаланып турат.

Биринчи түгөйү — Александр менен Анна — таланты өнүккөн жөндөмдүү адамдар, алардын келечеги кең болот.

Экинчи түгөйү — Владимир менен Ольга — булар улууларынан да мыкты чыгып, далай жерге барышы мүмкүн.

Үчүнчү түгөйү — Дмитрий менен Мария — булар дагы жакшы эле жөндөмдүү балдар, бирок алар жөнүндө али эчтеме айтууга болбойт» [1].

---

[1] А. Л. Карамышев, В. А. Томуль. Воспитание в семье Ульяновых. Саратов, Приволжское книжное издательства, 1969, 40—42-бет.

Балдарынын жөндөмдүүлүктөрүн жана колунан келе турган мүмкүнчүлүктөрүн ата-энеси жакшы билип, алардын өсүшүнө атайын багыт берип келишкени Илья Николаевичтин балдарына берген мүнөздөмөсүнөн улам айкын-ачык билинет. Атасынын бул калыстыгына жана укмуштай көрөгөчтүгүнө суктанууга гана болот. Дмитрий Ильичтин далили боюнча, Илья Николаевич тун баласы Александр Ильичтин падышалык Россиянын коомдук түзүлүшүнө карата болгон көз карашын жакшы билген.

«Эгер бардык маалыматтарга караганда атабыздын Александр Ильич менен ушунчалык ылымы жакын жолдоштук мамиледе болгондугун, агабыздын өзүнчө кыйноо тартып катуу ойлонуп жүргөн оюнун баарын атабыз билүүгө абдан кызыккандыгын эске алсак, ал өзүнүн саясий көз караштарын атасынан жашырган деп айтууга эч качан жол берүүгө болбойт. Ал эми террорго карата ошол учурдагы анын көз карашы канчалык жетилгендиги жөнүндө болсо го, ал башка маселе. Петербургга кетип бараткан Анна Ильиничнага атабыздын айткан төмөндөгүдөй сөзү менин болжолумду толугу менен ырастайт: «Сашага айткын, жок дегенде биз үчүн өзүн чебердесин»[1].

Ата-энеси балдары менен бир болгон турмуштан башка турмушту элестете алышчу эмес. Ошондуктан бардык бош убактыларын алар үй-бүлөсүнө, балдарына, ошо балдарынын ар тараптан өнүккөн акыл-эстүү, чың денелүү адамдардан болуп өсүшүнө арнашкан. Бирок Илья Николаевичтин кызмат абалынын өзү деле, анын көп кырдуу коомдук иши балдарынын көз карашынын түзүлүшүнө көмөк көрсөткөн.

Балдарга мамиле кыла билүү жагынан Ульяновдор кандайдыр өзгөчө чеберчиликке ээ эле. Илья Николаевич менен Мария Александровна баарыдан мурда балдарын өздөрү менен тең санаган жолдошторундай көрүшкөн. Ошондуктан аларга мамиле кылганда баласынтып тоотпой коюучулукка жол беришчү эмес. Ата-энеси балдары менен кадимкидей олуттуу түрдө сүйлөшүп, алардын өтүнүчтөрүн угушчу, керектүү түшүнүктөрүн, кеңештерин беришчү. Мына ушу балдардын

---

[1] И. Н. Ульянов в воспоминаниях современников. Саратов, Приволжское книжное издательство, 1968, 26—27-бет.

көңүлүнө жагуу, алардын ишенимине кирүү, алар менен убакыт өткөрүүнү чын ниеттен жакшы көрүү, өзү үчүн ушунчалык ыракат алуу жана ошол ыракатты аянбастан башкаларга тартуулоо билгичтигине ар бир ата-эне үйрөнүшү керек.

Тарбиялоонун алдын ала ойлонуштурулган системасынын аркасында Ульяновдордун үй-бүлөсүндө балдардын коомдук-саясий көз караштарынын негизи түзүлгөн болучу, Владимир Ильич, анын ага-инилери менен эже-карындаштары баралына жетип, чоңоюп калышкан эле. Ата-энесинин бирдиктүү көз караштары, өз ара түшүнгөндүк, бири-бирине карата болгон терең достук жана сүйүү, өз ара мамилелериндеги ак ниеттүүлүк жана чын жүрөктөн сыйлагандык, демократизм жана барып турган адамгерчилик балдардын жогорку адептүүлүк идеалдарын түзгөн.

## II глава. ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ӨЗ АРА МАМИЛЕНИН АДЕП-ТҮҮЛҮК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРИ

### 1. Үй-бүлө турмушундагы маданияттуулук — балдарды тарбиялоонун негизги шарты

Үй-бүлө турмушунда маданияттуу жашоонун кандай зор мааниси бар экендиги Ульяновдордун балдарды тарбиялоо тажрыйбасынан көрүнүп турат. Балдарды тарбиялоо ишинин натыйжалары ата-эненин жүрүш-туруш мүнөзү менен, алардын ортосундагы өз ара мамилелери менен байланыштуу болот. Көрүнүктүү советтик педагог А. С. Макаренко мындай деп бөтөнчө белгилеген: «Эгерде жашоодо жалпы маданияттуулук жок болсо эң бир сонун акыл—эстүүлүк менен туура ойлоштурулган педагогикалык методдор да эч кандай натыйжаларды бербейт. Ал эми тескерисинче ортоңордо дайыма жалпы маданияттуулук болгондо гана балага мамиле кылуунун туура методун таап, аны тартиптүү, эмгекти сүйгөн, өзүн эркин сезген, оюнду да ойной билген жана... кичинекей болсо да аны ата-энеси силерди барктай билген бала кылып тарбиялай аласыңар»[1].

Турмушта кээде мындай да фактылар байкалат: үйлөнгөнгө чейин кыз менен жигитти деле айрый албайсың, алар бири-бирисиз жашай алышпайт, экөөнүн мамилеси да андан бетер жакшы. Бирок ошол эле экөөнү үйлөнүү тоюнан кийин карасаң, таң каласың: уруш-талаштан баштары арылбайт, бири-бирин тилдеп кыйкырышат, коркутушат...

---

[1] А. С. Макаренко. Соч., т. IV. М., Изд-во АПН РСФСР. 1958, 151-бет.

Албетте, жубайлардын ич ара жаңжалынын күчөп кетишин «ыркы келишпептир» деп эле кургак сөз менен түшүндүрүүгө болбойт. Мында жигит менен кыздын үйлөнгөнгө чейинки мамилелерин жана баарыдан мурда ушу мамилелери эмненин негизинде түзүлүп, өнүгүп кеткенин талдап көрүү керек.

Адаттагыдай, үйлөнгөнгө чейин эки жаш «жакшынакай» деңгээлде гана жолугушуп жүрүшкөн. Жолугушууга өтө кылдаттык менен даярданышкан. Ар кими жылтылдап кийинип, жакшы көрүнүүгө тырышкан. Алардын өз ара мамилелеринен терс кыялдуулуктун, бой көтөрүүчүлүктүн жиги да билинчү эмес. Мындай жолугушууларда бири-биринин көңүлүн оорутпоого аракет кылып, чын ыкластан пикир алышып убакыт өткөрүшө турган.

Арадан көп узабай эле эки жаш турмуш куруп, үйлүү-жайлуу болушат. Мурда анда-санда кезигишип жүрүшкөн болсо, эми дайыма бирге болуп, бир жүрүп калышат, ошентип тилеген тилеги, канат каккан кыялы, кол жеткис максаты болуп көрүнгөн сүйгөн жары азыр кашынан чыкпай, ойлогон ою ишке ашат. Үй-бүлө турмушундагы оокат-тиричилик түйшүктөрүнөн келип чыгуучу мурда байкалбаган кыйынчылыктар сүйүү менен коңшу болуп жүрөөрү күтүлбөгөн нерсе эмес. Мындай коңшулукка сүйүү дайым эле көңүл кош боло бербейт, билинбей жүрүп отуруп ал кыстаган кыйынчылыкка моюн сунат да, акырындык менен жаңы үйлөнүшкөндөр ата-энелеринин терс кыял-жоруктарынан таасир алган адатка айланат. Бул адаттар кайсылар? Үй-бүлөнүн чыңдалышы үчүн, анын жадырап-жайнаган ынтымактуу жана бактылуу турмушта жашашы үчүн мындай адаттардын керектүү эмнеси бар деги? Жаштар турмуш курардан мурда биринин үйрөнгөн адатына экинчиси жакпаса да сыр билгизбей жылмайып коюп жүргөн болсо, азыр ага чыдай албай ачууланып, кыртышы сүйбөй, ал тургай жек көрүүгө чейин барган учурлар да болот. Ошентип үй-бүлө бузула баштайт. Албетте, үйрөнгөн адаттар жалаң гана терс таасирин тийгизет деп айтууга болбойт. Тескерисинче, жубайлардын адат алган кыял-жоруктары кайра бири-бирине дем берип, кубаныч кенчи болуп калган бүлөлөр да бизге тааныш. Мына ошондой бүлөнүн бири Юрий менен Светлана Минскидеги педагогикалык

институтту бүтүшкөн, азыр Новополоцкиде турушат. Экөө тең коомдук турмушка активдүү катышып келген. Ырас, студентка болуп жүргөн кезинде Света сулууланып жасанууга көп убагын бошко кетирип, далайга дейре имерчиктеп улам каранып, күзгүнүн жанынан чыкчу эмес. Ал эми Юра болсо тактыкты абдан жакшы көргөн, анын ар күнгө өзүнчө планы болгон. Ал бир мүнөт да убактысын бекерге кетирчү эмес. Өнөкөт болгон адаттары, карап турсаңар, ар башка, ал тургай бири-бирине такыр окшобойт. Бир жолу Юрадан бул алардын үй-бүлөлүк турмушуна тоскоол кылбайбы деп сурап калышты. Мына анын берген жообу:

«Убакытты эсепке ала жүрүү үй-бүлөдөгү турмуш тиричилигин жөнгө салып туруууга мүмкүндүк берет. Аялым экөөбүз мурдагыдай эле бирге жүргөн жолдошторубуздан байланышыбызды үзбөй, коомдук иштерге активдүү катышууга тырышабыз. Өзүнүн үй-бүлөлүк мүдөөлөрүнөн чыкпай, жалаң эле керт башынын кызыкчылыгын көздөп, коллективден чыгып калган жаңы үйлөнүшкөндөр да бар, алардын иши, менин оюмча, жаман болуу керек. Бул алардын түшүнүгү начар экендигин гана билдирет. Адам баласы коомдо жашоо үчүн туулат эмеспи. Ошондуктан ал дайыма адамдар менен катташууга умтулуп, алар менен ар нерселер жөнүндө пикир алышып турууну, алардын берген кеңештерин ж. б. угууну керектейт. Антпесе мүңкүрөп кетүүгө болот.

Менин Светланам демейдегисиндей эле жадырап-жайнаган ачык-айрым, көңүлүндө кири жок адам бойдон кала бериши жана ошону менен бирге үй-бүлөсүндө да, ишинде да ишкердүү болушу мен үчүн чоң маанилүү. Ошондуктан мен үй-бүлө башчысы катары анын назиктигин, анын татынакайлыгын сактап, мурдагысындай эле ага өзүнүн чоң эмес коллективинин «дем бергичи» болууга жардам бере тургандардын баарын жасайм. Үй-бүлөлүү болгондон тартып ошого байланыштуу кошумча түйшүктөр, милдеттер пайда болот— бул туура. Бирок мунун биздин сүйүүбүзгө, биздин үй-бүлөлүк кубанычыбызга эч кандай залалы тийбейт. Үйлөнгөнгө чейин биз көп нерселер жөнүндө билгенбиз жана көп нерселер жөнүндө ойлонушуп көргөнбүз. Бардык жагынан абдан ойлонуп, мүмкүнчүлүктөрдүн

баарын таразага тартып туруп, анан чечимге келүүгө бизде убакыт бар болчу.

Жаңы үй-бүлөнүн жолунда (жалаң жаңы үй-бүлөнүн гана эмес) жооп берүүнү талап кылган көп, ал тургай абдан көп турмуш суроолору туулат. Андай суроолор биздин үй-бүлөбүздө да көп. Биз Светлана экөөбүз бул суроолорду чечип жатабыз, ошентип күндөлүк тиричилик агымынан таалим алып, кыйынчылыкка моюн бербей такшалып калдык. Силер жубайлардын турмушун ал-абалы жөнүндө, түйшүк тартып, материалдык жактан кыйынчылык келип турган кырдаалдагы алардын өз ара мамилеси жөнүндө сурапсыңар. Бардык кубаныч-кайгыны, жубайлар ынтымактуулук менен өз ара бөлүшкөн нике гана туруктуу жана бактылуу боло тургандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ал эми ынтымак менен сүйүү болуп турганда эчтемеден коркпош керек».

Ынтымактуулук, өз ара жардамдашуу принциптери, аялынын аялдык касиетин, сулуулугун, назиктигин жана коомдук активдүүлүгүн сактоого күйөөсүнүн умтулгандыгы бул үй-бүлөнүн, анын өз ара мамилелеринин негизи болуп калгандыгы Юрийдин айткандарынан көрүнүп турат. Бул үй-бүлөдөн бири-бирин кыйышпастык, бири-бирине күйүмдүүлүк байкалат. Келечекки үйлөнө тургандар да дал ушу күйүмдүүлүк жөнүндө унутпоолору керек. Ар ким өз кыймыл-аракеттерине жана кылык-жоруктарына кылчайып талдоо жүргүзүп, анан ошого сын көз менен карап баа берип, керектүү багыт бере билиши керек.

Кээде айрым бир үй-бүлөлөрдө ушунчалык адепсиз көрүнүштөр болот дейсиң, тим эле карап туруп жаш жубайлар үчүн өзүң уялып кетесиң. Күйөөсү жакшы өз ара мамилени барктабаган бир үй-бүлө жөнүндө айтып берели. Ал акыл эмгегинин кызматкери, диссертация жазып жүрөт. А өзүнүн аялы менен болсо жаман тарбияланган чиновниктей сүйлөшөт. Анын оозуна ээ болбой үйдө сүйлөгөн сөзү төмөнкүлөрдөн турат: «Мен айтпадым беле!», «Мен буйрубадым беле!», «Бул сенин акылың жете турган иш эмес!», «Мен, мен, мен!» Ушундай да айбанчылык болобу! Ал көйрөңдөнүп көкүрөгүн чапкылаганды гана жакшы көрөт, өзүнөн башка деле эчтемени тааныгысы келбейт. Аялына болсо кемсинтип мамиле кылат. Анын одонолугуна аялы

кантип кейибей койбойт! Тааныш кишилердин жана балдарынын алдында күйөөсү уялбай эле, аялы уялат. Күйөөсү көндүм болуп калган эски адатын карматып кыйкырып киргенде, аялы баргыла деп балдарын эшикке же башка бөлмөгө чыгарып жибергени кокусунан эмес.

Мындай бүлөдө үй тиричилик түйшүктөрү менен кайгыларына өзүнүн адамга оор тийүүчүлүгү жагынан башка эч нерсе менен салыштыргыс дагы бир жүрөк зыркыраткан кайгы кошулган болот. Ушинтип жаңжал чыгарып, мамилесин бузуп жүргөн үйдүн ээси буга окшогон учурларда өз үй-бүлөсүнүн бактысына балта чапкан гана болуп саналат.

«Мен» жана «менин үй-бүлөм» — мунун өзү, албетте, эң татаал маселе, бирок андан чегингенде да болбойт. Ар ким эле бала-чакасын багып өстүрүү, ошолордун оокат-тиричилигинин камын көрүү ыйык милдети экенин терең сезе билип, каны-жаны менен үй-бүлөсүнүн ажырагыс бөлүгү боло албайт. «Ким эл үчүн аттанса, ал жалпы урматтоого татыктуу, ушундай эле урматтоого ар ким татыктуу боло албайт»,— деген экен бир акылман.

...Биздин күндөлүк турмушубузга, албан эмгек ишибизге, пландарды аткаруу жөнүндө камкордук көрүүгө кошо аралашып жүрүп, ардеме-бирдемелерге толук түшүнүп, эс тартып калган бала-чакасы жөнүндө, алардын керектөөлөрү менен муктаждыктары жөнүндө үйдүн ээси кээде унутуп да коёт. Өз кызмат участкасындагы жетишилген ийгиликтерге кызыккан кызматкер кай бир учурда эмгекчил коллективдин калган бөлүктөрү жөнүндө да унутуп коёт — ал аялы жөнүндө кайдан ойлонсун, аялы такай камкордук көрбөсө ал, балким, кызмат жагынан чоң ийгиликтерге жетишмек да эмес!

Мындай «ишмерлер» кызматтагы жана үйдөгү өзүнүн одонолугун, катаал мүнөздүүлүгүн көп иштеп чарчагандыгы, пландары, тапшырмалары, чогулуштары ж. у. с. менен актанышат. Албетте, кызмат деген кызмат. Ал бардык болгон күчтү жумшап, аябай чымыркануп иштөөнү, билгичтикти жана эптүү-ыктуулукту талап кылат. Жан-дили менен, чын жүрөгү менен берилип иштебесе, бир да жөнөкөй техникалык милдетти чечүүгө болбойт. Анан адептүүлүк милдеттери жөнүн-

дө айтып эмне кылабыз. Өз иштеген ишин сүйгөн адам дайыма дээрлик өз аялын да, балдарын да мээримин төгүп сүйгөнү кокусунан эмес. Алар үчүн ал дайыма убакыт табат.

Биз, жубайлардын өз ара мамилелеринде жогорку адамгерчиликтин болушу өтө зарыл деп ойлойбуз. Дал мына ушунун өзү аларга, баарынан мурда үй-бүлөнүн атасына балдарын кадыресе кубанычка бөлөп, бак-таалайлуу кылып өстүрүүгө мүмкүндүк берет.

Балдардын атасы үйүндө ыгы жок күпүлдөп кожоюндук кылбай, өзүн карапайым алып жүргөндө гана үй ээси катары кадыр-баркка, ызаат көрсөтүп урматтоого татыктуу болот. Тааныш бир үй-бүлөдөгү башкаларга караганда бир далай эле жаш көрүнгөн атаны «абышка» деп аташат, а бу «абышканын» өзүнүн сексенге чыккан атасы да бар, мына ошо чоң атаны «абышка» деп атаса туура болмок. Бирок кошуналары жана жолдоштору ага ушинтип кайрылуу менен, жакшы көрүп, сыйлагандыгын билдиришет. Үй-бүлөсүндө болобу, ошондой эле андан сырткары болобу, өзүнө карата мындай жакшы мамилеге «абышка» өзүнүн адамгерчилиги менен татыктуу болду. Адамдар, алардын башынан өткөндөрү аны дайыма абдан кызыктырат, ал адамдардын кабак-кашынан, сүйлөгөн сөзүнөн башкалар байкабагандын баарын байкайт. Анын көз карашы менен жүрөгүнүн сезгичтигинен аялынын, уулунун же кошунасынын кубанычы же капасы буйтап кете албайт. Ал сурай берип жадатып да жибербейт, адамга ал кандайдыр өзүнчө ык менен мамиле кылат, ошондо тиги өзү эле ага баарын төкпөй-чачпай айтып берет.

Сүйкүмдүү «абышканын» адамдарга таасир этишин канча жолу жана канчанчы жыл байкабадык дейсиң. Үй-бүлөсү менен жолдошторунун арасында, кызматтагы жана майрамдагы столдо отурганында ал дайыма тең укуктуулардын арасында тең укуктуу бойдон билинбей кала берет. Үйүндө болобу же иштеген жеринде болобу, ага көбүрөөк ыңгайлуулуктарды түзүп берип, башкаларга караганда аны жакшыраак шартка коюуга жасалган ар кандай аракеттердин баарын ал чечкиндүүлүк менен четке кагат.

Анын мээриминин, анын кадыр-баркынын, анын айланадагыларга тийгизген таасиринин жашырын

сырларынын бири мына ушул адамгерчилиги менен карапайымдыгында.

Балдардын атасынын педагогикалык акылмандуулугу, үй-бүлө мүчөсүнө, анын жакшы жана начар жагын эске алып, чыдамкайлык, этияттык, камкордук менен мамиле кылуудан көрүнүүгө тийиш. Педагогикалык акылга сыярлык буйрук берүүдө, уулунан же кызынан айтканды аткарууну же баш ийүүнү талап кылууда гана эмес, баарынан мурда ынандыруу, түшүндүрүү жана ошентип өзүнө тарта билүү чеберчилигинде болот. Мында өзүнүн жана үй-бүлө мүчөсүнүн пикирин турмуштан алынган фактылар, айтылып жүргөн үлгүлөр менен бардык жагынан баалап көрүп, далил келтирүү керек. Акыл-ойдун кеңирилигине, тең укуктуулук принцибине негизделген байланыш жана таасир этүү талкууланып жаткан нерсени кандайдыр киши кызыгарлык жандандырууга мүмкүндүк берет. Ал эми адамдын өзү болсо мында адептүүлүк жагынан тазараак, акыл-ой жагынан байыраак болуп калат. Натыйжада адептүүлүк жагынан биримдүүлүккө жетишесиңер, уулуң, кызың же бир тууганың үчүн сенин идеяң чын эле жакын жана түшүнүктүү болуп калат. Алар моралдык жагынан сени колдошот, жардам беришет. Мына ушундай биримдүүлүк үй-бүлөнүн баарынан бекем, кебелбес кылып салат. Үй-бүлө мүчөсүн ошонун эле бир туугандары менен жакындары түшүнүшү жөнүндө дайыма ойлонуу керек.

Үй-бүлөгө баш болуу ардактуу, бирок эң кыйын милдет. Бул милдетти кээ бир аталар кызматы менен бирге алып бара албашы мүмкүн. Өздөрүнүн алсыздыгын ачык эле моюнга алган ата-энелер да бар. Алар айлыгын үйгө түгөлү менен алып келип, зайыбына минтип эскертишет: «Ме, акчаңы ал, калганы менен менин ишим жок... мектеп менен башка жагын өзүң тейле...»

Аялы үй ээсинен балдарына айлыгын гана алып келип турушун каалап тим болбойт. Үй-бүлөнүн атасы деген — биологиялык гана эмес, психологиялык, социалдык, коомдук да категория эмеспи. Чыныгы ата болуу—кыйын жана татаал.

Эгер бир жаш жигит же үйлүү-жайлуу киши кызга же аялга одоно сөз сүйлөп, уятсыздык менен мамиле кылса, анда ал өзүнүн тарбиясыздыгын көрсөтөт ган-

Албетте, жогоруда айтылып өткөн «абышкага» окшогон үй ээсинин колунан баары келет: ал чоң тамгалуу Адам. Анын үй-бүлөсүндөгү жана андан сырткары жерлердеги жүрүш-турушунун педагогикалык чеберчилигине суктанууга болот. Бирок башка үй-бүлөнүн татаалдыгы ушунчалык ар түрдүү жана көп пландуу болгондуктан, «аксакалдын» үлгүсүндө жетишилген жакшы атмосфераны аныктоонун өзү да кыйын. Ата-энелер менен балдардан башка чоң энелер жана чоң аталар бар ушундай бир татаал үй-бүлөдө, айталык, жадырап-жайнаган ынтымактуулукту сактап турууга болобу деги? Мындай үй-бүлөдө анын мүчөлөрүнүн ортосундагы бири-бирин ызат кылуусун, бири-бирин жакшы көрүшүн кантип тең бөлүштүрүүгө болот?

Бул коюлган суроо жеңил суроолордон эмес, ошондуктан ага ар бир үй-бүлө же үй-бүлө ээси үчүн жарамдуу жоопту бере албайсың. Бирок өзүнөн өзү чечүүнү талап кылып турган маселе — чоң энелер, чоң аталар, ата-энелер жана балдар — көңүл бурууга татыктуу.

## 2. Чоң энелер, чоң аталар, ата-энелер жана балдар

Советтик үй-бүлөлөрдө чоң энелер менен чоң аталарга жогорку урмат-сый көрсөтүлөт, үй-бүлөдө алар ардактуу орунду ээлейт. Азыркы чоң энелер менен чоң аталар — булар биздин партиябыздын, биздин мамлекетибиздин тең курбулары. Алар социалисттик Родинанын негизин салышкан, жаңы шаарларды, фабрикаларды жана заводдорду курушкан, эл чарбасын оңоп, өнүктүрүшкөн. Бул муун революциянын, граждандык жана Улуу Ата мекендик согуштардын жылдарында такшалган. Анын эң көп өкүлдөрүнүн көкүрөгү өкмөттүк сыйлыктар менен жаркырап турат.

Элестүү кылып айтканда, эски муундун бетиндеги жана колундагы ар бир бырыш, денесиндеги тырык болуп бүткөн жараттары — бул кайраттуу Родинанын жандуу тарыхы; Советтер өлкөсүнүн жаш жеткинчектери бул тарыхты окуп-билүүгө милдеттүү. Чындыгында эле көптөгөн неберелер карыялардын алдында улук

көрүп баш ийип, өздөрүнүн чоң энелери жана чоң аталары менен, алардын басып өткөн баатырдык каарман жана эмгек жолу менен сыймыктанышат.

Үй-бүлөдөгү карыялардын кадыр-баркы көп шарттарга жана кырдаалга байланыштуу болот. Ата-энелердин өз ата-энелерине акыл-эстүүлүк менен мамиле кылышы мына ошолордун бири болуп саналат. Ызаат кылуу жана камкордук көрүү, алардын турмуштагы, коомдогу жана үй-бүлөдөгү сиңирген эмгегин урматтап, тааный билүү жаш муундарды жогорку адамгерчилик сезиминде тарбиялоо үчүн жакшы атмосфераны түзөт.

Минск шаарындагы Мясников көчөсүндө бизге тааныш бир үй-бүлө турат. Чоң энеси — Митрофановна дайыма бул үй-бүлөнүн көңүлүнүн борборунан кетпейт. Алардыкына көп барып жүрүп, үйдүн ээси Федор Иванович чоң эненин кадыр-баркын түшүрбөй, аны ушунчалык устаттык жана акылмандык менен кадыресе колдоп келаткандыгын көрүп, таң калбай койчу эмеспиз.

Бир жолу эркектер болуп өзүбүзчө ээн-эркин сүйлөшүп отуруп калганыбызда биз карыялар жөнүндө сөз козгой кеттик. Ошондо Митрофановнанын күйөө баласы Федор Ивановичтин айтып бергени бул:

— Биз үч бир тууган болчубуз. Ата-энебиз керээли кечке жумуштан бошочу эмес. Алар бизге аз көңүл бурушчу. Бирок чоң энебиз — атамдын кайын энеси биз менен туруучу. Биздин досубуз да, педагогубуз да ушу чоң энебиз эле. Бул акылмандуулуугунан, жөнөкөйлүгүнөн жана боорукерлигинен келген сонун аял болчу. Мен аны али күнгө чейин тубаса тарбиялоочу деп эсептейм. Чоң энебиз эч качан бизге жаман айтчу эмес, көңүл калгыдай кыйкырып жемелөөчү да эмес. Андан көрө, ал өзү айткандай, «акылдуу болуп өскүлө» деп кеңешин берүүчү. Биз болсок, шок балдар болгонубуз менен, аны катуу талап кылуучу мугалимдей көрүп, айтканын укчубуз. Ал тургай кийин чоңоюп-чочоюп киши болуп калганыбызда да, андан алыс жерде жүрүп, эмне иш-аракет кылсак да ичибизден ойлонуп, чоң энебиз менен кеңешкендей болоор элек. Кээде азыр да ушундай бир сезим келип, ал кайдандыр жакындан сенден көзүн албай карап: мурда сен мындай эмес элең го... дегенсип, жактырбагандай башын чайкаган-

сыйт. Партизандар менен байланышкандыгы үчүн аны фашисттер кыйнагандан бери далай жылдар өтүп кетти... Мен дагы ошо жыйырма бештеги бойдон туруп калган жокмун. Көп нерселер баштан өттү, мына өзүмдүн балдарым да чоңоюп, мен каалагандай анча жоош болбой калышты. Айтор, азыркы жаштар да. Менин кайын энем, Митрофановна, күйпөлөк адам боло тургандай сыяктанчу эле. Неберелерине караганда бул үчүн анда көбүрөөк негиздер бар эмеспи. Анын чор баскан колун эле карап койсоң, таржымалы даана боло түшөт... Бирок бул жөнүндө өзүнчө сөз болсун.

Кээде балалык күнүм эсиме түшүп отуруп калам да, чоң энебиздин кадыр-баркынын жашырын сыры, анын баарыбызга тийгизген таасиринин күчү эмнеде экенин билгим келип, көп ойлоном.

Балдар деген балдар, алар кары кишиге өз билгенинче урмат көрсөтүшөт. Кээде аларда баары тең: тентектик жана аягандык, камкордук жана кенебестик, жакшы көрүү жана таарынуу ж. у. с. аралаш болот. Биз да бала кезибизде ушундай болушубуз керек, бул жагынан, балким, өз балдарыбыздан кем калышкан эместирбиз. Бирок адам чоңойгуча тегерегиндегилердин баарына кызыгып карай берет: улуулардын өздөрүнчө кандай сүйлөшкөнү, бири-бирине кандай мамиле кылганы, сүйлөгөн сөзү менен кыймылына кандай маани берип жаткандыгы, үй-бүлө мүчөлөрүнө, жолдошторуна жана тааныштарына кандай сезим билдиргени аны өзгөчө кызыктырат. Биздин атабыз чоң энебизди абдан урматтоочу эле. Ал анын ал-жайын сурабай калган учур эсимде жок. Чоң энебиздин ден соолугу жакшы болуп турганда деле, табы кандай? — деп бизден сурабай койчу эмес. Апабыз дагы чоң энебизге камкор мамиле кылып, колунан келген жардамын аёочу эмес.

Атам биздин — чоң эненин неберелеринин — камкор жана боорукер адамдардан болуп өсүүбүздү каалаган. Атам өзү бул жагынан биз үчүн үлгү болорлук эле. Дайыма айлык алган сайын ал кандайдыр бир белектерди сатып келип, баарынан мурда чоң энебизге берүүчү. Мына ушунун баарын кандайдыр майрамдагыдай көңүлү көтөрүңкү болуп туруп жасоочу. Мына ошол мүнөттө чоң энебиздин эт-жүрөгү эзилип көзүнөн жаш кылгырып: «Акчаны ысырап кылбаш керек эле,

мен го тура турат элем, балдарга сатып алсаң болмок...» — деп ал улам кайталай беруучу.

Биздикине коноктор келгендеги майрам күндөрү жөнүндө айтпай эле коёюн. Чоң апамды атам кандай камкордук менен курчаганын көрүп турсаңар болмок. Аны дайыма абдан ардактуу орунга отургузушчу. Саламаттык үчүн көтөрүлгөн биринчи тост чоң энеге арналуучу.

Биздин чоң энебиз туулуп өсүп, өмүрүнүн бир далайын өткөргөн Витебскиге жакын кыштакка бир күнү атам биз менен кошо эс алууга жөнөп калды. Качандыр бир убакта биздин чоң энебиз басып жүргөн, эмгектенген, душман менен салгылашкан жерлерде саякат жасадык. Атам бизди кары адамдарга көрсөтүп тааныштырып, биз Агриппина Митрофановнанын неберелери экенибизди жана анын кызынын суроосу боюнча биз алардын кандай жашап-гүлдөп жатышканын көргөнү келгенибизди айтып берип жатты.

Мурда болуп өткөн, бирок келечек үчүн унутулгус окуялар жөнүндө биздин көзүбүзчө сүйлөшүп калышты. Биздин чоң энебиз жөнүндө анын жолдоштору, жөнөкөй, ак ниет адамдар кандай гана жакшынакай пикирлерин айтпады дейсиң!

Бул сыяктуу саякаттар, адамдар менен жолугушуулар, аңгемелешүүлөр жана бир тууган кишиге көрсөтүлгөн сый-урмат эстен кеткис болуп, жүрөгүбүздүн тереңинен орун алып калды. Албетте, мындай тартипти сактаган үй-бүлөдөн акыры жүрүп отуруп мүнөзү бир калыпка келген, өсүп-өнүгүүгө дилгир койгон кең пейил, чыныгы адамдын турмушу башталат.

Эми Митрофановна жөнүндө. Бирок ал жөнүндө андан көрө анын небереси, менин улуу уулум Валерий айтып берсин, мунум али жаш, бирок баланын атасы болуп калды — жаңы муундун өкүлү.

— Чынын айтканда,— дейт Валерий,— мен дагы, өзүм курактуу курдаштарымдай эле, жадыраган турмушта өсүп чоңойдум. Муундардын бири-биринин ишин улантышы жөнүндө чындап ойлонуп көрө элекмин. Азыркы жаштарды, мындайча айтканда, көбүнчө космос проблемалары кызыктырат. Ал эми чоң энелер, майпаңдаган балдар болсо — бул ара-чолодогу иш болуп калды. Бирөөлөрү туулат экен, башкалары картаят экен... Мына мен да жыйырма экиге чыгып ушун-

чалык күч-кубат, жашчылыгымды бейгамсыздыкты сезгенимден, кайдадыр булуттардын арасында закымдап жашап жүргөндөй сыяктанам... Белорус мамлекеттик университетин бүткөндүгүбүздүн урматына биз бир топ жолдошторубуз менен Нарочь көлүнө жөнөп кеттик. Кечинде балык сорпо бышырып отуруп эмнеликтендир чоң энелерибизди эсибизге түшүрдүк, алар мына ушундай жерде керек болбойт беле деген ойго кеткенсип. Деле күтпөгөн жерден Б. Николай экөөбүз аябай катуу талашып калдык. Николай анын чоң энеси өзгөчө урмат көрсөтүүгө татыктуу эмес экендигин айтып, далилдей баштады: ал абдан кыйкымчыл, ажаан, шалакы, мээси да анчалык ордунда эмес.

— Мына сенин чоң энең болсо,— дейт ал,— бул такыр башка. Ал дайыма таза, тыкан кийинип жүрөт, сага жана башкаларга мээримдүү мамиле кылат. Кыскасы, сенин чоң энең азыркы замандын кишиси, а менин чоң энем болсо — өткөн кылымдын сыныгы.

Менин курдашым, чоң энеси аны мурдагысындай эле бөпөлөп алаканына салып алып жүрсө деп ойлойт окшойт. Анын сексенге карап калганын, согуш жылдары көп кайгыны башынан өткөргөнүн ал билгиси келбейт... Кыскасы, ушул көлдүн жээгинен да бизди жумшоого аракеттенгениндей эле, ал өзүнүн чоң энесин жумшап жүрүп көнүп калган экен. Жыгач апкелип от жакканга да, картөшкө тазалаганга да, чатыр керип тикkенге да жардам бере албады, же жардма бергиси келген жок. Ал үчүн баарын биз иштедик, а өзү болсо го ойду-тоону бир сүйлөп коюп, бекер басып жүрө берди. Мен Николайга биздин Митрофановна үйдөгүлөрдүн баарынын урматтоосуна жана камкордугуна ээ болгондугун айттым. Эч ким ага үнүн катуу чыгарбайт, а эгер ошентүүгө аракеттенип эле баратса, анда атам улууларга одоно мамиле кылууга болбой тургандыгын эскертип, ошо замат катуу айтат.

Биздин үйдө мурдатан бери келаткан мындай бир тартип бар: баары мүмкүнчүлүгүнө жараша өзүн өзү тейлейт. Кир жууганды, үтүктөгөндү, кийим-кечектерди тордоп жамаганды, үйдүн полун жууганды, тамак бышырганды ар кимибиз билебиз. Ал эми чоң энебиз эгер үй ичин жыйнаштыруу боюнча бирдеме кылып жүргөн болсо, анда ал баарын тең өз каалоосу боюнча гана, өзүнүн эмгектик адаты боюнча гана жасайт.

Апам адегенде чоң энеге тиешелүү ишти бүт бүтүрөт, андан кийин бизге көңүлүн бурат. Мына эмнеликтен биздин чоң энебиз дайыма тыкан болуп, бир калыбынан жазбай жүрөт. Биздин ызат кылып, камкордук көрсөтүп турганыбызды ал саат сайын сезип турат.

Адегенде кары кемпирге көңүл бөлбөй, өз камы менен алек болгон неберелер да кездешет, ал тургай кээде аларга ошо кемпир тоскоол да болуп кетет. Бир жолу троллейбус токтоочу жерде өңкөй жаштар топтошуп туруп калышты. Алардан саал обочороокто карыган аял турган эле. Аңгычакты гитарасын асынган бирөө кемпирди түртүп салып, тырмышып троллейбуска киргени калды. Албетте, жумшагыраак айтканда, бул «баатырды» бери токтотуп алып, ээликкенин басыш үчүн жакшылап бир сүйлөшүп коюуга туура келди.

Көп учурларда мындай сөз угууга да болот: «Менин чоң энемдин мүнөзү катаал. Аны менен ынтымактуу туруу кыйын». А сен эмне үчүн аны менен ынтымактуу туруу кыйын дейсиң, а балким ага сени менен ынтымактуу туруу кыйын болуп жүрбөсүн? Ал эмне сенин мүнөзүңө жараша карегиң менен тең айланышы керек бекен? Сенин кайсы сиңирген эмгегиң үчүн чоң энең жетимиш сегизге чыкканында, мындан чейрек кылым мурда болгондой, б. а. сен али тыйнактай алсыз бала кезиңдегидей сенин камыңды көрүшү керек? Жок, достум, кары кишилерди — бүт өмүрүн биздин келечегибизге арнаган, биздин жыргалчылыгыбыз үчүн баарын иштеген адамдарды ардактаганды биз үйрөнө элек экенбиз же бизди үйрөтүшкөн эмес.

Сен, чоң энең менен маектешип отурууга да болбойт, анткени көз карашы эскирип, артта калды, эми аны эч нерсе кызыктырбайт дейсиң жана дагы ушуга окшогондорду айтасың. Себеп? Акылынан тайып, алжып калды дейсиңби? Жок, кымбаттуу жолдош, эч макул эмесмин! Биз экөөбүз эмнеге кызыксак, кемпирчалдар дале ошого кызыгат. Чоң аталар менен чоң энелер космоско учууларга, согуш жана тынчтык маселелерине кызыгышат. Мисалы, аларды вьетнам элинин тагдыры, адабий жаңылыктар, театрлардын репертуары, спорт иштери, узун өмүр проблемалары, балдарды тарбиялоо жагы тынчсыздандырат. Ал тургай алар азыркы мода маселелери боюнча жүргүзүлгөн талкууларга да катышышат. Кыскасы, алардын кы-

зыкчылыктарынын чөйрөсү өтө кеңири жана актуалдуу.

Бирок биздин жана чоң аталарыбыз менен чоң энелерибиздин кээ бир маселелер боюнча көз караштарыбыз ар башка экендиги толук табигый нерсе, ар нерсеге ар башкача карайбыз. Коомдук турмуштун көрүнүштөрүнө баа беришибиз, аны кабылдай билишибиз дайым эле бирдей боло бербейт. Бирок бул, чоң аталар жана чоң энелер, б. а. улгайгандардын көпчүлүгү дени-карды таза кадимкидей адамдар экендигин дагы бир жолу далилдейт.

«Кары киши баладай» деген макалдын тегерегинде талашып-тартышат. Карыяларды сыйлабагандар мына ушуну өзүн актоого пайдалангылары келет. Албетте, элдин бул акылман сөзүндө терең маани бар. Бирок биз, элдин акылман сөзүн кайталап айтышыбыз менен, кээде ага үстүртөн түшүнгөн бойдон кала беребиз. Сөз баарынан мурда бирөөлөрдө көбүрөөк, башкаларында азыраак байкалуучу адамдын жашына ылайык өзгөрүүлөрү жөнүндө жүрүп жатпайбы. Кайсы бир кары киши ал үчүн көндүм болбогон мына ушул жашына ылайык өзгөрүүлөрдөн жабыр тартат, ал ушунчалык катуу кайгыргандыктан, өзүн балдары үчүн керексиз жүк болдум деп эсептеп, кээде ыйлап да жиберет. Мына ушунун баары жашы жетип калгандыгы, алдан тайып чарчагандыгы, начардыгы жана улам күчөгөн сезгичтиги менен түшүндүрүлөт. Демек, алдуу-күчтүү, жаш адамдар балдары жөнүндө кандай камкордук көрүшсө, үйүндөгү карылар жөнүндө деле ошондой эле камкордук көрүүгө милдеттүү, бирок муну көбүрөөк көңүл бөлүп, бардык жагын ойлоп туруп, кылдаттык менен жасоо керек.

Бала кезиңерди эстеп көргүлөчү. Мындай да болгон: балдар менен ойноп жатып эле, капысынан оюнду таштай салып, тызылдаган бойдон чоң энеңе жетип барасың да, тизесине отуруп кучактай калып, анан минтип айтасың: «Чоң эне, чоң эне, мен сени ушунчалык жакшы көрөм дейсиң! Чоңоюп эр жеткенде сени өз колума аламын да, эч кимге бербейм...»

Биздин бала чагыбыздан алынган мисалдан эмне келип чыгат? Баарынан мурда бала өзүнүн жаратылышы боюнча эркелетүүнү жана камкордук көрүүнү керектейт. Ошентип аны чоңойгуча бөпөлөп багышат.

Бирок чоңойгондон кийин ал кичинесинен тартып жылуу-жумшак эркелетип багып өстүргөн чоң кишилердин мээнетин актоого милдеттүү. Бул табигый процесс. Анын үстүнө карылыкка моюн сунган адам, жадырап жаңы ачылган жазгы гүлгө окшоп, сылап-сыйпоону жана камкордук көрүүнү керектейт. Бирок кары адамдар өзгөчө, кандайдыр өзүнө жага тургандай камкордукка муктаж.

Мисалы, сиз кызматтан же театрдан кеч келдиңиз. Үйдө чоң энеден башкасынын баары уктап жатышат, анын эмнегедир уйкусу келбейт. Кухняга өтө элегиңизде эле, ал жетип келип, сизге чай коюуга ашыгат. Же сыркоолоп, төшөккө жатып калган учурлары болот, көз карашы үлдүрөп, кыйналганы байкалат. Чоң эне ушинтип алдан тайып турганда жанына басып келип, колунан алып сылап-сыйпап, батыраак айыгып кетишине тилектеш экениңизди билдирсеңиз болду — анын көзү кубанычтуу жадырап, дароо эле жакшы боло түшкөнсүйт. Делек, кары кишини таблеткалар менен эмес, чын жүрөктөн чыккан жароокер сөз менен көбүрөөк дарылаш керек.

Бар болгон байлыгыбыздын баары улуу муундар тарабынан түзүлгөн. Кары чоң эне бизди эркелетип өстүргөн, кары мугалим сабаттуу болууга окуткан, кары профессор билим менен куралдандырган, кары врач ар кандай оорулардан дарылаган... Бизге кайрат берип, дем берген мына ушулар, биз алардан туулуп өскөн үйүбүздү, Родинабызды кантип сүйүүгө үлгү алабыз. Алдыңкы советтик жаштар дал ушундай ойлонушат.

...Ушинтип, Митрофановнанын кадыр-баркынын жашырын сыры, жүздөгөн башка чоң энелердей эле, чоң атасынын, баласынын жана небересинин тарбиялоо системасында, муундардын бири-биринин ишин улантуучулугунда. Балдардын мүнөзүнүн бир калыпка келип түзүлүш үчүн үйдө ынтымак жана анык адамдык ак ниет мамиле болуу керек. Ал эми үй-бүлөдө дайыма ынтымак болуп тура алабы? Тилекке каршы, дайыма эмес.

1969-жылы мартта Минск шаарынын эл сотунда бир врачтын, медициналык илимдердин кандидатынын, инженер күйөөсү менен ажырашуу жөнүндөгү иши угулду. Алар жыйырма эки жыл бир туруп, эки

баланы тарбиялап өстүрүшкөн. Уулу—студент, кызы—онунчу класстын окуучусу.

Күйөөсү менен ажырашууга аялына эмне себеп түрткү болгон? Көрсө, ал акыркы жылдары күйөөсүнүн жүргөн-турганы өзгөрүлүп, башкача болуп кеткенин байкай баштаган имиш. Аялы алдын ала өзүнүн жыйган акчаларын энеси менен балдарынын атына котортуп жаздырат. Ажырашканга чейин эле куулук-шумдукту биле жүргөн аял, иши оңунан чыгып, уулунун атына өзүнчө бир бөлмөлүү квартира ала коёт. Ажырашкандан кийин ал өз балдарынын атасын квартирант укугунда бир бөлмөлүү квартирага көчүрөт. «Окумуштуу» аялы басынтып, маскара кылган күйөөсү, ажырашканга чейинкидей эле, инженерлик кызматында иштегенин улантат, өзүнө кетүүчү чыгымдарды чектеп, мурдагы аялы менен балдарына ай сайын өзүнүн айлыгын алып келип берип турат.

Бүт ушул жийиркеничтүү жорук балдарынын көзүнчө, ал тургай ошолордун катышуусу менен болуп жатты: алар атасына келишет да, андан кошумча акча талап кылышат. Уулу менен кызы көрүп турса да, атасынын кыйналып-кытсалып жүргөнүнө кабагым-кашым деп да коюшпайт, аларга акча гана керек. Өзүнүн балдары деле алардын энесине окшоп ага уятсыздык менен мамиле кылышат. Үй-бүлөдөгү тарбия, балдардын мүнөзүнүн түзүлүшүндөгү анын багыты дал ушундай болуп чыгышы мүмкүн. Мындай жаман иш кылуусу менен эне өзүнө, балдарына жана коомго зыян келтирип жатат деп ишенимдүүлүк менен айтууга болот.

Жаш жеткинчектерди улууларды (ата-энелерди, чоң энелерди жана чоң аталарды) урматтоого үйрөтүү—татаал жана көп кырдуу процесс.

Бир жолу жумушчулар коллективинде боорукердикти тарбиялоо, карыяларга камкордук менен мамиле кылуу жана урмат көрсөтүү жөнүндө сөз болуп калды. Жумушчу В. В., оор кайгылуу окуяга туш келген бир жакшы тааныш үй-бүлөнүн абдан татаал өз ара мамилелерин ага чейрек кылымдан бери байкоого туура келгендигин айтып берди.

Жаш кезинде эле Наталья Максимовна эки уулу жана бир кызы менен жесир калат. Үй-бүлөнүн ээси Алексей Иванович фронтто 1941-жылы курман болгон.

Аз убакыттан кийин анын аялы Ата Мекендик согуштун инвалиди Иван Петровичке күйөөгө чыгат. Экинчи күйөөсүнөн ал дагы бир кыз төрөйт. Бир жолу кызматтык милдетин аткарып жатканда Иван Петрович аварияга учурап калат. Анын өмүрүн сактап калуу врачтардын колунан келбеди.

Наталья Максимовнаны арылгыс кайгы басты, ошентип ал бүт күчүн балдарды тарбиялоого берүүнү чечти. Каза болгон эки күйөөсүнүн туугандары эч кандай жардам беришкен жок, бирок ал эрки күчтүү адам болуп чыгып, кыйынчылыктарга карабастан, балдарын багып чоңойтту, аларды ак ниет, эмгекти сүйгөн адамдардан кылып тарбиялап өстүрдү. Баары тең жогорку билим алышты. Улуу баласы Владимир үйлөнүп, татынакай жаш аялын үйүнө кийирип койду. Арадан үч жыл өткөндөн кийин Наталья Максимовна эки неберелүү болду.

Башынан өткөргөн кыйын жана татаал турмуш Наталья Максимовнанын ден соолугуна, анын мүнөзүнө таасирин тийгизбей койгон жок. Ал бат туталанма, кыйкымчыл, ал тургай кырс кыял болуп калды. Эч негизсиз эле кыртышы сүйбөй неберелерине же келинине асыла кетет, анан кантип унчукпай кое аласың. Бирок жаш аял акылдуу адам жана чыныгы жакшы педагог болуп чыкты. Ал билгичтик менен жакшы мамиле түзө баштайт. Адегенде келини жаңжалды болтурбай, үй-бүлөсүн сактап калуу үчүн, күйөөсүнө карата болгон сүйүүсү үчүн кары адамдын кырс кыялдуулугун кечирип, мүнөзүнө жараша жылуу-жумшак мамиле түзүүгө аракет кылгандай сыяктанды. Бир жагынан бул ушундай болчу, бирок экинчи жагынан, эң негизгиси — карылыкка ушундай түшүнгөндүк менен камкор мамиле кыла билген жаш аялдын жүрөгүндө жакшы сезим бар эле, анан ал мына ушу картаң адамга карата болгон жакшы сезимди балдарына адат алдырууга тырышты.

Айыккыс оору Наталья Максимовнаны төшөктөн жылдырбай салды. Ал күнү бүтүп бараткамын түшүнүп жатты, ал эми терс таасир этүүчү катаал мүнөздүүлүгү болсо улам барган сайын көбүрөөк сезиле баштады. Ал келини менен неберелерин тажатып, абдан кыйнагандай көрүндү. Бирок кайын энесинин оорусунун дал мына ушул мезгилинде келини ага өзгөчө жы-

луу-жумшак, өтө чыдамкайлык менен мамиле кылып, оорусу кыйын адамды чын жүрөктөн чыккан урмат жана камкордук менен курчады. Бул оор күндөр неберелери менен келининин күйүмдүүлүгүн текшергендей күндөр болду. Ата-энеси менен бирге алар катуу ооруп жаткан чоң энесин карап, күнү-түнү дебей анын жанынан чыгышкан жок.

Алар дарылоочу врач менен такай байланышты үзбөй, андан керектүү кеңештерди алып, айткандарынын баарын так аткарып жатышты. Майрам күндөрү чоң эненин бөлмөсүнө стол кийиришип, аны менен бирге отуруп тамактанышчу, өздөрүнчө ээн-эркин сүйлөшүп көңүлүн жооткотуп, анын жашоого болгон ишенимин колдошчу.

Чоң эне каза болгон күн да келди. Бирок ал эс алганды жакшы көргөн жерде улуу небереси тарткан анын чоң сүрөтү илинип турат.

Неберелерди ак көңүл, боорукер, гумандуу кыла турган атмосфераны кары адамдын тегерегине түзүү үчүн кандай көп адамдык акылмандуулук жана ак көңүлдүүлүк керек дейсиң! Балдар ата-энелеринен баарынан мурда адамдык кайрымдуулук, улууларга жана ошону менен бирге чоң энелери менен чоң аталарына урмат көрсөтүү сабагын алууга тийиштигин турмуш ырастайт. Мындай кырдаалды түзүү көбүнчө карыялардын өзү менен да байланыштуу болот.

Үй-бүлөдөгү чоң энелердин өзүнө ыкылас койбой мамиле кылуу үчүн өздөрү шарт түзүп жаткандыгын бизге көп байкоого туура келет. Алар үйдөгүлөрдү өзүн өзү тейлөөдөн бошотуп, бүт баарынын камын көрүүнү өз мойнуна жүктөшөт. Чоң энелер чоңоюп эле калган неберелеринин кийим-кечектерин, батиңкелерин кийгизишет, алардын артынан төшөгүн жыйып, мектепке камындырышат. Кээде ал тургай окуучулар үчүн үйгө берилген тапшырмаларды аткарган чоң энелер да кездешет. Алар мугалимдерге көп барып, өз неберелеринин баалары жөнүндө алар менен «дипломатиялык» сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт, өздүк көркөм чыгармачылыгына катышуудан тартып, айкын номерлерин аныктоого чейинки маселелерди чечишет. Анан албетте, Олечканы же Ванечканы мектепте полдор менен терезелерди жуушка милдеттендиришкенин билишсе, андайга кубанышпайт.

Ал эми келини он бештеги кызын үйдү жыйнаштырууга жардам бериш дегени үчүн кандай гана жаман-жакшы айтышуулар болбойт дейсиң, кайын энеси ошо замат тура калып, кызынын көзүнчө эле кыйкырып сала берет: «Ай, бу сен эмне эле жаныңды кастарлап калгансың! Дени-кардың соо го, өзүң эле жетишесиң, баланы кыйнаганды койгун, андан көрө киного барып келсин...» Балдарды тарбиялоодогу улуулардын пикир келишпөөчүлүктөрүнөн жаман деле эч нерсе жок. «Жакшы» чоң энелер көп учурларда балдарды бузуп, аларды ак кол, өзүмчүл кылып, кийин өзүлөрү эле ошо туура эмес тарбиясынын азабын тартып калышат. «Бүт өмүрүн жумшап» өстүргөн мындай чоң энелерге балдары да, неберелери да эч кандай урматсый көрсөтүшпөйт.

Көп учурларда үй-бүлөнүн оокат-тиричилиги — кир жууш, кир үтүктөө, тамак даярдоо, үйдүн ичин жыйнаштыруу жана дагы башкалар — чоң эненин мойнунда болот. Ал эми чоң эненин эс алуучу жери — кайдадыр буфеттин ар жагындагы ашканада, жуунгучтун жанында. Андай болгону менен неберелеринин балкондуу өзүнчө бөлөк бөлмөсү бар, бул эмне үчүн дегенде, алар али жаш, аларга күндүн көбүрөөк тийиши, көбүрөөк таза аба, жайлуу бөлмө керек. Кыскасын айтканда, баары неберелери үчүн, өзү үчүн эчтекенин кереги жок. Минскидеги Деревообделочная көчөсүндө пенсионер С. С. турат. Далай жылдан бери күнүгө эртең менен эрте келип, ал кызы менен небересине тамак продуктыларын сатып алат да, тигилер али таттуу уйкуда же жөн эле төшөгүндө көшүп жатканда, алардын ошол өзүнчө бөлөк квартирасына жеткирет. Эмне үчүн аларды мынча эркелетесиз деген сурообузга С. С.: «Чарчаганча иштөөгө дагы үлгүрүшөт, а биз болсок эмгектенип көнүп калганбыз...» — деп жооп кайтарды.

Чоң эненин жана чоң атанын өзүнө, өзүнүн карылыгына сыйлабагандык менен мамиле кылышы, ким үчүн алар өзүлөрүн курмандыкка чалып жүргөн болсо, баарынан мурда так ошого зыян, бактысыздык кылып келет. Мына ушуга байланыштуу, тиричилик турмушу далайлар үчүн, бирок өз балдары, неберелери үчүн эмес, үлгү аларлык болуп саналган бир чоң эне жөнүндө да айтып берүүнүн ыгы бар. Биз айталы деген чоң эне Минскиде турат. Ал 77ге чыкты, персоналдык пен-

сионерка. Жаш кезинде ал Белоруссиянын фабрикаларын жана заводдорун курууга активдүү катышат, жооптуу кызматтарда иштеген, чоң коллективдерге жетекчилик кылган. Ал эми азыр болсо ал-күчүнө жараша үй башкармасынын алдындагы коомдук турмушка катышат.

— Бактылуу карылык,— деп айтаарсыңар. Бирок сыртынан караганда гана ошондой көрүнөт. Абдан карыган аялга балдар мекемелеринин биреөндө жан алакетке түшүп бала багуучунун милдетин аткарууга туура келет.

Ага эмне пенсия жетишпейби? Анын үй-бүлөсү, балдары барбы? Анын эч кандай үй-бүлөсү жок. Күйөөгө чыккан бир небереси эле бар. Эңкейип карып калганына, ден соолугунун начардыгына карабастан, ошо небереси үчүн эмгектенүүдө.— Неберем мени иште деп айткан эмес, бирок иштебей коё албадым,— дейт чоң эне.— Ал күйөөгө чыгып, бир кыз төрөгөн, бирок эчтемеге эби жок, оокат-тиричилик кылганды билбейт, эне болуп бала бакканды да билбейт. Алар үйүнө бала багуучу алышкан, мына ошого төлөгөнгө жарасын деп иштеп жүрбөйүмбү...

Бакыт деген сатылбай тургандыгын, аны сатып алууга да болбой тургандыгын, пайдалуу эмгек кылып талбай иштеген гана киши бак-таалайлуу боло ала тургандыгын небереси, албетте, акыры жүрүп отуруп түшүнөт, бирок, тилекке каршы, андай эмгек кылууга небересинин даярдыгы жок экен.

— Эмгекчил адамдын эле үй-бүлөсүнөн бекерчиликке көнгөн кыздын өсүп чыгышы кандай?— деп сурадык биз чоң энеден.

Ал ойлоно калып, улутунуп алды да, анан чечилип айтып бере баштады.

Акыркы жылдары мен бир топ жолу анын турмушу менен өзүмдүн турмушумдун кандай болгондугун бет алдыма келтирип көрдүм...

Аял бир азга унчукпай калды, анан, кандайдыр такыр башка окуя жөнүндө айтууга камынгансып, сөзүн улантты:

Мен төрт жашар бир баланы байкап калдым, анын аты Игорек. Ал биздин бала бакчага, менин группама келип жүрөт. Мен аны байкап карап, күндөлүк турмушун кичинекей күндөлүгүмө жазып алып да жүрөм.

Бул бала кандай кылык-жоругу менен мени өзүнө тартты дейсиңер? Баарынан мурда анын таң каларлык жүрүш-турушу. Мага болобу, балдарга болобу, айтор ал бардык жерде ыгы келе калганда тарбиячы мага, балдарга кандайдыр бир кастык кылууну издейт. Бир жолу уктап жаткан кыздын мурдуна кебез тыгып коюп, кылган кылыгын эч мойнуна алган жок. Терезедеги гүлдөрдү бузду, короодогу кырчын бакты сындырды — мында да күнөөсүн мойнуна алган жок.

Ал эми бала бакчага өзүнүн жакындары келгенде, колуна эмне урунса, ошо менен балдарды уруп туруп калат. Ал балдар менен ойнобойт, тескерисинче, алардан обочолонуп, өзүнчө кыңылдап ырдап коюп жалгыз жүрө берет. Столдо өзүн жаман алып отурат, кыртышы сүйбөй бултуңдап, тамак да ичпейт. Кээде ачууланып кыйкырып, башка тамак берүүлөрүн талап кылат. Өзүн өзү тейлөө дегенди билбейт, өз төшөгүн жыйнабайт, уктоого жатар алдында бети-колун, бутун жуугусу келбейт. Тарбиячылардын эскертип айткандарына кайра каяша сүйлөп: «Силер мени тейлөөгө милдеттүүсүңөр, силерге деги эмне үчүн акча төлөшөт!? Мен таятама даттанам...» — деп жооп кайтарат. Жакында эле күндөрдүн биринде түшкү тамак учурунда сүлгүнү алып, колун сүрттү да: «Тфу, шайтан баскырдыкы десе, кандай жараксыз немени беришет...» — деп туруп, анан столдун астына ыргытып жиберди.

Игоректун артынан жүргүзгөн байкоолорумдун баарын жыйынтыктап келип, баланын үйүндөгүлөр ага кандай карай тургандыгын көз алдыма келтирип, элестетип көрдүм. Игордун жүрүш-турушуна караганда, ал бир үйдүн жалгыз баласы, үйүндө таятасы, таянеси жана ошолордун жалгыз кызы — баланын энеси бар. Материалдык жагынан алар жакшы турушат. Игордун таятасынын ал-жайы мыкты. Жаш эне орто мектепти зорго бүтүрөт. Анан ата-энелеринин катуу аракети менен жогорку окуу жайына өтүп, окуусун улантат. Таянеси, сыягы, үй кызматчы аялдын ролунда болуп калса керек. Алардын үй-бүлөсүндө Игордун атасы да турган окшойт, бирок аларды таштап кеткен көрүнөт.

Эми булар бала үчүн жашап жатышат. Ал алардын жашоосунун мазмуну болуп калды. Игорду үчөө үч жагынан чыгып бөпөлөп багып, анын өзүнө эчтеме

кылдыртпайт. Анын оюна эмне келсе, ошонун баарын бөйпөктөп аткаруу менен текебер мырза кылып өстүрүп, эртеден кечке чейин анын алдында тизелеп жөрмөлөп жүрүүгө даяр турушат.

Үйдөгү жүрүш-туруш нормасына жана балага мамиле жасоо жагына жаш эне кожоюндук кылат. Кээде ал ата-энесине карата ылгабай сүйлөп да жиберет. Өзүнүн турмушун оңунан чыкпаган турмуш деп эсептеп, бардык жагынан карыларды күнөөлөйт.

Бул өзү менен өзү болгон түнт үй-бүлө көрүнөт, адамдар жөнүндө жактырбаган пикир айтышат окшойт, ошон үчүн булардыкына чоң кишилер да, балдар да сейрек келет.

Кыскасын айтканда, мен Игоректун үйүндөгү атмосфера абдан зыяндуу деген корутундуга келдим. Мына ушунун баары жөнүндө бала бакчанын башчысына айтып бердим да, баланын баскан-турганын байкап карап, менин болжолумду текшерип көрүүсүн сурандым. Арадан анча көп убак өтпөй эле мен ойлоп жүргөндөрүмдүн баары ушунчалык туура чыккандыктан, Игордун таенеси башчы менен көзмө-көз сүйлөшүп отуруп мындай деди:

— Биздин үй-бүлө турмушубуз жөнүндө сизге кошуналарыбыз айтып берген окшойт... Ооба, турмушубуз чынында кыйын болуп кетти. Кызым өзү оор мүнөз неме. Күйөөсү аны менен ыркы келишип тура албай, баласы экөөнү таштап кетип калды. Ою менен боло берип, биз аларды эрке кылып жиберген экенбиз. Кызым азыр да кир жуубайт, үтүктөбөйт. Баарын өзүм кылам. Игорду ал кечинде, анан жекшемби күндөрү эле көрөт, аны абдан эрке кылып алды. Адатынча, ким таарынтып койгонун, ким зордоп бирдеме иштеткенин сурап билип алат. Сен бар эмеспи, Игорек, мобу катылгандардын катыгын бере билгин, деп үгүттөйт... (чоң атасы экөөбүздү көрсөтүп).— Ошентип чоң эне көзүнүн жашын көлдөтүп ыйлап жиберди.

Мен силерге айтып бергендердин баары тең ойлонбогон сүйүүнүн, балдарына жана неберелерине өзүн курмандыкка чалгандыктын натыйжалары болуп саналат. Мына мен дагы өзүмдүн сокур сүйүүм менен сүйгөн каралдымды ишинен береке чыкпаган адамга айлантып жибердим. Кеч болсо да өз күнөөсүн мойнуна алуу деген ушу. Эми жок дегенде үй-бүлө турмушун

жаңы баштап келаткандар ойлонуп көрүп, менин башымдан өткөн оор тажрыйбамдан үйрөнүшсүн. Балдарды сүйүү оңой жана жакшы нерсе, анан мобу тарбиялоо деген — алда кайда татаал экенин мына эми өзүм көрүп-билип турам.

«Менин турмушумда унутулгус из калтырып кеткен адам жөнүндө» деген темада студенттик кечеде өзүнүн чыгып сүйлөгөн сөзүндө Минскидеги педагогикалык институттун студенткасы К. кызык мисал келтирет:

«...Эң бир жакын адам жөнүндө сөз боло калганда, мен дароо эле өзүмдүн чоң атамды эсиме түшүрөм. Мен үчүн ал ушул убакка чейин кымбаттуу, акылман досум жана кеңешчим бойдон калганына мен бактылуумун.

Келечекки педагог катары, менин чоң атама таандык болгон жана ошонун жардамы менен мага таасир эте алган адамдык өзгчөлүккө түшүнүүгө тырышам. Чоң атам дайыма мага гана эмес, бардык адамдарга да камкордук жана марттык көрсөтүшү менен айырмалануучу. Чоң иште да, ошондой эле кичине иште да ал өзгөчө ак ниет жана принциптүү болучу. Чоң атам өз сөзүндө турбай же жалган айткан учур эсимде жок. Ал өзгөчө карапайым адам болучу. Өзү жөнүндө, орчундуу окуяларга жык толгон басып өткөн жолу жөнүндө айтканды жакшы көрүүчү эмес, ал: «Карапайымдык — адамды коөздойт» деп көп айтчу.

Чоң атамдын ар нерсеге кызыгуу чөйрөсү кең жана көп жактуу болучу, ал балдардын айткандарын угууну жана алардын толгон суроолоруна жооп берүүнү жакшы көргөн. Анын балдар менен сүйлөшкөнүн угуп туруп, өзү окшогон эле бир тең кишилер менен сүйлөшкөндөй олуттуу түрдө сүйлөшүп жатканын сезээр алең. Ал эми 12—15 теги өспүрүмгө дайыма «сиз» деп кайрылуучу. Ал чын пейлинен балдарга ишенген, балдар да ага ишенген. Ал кандайдыр алардын тилин билип, чечилип сүйлөшө алчу эле.

Чоң атам өмүр бою мээнеткечтиги менен айырмалануучу. Мына ушу эмгекти сүйгөн сапатын ал өзүнүн неберелерине жана көп коңшуларыбыздын балдарына адат алдырган. Ал мени да эркектердин кээ бир иштерине: аары багуучулукка, бак өстүрүүчүлүккө, коёнго аңчылык кылууга, мылтык атууга үйрөтүп кетти. Ошону менен бирге ал мени накта аялдын ишине да:

ар нерсени тордоп жамоого, байпак согууга, кир жууганга жана көп башкаларга үйрөттү. Иштеген жумушум жакшы жүрүп жаткан болсо, жадырап-жайнап жылмайып, мени менен кошо кубанчу, ал эми ишим кыйшаңдап ордунан жылбай калган болсо: «Көз коркок, кол баатыр дейт, үйрөнүп кетесиң»,— деп дем берип коёр эле.

Чоң атам кесиби жагынан темир уста болчу, абдан оор болгондугуна карабастан ал өзүнүн жумушу жөнүндө Майя Плисецкая балет жөнүндө айткансып, ушунчалык чоң маани берген сезимде айта турган. Биз анын устаканасына көп барып жүрдүк, ал кып-кызыл болгон темирди кыпчууру менен килейген чоң дөшүгө коюп алып, балкасы менен даңкылдатып уруучу, андан чыккан кызыл учкундар жылт-жулт этип туш-тушуна учуп, анын булчуңу чытыраган албан билек колуна жана майланышкан комбинезонуна чачырап туруучу. Чоң атабыз бир жерден көзүн албай кунт коюп карайт, анын ошо калыбындагы өңүнөн, караганынан кандайдыр шыктангандык байкалат. Барсканчынын барсканы менен анын колундагы кичирээк балканын үн салыша урулаганы кандайдыр музыкалык ыргакты түзгөндөй, ушунчалык кулакка жагымдуу угулуп кеткендиктен, биз дагы дөшүгө жакын туруп алып, эмгектенүү менен ыракаттануу кандай экенин сезип көргүбүз келип кетти! Мына балкалардын үн алышканы да басылып, чоң атабыздын олуттуу өңү күлүмсүрөй түштү. Эчтемеге кереги жок металлдын сыныгынан чарбага керек болуп жаткан буюмду жасашты да коюшту. Анан баарыбыз тең эртең мененки тамакка жөнөдүк. Үйгө келип отурганыбызда чоң атам дайыма чоң апамды, апамды жана менин эжемди даамдуу тамак жасашканы үчүн мактап кирчү. Бизге бирдемеси жакпай калган учурларда да ал таттуу болгон турбайбы деп өзгөчө баса көрсөтүп айта турган. Биз мурчуйсак, ал: «Жакшы гана капуста сорпо болуптур, жупкасы андан бетер сонун экен, жегенге жумшак тура...» — деп койчу. Чоң атабызды карап алып, анан биз дагы тамак иче баштачубуз.

Эртең мененки тамактан кийин чоң атам тамашалап: «Кана эмесе, менин барсканчыларым, түшкү тамакка чейин ордуңарды ээлегиле!» — дечү. Бул, биздин ар кимибиз өз ишин аткарууга тийиш дегенди бил-

дирээр эле: бирөөлөрү апасына түшкү тамак бышырганга жардам бергени үйдө калса, бирөөлөрү уй кайтарганга, үйдүн жанындагы гүлдөрдү сугарганга кетчү, а биз иним экөөбүз болсок сабактарыбызды даярдап, анан эмгектенгени жемиш багын көздөй жөнөчүбүз.

Чоң атам биз менен бирге огороддо, жемиш багында, бал челекте иштегенди, аң уулоого чыкканды өзгөчө жакшы көрүүчү. Биз аң уулоону айрыкча маанилүү окуя деп эсептөөчүбүз. Токойго барганыбызда чоң атам өзүнчө эле бир кебелбей жаткан укмуш кооз жаратылыш көрүнүштөрүн бет алдыбызга келтирээр эле. Ал токойдун кооздугун башка эч ким көрө албай тургандай көрө билген, канаттуулардын миң кубултуп сайраганын, токой айбанаттарынын бири-бири менен кубалашып ойногон оюнун башка эч ким уга албай тургандай уга билген.

Кайыңга барып сүйөнө калып, аны менен сүйлөшө кеткенсип, аны таттуу ширеси үчүн, сонун бутагы үчүн, жайкы сыдырым жел менен келип турган жанга жагымдуу жыпар жыты үчүн мактап кобураган күндөрү да болчу эле.

Чоң атабыздын таң каларлык деле эчтемесин байкачу эмеспиз, анын акыл-насаат айтканын да уккан эмеспиз. Ал эмгекчил адамга мүнөздүү кулпурган сонун турмушта жашады. Анын чыныгы турмушу биз үчүн мүнөздү тарбиялоо мектеби болуп калса керек. Чоң атам өлгөн, бирок ал менин жүрөгүмдө өлгөн жок жана чөбүрөсүнүн жүрөгүндө да өлбөйт. Жылдар өтөт, мен жана менин балдарым чоң атага анын ак ниет жашоо, эмгектенгенди билүү, адамдарга кубаныч тартуулоо илими үчүн ыраазы болобуз...»

Чоң апалар менен чоң аталар неберелерин ар башкача сүйө тургандары биз келтирген мисалдардан көрүнүп турат: бирөөлөрү өзүнүн чексиз сүйүшү менен өз балдарынан жана неберелеринен бактысыз адамдарды, өз керт башынын мүдөөсүнөн чыкпагандарды, жатып ичер жакоолорду жана адамгерчиликтен безген кара мүртөздөрдү чыгарышат; башкалары өмүр бою өзүнүн орун басуучуларын акыл-эстүүлүк менен тарбиялап, адам баласынын бүт акыл кенчи менен таанышууга мүмкүндүк түзүп беришет, өзүнө жана башкаларга пайда келтирип жашай билүүгө үйрөтүшөт, балдарын жан алакетке түшүп ыгы жок эле кастарлай

бербей, эмгек менен кайнап чыккан турмуш гана сонун болоорун терең түшүнүүгө көнүктүрүшөт , аларды илим-билим менен, эмгек ыкмалары менен куралдандырышат. Бирок, тилекке каршы, бардык эле ата-эне, чоң эне же чоң атанын баары эле керектүү тарбия бере бербейт. Ошондуктан, жалпысынан алганда ар бир үй-бүлө жана коомчулук биздин өсүп келаткан орун басуучуларыбызды тарбиялоо ишинде улуу муундун акылмандуулугун жана күчүн ыгы менен көбүрөөк пайдалана билүүлөрү зарыл. Үй-бүлөдө социалисттик гуманизмдин болушу, бири-бирине терең адамгерчилик көрсөтүү менен мамиле кылуу мына ушуга жол ачат.

Үй-бүлөдөгү өз ара мамиле проблемасы татаал жана көп кырдуу. Ата-энелердин, өзгөчө үй ээсинин милдеттери адептүүлүк-этикалык жагынан жетилгендикти, жөнбилгиликти, адамгерчиликти жана педагогикалык ийкемдүүлүктү талап кылат.

Балдар жөнүндө камкордук көрүү, аларды чоң жана татаал турмушка даярдоо — ата энелердин бүлөсүн бириктирип турган көбүнчө мына ушу болуу керек. Бирок да кээ бирөөлөрүнүн балдары кай бир кезде түшүнбөй коёт да, аларга ишенбегендик менен мамиле кылат. Мына ушундай болуп ачык эле өз ара мамиле бузулганда ата-энелердин адептүүлүк жагынан тийгизген таасири өз максатына жетпейт. Бири-бирине жат көрүнүү, кыртышы сүйбөө, шек санагандык атмосферасы түзүлөт, бул болсо акыры жүрүп отуруп балдардын адептүүлүгү менен мүнөзүнө терс таасир этет. Мындай учурларда ата-энелер уулу же кызы аларды сүйбөй калды деп эсептешет. Бирок бири-бирине ишенбей туруп, бирин-бири жакшы көрө алабы? Ата-энеси менен балдарынын өз ара мамилелери алар эс тартып чоңоюп калганда кыйындайт. Уулу же кызы улам чоңойгон сайын, ата-энеси ошончолук мурдагысындай башкара албай калат. Бирок, тилекке каршы, акылэстүү эле чоң кишилер көп учурларда мына ушуну сезе билишпейт да, балдарынын ой-пикирлери, көз караштары менен эсептешпестен, адептүүлүк жагынан таасир этүү процессиндеги өзүнүн башкаруу укугун пайдаланууну уланта беришет. Бул үй-бүлөдө кыжыңкужуңду, түшүнбөөчүлүктү жана ишенбөөчүлүктү туудурат.

Көп авторитеттүү ата-энелердин тажрыйбасы, алар өздөрүнүн балдарга тийгизген таасирин, уулунун же кызынын адамдык кадыр-баркын кемсинтүүгө эч качан жол бербестен, сыйлай билүүчүлүк жана акыл-эстүүлүк менен пайдаланып келатышкандыгы жөнүндө далил болот. Алар өз көз караштарын балдарына таңуулабайт, баланын жаратылыш мүнөзүн басмырлабайт. Педагогикалык жактан даярдыгы бар ата-энелер балдары менен болгон мамилелерин тең укуктуулуктун, ак ниеттүүлүктүн жана чын дили менен берилгендиктин негизинде, бири-бирин сыйлай билүү принцибинде курушат.

Өзүңкүнөн айырмаланган бирөөнүн көз карашына же ишенимине макул болбой коюуга болот, бирок мындай көз карашты да сыйлоо керек, деп бир жолу эскертип айткан экен Феликс Эдмундович Дзержинский. Ата-энелер ыгы жок эле өзүнүн көз караштарын балдарына таңуулабашы керек, анткени балдар бул таңуулагандыкты алардын ойлогон оюн басмырлагандык катары кабылдап, алар үчүн бул кайнаса каны кошулбаган жат бирдеңке экенин дайыма сезишет. Бул гумандуу принципти этибарга албоо бошоңдукту туудуруп, балдар өз алдынча боло албай калышат. Ал эми өзүнүн өмүр жолунан кезигүүчү кыйынчылыктарды болсо жеңе алышпайт, анткени моралдык күчү жана эрки жетишпейт.

Басмырлагандык методу менен көктүктү, коркоктукту, арамзалыкты, эки жүздүүлүктү, мансапкордукту жана кайырсыздыкты гана тарбиялоого болот. Бизге болсо балдардын аң-сезимине, акыл-эсине жеткидей педагогикалык таасир этүү ыкмалары керек.

Ата-энелер балдары менен духовный жагынан болгон байланышын бир азга да жоготууга тийиш эмес. Балдар улам чоңойгон сайын, алар ошончолук көбүрөөк аралашып сүйлөшкөндү жакшы көрө тургандыгын унутпоо керек. Бирок чоңоюп калган балдар менен пикир алышып, сүйлөшүүнүн өзү, алардын кичине кезиндегидей болбой, бир кыйла татаалдайт. Балагатка жетип калган кезинде алар көптү билүүнү, бөтөнчө адептүү болууну, иштиктүү эмгектенүүнү эңсейт. Эгер балдардын атасы уулунун же кызынын суроолоруна тегиз жооп бере албай калса же акылдуулук менен жүйөлүү кеңешин айта албаса, анда пикир алы-

шып сүйлөшкөн өз ара тыгыз байланыш начарлайт да, ал акыры жүрүп отуруп такыр жок болуп кетиши мүмкүн.

Чоң балдар — булар жогорку класстардын окуучулары, жогорку окуу жайларынын жана техникумдардын студенттери, өндүрүштүн адистери. Аларда жаңы билим, бай фантазия, көп күч, энергия жана башка сонун сапаттар бар. Ата-энелердин бир даарысында бул белгилердин болбой калышы да мүмкүн, бирок анын эсесине алардын жаштарга абдан керек болуучу турмуш тажрыйбасы бар. Демек, ата-энелер менен балдардын, эски муундар менен жаңы муундардын бири-бири менен тыгыз мамиледе болушун жана эмгектештигин табигый керектик жана коомдук зарылчылык катары кароо керек.

Балдарына мамиле жасоодо атасы эски көндүм адат менен эле кыбыр эткендин баарына үйрөтө бербей, аларды өз алдынчалыкка көндүрүшү керек. Мына ушуга байланыштуу ата-энелер, педагогдордой эле, баланын көңүлүн оорутпагандай ыгы менен мамиле жасай билүүгө, өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө тынбай аракеттенип, талбай эмгектенүүгө милдеттүү. Эски муундар менен жаңы муундардын, ата-энелер менен балдардын духовный жагынан тыгыз байланышта, эмгектеш болушу үчүн мунун мааниси чоң. Биздин учурубузда өзү эчтеме кылбай, тилин эле сайратып акылнасаат айткандарды, ошондой эле качып кете тургансып баласын көз жаздымынан кетирбеген көзөмөлчү ата-энелерди балдар жаман көрөт. Жана тескерисинче, өз иш-аракети, баскан-турганы менен алардын алдында кадыр-баркка ээ болгон ата-энелерге алар бат эле чын ыкластан ишенгендик менен мамиле кылып, ызаат көрсөтүп калышат.

Балдарынын алдында атанын кадыр-барктуу болушу — бул эң негизги, эң зарыл шарт болуп саналат, ансыз үй-бүлөдө балдарды туура багыт берип тарбиялоо эч мүмкүн эмес.

### 3. Атанын кадыр-барквы

— Кадыр-барк деген эмне жана ага кантип жетишүүгө болот?— деп бизге бир топ студенттер кайрылышты.

Эчаккы өткөн жылдары жалпы билим берүүчү мектепте иштеп жүргөнүбүз эске түштү. Алтынчы класста окуган В. Колянын ата-энеси педагогикалык кеңеш сурап бизге кайрылышкан эле. Алар, баласы атасынын айтканын такыр укпайт, ал тургай капарына да алып койбойт деп даттанышты. Ырас, атасы колуна кайыш ала койсо эле, баары өз ордунда боло калат: баласы сабак даярдоого киришет же башка берилген тапшырмаларды аткара баштайт. Ал эми атасы үйдө болбой калган учурларда, Коля эч кыйыктанбастан апасынын сурагандарынын баарын аткарат. Ал тургай жумушту аткарып бүтөөр замат энесине: «Апа, тапшырган ишиңди кандай аткарганымды өзүң текшерип карап көрчү...» — дей турган. Апасы текшерип чыккыча ал анын жанынан кетчү эмес.

— Балким, атасы аны жакшы көрбөс чыгар, мээримсиз, суук мамиле кылып жүрбөсүн? — деп сурадык биз.

— Койсоңуз! — деп жиберди атасы абдан каршы болуп.— Ал тургай Колянын кийип жүргөн кийимдерине чейин мен өзүм сатып алып берем. Түркүн себептер менен ага арналган белектерди да мен сатып алам. Ошондой болсо деги бир баласынып мага боорун тартып койбойт.

Көрсө, бала энесин гана жакшы көрүп, урматтайт экен. Ал ага бардык жагынан ишенет, анын айтканын эки кылбай, колунан келген жардамын аябайт, анын ой-пикири менен эсептешет, апасынын мактоосуна татыктуу болууга тырышат. Анткени ал баласын тигини тигиндей кыл, муну мындай кыл деп ардеме-бирдемеге үйрөтүп отурбайт, колуна кайыш алып урам деп коркутуу менен аны тигил же бул тапшырманы аткарууга аргасыз кылбайт. Апасынын өтүнүп айткандарын баласы көңүлсүнгөндүк менен оңой аткарат, себеби — ал үчүн апасынын кадыр-баркы бар. Атасы болсо, уулуна белек да берет экен, пряник да берет экен, бирок ошону менен бирге коркутуп-үркүтүп кайыш-курун кошо ала жүрөт экен, мына ушинтип гана уулунун кыңк этпей баш ийишине жетишет экен. Мындай жол менен таасир этkенде бала атасын барктабайт.

Ата-энесинин баласына карата болгон мамилелерин салыштырып келип, биз, энеси баласына адептүүлүк

менен мамиле кылгандыгын, бала болсо дагы ал өзүнчө сыймыктуу адам экендигин сезип сыйлагандыгын, ал эми атасына дал ушу сезе билгич сапат жетишпегендигин көрөбүз.

Кадыр-барк дегенди балдар билип коюптурбу? Жылуу-жумшак, мээримдүү мамиле менен биз аларды өтө эле эркелетип жиберген жокпузбу?— деп каршы болгон пикирлерди көп угабыз.

Балдар эмнени билээри жана эмнени түшүнөөрү жөнүндө өзгөчө сөз болот. Азырынча төрт жашар балдар менен сүйлөшкөнүбүздөн эпизоддорду айтып берели.

Бир жолу кошунанын баласы В. Дима жаныбызга басып келди.

— Кайсы автомашина жакшы: «Волгабы» же «Запорожецпи»? —деп сурап калды ал капысынан.

Жооп берүүнүн ордуна биз дагы Димадан:

— Сен өзүң кандай ойлойсуң?— деп сурадык.

Мына анын сөзмө-сөз айткандагы жообу:

— Эгер жалгыз өзүмө машина ала турган болсом, анда мен «Запороженцти» алаар элем, бирок менден башка дагы Сережа, атам, апам, анан чоң энем бар, баары тең машинага түшкүсү келет, мен аларды кайгына отургузам?— деди, анан бир аз ойлонуп туруп, улутунуп алды да: — «Волганы» утуп алыш керек, ал чоң...»— деп кошумчалады.

Биздин кидийген кенже балдарыбыз, өздөрү кичинекей болгону менен, жакшы ой-пикир чыккан, ал тургай кээде көңүл буруюуга татыктуу куду акылмандык жайы да бар адам болуп өсүп келатышканына бул ойлоп чыгарылбаган мисал далил болот.

Мына башка да бир мисал: эки кичинекей бала велосипеддеринин сапаты жөнүндө өз ара талаша кетишти. Меники Минскидеги эң бир сонун велосипед, деп айтып жатты Гена Славикке: «Мындай велосипед эми эч кимде жок, деген менин атам», бирок анын «менин атам» деген сөзү ушунчалык салмактуу угулгандыктан, ошол атага, анын ошончолук кадыр-баркына суктанууга гана болор эле. Кенже жаштагы балдар ата-энелеринин кадыр-баркынын талашсыз экендигине ынанышат, алар улуу кишилердин адилеттигине ишенишет, ошондуктан алардын кыймыл-аракеттерин жана кылган ишин тууроого умтулушат.

Алар үчүн апасынын же атасынын айткан сөзү—закон! «Апам ушундай кылуу керек десе, демек, керек...»

Тестиер жана өспүрүм жаштагы балдар ата-энесинин кадыр-баркына башкачараак көз караштa болушат. Чоң кишилерге, алардын кылган иштерине жана кыймыл-аракеттерине сын көз менен мамиле кылат.

В. Николайдын ата-энесине кайра келели. Балага белек тартуулап, жакшы турмуш шарттарын түзүп берип жүрсө да, эмне үчүн В. Николайдын атасы уулу үчүн кадыр-барктуу эмес? Кептин баары мына мында: энеси күйөөсүн калп айттың деп кантип айыптап жатканын Коля капысынан угуп калат. Энесинин көз жашы баласынын күйбөгөн жерин күл кылат. Ал уктамыш болуп жата берет, бирок бул жөнүндө эч кимге эч сөз айтпайт. Эми ал атасына башкача карап калат да, өзүнүн нааразылыгын баш ийбестиги менен билгизет.

Демек, эгер ата-энелер жана башка чоң кишилер балдардын арасында кадыр-баркка ээ болгулары келсе, алар өз турмушунун кейип-кебетеси жөнүндө ойлонууга, өзүнө, өз кыймыл-аракеттерине жана кылган ишине өзгөчө талап койгуч болууга милдеттүү.

Өспүрүмдөр жана мектеп жашынан өткөн жаштар үчүн ата-энелердин кадыр-баркы алардын үй-бүлөсүнүн, жолдошторунун чөйрөсүндөгү турмушун, коомдук пайдалуу жана кызмат ишин кучагына алат.

— Далай жылдан бери,— деп жазат Минск пединститутунун бүтүрүүчүсү Ж. Алла,— Минскидеги жакшы эле белгилүү бир адамдын кызы менен татуу болуп келатам. Мага анын фамилиясын айтпай эле коюуга уруксат этиңиздер. Мен алардын үйүндө көп болом, ал эми жайында болсо — алардын дачасына да барып жүрөм. Жолдош кызым жана анын үй-бүлө мүчөлөрү менен бирге өткөн жылы «Волга» автомобилине түшүп алып республиканы кыдырып кызыктуу эс алууга чыгып келдим. Кыскасын айтканда, мен алардын өз кишиси болуп калдым. Ошентип эрксизден ушул үй-бүлөнүн турмуш-тиричилигин өз көзүм менен көрүп жүрүп, ата-энесинин балдарына баркы жок экендигин байкадым. Ал тургай жолдош кы-

зым менин көзүмчө эле ата-энесине көп жолу орой айтып, алардын акыл-насааттарын жана койгон талаптарын, жакшы жүрүм-турум жагынан болгон пикирлерин четке какты. Адегенде мен муну жаман мүнөздүүлүктүн натыйжасы го деп ойлогон элем. Бирок анын X класста окуган сиңдиси дагы ата-энеси менен ушундай эле осол сүйлөшөт экен. Демек, мунун да бир себеби болуш керек. Бир жолу мен да чыдай албай, эмне үчүн ата-энеңе ушундай мамиле кыласың деп жолдош кызыма ачуум келип айттым. Адегенде ал менин айткандарымды капарга алгысы келбеди окшойт, бирок бир аздан кийин, ички сырын айткысы келгенсип, сөзүн баштады:

— Алла,— деп кайрылды ал мага,— сен эки жүздүү адамдарды сыйлаар белең?— деди да, ойлоно калып, анан кайра сөзүн улантты:— Ач көздүк менен жыйлыган момундай байлыктын мага кереги жок. Деги ушу өзүмчүл турмуш мени жадатып жиберди. Сен билбейсиң да, а бирок чындыгында үйүбүздө эмнелер болсо, ошонун баарын тең дээрлик, менин ата-энем айткандай, «биз табабыз» же «табыш керек» дегенден куралган. Ошентип табышат, сатып алышпайт... Ар бир тапкан болор-болбос немесине кандай гана кубанышпайт дейсиң! Алардын жакшы китепке же токойдо жайкалып өскөн ак кайыңга кубанышканын мен бир да жолу көргөн жокмун... Ата-энемдин тандап алган турмушу менен макул эместигимди кыртышы сүйбөгөн кыздай болуп билдирип жаткандыгым үчүн сен мени айыптасаң болот. Бул жагынан алып караганда сеники туура болот. Түшүнсөң, өзүңдү жараткан адамдар менен ачык салгылашка чыгуу оңой эмес экен. Анын үстүнө тааныш теңтуштардын көбү: кара мобу келесоону, буга «Волганын» да, дачанын да кереги жок... деп жаныңды жай алдырышпайт.

Албетте, сүйкүмдүү кыздар чөйрөсүндө мына ушундай баары тегиз шайма-шай болгон жыргалчылыкты эңсеген майда мүдөөлүү ак кол, ак чүчтөр али да болсо бар. Ал эми мен болсом жакында диплом алам, алысыраак жакка суранып кетем, мына ошондо, чыныгы ишке кирип өз эркимче болгондо, күчүмдү бир сынап көрөм.

Силер көрүп тургандай, кызы ата-энесинин ак жү-

руп, ак эмгек кылышын каалаган, алардын чыныгы граждандык турпатын, айткан сөзү менен кылган ишинин ажырагыс болушун көргүсү келген. Анысы жок болгондон кийин, кадыр-баркы да жок болот.

Ата-энелер балдары туулганга чейин эле, ошо келечек балдарынын алдында кандай кадыр-барктуу болушу керектиги жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү экендигинде талаш жок. Бул болсо улуу муундардын шексиз кадырлуу экендигин балдар баарыдан мурда өз үй-бүлөсүнөн көрүшү үчүн зарыл. Мына ушинтип, ата-энелердин кадыр-баркынын уюткусу болуп алардын моралдык облиги, анык ак ниеттиги, максатка умтулгандыгы, кайраттуулугу, принципиалдуулугу, ишенгендиги, ишти билгендиги жана көп башка оң сапаттар саналат.

Советтик балдар атасынан өз оокат-тиричилигинен чыга албаган адамды эмес, коомдук ишмерди да көргүлөрү келет. Адаттагыдай, биздин балдар үчүн ата-энелер кадыр-барктуу, анткени алар коомдун жыргалчылыгы үчүн ак ниеттүүлүк менен эмгектенишет, ал эми коомдук кызыкчылыктар алардын көпчүлүгү үчүн жеке өз кызыкчылыктарынан жогору жана маанилүүрөөк болот.

Кадыр-барктуулуктун адептүүлүк жана граждандык негиздери, албетте, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо программасына келип кошулат. Советтик үй-бүлөдөгү ата балдарын ак ниет, эмгекчил, тартиптүү, кайраттуу, өз Родинасын чексиз сүйгөн жана анын душмандарын жек көрө билген, коммунизмдин ишине берилген адам кылып тарбиялагысы келет. Ата-энелердин өзүнө өзү койгон талаптардын зарылчылыгы баарыдан мурда мына ушуну менен түшүндүрүлөт.

Үй-бүлөдө өз ара жакшы мамиленин болушу, ынтымактуу баш кошкондук, балдарды акыл-эстүүлүк менен тарбиялоо, баланы өзүнчө адам катары сыйлай билүү — мына ушунун баары тең ата-энелердин кадыр-баркын түзүү үчүн зарыл шарттар болуп саналат. Ата-энелердин балдарын сүйүшү да мында зор мааниге ээ болот. Сүйүү — адамда болгон бардык жакшы, кыялданткан, күчтүү, жылуу жана тунук ой-сезимди жаратат; ал эми бала болсо, аны ким сүйсө, ошону сүйгөндү билет.

Үй-бүлөлөрдүн да өзүнчө кыйынчылыктары, кайгы-капалары, түйшүктөрү болот, телегейи тегиз дүнүйө жок. Мына ушунун баары кээде улуулардын жинин келтирип, балдар тентектик кылып же тил албай койгондо катуу кыйкырып жемелеп, ал тургай шалк эткизе чаап да жиберишет. Ушундан улам келип чыккан чатакты кантип болтурбай коюуга болот? Тажрыйбалуу ата-энелер буга өз күнөөсүн мойнуна алуу жолу менен жетишүүгө болот деп эсептешет. Эненин мээримдүүлүгү, балдарын сүйүшү — чатакташып үнчугушпай калгандан кийин да эч кимисинин көңүлүндө кир калтырбай, тазартып жууп турган бирденбир дары дал ушул.

Ата-энелердин балдарын сүйүшү жөнүндө кеп козгогонубузда, биз акыл-эстүүлүк менен болгон сүйүү, адептүүлүк жагынан жетилтүүнүн булагы жана куралы катары кызмат кылган сүйүү жөнүндө айтып жатканыбызды эстен чыгарбоо керек. Сөз, өзүнүн, үйбүлөсүнүн кызкычылыгынан алда кайда кеңири караган, элдин бак-таалайы үчүн күрөшкө жана анын душмандарын жек көрүүгө чакырган активдүү сүйүү жөнүндө жүрүп жатат. Демек, ата-эненин балдарына болгон сүйүүсү улуу идеяга умтулуу сезими менен кошо сугарылууга тийиш. Мына ушундай сүйүү гана балдардын көңүлүн эргитип, ата-эненин кадыр-баркын көтөрөт.

Кээде тигил же бул эненин кызына же уулуна капа болуп, жаны кашайып кыйкырык салганын да угууга болот, мисалы: «Ушу мен аны сүйчү эмес белем?! Мен аны тим эле үйрүлүп түшүп карачу эмес белем?! Ал менин жападан-жалгыз каралдым, үмүтүм эмес беле! Ушинткен менин сүйүүмдү таш каптырып отурбайбы...»

Эненин баласына ачуусу келип, айласыздан ыза болгонун биз ойлоп чыгарган жокпуз. Минскидеги Гай көчөсүндө турган бизге тааныш үй-бүлөдө уулу эч качан энеси менен да, атасы менен да кыжың-кужуң болуп айтышып көргөн эмес. Ата-энеси жоош баласын жакшы көрүп, кичүүлөрүнө андан үлгү алдырышчу. Бирок 2-курстун студенти болуп калганында энесине же атасына бир ооз айтпастан байкоостон үйдөн чыккан бойдон дарексиз жоголуп кетет. Көрсө, ал акырын үйлөнүп алып, тоюн өткөрүптүр да, ая-

лынын ата-энесинин үйүндө жашап жүрө бериптир. Андан бери үч жыл өттү. Ал жигит баланын атасы да болду, бирок ата-энесинин үйүнө кайрылып келген жок.

Үйүнөн кетип калган баланын атасынын ичи кандай тызылдаганын, өзгөчө ыгы жок жакшы көргөнү үчүн, сыртынан караганда унчукпаган, олдураган оопай бала тарбиялаганы үчүн ушунчалык азабын катуу тарткан энесинин кандай кайгыга батканын сезүү кыйын эмес.

Сүйкүмдүү уулунун ата-энесинен качып кеткенине эмне түрткү болду экен?

Мына энесинин бизге айтып бергени:

— Эмне үчүн анын ушинтип бизди таштап кеткенине өзүм да алигиче түшүнө албай жатам. Бүт жыйырма жыл бою ал үйдөгү эң бир сүйүктүү балабыз болуп келди. Баары эле эсимде: мен дагы, атасы дагы аны эч качан таарынтып көргөн эмеспиз. Жакшы кийим-кечектерди дайыма ошого сатып берүүчүбүз. Университетке окууга өтөөрү менен биз ага: эгер окууңду ийгиликтүү бүтсөң, сага автомашина сатып беребиз деп айткан болчубуз...

— Балким, ал университетти бүтмөйүн үйлөнүүгө уруксат беришпейт деп силерден коркуп жүргөн чыгар?— деп сурадык биз андан.

— Жок, бизди ал билет да, ал үчүн биз тараптан эч кандай тыюу салуу болгон эмес, анын кызга карата болгон сүйүүсүн да биз түшүнөт элек...— Так ушерден эне ойлоно калды да, өзүнөн өзү сурап жаткандай болуп:— А балким, мен аны жөжөлөрүн баскан тооктой жакшы көрүп жүргөндүрмүн? Балакеттин баары мына ушунда болуп жүрбөсүн?— деди.

Бир сөз менен буга жооп берүү кыйын. Адамдын, үй-бүлөнүн турмуш-тиричилиги ушунчалык сыйымдуу болгондуктан, эч бир китепке батыра албайсың. Ошондой болсо да турмуштун акылман тажрыйбасы мына буга үйрөтөт: акылга сыйбаган сүйүү канааттанбагандык сезимин туудурат, жакындарына ж. б. болгон ишенимин кетирип, адамдын көңүлүн калтырат.

Балдарын обу жок абдан сүйгөн ата-энелердин аларга таасир этиши кадыр-баркка жеткирбейт. Чоңоюп калган балдар үчүн кээде мындай кадыр-барк

үйүнөн качып кеткен баланын энеси ушул убакка чейин башынан өткөрүп жаткандай терең кайгы алып келет. Көп ата-энелер кадыр-барктын жаратылышын, анын балдарга таасир этүү өзгөчөлүгүн туура эмес түшүнүшөт. Кээ бирөөлөрү кадыр-баркынын башкы негизин жеке өзүнүн сапаттарынан эмес, балдарын кийиндиргенден, тамактандыргандан, мектепке жибергенден көрүшөт, ал эми жайында болсо, курулушка орноштуруп коюунун ордуна, ар түрдүү жолдор менен аракеттенип, Кара деңиздин жээгине путевка табышат. Балдарыбызды материалдык жактан камсыз кылсак, өзүбүз ошонун аркасы менен алар үчүн кадыр-барктуу болобуз деген ата-энелер катуу жаңылышат. Баарыдан мурда бул, өздөрүнүн адептүүлүк кебете-кейпи жөнүндө камкордук көрүшпөгөн ата-энелер тарабынан кеткен камырабастыктан көрүнөт. Мындай ата-энелер өзүнүн кылык-жоруктарын сын көз менен карабай калышат да, качандыр уулу же кызы кичине кезинде тааныган кадыр-баркын акырындык менен жогото башташат.

Ата-энелер чыныгы кадыр-барктуу болгондо гана балдар менен чоң кишилердин ынтымактуулугу түзүлүп, тарбиялоонун эң бир кыйын маселелери да чечилет.

— Анан чыныгы эмес да кадыр-барк болчу беле?— деп китеп окуучулар каршы болушу мүмкүн.

Тилекке каршы, жалган кадыр-барк (ата-эненин гана эмес) анча деле сейрек кездешпейт.

Азыр биз айтып берели деген үй-бүлөнүн башкалардан эч кандай өзгөчө айырмасы деле жок. Энеси —үй жумушундагы аял. Атасы адегенде бригадир, анан колхоздун председатели, андан кийин турмуш-тиричилик жагынан тейлөө комбинатынын директору болуп иштеген, ал эми азыр болсо ал кирпич заводунун директору. Эки кызы педагогикалык институтта окушат. Арадан көп өтпөй эле дагы бир үй-бүлө мүчөсү, Алеша, туулат, атасы менен энеси буга тамтыгы калбай кубанышат. Эжелери болсо тырнактай инисин ушунчалык жакшы көргөндүк менен карашат, азырынча ал убагынын көбүн мемиреп уктап жатып өткөрөт. Энеси: «Бул менин ырыс-таалайым...» — деп мээримин төгө күбүрөп, кыздарына балага кол тийгизүүгө да уруксат бербеди. Эми Вера Ивановна

үчүн кичинекей уулунан кымбат эч ким жок болуп калды. Билинбей Алеша чоңоё баштады, биринчи кадамдарын шилтегенден кийин биринчи кылык-жоруктары да чыкты. Ал үчүн тыюу салынган эчтеме жок болчу, эмне кылса да оюю менен болушчу. Эгер бала оюнчуктарды сындырып жатса, карап турган чоңдору кайра күлүшөт. Баласы туш келди түкүрүп кирсе, ата-энеси мына жамгыр жаады деп калышат. Эжелери инисинин тентектигин тыюуга аракет кылып көрүшөт, бирок энесинен катуу кагуу жеп тим болушат. Алеша: «Бер» деген гана бир сөздү билчү болду. «Жок», «болбойт» деген сөздөргө ал өзүнчө жооп кайтарат: же ыйлайт, же колуна эмне урунса, ошо менен кимди болсо да уруп туруп калат.

Мында баланын кемтиги эмнеде? Эмне үчүн Алеша ушунчалык абдан тентек, шок болуп кетти?

Анын ушундай шок мүнөзүнүн калыптанышында обу жок кастарлап сүйүп өстүргөн ата-энеси зор ролду ойноогон болуу керек. Жогорку окуу жайында окуган кыздарынын баланын жүрүш-турушун оңоо керек деп сынга алып эскертип айткандарынын баарын энеси четке кагып, күн-түн дебей Алешасын жалынып-жалбарып өпкүлөп эркелетчү эмес беле. Тааныштары менен кошуналарынын эскертип айткандарына эне: «Эмне дейсиңер деги? Ал али бала бойдон эмеспи..» деп коё турган.

Уулун ыгы жок ашкере сүйүшү энесин бүжүрөгөн бир бечарага айлантты, ал эми баланы болсо өзүмчүл, ар кимге барып бир тийген олдоксон-орой кылып салды.

Мына ушинтип, баланы бузуп алышты, эми аны адептүү жүрүш-турушка үйрөтүү керек болуп калды. Атасы болсо баласын кыйкырып коркутуп, кайыш менен тызылдатып чаап, таяк менен уруп кирди. Таасир этүүнүн мындай методуна өтүү оңой-олтоң болгон эмес окшойт. Анын үстүнө атасынын уруп-сокkону ийгилик алып келбеди. Алеша таяк жебеш үчүн чатырга чыга качып, огороддун арасына, сарайга ж. б. далдаа жерлерге жашынып жүрдү. Бирок кармалган сайын үйгө келгенден кийин кайыш менен жондон ары бирди жечү, анан ата-энеси аны кампага камап салышчу. Таяк жеп эти ооругандын натыйжасында бала калпычы, коркок жана ошону менен

бирге кек санагыч болуп калды. Ата-энеси эмне кыларын билбей, кыйын абалга такалат. Уулун алыскы туугандарына жөнөтүп жиберишет да, аны анда-санда барып көрүп турушат. Бирок аралыктын алыстыгы эчтемени өзгөрткөн жок: бала мектепке барбай жүрдү, барса дагы класста жөн отурбай ойдолоп, мугалимге сабак жүргүзүүгө мүмкүндүк бербеди. Шумпайды кайра үйгө алып кетүүгө туура келди.

Ата-энеси ага жылуу-жумшак жакшы мамиле менен таасир этүүгө аракет кылып көрүштү. Алардын бул жылуу-жумшак мамилеси уулунун айтканына макул болуудан, анын анча-мынча кылык-жоруктарын байкабай коюудан көрүндү. Мектепте да бала жиндиленип жөн жүрбөдү: бирде сабакта отурат, бирде класстан чыгып кетип калат. Ата-энеси мугалимдерден тарбиялоо максатында анын кылык-жоруктарына чыдап, жүрүш-турушун мектеп коомчулугунун кароосуна алып чыкпоолорун суранышты. Алеша атасы менен энеси чатакташуудан коркуп, ал эмне кылса да далйын кечирүүгө даяр турушканын сезет. Буга манчыркап калган уулу ата-энесин башкарып кирет. Алды-артын карабаган ыксыз жылуу-жумшак мамиле мына ушундай жаман натыйжаларды берет. Алеша ушунчалык ашынган уятсыз болуп кеткендиктен, эми ата-энелерине шарт коё баштады: эгер алар ага мотоцикл сатып бербесе, анда ал мектепке барбайт, эгер акыркы модадагы костюм сатып беришсе, өзүн жакшы алып жүрөт, ж. б. Ар нерсеге кызыктыруу менен өзүнө тартып бaрктуу болуу үйгө бакыт алып келбеси түшүнүктүү.

VIII класстын курсун бала эки жыл өздөштүрөт. Күндөлүгүндө жети экиси бар экен, журналында бир топ жолу сабакка келбей калган күндөрү көрсөтүлүп жазылган. Үйдөн андан сабактарын даярдаганын, эмнелерди окуп жатканын, кимдер менен кайда барып жүргөнүн эч ким сураган эмес. Дайыма тырышчаактык менен талбай иштөөгө үйрөтүлбөгөн, бошоң мүнөз Алеша, жаштык кез мына ушундай эле — бекерчиликте, баштан аяк оюн-тамаша менен өтүүгө тийиш экендигин туура тапса керек. «Мээни катырып, окууну эмне кылам? Баары даяр болуп тургандан кийин жыргап жүрө берүүдөн тазасы жок»,— деп ойлойт ал. Акыл-эстүүлүк менен абайлап тарбияла-

бай, эрки менен болуп жакшы көрүнүп тарбияласа, ушинтип бала бузулуп кетет.

Алешаны тарбиялоо тажрыйбасынын көп жагынан башкаларга сабак болорлук мааниси бар. Анткени андан ата-эненин баласын тарбиялоодогу жаңылыштыктары жакшы байкалып турат.

Баланы акыл-эстүүлүк менен сүйбөгөндүк анын ой-сезимин ууландырып, өзүн азапка салды. Атасынын «кабыргаңды гана талкалабасам» деп качырып кирчү методу, байыркы замандагылар айткандай, «дене акырындык менен муштумду сезбей калат, ал эми жан болсо — жемелөөгө көнүгөт» деген гана жыйынтыкка алып келди.

Баласы тайгак жол менен бараткандын ата-энеси көрүп турушат, бирок ага жөлөк болуп жардам берүүгө өздөрүнүн да алы келбей калды. Бул, эмне кылаарын билбей, биротоло абдырап калгандыкка алып келди. Кеп, Алешанын ата-энесине: баланы педагогикалык жагынан орундуу деп табылган чеги менен сүйө билүү, үйдө адептүүлүктү сактай билүү, өзүнүн жана уулунун кылык-жоруктарына чеги менен баа бере билүү, баланын жаратылыш мүнөзүн билүү сыяктуу көп нерселердин жетишпегендигинде болуп жатат. Алар чын дили менен уулуна жакшылык каалап, ага тигил же бул жаңылыштыктардан арылууга жардам берүүгө аракеттеништи, бирок муну ушунчалык акылсыздык менен жасашкандыктан, эски жаңылыштыктарына жаңылары кошулуп жатты.

Жалган, жасалма принципте түзүлгөн ыкмага салып балдарды тарбиялоо дайыма адегенде ата-энесине, андан кийин чоңоюп калган балдарына кайгы алып келет. Анын үстүнө балдар кээде ата-энесинин жалган кадыр-баркынын таасирине ички туюсу менен каршылык көрсөтүшөт. Алар чоң кишилердин жакшы ниетте экенине кандайдыр ишенбегендей болушат. Бул, уулун же кызын үндөгөн идеалдан ата-энесинин жашоо түрүнүн өзү белгилүү даражада алыс тургандыктан ушундай болуп жатат.

Натыйжада тарбиялоодогу өз ара көз карандылык келип чыгат: ата-энелер биздин доорго татыктуу муундарды тарбиялап өстүргүсү келет, ал эми балдар болсо улуу муундардан жаңы коомдун чыныгы адамдарын көргүлөрү келет.

Төмөндө балдар өз ата-энелеринин кандай болушун көргүлөрү келе тургандыгы жөнүндө сөз болот.

* * *

Кай бир учурларда ата-энелер, балдары аларга түшүнбөй калышканын, койгон талаптарга орой жооп берип жүрүшкөнүн, кээде кошо кыйкырышып айтышкандан кайра тартпаганын, мектепти таштап, көчөгө кызыгышканын, туулуп өскөн үйүнөн чыгып кетип жатышканын, ж. у. с. чочулагандык менен билдиришет. Ушуну менен бирге, акыркы убакка чейин, мисалы, уулу сүйкүмдүү, жароокер, тил алчаак болгондугун, эч кимге орой сүйлөбөгөндүгүн, ал эми азыр болсо деле түк моюн бербей, жанына эч кимди жолотпой калгандыгын баса көрсөтүшөт...

Эгер сынга алып адилет карай турган болсок, анда кээ бир ата-энелерге балдарынын ушундай мамиле кылышы үчүн кээде бир топ эле себептер болот. Баарынан да уулу же кызы жамандыктын босогосун аттоого оңой менен даап бара албай тургандыгын эстен чыгарбоо керек. Балдар өзүнө эң бир жакын жана кымбат көрүнгөн, аларга өмүр берип каны-жанын аябай өстүрүп чоңойткон адамдар менен болгон байланышын оңой-олтоң үзүп кете койбойт. (Баары тең сонун, жакшынакай болуп туруп эле, күтпөгөн жерден!.. — деп билдирип жатышпайбы ата-энелердин өздөрү.)

Деги эмне болду? Кыжырланып, дуу көтөргөндүн себеби эмнеде?

Биз, балдардын тил албай жүргөндүгүнүн эң бир олуттуу себептеринин бирин ата-энелердин туура эмес жүрүш-турушунан издөө керек деп эсептейбиз. Балдардын касташкан жүрүш-турушун ата-энелердин кулк-мүнөзүнүн таза эместигине, духовный жактан жакырдыгына каршы нааразылык билдиргендиги катары баалоо керек. Эгер балдар көптү көрүп, турмушка түшүнгөн тажрыйбалуу адамдар болсо, анда алар мындай нааразылык көрсөтүүнүн башка формасын тандап алышаар эле. Алар дароо эле катуу кетпей, өзүнүн койгон талаптарын айтуунун жолун издеп, ыгын келтирė албай кыйналышат.

Улуулардын калп айтканын, алдамчылыгын, эки

жүздүүлүгүн, ой-сезиминин таза эместигин, бул терс сапаттар кандай гана чөйрөдө көрүнбөсүн, балдар өзгөчө жек көрүшөт.

Минскидеги бир мектептин окуучулары «Ата-энемди мен эмнеси үчүн сүйөм» деген темада сочинение жазып, баарынан мурда ата-энесинин жакшы жактарына мүнөздөмө беришкен.

Айрым сочинениелерден үзүндү келтирели.

IV класстын окуучусу Витя Р. мындай деп жазат: «Менин атам керемет станокто иштейт, ал ошол станогунда эч ким жасай албай турган тетиктерди жасап чыгарат. Ал Ленин орденин алды. Мен атам менен заводго барып жүрүп, аны баары кандай урматтаганын көрдүм, аны менен баары кол берип учурашышат. Биз аны менен азыр спорт автомобилин жасап жатабыз... Менин атаман мыкты киши жок...»

Витя атасынын зор чебердигине, пайдалуу жана акылдуу нерселерди жасай билгендигине сыймыктанат. Ал атасынын кадыр-барктуулугуна, анын жогорку сыйлыгына сыймыктанат. Анын үстүнө атасы аны менен бирге автомобиль жасап жатат. Анан кантип кубанбайт!

VII класстын окучусу Мария Н. өзүнүн сочинениесин: «Менин атам көптү билет» деп атаган. Анда ал атасы «мурдагысындай эмес, такыр башкача таасир этип» көрүнгөнү жөнүндө ыракаттангандык менен баяндайт. Бул заводго экскурсияга барган учурда болгон эле. «Биз, VII «А» класстын окуучулары, чоң заводго келдик. Инженер бизге экскурсоводду чакырып берди. Ал экскурсовод менин атам болуп чыкты... Экскурсиянын жүрүшүндө ал бизди автомобилдерди даярдоо процесси менен, тетиктерди иштетүүнүн прогрессивдүү методдору менен, өндүрүштү механикалаштыруу менен тааныштырды. Өндүрүш процесстеринде химия кандай зор маанилүү ролду ойноп жаткандыгы жөнүндө айтып берди. Экскурсия бүтөр-бүткүчө балдар чыдамсыздык менен атаман көзүн албай, айткандарын кунт коюп угушту. Өзгөчө транспорттоо жагы, конвейерлер, станоктор, пресстер бизди абдан кызыктырды.

Кечинде үйгө келгенде мен атама кайрылып, мындай дедим: «Ата, сен ушунчалык көптү билет турбайсыңбы, балдар сени абдан жакшы көрүп калышты... Албетте, мен буга сыймыктанам...»

Билимге бай болуу, балдар менен жакындаша билүү, алардан келечекки жаңы коомдун куруучуларын көрө билүү,— ата-энелерди балдары менен байланыштырып турган түйүндөрдүн бири мына ушул.

«...Дене-боюм, акыл-эсим жана адептүүлгүм өскөн сайын,— деп жазат X класстын окуучусу Дмитрий Р., — ата-энеме баа берүүм да кошумчаланып, тереңдей берди. Мектеп жашына жете элек кезимде атамды чоңдугу, күчтүүлүгү үчүн, дайыма карындашым экөөбүзгө таттуу нерселерди алып келип берип жүргөндүгү үчүн жакшы көрүүчүмүн. Мен кең далылуу атамдын мойнуна минип алып: «Мен баарынан чоңмун, мына потолокко жетип турам...» — деп кыйкырчу элем.

Мен чоңоюп мектепке барып, окуй баштадым; математикадан кыйын боло калса эле, атама кайрылчумун. Ал мен үчүн чыгарып берүүгө шашчу эмес, ал тургай айтып да бербей, биздин үй-бүлө турмушубуздан, балдардын турмушунан ж. б. алынган өз маселелерин кандайдыр бат-бат шыпылдатып жазып кирчү. Ошондо мага тапшырма түшүнүктүүрөөк болуп калып, маселени чыгарып алчумун. Аскер командири болгону менен, менин атам чыныгы мугалим, деп ойлоочу элем дайыма ичимен.

V—VII класстарда атам менен тарых маселелерин, согуштардын келип чыгышын, ж. б. көбүрөөк талкуулай баштадым. Атам мага бүт полководецтер менен өзү тааныш болгондой сыяктанчу эле. Ал тургай атам мындай бир караганда Спартакка да окшогонсуп кетчү. Анын абдан күчтүү жана эр жүрөк адам экенин өңүнөн байкачумун.

VIII—IV класстарда мен аны менен саякат жана адабият маселелери боюнча көп талашчу элем, билген адамдарга өз алдымча баа берүүчүмүн... Атам айткан оюма макул болуп, адамдын же адабияттагы каармандын образын толугураак ачып көрсөтүүгө жардам бере турган. Ал эми макул болбогон жеринде өзүнүн көз карашына ачык-айкын далил келтирчү.

Атам экөөбүз бири-бирине тең санаган жолдошторго окшоп, ынак болчубуз, ал мени эч качан таарынтып көргөн эмес. Эгер мен чыдай албай ачууланып кетсем, анда ал баарын тескерисинче жасып, токтоолук менен акырын сүйлөөчү. Мени фактылар, мисалдар, салыштыруулар менен ынандыра билчү.

Анын ак көңүлдүүлүгүндө даба жок эле. Ал кайда гана барбасын, бардык жерде анын жолдоштору, досторy болуп, аларга колунан келген жардамын аячу эмес. Өлкөдө атамдын досу болбогон шаар жок го деп ойлойм.

Атам кандайдыр иши оңунда болуп жүргөн адам. Мына ошо иши оңунда болуп жүргөнүнүн жашырын сыры анын адамгерчилигинде, адамдардын кайрымдуулугуна ишенгендигинде болсо керек. Мурдагы бир солдат, армиядан үйүнө бошонуп кетип баратып, мындай деди: «Митяй, өзүңдүн атаңа (Михаил Ивановичке) окшош бол. Ал жадырап-жайнаган, жылуу жүздүү, колунан көөрү төгүлгөн, боорукер мүнөз адам. Анан дагы момуну эсиңден чыгарба: сенин атаң дайыма сөзүндө бек турат, айтканын айтканындай аткарат. Мына ушунусу үчүн аны солдаттар менен командирлер урматташат. Мен муну жакшы билем, өз башыман өттү го...»

Такай балдарынын камын ойлоп, ошолордун кызыкчылыгы менен жашаган, көңүлүн оорутпай жылуу-жумшак мамиле кылган, туура ой-пикирлерине жана умтулууларына ортоктош болгон ата-энелерди балдар жакшы көрүп, сыймыктанышат. Алар өз ата-энелеринин билимге байлыгын, билгичтиктерин жана ар нерсеге ыктуу-шыктуулуктарын абдан жогору баалашат. Ата-энесине коомчулук тарабынан болгон мамиле да балдардын көз жаздымынан тайгылып кете албайт. Балдар ата-энесине чоң кишилердин баа беришин ардакташат.

Балдар өз ата-энелеринен адептүүлүктүн жогорку сапаттарын: сылыктыкты жана адилеттүүлүктү, кулкмүнөзү таза болгондукту, кайраттуулукту жана карапайымдыкты, коомдук активдүүлүктү жана мээнеткечтикти, билмге байлыкты жана сөзүндө тура билгендикти, адамдарга жардам берүүгө даяр болгондукту көргүлөрү келет.

Ооба, ата-эне болуу оңой эмес. Бирок эми ошо ата-эне болууга баш койгондон кийин, балдарды чоңойтуп өстүрүү үчүн жашагыла. Силердин жана биздин жалпы адамдык келечегибиз мына ошолордо эмеспи. Ал эми келечек жакшынакай болсун үчүн, бардык болгон күч-кубатыңды, бүт өзүңдүн адамдык талантыңды жаңы туулган адамды тарбиялап өстүрүүгө арнашың ке-

рек, ал биздин коомго кыйратуучу эмес жана четтеген байкоочу эмес, активдүү жаратуучу болуп киргендей болсун. Ата-энелер балдарына турмушта кандай багыт алып илгерилөө керектигин көрсөтүп, ошол илгерилөө эмне үчүн керектигин түшүндүрүп айтып гана тим болбостон, кантип илгерилөө керектигин да иш жүзүндө үйрөтүп жүрүп отурууга тийиш. Жалаң эле коомго пайда келтирүүнү каалоо аздык кылат, муну жасай билиш керек. Колун иштетип аракет кылганды билбеген кишинин дени-карды да соо болбойт, деп бирөө акылдуулук менен билип айткан экен.

Балдарды тарбиялоонун таасирдүүлүгү баарынан мурда ата-энелердин адептүүлүгүнө, алардын коомдук пайдалуу турмушуна, айткан сөзү менен кылган ишинин бирдей болушуна байланыштуу болот. Анын үстүнө атасы турмуш жолу менен балдарынын алдында кадам шилтеп баратканын, ал эми тигилер болсо, ал каякты көздөй кантип кадам шилтегенин артында карап келатышканын эстен чыгарбоо керек. Балдары артында келаткандыктан, алар көбүрөөк байкайт. Балдары да чоңоюп эс тартып, бир күнү атасына минтип айтышы мүмкүн: «Ата, жашасаң чыныгы адамдардай жаша, ошондо биз сени менен болобуз, эгер андай болбойт десең, анда биздин жолубуз башка...»

Ата-энелердин турмушу, алардын моралдык сыпаты дайыма жана бардык жерде балдардын байкагыч көз карашынын астында болот. Бул алар үчүн жакшы жүрүш-турушка үйрөнүүнүн мектеби. Мына ошондуктан ата-энелер, Н. Островский үйрөткөндөй: «...өткөн өмүр жолунда былгыган майда-чуйда жаман иш кылгандык үчүн уялып ич тызылдабагандай жана, өлөөр алдында: бүт өмүрүм жана бүт күчүм дүйнөдөгү эң бир сонун нерсеге — адамзатты боштондукка чыгаруу үчүн болгон күрөшкө жумшалды, деп айтып кала тургандай» жашоого умтулуулары керек.

Эмне үчүн балдар ата-энелери бардык жагынан келишкен адамдардан болушун көргүлөрү келет? Анткени балдар эң сонун, баатырдык идеяны жеке адамдын адептүүлүк коолдугу менен ажырагыс байланышта карайт. Ата-энесинин уулуна же кызына айткандарынын баары алардын адептүүлүк, граждандык кебете-кейпи, күндөлүк турмушу аркылуу барып таасир этет. Ал эми балдар каны бирге адамдын айткан сөзү менен

кылган иши, анын жүргөн-турганы туура келбегенин байкап калса, ата-эне менен балдардын ортосундагы ынтымак кетип, ырк бузулат деген мына ушундан башталат.

Өзүнүн жаратылышы боюнча балдар изилдөөчүгө окшоп байкагыч болот. Кичине кезинен тартып эле алар көптү билгиси, чындыкты таап, ачып көрсөткүсү келет. Эгер бала өмүрүнүн алгачкы жылдарында апасы менен атасынан жакшы дүйнөдө эч ким жок деп тапкан болсо, чоңоюп өспүрүм болгон кезинде да, анан эр жеткен кезинде да мына ошол оюнан көңүлү калбагандай болсун, апасы менен атасы ал билгендердин, аны курчап тургандардын баарынан жакшы экендигине биротоло ишенген бойдон кала берсин. Мында атасынын адептүүлүк сыпаты эң башкы чечүүчү ролду ойнойт, жана баарыдан мурда» «...ак ниеттик...— бул сөздүн кеңири маанисинде алып караганда мүнөздүн дайыма бир калыпта болушу; ак ниеттик балдарга гана жакпастан, аларды ак жүрүүгө адат алдырып, алардын бүт кийинки өмүрүнө дагы өзүнүн терең изин калтырат»[1].

Я. Корчактын сөзү менен айтканда, атасы баласынын духовный дүйнөсүн билип гана тим болбостон, ошону байыта да билиши керек. Мына ушуга байланыштуу ата-энелер баланын ички дүйнөсүн туюп сезип, анын өзгөчөлүктөрүн, жаратылышын билүүлөрү зарыл.

---

[1] М. И. Калинин. Избранные произведения, 3-т., 1962., 353-бет.

## III глава. БАЛДАРГА ТҮШҮНҮҮГӨ ҮЙРӨНҮҮ

— Деги мен эмне кылуум керек? — дейт толкунданып бир жаш эне.— Игорь эртеден кечке чейин үйдүн ичинде эле ары урунуп, бери урунуп, келесоо болгонсуп, деле жай таппайт, өзү менен өзү сүйлөшөт. Муну нормалдуу көрүнүш деп айтууга болобу?

— Албетте, Игорь толук нормалдуу эле бала,— деп жооп бердик биз.— Балдар — жадырап-жайнаган, шайыр мүнөз, санаа тартып эч нерсени ойлобогон калк. Алардын тиричилик энергиясы ашып-ташып турат, мына ошондуктан эч нерсеге карабастан дайыма шаңдуу-шайыр болуп жүрүшөт.

Кары кишилер мемиреген тынч эс алууну керектегендей эле, балдар шартылдаган кыймыл-аракетти керектешет. Бул өзгөчөлүктү унутпаган ата-энелер баланын түгөнгүс энергиясына жараша иш таап берүүгө тырышышат.

Балдар чечилип сүйлөшкөндү да чынында абдан жакшы көрүшөт, бул жагынан да аларда керектик бар. Эгер улуу кишилер аларга көңүл бөлбөсө, оюндагысын айтууга мүмкүндүк бербесе, анда алар чери жазылбай бук болгондуктан жанагинтип өзү менен өзү сүйлөшө баштайт. 5—10догу балдар гана мындай болбойт. Онунчу класста окуган бир баланын атасы, анын уулу дайыма сөзүнө кулак салууну талап кыла тургандыгын айтып берди бизге. Сүйлөшүүгө киши таппай, күзгүгө барып каранып туруп алып, өзү менен өзү кызуу сүйлөшкөн бир бешинчи класстын окуучусун билчү элек биз.

Балдардын нака өзүнчө балалык кубанычтары бар жана ал кубанычтары ар түрдүүчө болуп байкалат. Мисалы, алардын чөнтөктөрүнөн түркүн ардеме-бирдемелерди: кичинекей гайкаларды, бурамаларды, ре-

зинкаларды, карандаштарды, түтүкчөлөрдү, дөңгөлөкчөлөрдү ж. у. с. табууга болот. Энелер болсо, эреже катарында, мына ушу дүнүйөнүн ээси уктаар замат эле, анын чөнтөктөрүн аңтарып-теңтерип кирет да, бар болгонунун баарын жыйнап туруп ыргытып жиберет. Алар ушинтип балдарын канчалык капа кылып, пландарын кандай таш боордук менен бузуп жатышканын ойлоп да коюшпайт.

Балдардын жазыксыз оюнкарактыгына, жакшы жышааналуу шыктуулугуна мындай мамиле кылууга болбойт. Баладагы бул касиеттерди сактап гана тим болбостон, билгичтик жана этияттык менен керектүү багыт берип, өнүктүрүү керек.

Төмөнкүдөй бир көрүнүштү бир топ эле кишилерге байкоого туура келген. Энесинин башы ооруп, бир азга кыйшая калат да, уктап кетет, ошол учурда шашып-бушуп уулу үйүнө кирип келет. Катуу сүйлөбөй, аркы-терки чуркабай, апаңа тынч эс алып алууга мүмкүндүк бер, деп аны эскертишет. Апасына тынчтык керек экенин бала, албетте, түшүнөт, бирок муну ал өзүнчө билдирет. Ал бутунун учу менен акырын апасына басып келип, анын башына колун тийгизет да, демейдеги калыбында мындай дейт: «Укта, апаке, башың ооруп жаткан турбайбы».

Биз, чоң кишилер, кээ бир учурларда муну эң эле орой кабылдайбыз: балага кыйкырабыз, аны таш боор, улууларды сыйлабайсың деп айыпташып, ал тургай кээде жазалап да жиберебиз. Биз балдарды бекеринен көп таарынтып жүрөбүз. Биздин бактыбызга, алар кекчил эмес, ошон үчүн биздин ушу орой кылык-жоругубузду кечиришет.

Мисалы, көчөдөн үйгө мышыктын баласын же күчүктү алып келген балдарга таарынтып катуу айтууга болобу?

— Эмне үчүндүр,— дейт V класстын окуучусу Вова Г., — атам бүтүндөй бир корзина спирттүү ичкиликтерди үйгө алып келип, достору менен ичип отурса, ага эчтеме дешпейт. Ал чоң киши, ага эмне кылса да болот экен, баары бир ал эч кимден уруксат сурабайт. А мен жарадар мышыктын баласын бутун бинт менен таңганы үйгө алып келсем, тилдеп туруп, мени мышыгым менен кошо кубалап жиберишти.

Балдар тез баамдагыч келет, ак ниеттүүлүктү ант-

корлуктан алар оңой эле айырмалашат. Атасы менен энеси өздөрүнүн ич ара мамилесинин бузулгандыгын кандай гана жашырышпасын, баары бир балдар муну сезбей койбойт, билишет, бирок көбүнчө билмексен болушат. Балдардын көрөнөөк көзүнөн, уганаак кулагынан мүмкүн болушунча кылдатыраак калкалануу үчүн, чоң кишилер кээде далай амал-айлаларды колдонушат. Бирок чанда гана байкатпай кетишпесе, билгизип коюшат. Балдар атасы же энеси, агасы же мугалими өздөрүн кандай алып жүрүшкөнүн укмуштай чебердик менен баамдашат. Жаман-жакшыга алар өздөрүнчө баа бере билишет, оомалык жай жагы аларда болбойт. Алар ар нерсени өз аты менен аташат.

Ата-энелер, өзүнүн жараксыз кылык-жоруктарын балдарынан кантип жакшыраак жашыруу жөнүндө эмес, өзүнүн граждандык адептүүлүк кебете-кейпи жөнүндө ойлонуп, камкордук көрүүгө тийиш.

— Эмне үчүн балдар жалган сүйлөп, калп айтышат?— деп сурайт бизден бир эне.

Жок, бул туура эмес. Балдар жаратылышынан эле ак ниет келет. Эгер балдар калп айтып, кара ниеттик кылган учурлар болсо, андан анын себебин балдардан эмес, ата-энелерден издөө керек. Балдар жаза тартып калгандан корккондугунан эле калп айтышат окшойт. Мисалы, Саша В. саатты жерге түшүрүп жиберди. Ал өзүнүн ата-энесин билет, алар буга эмне дээрин да билет. Энеси жемелеп кирет, ал эми атасы болсо сөзгө келбестен дароо эле колуна курун ала коёт. Мына ошентип Сашага чатактан оңой кутулуунун амалын — калп айтууну тандап алууга туура келет. Кээде энелер балдарын калп айтууга үйрөтүшөт. Бала саатты сындырып алып, ошого капаланат, ыйлайт, кайгырат. Энеси да кайгырат: сааттын сынганына өкүнөт, бирок баарыдан дагы атасы келгенде бу кылганы үчүн түк аябай абдан катуу уруп салат деп, баласына андан бетер боору ачыйт. Мына ал өзүнүн уулуна минтип шыбырап айтат: «Кой, ыйлаба, атаңа саатты мышык сындырды дейбиз, тим кой, ошонун жазасын берсин». Чын эле атасы кызматтан келип, болгон окуяны билгенден кийин мышыкты жазалайт. Мындан артык да өз баласын көз-көрүнөө алдоо болобу?

Кээ бир ата-энелерге үлгү болбой, балдар көп учурларда калп айткандыгы үчүн кыйналышат. Бирок балдарды зордук менен, алдоо жолу менен күнөөсүн мойнуна алдырууга болбойт. Мындай учурларда балдарга адамдык чоң камкордук керек. Алар мээримдүү жылуу-жумшак мамиленин таасири менен өздөрү эле баарын мойнуна алышат жана мындан ары мындай жарабаган иш кылбай, энеси менен атасы үйрөткөндөй тартиптүү болуп жүрүүгө чын убадасын беришет. Баланын ушинтип мойнуна алып, ант кылып берген убадасынан башка ата-энеге эмне керек? Калыбы, бирөө гана: ата-энелердин өздөрү ак ниет жана адилет болушу гана керек окшойт; анткени балдар «атам менен энем үйрөткөндөй» болуп жүрөбүз деп айтышпады беле.

Балдардын жакшы көрүшү, кээде жадаткыча жакшы көрүшү жакшы сапат болобу деги?— деп сурашты ата-энелер мугалимден.

— Кептин баары башкада,— деп жооп берди мугалим,—балдар адамдарды башка эч ким сүйө албай тургандай жан-дили менен сүйүшөт. Алар ар кыл жаштагы адамдарга ынак боло беришет. Бул ынак болуунун негизгиси — жашында эмес, баарыдан мурда бири-бирин түшүнө билүүсүндө. Эгер бир бала башка бир баланы жакын көрүп, бирге жүргүсү келсе, ага түшүнсө, анын үмүт-кыялы менен умтулууларына тилектеш болуп жүрсө, анда аларды мындай татуулуктан эч ажырата албайсың. Эмнеси үчүн алар бири-бирин жакшы көрөөрүн башка киши дароо эле түшүнө койбойт. Бирок алар бир-бирин бир эле көз караш менен түшүнүшөт. Алар кайда жана эмне үчүн баруу керектигин көпкө ойлонуп отурушпайт. Досу ышкырып эле койсо болду — баары түшүнүктүү боло калат: партизан болуп ойномок болушканы ошо, же токойго жүрүшкө чыгышат, же дагы башка бир ушундай эле кызык оюнду ойлоп табышкан.

Чоң кишилер кээде ыгы жок жерден балдарынын жолдоштук байланыштарына кийлигишип, аларга курбу-курдаштарды өздөрү таап берүүгө аракет кылышат. Мисалы, минтип айтышат: «Иванов менен жолдош болбо, анткени ал бузулган бала, анын атасы аракеч». Албетте, жакшы эмес ата-энелер бар, бирок эмне үчүн алардын балдары да ошолордой болууга

тийиш? Балдар өздөрү туура тапкан оюнан тайбай жүрүшөт жана ата-энелеринин жаман кылык-жоруктарына каршы күрөш жүргүзүшөт, алар жүрүш-туруштун үлгү болорлук жакшы, адептүү нормаларын жан-дили менен колдоп чыгышат. Күн нуруна умтулган гүл сыяктуу, балдар дагы чын жүрөктөн болгон мамилеге жана ак ниеттүүлүккө умтулушат. Балдардын достугундагы негизги орунду досунун ата-энесинин моралдык сапаттары эмес, алардын бири-бирине ылымы жакын болгондугу ээлейт.

Ата-энелер балдарынын достук мамиле аркылуу адептүүлүк жагынан өзүн актаган тарбия алышын, жакшыраак болуп өсүшүн, акыл-эсин жаңы билимдер менен байытышын каалашат. Бул, албетте, жакшы тилек. Бирок ата менен эне баласын гана эмес, анын досун дагы жакшы билген учурларда гана алардын бул тилеги ишке ашып, жемиштүү натыйжаларды берет.

V класстын окуучусу Коля И. — интеллигент үй-бүлөдөн. Атасы инженер, энеси врач. Үйдөгү тарбия, айтып жүрүшкөндөй, илимий жагынан коюлган. Коля дайыма ата-энесинин жанынан чыкпайт, анын өзү теңдүү жакын жолдоштору болгон эмес. Ал «эң жакшыга» окуп жүрдү. Мектепте жана үйдө үлгүлүү бала болучу. Мугалимдер менен ата-энеси: «Бул келечекки окумуштуу... баскан-турганы бүт эле атасын тарткан..», «Жок, бул—тубаса врач...»— деп макташа турган. Бирок Колянын турмушуна да ушундай бир мезгил келип, ата-энесинин жанынан чыкпай жүргөнү аны эриктире баштайт. Баланын өзүнчө обочолонуп, курдаштарынын арасына кошулуп кеткени ата-энесинин, өзгөчө энесинин тынчын алды. Уулума эмне болду экен? Эчтеме деле болгон жок, ал жөн эле баланын кандай мүнөздүүлүгү ар тарабынан толугураак билине турган өзү менен жашташ балдардын арасында жүрүү керектигин сезди. Өзүнө окшогон балдар менен кыздарга аралашып жүргөндө гана Коля күтүлбөгөн кызыктуу окуялардын катышуучусу болуп, кебелбес сепилдердин, коргондордун, салгылашуулардын, походдордун жана ачуулардын планын түзө алат эмеспи. Балдар чөйрөсү найза, шам-чырак, үйдүн асты, чатыры, эски кайык, буксир жана ушуларга окшогон сансыз кенчтерге ээ болушат. Коля өзү

теңдүү балдардын арасында ойноп жүрүүгө умтулду, анткени алар кызыкчылыктары боюнча ага абдан жакын жана окуп чыгышкан китептердин каармандары эмне кылса, ошонун далайын ишке ашырууга жөндөмдүү.

Колянын ата-энеси абдан туура мамиле кылышкан. Алар уулуна жолдоштору менен достошууга тыюу салышкан жок. Атасы болсо, балдардын ишине кызыгып, жайбаракат, жадатпаган түрдө мындай деди: керек болуп калган учурларда Коля жолдоштору менен үйгө келип, бирге отуруп сабак даярдашсын, ойношсун жана башка жумуштарын бүтүрүп жүрүшсүн.

Колянын эки жакын жолдошу бар болуп чыкты. Жумушчу үй-бүлөнүн баласы Володя бир калыпта окубай, көп жолу мектепке сабакка келбей калуучу. Анын атасы жок болчу, энеси менен эжеси фабрикада ар кайсы сменада иштешчү. Алар бир бөлмөлүү квартирада жөнөкөй эле турушчу. Володя ойноп жаткан учурда да өз алдынчалыгын көрсөтүп, күндөлүк тиричилик маселелери боюнча өзүнүн ой-пикирлерин айтканын Колянын энеси байкап калат. Мектептеги мугалимдердин баарынан ал өзгөчө класс жетекчисин, математикадан берген мугалим Иван Ивановичти жакшы көрөт экен. Буга окшогон сапаттарды уулунан ал али байкай элек болучу. Коля улуулардын айткан кеңешине көбүрөөк кулак салып, алардын койгон талаптарын тыкандык менен аткарууга тырышат. Колянын өз алдынчалыгы аз болчу.

Колянын экинчи жолдошу курулуш бригадасынын бригадиринин уулу Серёжа эле, энеси почтада иштөөчү. Мүнөзү токтоо, кебелбеген оор басырык бала. Атасынын достору жөнүндө көп айтат. Мектептин турмушу жөнүндө баарынан аз сүйлөйт. Сүрөт тартканды жакшы көрчү экен. Колянын энесинин суроосун абдан каалагандык менен аткарып, жаныбарлардын, өзөн-суулардын, токойдун сүрөтүн тартат. Жаныбарларды жакшы көрүү, турмуш-тиричиликтин жөнөкөй көрүнүштөрүн көркөм келтире билүү Сережага мүнөздүү эле.

Колянын энеси Татьяна Алексеевна балдардын жакшы жактарын да, алардын тарбиясындагы кээ бир жетишпегендиктерди да байкап билди. Ал уулу менен анын жолдоштору жөнүндө көңүлүнө кетпеги-

дей жылуу-жумшак сүйлөшүп, алар жөнүндө сүйгүнчүктүүлүк менен жакшы пикирин айтат, алардын кылган ишине адилет баа берет.

Колянын атасы болсо, албетте, эркектер темасынан алып сүйлөйт. Ал өзүнүн бала кези, анан эр жеткен жигит кези жөнүндө, Улуу Ата Мекендик согуш жылдары жөнүндө, заводдун иштери жөнүндө, станоктордун, автомобилдердин жаңы маркалары жөнүндө, жумушчулардын эрдиктери ж. б. жөнүндө айтат. Ал балдар менен бирге жайкы жүрүштөргө чыгып, токойдун арасында от жагып түнөп да калат. Эртең менен эрте туруп, кылайып чыгып келаткан күндүн жер бетине нурун чачканын кубанычтуу тосот...

Мына ушинтип, Колянын ата-энесинин педагогикалык жактан өзүн актаган башкара билүү ыкмасы, балдарга түшүнүп, сыйлагандык менен мамиле кылышы, алардын өз алдынча балалык турмушта жашоо укугун тааныш уулун гана эмес, анын жолдошторун тарбиялоодо да оң натыйжаларды берип отурат.

Ата-энелер канчалык мээримин төгүп жакшы көрсө, балдары дагы ошондой эле жакшы көргөндүк менен жооп кайтарышат. Алар энесин, атасын жакшы көрүшөт, бирок өспүрүм кезинде ошо жакшы көргөн өзүнүн назик сезимин билгизгенден уялгансып, башкалардан жашырышат.

Өспүрүм балдардын чоң кишидей өз алдынча болууга умтулушуна кандай баа берүүгө болот?— деп ата-энелер көп сурашат.

Өспүрүмдөр чынында чоң кишидей өз алдынча болгусу келет. Бул алардын жашынын өзгөчөлүгү. Алардын турмуш тажрыйбасы али аз, ошон үчүн чоң кишилерди тууроого аракет кылышат. Чоң кишилер өз алдынча болгондуктан эмнени кааласа, ошону жасай тургандай, аларга эч кандай чек коюлбагандай сезилет балдарга. Өспүрүмдөрдүн абалы, ошолордун өздөрүнүн ою боюнча, алда канча татаал. Кайда барсаң да улуулардын көзөмөлүнөн чыкпайсың, дайыма байкоо жүргүзүшөт, эмне иш кылам десең дагы ата-энеңен суранышың керек, алардын уруксатысыз өзүңчө эч жыла албайсың.

Кээде чоң кишилер өспүрүмдөрдүн турмушуна эч кандай ыгы жок эле ашыкча кийлигишип, билбестик

менен ардеме-бирдемелерди жасоого тыюу сала беришет, бул болсо балдардын наразылыгын туудурат. Кайсы гана жаштагы балдар болбосун, баары тең чоң кишилердей өзүнө өзү кожоюн болуп, көз карандысыз, ээн-эркин жашагысы келет. Мына ошондуктан алар өз алдынчалыкка умтулушат. «Мен өзүм!» — дейт бөбөк. «Мен билем», «Мен жасадым», «Мен эми кичинекей эмесмин...» — деп өспүрүм бала ишендире сүйлөйт.

Албетте, өспүрүмдөр чоң киши болгондукту улуулардын сырткы көрүнүшүнөн, алардын көз каранды эместигинен, баскан-турганынан байкашат. Бул баарыдан мурда өзүнчө эркин болуу мүмкүнчүлүгү, тамеки тартууга, көңүл ачууга, акча каражаттарын өз эркинче сарптоого, буюмдар сатып алууга ж. у. с. укугу болуу. Алар ушундай эркин болуп жүрүүнү жакшы көрүшөт жана ага абдан кызыгышат. Бирок чыныгы чоң киши болуу абдан кыйын жана жоопттуу экендигин өспүрүмдөр дайым эле байкап, түшүнө билишпейт. Адамдын эр жеткендиги тамеки тартуу эркиндигинен эмес, өзүнүн алдында, үй-бүлөсүнүн жана коомдун алдында жоопттуу экендигин сезе билүүдөн көрүнүүгө тийиш. Чоң кишинин мойнуна кээде көп ойлонуп, көп күч жумшоону талап кылган эң кыйын милдеттер жүктөлөт. Чоң кишинин турмушунда «бир жерин көк ала кылып, томуйтуп алган» учурлар да далай болот. Бирок муну өспүрүм байкабайт, көрбөйт, көргүсү да келбейт. Ал батыраак эле өз алдынчалыкка жетип, батыраак эле өзүнө өзү кожоюн болууга умтулат. Бирок бул «кожоюнга» турмуштун колдон келгис кыйын милдеттерине дуушар болууга туура келсе эле, ошо милдеттерди чечүүгө анын тажрыйбасы менен алы-күчү жетпегендиги ачык-айкын байкалат. Мындай шарттарда өспүрүмгө улуулардын достук жардамы керек болот. Ал эми эгерде анын жанында оозуна келгенин сүйлөгөн аракеч атасы, кыйкырып-бакырган албууттанган энеси турса, анда абал андан бетер татаалдайт.

Балдар дайыма чоң кишилердин кылган ишине кызыгат. Мунусу жакшы: байкагыч болушсун, айтылып жаткан сөзгө кулак салып, аталарынын турмуштиричилигине түшүнүүгө аракеттенишсин. Балдар улууларга окшоп баарын эле биле бербегендиктен,

көбү аларга али түшүнүксүз болгондуктан, ар нерсени билүүгө өтө ынтызар экендигин ар бир атанын билиши зарыл. Балдардын түшүнбөй турганы алардын балалык намысына тийип, баарын билүүгө умтулууну туудурат. Ал эми ошол умтулуу болсо, өз кезегинде, «Эмне үчүн?», «А эмнеликтен андай болот?», «Аны эмне деп айтат?» деген жадаткыч суроолорду туудурат. Балдар ата-энелеринен алардын түшүндүрүп айтып беришин, көрсөтүшүн, үйрөтүп коюшун талап кылат. Мунусу жакшы. Чоң кишилер балдарга асылбай, кайра балдар оюнан кетпеген суроолору менен чоң кишилерге асылгандай болушу керек. Бул өз алдынча турмушка кадам шилтөөнүн эң маанилүү шарттарынын бири.

Балдарыбыз убактыларынын көбүн ойноп жүрүп өткөрүп, деле моюн бербей оюнкарак болуп кетишти, деп ата-энелер далай даттанышат. Мындай балдардан ата-энелеринин аркы-терки чуркап чуулдабагыла, ар деме-бирдемелерди үйгө алып келе бербегиле, деп талап кылганын көп угууга болот. Кээ бир чоң эле кишилер балдары ойноп жатып кокусунан терезени сындырып алса, ошого жооп кылып короого да чыгарбай, көчөгө да чыгарбай, үйгө камап коюшат, аларга кыйкырып-бакырып, ойноп жүргөн спорттук оюнчуктарын, чикит уруп ойногон таяктарын колунан жулуп алып сындырышат, муз тээп ойногон жерлерин бузуп салышат. Бул туура эмес. Чоң кишилердин балдардын керектөөлөрүнө көзгө илбестик менен мамиле кылышы жарабайт. Сен мындай жүрүшүң керек, тигиндей жүрүшүң керек деп баланын оюнуна чек коюп тыюу салуу анын кыжырын гана келтирет. Албетте, талап кылуу керек, бирок аша чаап да кетпеш керек. Ар нерсенин орду бар эмеспи. Ал эми балага кандай талаптарды коюу керек? Мында ар бир баланын өзүнчө айрым өзгөчөлүгүн, анын эмнеге кызыгаарын, эмнени керектээрин эске алса жакшы болоор эле.

Уюшкандык менен ойноо балдардын дене-боюнун чыйралышына, адептүүлүк жана духовный жагынан өсүшүнө түрткү берет. Ойноп жүрүп балдар эптүүлүктуулукка, шамдагайлыкка, ойлоп тапкычтыкка, кайраттуулукка үйрөнүшөт. Күндөлүк ойногон оюндарынан алар колдонулуп келе жаткан жалпы тартипти сактоого, буйрук кылууга жана баш ийүүгө кө-

нүгүшөт. Оюндан баланын жакшы нерселерди сезиши өнүгөт. Өзүнүн көнгөн ишин иштөөнү чоң киши кандай керектесе, ошондой эле балдардын организми да оюнду, кыймылдуулукту керектейт.

Баланын бугуп жаткан ой-сезимине жакшыраак түшүнүү үчүн, чоң кишилер өздөрүнүн бала кезин эстеп көрүшү керек. Бирок алардын көбү азыр дагы түркүн оюндардан кол үзбөй, дем алыш күндөрү шашка, домино, бильярд ж. у. с. ойноп отуруп калышат. Атасы жекшемби күнү шаардын сыртына чыгып эс алып келебиз деп убада берип коюп, барбай калышса дагы, балдар чоң кишилердин оюнуна абдан адамгерчиликтүү мамиле кылып, аларга тоскоол болбоого тырышышат.

Көрүнүктүү советтик педагог А. С. Макаренко балдарды тарбиялоодо оюнга өзгөчө маани берген. Кээ бир ата-энелер балдардын оюнуна кызыгышпайт, башкалары болсо балдарын башкалардын кандай ойноп жатканын ынта койбостон эле байкап карап турууга мажбурлашат, балдарына толгон-токой оюнчук алып келип үйүп коюп, ошо бойдон калганына такыр көңүл бурбай таштаган ата-энелер да бар, деп ал адилеттүү белгилеп айткан. Мындай ата-энелер айрым адамдын ишмердиги бала кезинде ойноп жүргөн оюнунун өнүгүшүнөн келип чыгаарын жана акырындык менен олуттуу иш иштөөгө өтө тургандыгын, жакшы оюн жакшы ишке окшош жана тескерисинче экендигин унутуп коюшат. Ар бир жакшы оюнда ойлонуп күч жумшагандык бар. Балдардын оюнуна багыт бере билип, баланын бирден-бир кызыкканы оюн болуп калбасына гана байкоо жүргүзүү керек.

Оюндан бала өз алдынча адам катары болуп чыгып, өзүн көрсөтөт, күчүн өнүктүрөт; оюндан ал өзүн ар тарабын ойлоштурган чыгармачыдай сезип, толук балалык турмуш менен жашайт. Ал эми ойноо үчүн материалды болсо ал айлана-чөйрөдөгү чындыктан алат. Ошондуктан кээде балдардын доктор болуп, мектеп болуп же али оздуктала элек аракеч ата болуп ойногонун байкоого туура келет. Ата-энелер балдар оюндары кандай мүнөздө боло тургандыгын, алардын мазмунун, мүмкүн болорлук тарбиялагыч таасирин билүүгө милдеттүү. Балдардын тамактанышы же алардын мектептеги окуусу жөнүндө кандай камкор-

дук көрүлсө, ойноочу оюндарына шарт түзүү жөнүндө да андан кем эмес камкордук көрүү керек.

Балдарды туш келди ойнотуп коё берүүгө болбойт. Алардын оюндарын ата-энелери билгичтик, кылдаттык менен жетектеп жүрүп отуруулары зарыл. Балдардын оюну өзүнүн өнүгүшүндө бир нече баскычтан өтөт, мына ошон үчүн анын ар биреөндө өзгөчө жетектөө методун талап кылат. Оюндун биринчи баскычында (5—6 жашка чейин) бала жалгыз ойнойт, чанда гана жолдошторун кошот, дейт балдардын жаратылышын, алардын кыял-жоруктарын жакшы билген А. С. Макаренко. Бул мезгилде баланын оюнуна көбүрөөк демилге берүү керек, бирок бул жашка таандык болгон өзүмчүлдүк сезиминин өнүгүп кетишине жол берүүгө болбойт. Атасы баласынын оюнуна көз кыйыгын салып, кыйналып жаткан жерин байкап калган болсо, өз убагында мындай болот деп айтып берип, жаңы суроо коюп, жаңы материал, жаңы оюнчук кошумчалап, бала менен ойноп көрүүгө тийиш.

Экинчи баскыч—5—6 жаштан 12 жашка чейин болот. Бул мезгил окуу жана оюн менен байланыштуу. Окуу — бул чоң эмгек. Бирок бул жаштагы балдардын окуу эмгеги оюн менен айкалышып турушу өтө маанилүү. Бул мезгилдеги оюн мурдагыга караганда көбүрөөк уюшкандык менен жүрө баштайт. Бала коллективде, классташ жана кошуна жолдоштору менен көп ойнойт. Ал коллективге үйрөнүп, ата-энелерин жаңыча карап калат. Ошондуктан ата-энелердин кийлигишүү ыкмасы дагы бир канча башкачараак болууга тийиш. Мисалы, балага бир оюнду таңуулабай туруп эле, атасы өз турмушунан алынган окуяны, бала кезинде ойногон тигил же бул оюну Ата Мекендик согуштун учурунда фронтто душманды кантип алдап кетүүгө ага жардам бергендигин айтып берсе болот.

Үчүнчү баскыч—12—13 жаштан тартып андан жогорку жаштагылар. Өспүрүм оюн коллективинин гана эмес, ишкер, окуу коллективинин да мүчөсү болуп чыгат. Оюн бекемирээк коллективдүү формадагы түр алып, акырындык менен спорттук оюнга айланат. Балдарда өз коллективи үчүн сыймыктануу сезиминин, ойнолуучу оюн боюнча душманын сыйлаганды-

гынын тарбияланышы, өспүрүмдүн оюндун убактысын бөлүштүрө билиши чоң маанилүү.

Көп өспүрүмдөр оюнга көңүл коюучулугунун туруксуздугу менен айырмаланышат. Бирок буга балдар эмес, баарыдан мурда ата-энелер күнөөлүү. Экинчи класста окуган бир баланын энеси, уулу Юра аягандай тынчы жок, деп даттанат. Сабак даярдоого киришкенде бир мүнөткө да ордунда жөн отура албай, кыбыр-сыбыр этип, алагды болот. Эгер ага үй-тиричилигинен бирдемени тапшырсаң, баштаган ишин аягына чейин жеткирбейт. Энеси бөлмөдөгү гүлдөргө суу куюп койчу десе, бир гүлгө суу куюп (бардыгы төрт гүл бар), анан кастрюлдагы сууну кружкасы менен жанына коюп коюп, өзү диванга отуруп алып, кызыгып китеп окууга киришкен. Бир жолу энеси аны түшкү тамакка нан алып келе койчу деп жиберсе — такыр келбей коюп, энесинин өзүнө магазинге чуркап барууга туура келген, а Юра болсо кайдадыр бир жерде оюнга кызыгып, түшкө чейин келбей калат.

Балдар улам бир нерсеге бат кызыгып, аларды курчап турган турмуштун көрүнүштөрүнө жана окуяларына өз эрки менен аракет кылбастан эле көңүл бурушат. Баланын психологиясындагы мындай көңүл буруу эрксизден болгон көңүл буруу деп аталат.

Тапшырылган ишти аткаруу үчүн бала өзүнчө бир белгилүү аракет кылышы керек, көңүлүн бир нерсеге топтоого өзүн мажбурлашы керек. Мындай көңүл буруу эрки менен болгон көңүл буруу деп аталат. Кичинекей балдар баарыдан мурда эрксизден болгон көңүл буруусун көрсөтүшөт, бул сезим алардын эрки менен болгон көңүл буруусун башкарып туруп алат. Ал эми туура тарбия алган өспүрүмдөрдө болсо эрки менен болгон көңүл буруусу эрксизден болгон көңүл буруусун башкарып турууга тийиш. Эгер өспүрүмдүн эрки менен болгон ынта коюусу тарбияланбаган болсо, анда алардын ынта коюусу туруксуздугу менен мүнөздөлөт.

Ата-энелердин милдети — балдарды ар нерсеге ынта коюп кароого үйрөтүү болуп саналат. Балдарды дайыма ынта коюуга көнүктүрүп, ошого машыктыруу керек. Сөз кунт коюп ойноо жөнүндө гана эмес, олуттуу ойлонуп ойноого көнүгүү, ошол оюндун улам

татаалдай беришине көнүгүү жөнүндө жүрүп жатат. Ата-энелер кээде балдарга тигил же бул окуялардын, көрүнүштөрдүн таасир этиши жөнүндө көбүрөөк камкордук көрүп эле, ар кыл жаңы нерселер, окуялар балдардын ой-сезимин кандай козгоп, канчалык көңүлүн бурарына жеткиликтүү баа беришпейт. Балдардын ар нерсеге ынта коюп карап, түшүнө билиши өтө маанилүү, анткени адам канчалык көп кунт койсо, ал ошончолук ар нерсени бат туят.

Мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы балдардын ынта коюусун тарбиялоонун маанилүү ыкмасы оюн болуп саналат. Оюндун эрежелери алардан ынта коюуну талап кылат, антпесе жеңип чыга албайсың, берилген тапшырманы аткаруу колуңдан келбейт.

Мында ата-энелердин үйдөн берген тапшырмалары да пайдалуу болот.

Мектепте окуп жүргөн жылдар балдар үчүн алардын ынта коюусун машыктыруу сабагы болот. Баланын окуусу менен эс алышы, күч эмгеги менен акыл эмгеги белгилүү бир системада, ырааттуулукта ишке ашырылып, белгилүү бир режимге багындырылып турушу чоң маанилүү.

Ата-энелер менен балдардын биргелешкен иши: сейилге чыгуу, үй жаныбарларын багуу, театрларга баруу, кинокартиналарды жана спектаклдерди, китептерди талкулоо болуп өткөн окуялар ж. б. жөнүндө пикир алышуу ынта коюуга, аны машыктырууга өзгөчө жакшы таасир этет. Баланын ынта коюусун тарбиялоо менен биз аны адептүү, гумандуу, боорукер адам кылып тарбиялап жатканыбызды унутпоого тийишпиз, бул өтө маанилүү. Ар нерсеге ынта коюу дегенибиз — жакшы-жаманды ылгай билген, ичинде кири жок, ачык-айрым сонун адам болууга кадам шилтөө эмеспи. Мына ошондуктан ата-энелердин жооптуу милдети — келечеги жарык, кайрымдуу жакшы адамдардан болуп өсүүгө балдарына жардам берүү болуп саналат.

Кээде ата-энелер, балдар көчөдө көп жүрүп, ошонун терс таасирине берилип кетип жатышат, деп капа болушат. Бирок биздин көчө кызыган эмгек, пайдалуу, баатырдык иш менен жык толгонун алар эмнегедир унутуп коюшат. Көчөдө турак үйлөр, мектеп-

тер, институттар, китеп магазиндери, театрлар ж. б. курулуп жатат. Советтик сонун адамдар улам жаңы көчөлөрдү пайда кылып, аларды улам кооз кылып жакшыртуунун үстүндө талбай иштеп келатышат. Аянттарда жана бульварларда Родинабыздын мыкты адамдарына бронзадан түбөлүккө эстеликтер орнотулган, үйлөрдөгү эстелик такталары ошол жерде баатырдык окуялар болуп өткөндүгүн далилдейт. Көп көчөлөргө жана аянттарга өндүрүштүн алдыңкыларынын сүрөттөрү көрсөтүүгө коюлуп турат, эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөлөрү уюштурулат, спорттук мелдештер, өздүк көркөм чыгармачылыгын көрсөтүү, илим менен искусствонун сонун адамдарынын чыгып сүйлөөлөрү өткөрүлүп турат. Акыркы убактары ал тургай көчөлөрдүн майрамдары да өткөрүлөт, мындай майрамдарды балдардын патриотизмди сезишин, өз көчөсү, өз шаары, өзүнүн Советтик Родинасы үчүн сыймыктанышын тарбиялоо үчүн кеңири пайдалануу керек.

Бирок кээде балдар ата-энелери менен бирге таанош көчөдө баратып эле эчтемени байкашпайт. Атасы менен энеси көчөнүн жакшынакай жерлерине, жаңы курулуштарга дайым эле балдарынын көңүлүн буруп токтотушпайт, мында адамдын күч-акылы менен ишке ашып, тегеректи кооздоп, көркүнө келтирип турган имараттардын ж. б. кандайча курулгандыгын угууга жана аларды көрө билүүгө үйрөтүшпөйт. Баарыдан мурда балдардын көңүл койбостугуна көңүл койгудай болгула, мына ошондо силер алардын көңүл коюусун туруктуу кылып тарбиялай аласыңар.

Балдар ар нерсени сезип, аны элестеп жашайт. Адамдардын турмушун, алардын кубанычын жана ички капасын алар башка эч ким сезе билбегендей сезе билишет. Мисалы, балдар «Чапаев» кинофильмин көрүшсө болду, дароо эле таякты ат кылып минип, узун «кементайын» ийнине жамына салып, колундагы «кылычын» алга сунуп, «душманды» качырган бойдон чымын-куюн болуп зуулдап жөнөшөт. Кино көрүп отурушканда балдар өздөрүнүн да эмне экенин билбей, тегеректегилерди да көзүнө илбей, чуру-чуу түшүп кыйкырышат, топулдатып жер тепкилешет, секиришет, алакандарын чапкылашат.

Бала жаратылышынан сезгич боло тургандыгын,

чуру-чууга, коолдукка, дене-бойдун кыймылдуулугуна шыктуу экендигин чоң кишилер унутпоого тийиш. Бирок ага кыймылдуулук гана керек эмес: ал ички ой-сезиминде аны аракет кылууга, кандайдыр эрдик көрсөтүүгө чакырган кыймылда болууну да керектейт. Ошондуктан бала каармандардын көрсөткөн эрдиктерине, алардын алдына койгон жогорку чоң максаттары менен байланышкан укмуштуу окуяларына абдан кызыгат. Анын сүйүктүү баатырлары — бул жаш гвардиячылар, Зоя Космодемьянская, Николай Кузнецов, жаш баатырлар-партизандар, космонавттар, алардын турмушу түпкү оюна чейин толкундатып, кубангандыкты, кулдук уруп таазим эткендикти, ошолорго окшош болууну каалаган сезимди пайда кылат.

Ошондуктан балдар граждандык жана Ата Мекендик согуштардын баатырларынын көрсөткөн эрдиктери жөнүндө баяндалган китептерди ушунчалык кызыккандык менен окушат. Ошондуктан, «Колго түшпөстөрдүн укмуштуу окуялары» аттуу фильм канчалык көп жүрбөсүн, баары бир кино-театрлардын залдары дайыма жык толот, ал эми балдардын көбү аны бир нече жолу көрүшкөн. Алардай башка эч ким сүйүктүү каармандардын ийгиликтерине кубанбайт, кырсыктарына көңүл буруп кайгысын тартпайт, алар менен бирге кыйналбайт, ойго батып, эң бир татаал проблемаларды чечпейт. Балдардын бул өзгөчөлүгүн алардын адептүүлүгүн тарбиялоо максатында пайдалануу керек.

— Баланын өзүнчө кыялга берилгичтиги оң сапат боло алабы? — деп сурашат кээде ата-энелер.

Бала кезибизди эске түшүрүп көрөлүчү. Чоң тайпак табакка суу куюп алып, кичинекей кагаз кайыктарды коё берээр элек. Ошондо өзүңдү кайдадыр Кара деңизде толкун жиреп сүзүп бараткан корабльдин капитанындай сезээр элең... Же үч отургучту коё коюп, бирөөнө отура каласың да, өзүңдү паровоз айдап барткан машинисттей элестетип, дүк-дүк, дүк-дүк эткен үн чыгарасың.

Ойноп жаткан балдарды карап көргүлөчү. Алардын арасында баатырлары канча дейсиң!.. Ал эми оюндун башкы командиринин өзү болсо — кадимкидей кур курчанып, пулеметтун дат баскан лентасын

ийнине асынып алган, жыгач пистолети жана согуш учурундагы булгаары сумкасы бар, ал эми шапкесинде болсо — сөзсүз жылдыз болот. Ал чындыгында балдар үчүн командир, алар үчүн анын сөзү — темирдей катуу закон. Бул жалаң гана оюн, кыял экендиги жөнүндө балдардын эч кимиси ойлоп да койбойт.

Ата-энелер кээде балдардын кыялдануусун, алардын ойго батып фантазияга берилүүсүн чындык турмуштан алагды кылган кайдагы кереги жок, болбогон нерсе катары карашат. Ал тургай айрым учурларда балдарын мына ушу кыялдануусу үчүн: «Бул жер сенин көчөң, эмес, бар кет!..» деп күпүлдөп, жазалап да жиберишет. Балдардын кызыкчылыгы менен эсептешпей туруп, чоң кишилердин аларга өз билгенин, өз түшүнүгүн, өз идеяларын, өзүнүн реализмин таңуулоого шашканы абдан өкүнүчтүү.

А. М. Горький балдардын кыялга берилип ой жүгүртүү сезимин ойготууга өзгөчө чоң көңүл бурган. Баланын күлкүсүн келтирип көңүлүн ачуу үчүн жасалган аракет ага ишенбегендик, аны барк албагандык эмес, анын олуттуулукка көп берилип, түнөрүп кетүү коркунучуна каршы колдонулган педагогикалык ыкма, деп эсептеген ал. Ошону менен бирге бул ыкма баланын ар нерсени туюп билүү сезиминин ойгонушу үчүн да зарыл.

Балдардын бир нерсени элестетип бет алдына келтириши турмуш маалыматтарынан, чындыктын көрүнүштөрүнөн келип куралат. Мына ошондуктан ата-энелер балдарынын чыгармачылык иш-аракеттерине түрткү берип, чындыкты балдар өзүнчө баамдай тургандыгын жана ага өзүнчө мамиле кыла тургандыгын унутпай, алардын жашын, кызыкчылыгын жана таламдарын эске алуу менен, коомдук пайдалуу ишке аларды активдүүрөөк тартуулары керек.

Кыялдануу — турмуш тажрыйбасынын негизинде жаңы элестетүүлөрдү жана ой жүгүртүүлөрдү түзүүдөн турган татаал психикалык процесс. Мына ошондуктан ата-энелер балдарынын турмуштан көбүрөөк тажрыйба алуулары жөнүндө кам көрүүлөрү керек.

Бир нерсени элестетип бет алдыга келтирүү абдан ынтаа коюуну, аябай катуу ойлонууну жана бүт акыл-эс, эрк күчүн жумшап кыялга батууну талап кыла тургандыгын унутууга жарабайт. В. И. Ленин кыял-

дануу жөнүндө айтып келип, «бул баа жеткис жөндөмдүүлүк,— деп көрсөткөн.— Кыялдануу акынга гана керек деп бекерге ойлошот. Бул болбогон жалган көз караш! Ал түгүл математикада да кыялдануу керек болот.... Кыялдануу — бул зор маанилүү баа жеткис сапат...»[1]

Жогоруда айтылып өткөндөй, чоң кишилерди туурап, ошолордон үлгү алууга умтулуу балдарга мүнөздүү өзгөчөлүк болуп саналат. Бир баланын атасы менен аңгемелешкенибизде ал анын уулу кишилерди туураганга шыктуу экендиги жөнүндө айтып, чочулагандыгын билдирди. Атасы ал тургай: балам бала эмес эле маймыл, көзү эмнени көрсө, ошону туурай берет,— деди.

Башкалардан үлгү алууга умтулуу касиети бардык адамдарга, ал тургай бардык жаштагыларга да таандык, бирок ал түркүн даражада болот. Адамдын бала кезинде бул касиет өзгөчө көрүнөт, анткени балдардын турмуш тажрыйбасы болбойт. Алар чоң кишилер ээ болгон билим, билгичтик жана ыкмалар менен куралданышкан эмес. Балдардын улуулардан, ата-энелеринен жана алар үчүн ким кадыр-барктуу болсо, мына ошондон үлгү алышы — бул толук табигый нерсе.

Анна Ильинична Ульянова-Елизарова «Ильич жөнүндө эскерүүлөрүндө»[2] мындай деп жазат: «Володя агасын ушунчалык тууранагандыктан, аны карап туруп күлкүбүз келчү,— биз ага кандай гана суроо менен кайрылбайлы, ал дайыма: «Саша эмне дейт болду экен...» деп жооп бере турган. Анткени Владимир Ильич үчүн агасы Александр Ильич чоң бедел болгон. Саша турмушта сейрек учурай турган олуттуу, ойчул жана өз милдеттерине катуу талап койгон бала эле. Ал туруктуу мүнөзү менен гана эмес, адилет, камкор жана жароокер мүнөзү менен да айырмаланып, бардык бөбөктөрүнүн жакшы көрүүсүнө ээ болгон».

Ата-энелердин тынчсыздануусу балдардын башкаларды тууранганына эмес, кимди жана эмнени туура-

---

[1] В. И. Л е н и н. Соч, т. 45, 125-бет.

[2] Воспоминания о В. И. Ленине. В 5-ти томах, т., 1. М., Политиздат, 1968, 22-бет.

ганына бурулууга тийиш. Алар али жетиле элек болгондуктан жакшы-жаманды ылгабай, туурай бериши мүмкүн. Эгер, мисалы, атасы бүт өзүнүн убагын максатка ылайыктуу, пайдалуу эс алууда жана эмгекте өткөрсө, анда балдары да аны туурабай койбойт. Бирок мындай да болот: атасы кызматтан келип, китеп окуп диванга жатып алат, ал эми аялы болсо, кызматтан чарчап келгени менен, мештин жанынан кетпей күйпөлөктөп, баарына тамак бышырууга киришет. Тамак алдына келгенде алиги «кожоюн» кыртышы сүйбөй күпүлдөп, аялынын көңүлүн оорутат, бу борщуң эмне даамы жок болуп калган, деп текеберсинет. Бир аз убакыт өткөндөн кийин баласы да энесине ушинтип күпүлдөшү мүмкүн, буга эч таң калууга болбойт.

Мына ушинтип, балдардын чоң кишилерден үлгү алууга шыктуу экендиги улуу муундун өз кылык-жоруктары жана кылган иши үчүн жоопкерчилигин көтөрөт. Балдар тырнактай кезинен тартып эле ата-энелери кандай болсо, так ошондой болууга умтулушат, алардын мына ушул табигый умтулуусун ата-энелер жадырап-жайнаган, ак ниет, жакшынакай турмушу аркылуу акыл-эстүүлүк менен канааттандыруулары керек.

Балдардын аз тажрыйбалуулугу да алардын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп саналат.

Баладан эмне талап кыла аласың? Бала деген бала да, бала, баланын иши чала деп бекеринен айтышпайт, акылы жок эмеспи!— дешет кээ бирөөлөр.

Чын эле ушундайбы? Балдардын акылы жок болобу?

Аларды акылы жок деп эсептеген ата-энелер одоно ката жиберишет. Бала тез баамдагыч, абдан жетик акыл болоорун, бирок тажрыйбасы жок экендигин Н. Г. Чернышевский айрыкча белгилеп айткан. Эгер 12 жаштагы бала алгебралык аттуу сандарды түшүнүп, квадраттык теңдемелерди, чексиз бөлчөктөрдү билсе, анда анын тарых, адабият жана башка илимдер боюнча түшүнүк берүүнү биле тургандыгынан шек саноого болбойт да. Фактыларды гана эмес, алардын маанисин, бири-бири менен байланыштуулугун да билет.

Балдарга көп нерселерди оңой эле түшүндүрүүгө болот, түшүндүргөнү жаткан киши өзү балдарга эмне жөнүндө айтып бере турганын ачык-айкын билсе эле болду.

Балдарды алардын бири-бирине кайрымдуулугун, акылдуулугун жана башка жакшы сапаттарын айкын билип туруп, анан мактабай, эски көндүм адат болуп калган кандайдыр үйрүлүп түшкөн мээрим менен мактай беришет, деп айткан андан ары Чернышевский. Беш жашка чейинки балдар өмүрүнүн андан кийинки жылдарына караганда ар нерсени бир кыйла тез баамдагыч келет, деп айрыкча белгилеген Л. Н. Толстой.

Демек, эгер ар нерсени баамдай билүүгө тышкы шарттар ыңгайлуу болсо, андан балдар дилгир койгондук менен билимге ээ болушат, шыктангандык менен окушат. Эгер тегеректеги чоң кишилердин баары жакшы ой-пикирдүү, терең сезимдүү, алдына айкын-ачык максат койгондордон болсо, анда бу, өз кезегинде, баланын акыл-эс жагынан өсүп-өнүгүшүнө, анын адептүүлүк жагынан болгон күч-кубатынын чыйралышына түрткү берет.

6—7 жаштагы балдар ой жүгүртүүнүн керемет күчүн байкай баштаганына, алардын айлана-чөйрөдөгү социалдык көрүнүштөрдүн маанисин түшүнүүгө аракеттенип, өз жөндөмдүүлүгүн билүүгө үйрөнүп жатышканына А. М. Горький көңүл буруп келген. Ошондуктан балдарды турмуш менен тааныштырууну эзелки өткөндөр жөнүндө, эмгек процесстеринин жана адамдын оюнун уюштургуч ишинин башталышы жөнүндө аңгеме айтып берүүдөн баштоо керек.

Балдар айлана-чөйрөнү өздөрүнчө баамдап биле тургандыгын да айрыкча белгилеп кетүү керек. Алар чындыкты жалгандан, чыныгы сүйүүнү жасалма сүйүүдөн, акыл-эстүүлүк менен катуу талап коюучулукту кемсинтип кааргануудан айырмалай билишет. Мына ушунун баары тең — ой жүгүртүүнүн натыйжасы.

Аржак-бержагын ойлоштурган ата-энелер баласын акылың жок, эсиң жок деп жемелебей, сүйлөшүп отуруп калышканда кайра тескерисинче: «Сенин башыңда акылың көп эле бар эмеспи, өзүңчө ойлонуп көрчү»,— деп коюшат. Мындай ата-энелер оюндун, эм-

гектенүүнүн, китеп окуунун, театрларга, музейлерге баруунун, маселелерди чыгаруунун, бирге отуруп пикир алышып, ар кимисинин өз көз карашын далилдешинин ж. б. жардамы аркылуу балдарынын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө аракеттенишет. Бирок муну акыл менен, кандайдыр чебердик менен жасоо керек.

Балдарга ак ниет мамиле кылуу керек, аларга: мына биз, аталар, турмуштун анча-мынчаларын али билбейбиз, ал эми силер болсоңор, турмушту бизден көбүрөөк билүү үчүн дүйнөгө жаралып отурасыңар, деп айта билиш керек. Балдарды ар деме-бирдемеге үйрөтүү зарыл иш экендиги жөнүндө кеп козгобой туруп, биз өзүбүз дагы балдардан үйрөнүп жүрсөк абдан пайдалуу болооруна түшүнүшүбүз керек,—деп кеңеш берген А. М. Горький.

Балдар турмушту кубанычтуу, ишенчээк жана ак ниет көз менен карашат. Балдарга өздөрү кандай куунак, шайыр жүрсө, башкалар да ошондой эле жакшы, шайыр жүрүшкөндөй болуп, өздөрү кандай ак жүрөк, айкөл болсо, башка кишилер да ошондой эле сонун, көңүлүндө кири жок болуп көрүнөт. Балдар өзүнүн кенен пейилдиги, арам ою жоктугу менен таң калтырышат. Алар жаратылышынан ушундай экенин толугу менен байкоого болот. Алар өз ой-сезимин жашырбай, дайыма ачыгын айтканды жакшы көрүшөт. Мына ошон үчүн бир туугандарынын же жакындарынын арамза, калпычы, эки жүздүү, митаам экендигин капысынан билген балдардын түз жолдон тайгылып, бузулуп кеткендигин түшүндүрүү кыйын эмес.

Адеби жок ата-энелер кээде балдарынан өздөрүн сыйлоону, ал тургай жакшы көрүүнү күч менен зордоп талап кылышат. Бул балдардын жинин келтирип, көңүлүн калтырат. Мындай коркутуп-үркүтүп жасаган мамиле башкача натыйжаларды бериши да мүмкүн: бала өөдө карай албай жалтак, түнт болуп, куулукка, кылтыйып сырын айтпоочулукка, эки жүздүүлүккө үйрөнөт. Атасынын же энесинин адепсиз жаман кылык-жоруктарынын таасирине балдар бат берилип кетет.

Тарбиялоо ишин жемиштүү уюштуруп, ата-энелердин алдында турган максатка батыраак жетишүү

үчүн балдарды билүү керек. Мына ошондо гана балдардын атасы «адамдын табигый жаратылышынын өзүнөн тарбиялагыч таасир ыкмасын ала алат, ал эми мындай ыкмалар болсо турмушта эбегейсиз көп кезигет»[1].

---

[1] К. Д. Ушинский. Собр. соч., 8-т., 35-б.

## IV глава. БАЛДАРЫҢАРДЫН ОКУУСУ

Ата-энелердин баары тең, балдарын мектепке берип жатып, балдарынын китепке көп берилип, жакшы окуп кетишин, көптү билип, зээндүү болуп өсүшүн абдан каалашат. Бул табигый жакшы тилек. Бирок мындай тилек өзүнөн өзү эле орундала койбойт, анын ишке ашышы көбүнчө ата-энелер силерге байланыштуу: балаңар мектепке барганга чейин эле силер окуп берип жүргөндөрдү угуп отурганга гана эмес, ошол уккандарын эсинде калтырып, өз сөзү менен кайта айтып берүүгө канчалык үйрөнгөндүгүнө, байкагычтыкка үйрөнгөндүгүнө, курчап турган дүйнөгө болгон анын кызыгуусу канчалык өнүккөндүгүнө жана, акыр аягында, уулуңардын же кызыңардын «эмне үчүн?» деген суроолорунун баарына силер кандай жооп бергендигиңерге байланыштуу болот. Баланын мектепке барганга чейинки силердин милдетиңер мына ушундай болгон.

Мына эми, бала окуучу болуп окуп келгенден кийин, ата-энелерден эмне-эмнелер талап кылынат?

Баарынан мурда мектепте окуй баштаган биринчи күнүнөн тартып эле балдар алардын сабактарына чоң кишилер толук көңүл бургандык жана сыйлагандык менен мамиле кылгандыгын, алардын окуусун абдан маанилүү жана татаал, олуттуу жана кыйын деп эсептегенин сезүүгө тийиш.

Бир жагынан, бала окуй баштагандан тартып өзүнүн күндөлүк турмуш түрүн такыр башкача кылып өзгөртүүгө тийиш болгондуктан, бул мезгил татаалдайт. Буга чейин ал үйүндө кээ бир эмгек жумуштарын гана аткарганы болбосо, ойногонду, уктаганды, анан тамак ичкенди эле билген, азыр болсо оюнду ата-энелер менен мектеп экинчи планга алып келип, баланын негизги милдети окуу болуп калды.

Ал эми экинчи жагынан, окугандын өзү эле бала үчүн оңой жумуш эмес. Мектепте китеп окуганды, жазганды, эсептегенди үйрөнүү керек, үйдө болсо — өз алдынча белгилүү тапшырмаларды аткаруу керек. Бул баладан мурда көнүкпөгөн тырышчаактыкты, көңүлүн бир жерге топтоону, бар болгон күчүн жумшап чымыркапып ойлонууну талап кылат. Мунун баары дароо эле баланын колунан келе бербейт. Балдардын бирөөлөрү жаңы турмуш-шартка, мектептин койгон талабына жана окуучунун милдеттерине бир кыйла бат көнүгүп кетет, башкалары — жайыраак көнүгөт, үчүнчүлөрү болсо мындай өзгөрүшкө далайга чейин көнө албай, абдан кыйналышат, ошон үчүн алардын кээ бирөөлөрү окугусу келбей, кайра бала бакчага барам деп чатак салышат. Мына ошондуктан баланын окуусуна такай көңүл буруп, камкордук менен мамиле кылуу анын мектептеги турмушунун биринчи күндөрүндө, ошондой эле кийинки окуу жылдарында да өзгөчө чоң мааниге ээ болот, Бул, ата-энелерден көп учурларда уулунун же кызынын мектептеги турмушунда пайда болуучу татаал жагдайларга толук түшүнгөндүк менен мамиле кылууну, алардын адегенде сабак билбей кайгырганына чыдамкайлык жана токтоолук көрсөтүүнү, балдарга окуунун жаңы, көнүкпөгөн, ал тургай кээде кыйын да болгон милдеттерин акырындык менен өздөштүрүүгө жардам берип, балдардын үйгө берилген тапшырмаларды аткарууга даярданышын акыл-эстүүлүк менен жөнгө салып турууну талап кылат.

Ата-энелерден балдарынын мектептеги окуу эмгеги зор маанилүү экендигин билүү гана эмес, алардын сабак даярдашы үчүн үйдө белгилүү шарттарды түзүп берүү жагы да талап кылынат.

Баарынан мурда сабак даярдоо үчүн бөлүнүп берилген такай бир орун: өзүнчө бөлмө же үйдүн бир бурчу зарыл шарт болуп саналат, сабак даярдай турган жерде тартип сакталып, тазалык болууга тийиш, ал жөнүндө бала өзү дайыма камылга көрүшү керек.

Окуучуларда бардык зарыл окуу китептеринин жана жазуу аспаптарынын болушу да маанилүү шарт болуп саналат. Күн тартиби боюнча белгиленгендей, дайыма бир убакта тапшырмага берилген сабактарды даярдоого баланын мүмкүнчүлүгү болууга тийиш.

Сабагын даярдап жаткан учурда окуучуга эч ким: кичүүлөрү да, улуу балдары да, атасы да, энеси да тоскоол болбоого тийиш.

Адеп окуй баштаган мезгилдерде көтөрмөлөп улам жардам берип жүрүү балдардын окуудагы жетишкен ийгилигинин зарыл шарты болуп саналат. Бирок жардам берүү деген — бала үчүн тапшырмаларды аткаруу (маселе чыгаруу, көнүгүү жаза салуу ж. б.) эмес экендигин ата-энелер унутпашы керек; жардам берүү мындайча болот: сүрөмөлөөчү суроолор менен окуучунун оюн мисал же маселе чыгаруунун, анын эрежесине түшүнүүнүн туура жолуна багыт алдырат, жазуу сабагынан берилген көнүгүүнү ж. б. аткарып жаткан учурда окуучуну эрежени туура колдонууга тартат.

Окууда пайда болуучу кыйынчылыктар көп учурларда баланы мектепке сабакка келүүдөн четтетип жибергендиги менен коркунучтуу. Мына ошондуктан балдардын сабакка түшүнбөй кыйналганын өз убагында байкап билүүнүн абдан чоң мааниси бар.

Мындай учурларда айрым ата-энелердин кандай мамиле кылганын мисалга келтирели.

«Үйдөн бир окуядан турган маселени ойлоп таап келүү — биринчи класстын окуучусуна тапшырылган эле.

— Мен маселе ойлоп тапканды билбейм... Маселени жаман көрөм,—деп ал ыйлактап отурат.

— Анан эмнени жакшы көрөсүң?— деп сурайт энеси.

— Мен пароходдордун сүрөтүн тартканды жакшы көрөм.

— Анда эмесе үч пароходдун сүрөтүн тартчы.

Уулу кубангандык менен тартып кирет.

— Булар эмне, баары ордунан жылбай турабы?

— Жок, мына бирөө сүзүп жөнөдү!

— Трубасынан түтүн чыгып атат, көрдүңбү?

— Анын сүзүп жөнөгөнү эмнесинен билинип турат?

— Туура. Эми ушу пароходдор жөнүндө маселе ойлоп табууга болобу?

Уулунун көзү кубанычтуу жалжылдай түштү.

— Азыр ойлоп табам! Уксаң: пристанда үч пароход турган. Анан бирөө кетти. Пристанда канча пароход калды?

— Мына көрдүңбү, а сен колуман келбейт дейсиң!..»[1]

Мектепте балага коюлган суроолорго даяр жоопторду айтып берип, ал үчүн маселелерди чыгарган жана сочинениелерди жазган ата-энелердин жардамы болсо, эки жагынан тең зыяндуу. Биринчиден, мындай «жардам» окуучунун өз оюн матап туруп алат, анын маселеге, грамматикалык эрежеге, окуу материалына өз алдынча түшүнүүгө умтулуусун бир азга токтотуп коёт, баланын билимге болгон кызыгуусун мокотот. Экинчиден, бул, мындай балдардан жатып ичерлердин, ал эми кээде болсо — жөн эле жалкоолордун өсүп чыгышына алып келет.

Балдардын ийгиликтүү окушу үчүн ата-энелердин алар менен окуп чыккан китептер жөнүндө же эс алууга чыкканда, экскурсияга барган учурда, пионер лагерине жана башка жерлерде болгондо бала эмнелерди көргөндүгү жөнүндө аңгемелешүүлөрүнүн чоң мааниси бар. Бул аңгемелешүүлөрдүн негизги максаты, балдарды окуп чыккандары жөнүндө, көргөндөрү жөнүндө өзүнчө ой жүгүртүүгө көнүктүрүүдө, ойлогон оюн өз сөзү менен айтып берүүгө алардын сезимин ойготууда турат.

Балдарды аларды кызыктырган суроолорго жоопторду табуу үчүн ар түрдүү сөздүктөрдү, справочниктерди, энциклопедияларды кантип пайдалануу керектигине үйрөтүү да чоң маанилүү.

Көп ата-энелер балдарынын жетише албагандыгын алардын жалкоолугуна, окугусу келбегендигине ыйгарып койгонго шыктуу келишет. Бул туура эмес пикир. Балдардын начар окуп жетише албагандыгы, биринчиден, алардын үйгө берилген тапшырмалардын үстүндө өз алдынча иштегенди билбегендиги менен түшүндүрүлөт. Бул, IV класска чейин, эреже катары, үйгө берилген тапшырмаларды ата-энесинин байкоосу астында, ал тургай алардын түздөн-түз катышуусу жана жардамы менен аткарып келген балдарга өзгөчө тиешелүү.

IV класстан тартып балдардын окуу материалынын мазмуну татаалыраак болуп, ата-энелери да алардын сабагына мурдагыдай анчалык жардам бере албай кал-

---

[1] «Семья и школа» журналы, 1968, № 9.

ганда окуучулар олуттуу кыйынчылыктарга туш келе баштайт, өз күчүнө ишенбегендик, кээ бир билбеген сабактардан көңүл калуу, ал тургай коркуу пайда болот. Мындай учурларда окулуп жаткан сабактардын айрым мазмундарын, кээ бир маселелерди чыгаруунун жолдорун айтып түшүндүрүп, олуттуу жардам берүү керек. Ошондо гана ата-энелер уулунун же кызынын өз күчүнө ишенбегендигин чыдамдуулук менен жеңип чыгышына жардам бере алат.

Тилекке каршы, ата-энелер жардам берүүнүн ордуна балдарын жалкоосуңар, окугуңар келбейт деп жемелеп, ал тургай аларды уруп-согуп жазалаган учурлар да көп болот. Бул ата-энелердин эң башкы катасы.

Окуучулар мурдагы окуп өткөн класстарында толук билим ала албай, өксүп калышы да мүмкүн, бул алардын андан аркы окуусуна абдан олуттуу таасир этет. Мындай учурларда ата-энелер балдарынын билиминдеги кемчиликтерди толуктоого жардам берүүгө тийиш. Балдар тигил же бул сабакты кантип өздөштүрүп окууну дайым эле билбей тургандыгын эстен чыгарбоо керек. Алар мугалим айтып түшүндүрүп, үйгө тапшырмага берген материалды эстен чыгып кете электе ошол күнү окубай, көбүнчө ал материалды класстан сурай турган күнү шашып-бушуп окушат. Мына ушунун натыйжасында окуучуга чындыгында бүт баарын өзү талдап чыгууга туура келет, ан үчүн дайым эле анын тажрыйбасы менен билими жетиштүү боло бербейт. Мына ошон үчүн, мисалы маселени экинчи күнгө калтырбай, ошол эле тапшырма берилген күнү чыгаруу сунуш кылынат, анткени окуучу класста отурганда чыгаруу жолун билип туруп эле, убакыт өткөндөн кийин кайра баарын такыр унутуп калышы мүмкүн.

Үйгө берилген тапшырма эки жол менен, б. а. аны алган күнү жана ошо сабак болоор күнү аткарылган болсо, окуу материалын окуучу тереңирээк өздөштүрүп, эсинде сактап калат. Ошондой эле жаттап келүүгө берилген ырды да бир күндө жаттабай, эки-үч күндө жаттаса, максатка ылайыктуураак болот, ошондо аны жаттап алуу оңой.

Окуу китеби боюнча материалды окуп үйрөнгөндө аны эки-үч жолу окуп эле чектелип калбоо сунуш кылынат, кандай болбосун окуп чыккандарын өз сөзү ме-

нен айтып берүүгө аракет кылып көрүшү керек. Өз сөзү менен айтып жатканда дайыма кыйын жерлерине келип такалат, аны окуу китебинен кайра-кайра окуп түшүнүп алышы зарыл.

Окуу китептерин окуп сабагын бышыктап аткан учурда окуучу ошо параграфтагы суроолордун маанисине айкын түшүнүүгө аракет кылууга тийиш, бул окугандарын жакшылап ойлоштуруп, эсинде сактап калууга жардам берет.

Чет тил сабагын окуй баштаган учурда сөздөрдү жакшылап эсте сактап калуу үчүн адегенде өзүнчө группаларга бөлүп алуу сунуш кылынат: мисалы, бир группага — үй тиричилик буюмдарын, экинчи группага — өсүмдүктөрдүн аттарын, үчүнчү группага — жаныбарлардын аттарын жана башкаларды билдирүүчү сөздөрдү бөлүп алуу керек. Сөздөрдү жаттоодо мына ушундай бөлүштүрүү өзүнчө айкын мааниге ээ болуп, акырындык менен өздөштүрүп кетүүгө түрткү берет, анткени бир топ сөз келип кандайдыр бири-бирине жакын турган жалпылыкты түзөт да, эсте сактап калуу жагын бир кыйла жеңилдетет. Окуу ишинин бул жемиштүү ыкмаларына балдарды үйрөтүү ата-энелер үчүн анча деле кыйын эмес. Бирок ошонун эсесине бул ыкмалар балдардын окуусун бир кыйла жеңилдетип, канааттануу сезимин, жаңыны билүү кубанычын алып келет. Балдарды окуп билим алууга канчалык батыраак үйрөтсөк, алардын окуудагы ийгиликтери да ошончолук байкаларлык болуп, бат эле эсинен чыгып кетет, унутчаак деген даттануулар аз болуп калат.

Үйдөгү балдардын улуулары деле кичүүлөрүнүн окуусуна жардам бере алат. (Бул улууларына да, кичүүлөрүнө да пайдалуу: ким башка бирөөнү ойлонууга үйрөтүп жатса, ошонун өзүнө да андан бетер чымырканып ой жүгүртүүгө туура келет эмеспи, демек, анын акыл-эси дагы көбүрөөк жетилет.) Н. Носовдун «Витя Малеев мектепте жана үйдө» аттуу повестинде Витянын өз карындашына маселе чыгарууга кантип жардам бергендиги жөнүндө кызыктуу эпизод келтирилет. Лика маселени бергенде Витя ага көз чаптырды да: «Чыгара албай калып, таза уят болуп жүрбөйүн! Ошо замат бүт кадырым кетет»,— деп ойлонду.

Анан Витя карындашына мындай дейт:

— Азыр түк колум бош эмес. Өзүмдүн даярдай турган сабактарым да толуп жатат. Сен бир эки саат ойноп жүрүп, анан келчи, жардам берейин.—Ошентип коюп Витя дагы ойлонду:

«Ал ойноп келгиче мен маселени окуп ойлонуп көрөйүн, анан чыгаруу жолун түшүндүрүп айтып берем».

— Анда мен жолдош кызга кеттим,— дейт Лика.

— Бар, бар,— дедим,— бирок бат эле кайра келип калба. Эки саат же үч саат ойноп келсең болот. Айтор, канча кааласаң, ошончо ойно.

Ал кетип калды, а мен дароо эсеп маселелеринин жыйнагын алып, маселени окуй баштадым: «Бир бала менен бир кыз токойдо жаңгак үзүп жүрүштү. Алар бардыгы болуп 120 даана жаңгак үзүштү. Кыз баладан эки эсе аз үздү. Балада жана кызда канча жаңгак болгон?»

Маселени окуп чыгып, күлкүм келди. Ушундай да жеңил маселе болобу! — деп ойлодум.—Мунун түшүнбөй турган эмнеси бар экен? 120 ны 2 ге бөлүү керек, ошондо 60 болот. Демек, кыз 60 жаңгак үзүп алган экен. Эми бала канчаны үзүп алганын билүү керек: 120 дан 60 ты алсам, дагы 60 калат... Бирок эмне үчүн мындай болуп жатат деги? Экөө тең эле үзгөндөй чыгат, ал эми маселеде болсо кыз эки эсе аз жаңгак үздү деп айтылган. Таптым эмесе! — деп ойлодум ичимен. Анда бала 60 жаңгак, а кыз болсо 30 жаңгак үзүп алган. Жообун карасам, анда баланыкы 80, а кыздыкы 40 болуп жүрөт.

Токтоо-оп тур! — дедим өзүмчө кобурап? — Бул эмнеси? Менде 30, 60 болуп чыкса, биерде 40,80 болуп жүргөнү эмнеси?

Текшере баштадым — бардыгы болуп 120 жаңгак үзүп алышты. Эгер бала 60 ты, а кыз 30 ду үзүп алган болсо, анда бардыгы 90 болуп чыгат. Демек, туура эмес! Маселени кайра башынан түшүп чыгара баштадым. Дагы эле баягы 30 менен 60 чыгат! Анан жообундагы 40 менен 80 кайдан чыгып атат? Тим эле баш катырма болуп кетти!

Мына ошондо катуу ойлондум. Маселени ончакты жолу катары менен окуп чыктым, бирок кайеринен жаңылып жатканымды түк таба албай койдум.

«Төртүнчү класстагылар чыгара албаган маселени үчүнчү класстагыларга чыгартат экен, ээ! — деп ойлодум.— Кантип окуп жүрөт бу байкуштар?»

Маселени дагы жакшылап окуп, ойлоно баштадым. Чыгара албай отурганыма уялдым. Төртүнчү класста окуганы менен, үчүнчү класстын маселесин чыгара албайт дебейби Лика! Көңүл коюп, дагы катуураак ойлондум. Деле түк чыкпайт. Кыйналганыман көзүм да тунарып кетти! Эмне кылаарды билбей калдым. Маселеде бардыгы 120 жаңгак болгон деп айтылат, эми ошону бирөөнүн жаңгагы экинчисиникине караганда эки эсе көп болгудай кылып бөлүү керек. Эгер биерде кандайдыр бир башка сандар болсо, анда дагы бирдемени ойлоп табууга болоор эле, а биердеги 120 ны 2 ге канча гана жолу бөлбөгүн, 120 дан 2 ни канча жолу албагын, 120 ны 2 ге канча жолу көбөйтпөгүн, баары бир 40 менен 80 келип чыкпайт.

Айлам кеткендиктен дептерге жаңгак дарагынын сүрөтүн, анын түбүнө бала менен кыздын сүрөтүн, ал эми даракка болсо 120 жаңгактын сүрөтүн тарттым. Ошентип ушу жаңгактардын сүрөтүн тарта бердим, тарта бердим, өзүм болсом ойлонгондон ойлоно бердим. Бирок ойлогон оюм керектүү жакка багыт албай, кайдадыр алыска закымдап кетип жатты. Адегенде эмне үчүн бала эки эсе көп үзгөнүн ойлоп көрүп, баланын бакка чыгып алып үзүшү, ал эми кыз болсо ылдыйтан үзүшү мүмкүн экендигин таптым, ошон үчүн аныкы аз болуп чыккан. Анан сүрөттөгү жаңгактарды үзө баштадым. башкача айтканда дарактагы жаңгактарды өчүргүч менен өчүрүп, ошолордун эле өзүн бала менен кыздын үстүнө кымындайдан тартып, экөөнө бөлүштүрүп кирдим. Анан алар жаңгагын чөнтөктөрүнө салганын ойлой баштадым. Бала желеткечен болгон, мен анын эки капталына эки чөнтөк тартып койдум, а кыздын алжапкычы болгон. Ошол алжапкычына бир чөнтөк тарттым. Ошондо мен, балким, кыз бир эле чөнтөгү болгондуктан жаңгактан аз үзгөндүр деп ойлоно баштадым. Ошентип экөөнү карап, отура бердим: баланын эки чөнтөгү бар, кыздын бир чөнтөгү бар, аңгыча болбой кандайдыр дааналанган бир нерсе кылт оюма келе түштү. Мен алардын үстүндөгү жаңгактарды өчүрдүм да, чөнтөктөрүн жаңгак салып алгандай тултуйтуп кайра тарттым. Эми 120 жаңгактын баары тең алардын үч чөнтөгүндө болуп калды: баланын эки чөнтөгүндө, анан кыздын бир чөнтөгүндө, ошентип,

бардыгы үч чөнтөктө. Күтпөгөн жерден дароо эле башыма бир ой келе калды: «Бүт 120 жаңгакты үч бөлүккө бөлүү керек! Кыз өзүнө бир бөлүгүн алат, ал эми эки бөлүгү балада калат, мына ошондо анда эки эсе көп болот!» Тезинен 120 ны үчкө бөлө койдум, 40 болуп чыкты. Демек, бир бөлүгү 40. Кызда ушу 40 жаңгак, а балада эки бөлүгү болгон, демек, 40 ты 2 ге көбөйтөбүз, 80 болот! Жообунда так ушундай. Мен кубанганыман аз жерден так секирип кете жаздадым...»

Маселени чыгаруунун туура жолун ойлонуп табуу окуучу үчүн кандай татаал жана кыйын боло тургандыгын көрсөткөндүгү менен гана бул мисал ата-энелер үчүн үлгү болорлук эмес; ал ошондой эле кенже балдардын окуусуна жардам берүү үчүн үйдө тестиер балдарды пайдалануу керектигине да ишендирет. Чыгарылышы түшүнүктүрөөк жана жөнөкөйүрөөк болсун үчүн, көрсөтмөлүү кылып айтып берүүнүн түркүн куралдарын пайдалануу кандай чоң маанилүү экендиги бул мисалдан көрүнүп турат.

Балдардын окуусунан кыйналганы күндөлүктөрүндө экилердин пайда болушуна алып келет. Мына ушуга байланыштуу көп учурларда ата-энелердин алдында: эгер бала эки алып калса эмне кылуу керек? — деген суроо туулат.

Баарыдан мурда ата-энелер уулунун же кызынын эки алганына туура мамиле көрсөтүп, жаман баа алып калганына карабастан кенебей жүрө берүүгө аракет кылган окуучулар абдан кайгыраарын түшүнө билүүлөрү тийиш. Жаман баа алгандыгы жөнүндө айтып келген балага, кырсыкка учурап, кайгыга баткан адамга мамиле кылгандай, кылдаттык менен камкордук көрсөткөн ата-энелердин таасир этүү ыкмасы абдан туура.

Бул ата-энелер экини уулунун же кызынын окуудагы убактылуу жетише албагандыгы катары карашат. Алар баарыдан мурда кыйын абалды оңоого боло тургандыгына, эки алып калгандыктын себеби—окуу материалынын жакшылап өздөштүрө албай калган бөлүгү экендигине баланы ынандырышат. Мына ошондуктан аракеттин эң негизги мааниси — мурда өтүлгөндөрдү толугу менен кайталап, түшүнбөй калганынын эсесин толтурууда, б. а. окуу китебиндеги белгилүү бир параграфты же кандайдыр бир эрежелерди

окуп билип алууда турат, ошондо барып алган экини оңоого болот. Бул максатта ата-энелер уулу же кызы менен бирге эмнелер өздөштүрүлбөгөн бойдон калып калганын, жетпей жаткан билимдерди толтуруу үчүн эмнелер керек экендигин издей башташат. Ошону менен бирге ата-энелер балдарынын окууда пайда болгон кыйынчылыктарын жеңүүдө өздөрүнүн катышкандыгын көрсөтүшөт.

Ата-энелердин экиге мындай мамиле кылышы эки жагынан тең маанилүү. Биринчиден, бала жаман баа алганын жашырбайт, баланын билиминдеги жетишпегендиктерди өз убагында таап, анан ошону жоюу үчүн мунун абдан чоң мааниси бар. Экинчиден, ата-энелердин жардамы бала окууга көбүрөөк ынта коюп, тырышчаак боло тургандай шарт түзөт, белгилүү бир билимдерди өздөштүрүп жаткан учурда мурда колдон келгис болуп көрүнгөн тоскоолду жеңүүгө ал эми ишенгендик менен чечкиндүү киришип, өз күчүнө көбүрөөк ишенип калат.

Анан албетте, эки алгандыгы үчүн баарыдан мурда жазалоону колдонгон ата-энелердин кылганы туура эмес. Бул балдардын ата-энесинен жаман бааларын жашырып, аларды алдай башташына, эки алып кала турган сабактарга келбей качып жүрүшүнө, дептерлери менен күндөлүктөрүн ата-энесинен жашырышына, жаман баасын ж. б. коюу үчүн мугалимге күндөлүгүн бербешине алып келет. Мына ушинтип, алган экиси оңдолбойт, билиминдеги жетишсиздиктер тонтоло берет, бала оңолуп жакшы окуп кетүүнү каалабай, кайра тескерисинче, анда окуудан да, мугалимден да, мектептен да, ал тургай акыр аягында ата-энесинен да көңүл калуу сезими пайда болот. Бул көп учурларда ата-энелер менен балдардын ортосундагы катуу кагылышууларга алып келет.

Мына мисалга VIII класстын окуучусу С. Серёжанын турмушунда болуп өткөн окуяны айтып берели. Серёжа начар окуп, эки деген бааларды көп алып келген. Бул үчүн атасы аны жазалай баштайт. Күндөрдүн бириндe дагы бир жолу эки алып келгендиги үчүн ал уулун уруп коёт. Сережа үйдөн кайдадыр качып кетет да, эки күн дарексиз жок болот. Ата-энеси уулунун аларды таштап кетип калганына абдан кайгырып жүрүштү, анан ал кайра үйүнө келгенде кубанып ке-

тишти. Бирок Серёжа үйүнө келээри менен, атасына:

— Эми мага кол тийгизсең эле болду, биротоло үйдөн чыгып кетем,— деп билдирди.

Ал жакшы окуп деле кеткен жок. Өзгөчө Сергей англис тилинин жана география мугалимдерине жооп берүүдөн такыр баш тартчу болду. Бул мугалимдерди ал жакшы көрчү эмес. Серёжанын атасы болсо, эмне кыларын билбей, уулуна Сережанын жолдошу — Ш. Валерий аркылуу таасир этип жүрүүнү чечти, ал андан Сергейдин окуусуна жана мугалимдерге болгон мамилесин өзгөртүшүнө жардам беришин суранды. Балдар бири-бирине жакшы жолдош болуп жүрүшкөн эле. Алар бирге сабак даярдай баштаршты. Сережа такай экилерин жоюп жүрүп, акыры сегизинчи классты бүтүп чыкты. Окуусун андан ары Сережа техникалык окуу жайынан улантты, аны бүтүп, жакшы токарь болуп калды. Бирок анын атасына болгон мамилеси баягы эле ичи муздаган бойдон кала берди, эми ал экономикалык жагынан да көз каранды эмес болуп калды. Ошентип, биз көрүп тургандай, мунун башкы себеби атасынын уулуна туура эмес мамиле кылгандыгында, таасир этүүнүн антипедагогикалык жолун колдонгондугунда болду.

Өзгөчө биринчи класстагыларга көп көңүл бөлүп, камкордук көрсөтүү керек, анткени алар үчүн мектеп жана окуу эмгеги далайга дейре кандайдыр адаттан тышкары, ал тургай алардын турмушундагы татаал көрүнүш болуп калат. Алар кандайдыр бир белгилүү убактарда окуу тапшырмаларын аткарууга акырындык жана чыдамкайлык менен үйрөтүүнү керектейт. Балдар үйгө эмне тапшырмалар берилгенин унутуп калган учурлар да болот, мындай учурларда ата-энелер аларга өзгөчө көңүл бөлүүгө тийиш.

Өзүнүн жаңы окуучулук милдетине балдар жай көнүгөт. Бирок бул, көп учурларда балдары үчүн алардын окуучулук милдеттерин аткарган: окуучунун портфелин издеп таап, андан китептери менен дептерлерин алып чыгып, аларды столдун үстүнө коюп, сыя челеги менен калем учун даярдап туруп, балага: «Бар эми, мына баары даяр болду»,— деп айткан ата-энелерди актай албайт. Бала акырын столго келип отурат, ал эми энеси же атасы болсо, сабактарынын баары тең даярдалып бүткүчө, анын жанынан карыш

жылышпайт. Мындай опсуз бапестегендик окуучуга зыян келтирет: ал уюшкандыкка жана өз алдынчалыкка, тапшырманы өз убагында аткаруу үчүн жоопкерчиликти сезүүгө үйрөнө албай калат.

Балдары үчүн тапшырмаларды аткарууга аракет кылган ата-энелер аларга андан да чоң зыян келтиришет, анткени баланын өз алдынчалыкка умтулгандыгын, анын өз күчүнө ишенгендигин, окуу процессиндеги кыйынчылыктарды тырышчаактык менен жеңүүнү каалагандыгын жоготот. Ата-энесинин ушундай жардамына көнүп калган балдар акыл жүгүртүп чымырканып ойлонууга үйрөнө алышпайт, ал эми ансыз эң бир жөнөкөй көрүнгөн маселени да чыгаруу мүмкүн эмес. Ошон үчүн доскага чыгып жооп бергенде же мугалимдин байкоосу астында контролдук иш жазганда мындай балдардын эки алып калышы кокусунан эмес.

Балдарды эмгекчил, окууда тырышчаак кылып тарбиялоонун да чоң мааниси бар. Бул сапаттарды начар окуган балдарда гана эмес, бардык балдарда тарбиялоо зарыл. «4» жана «5» алып жүргөн окуучулар көп учурларда анча деле көп күч жумшап иштебейт. Кээде мындай балдар мугалим доскага чыгарып сурай турганын сезгенде гана сабактарын даярдап, өзүнчө китеп окуп билимин кеңейтүүгө умтулушпайт, ошондуктан алардын билими тайкы болуп калат. Мындай окуучулар улам жогорку класстарга көчкөн сайын, аларга көбүрөөк кыйналууга туура келет, анткени алар тырышчаактык менен такай өзүнчө окуп билимин арттырууга көнүккөн эмес.

Ата-эненин мектепке жана мугалимдерге болгон мамилеси уулунун же кызынын окуусуна олуттуу таасир этет. Кээ бир ата-энелер мектепке, мугалимдерге дайыма бир калыпта толук сыйлагандык менен мамиле кылбай, өз балдарынын окуусуна оңолбос зыян келтиришет.

Окуучу математикадан же тилден эки алып калып, ошону мугалимдин ага адилетсиз мамиле кылып жүргөндүгү менен актоого аракеттенген учурлар абдан көп болот: менден начар жооп бергендер деле болду, бирок алар жогорку бааларды алып, а мага эки коюп койду, деп айтып келет. Ал эми ата-энеси болсо, эки алгандыгынын чын себебин териштирип билбей туруп

эле, уулунун же кызынын айтканына ишенип алып, мугалимге барып бир тийишет.

Мугалимдин бу кылган иши адилетсиздик деп эсептеген ата-энесинин «колдоосуна» кирип алган окуучу эми өзүнүн билимин жакшыртмак турсун, кайра ошо эки алган сабагын өздөштүрүүнү өксүтүп жиберет.

Мектеп программасына окутуунун мазмунуна гана эмес, аны уюштуруунун мүнөзүнө да тиешелүү болгон олуттуу өзгөрүүлөр киргизилди. Мисалы, VII класстан баштап окуучулардын тандоосу боюнча факультативдик сабактар киргизилет, гуманитардык, физика-математикалык жана химия-биологиялык предметтердин кеңейтилген программасы боюнча иштөөчү атайын класстар түзүлөт. Мына ушунун баары тең балдардын кызыкчылыгына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша окуучуларга көбүрөөк билим алууга, дисциплиналардын белгиленген циклдерин же айрым окуу предметтерин тереңирээк окуп үйрөнүүгө мүмкүндүк берүүгө багытталган.

Албетте, ата-энелер балдарын акыл-эстүү болуп өскүдөй тарбиялоого көбүрөөк көңүл бөлүп, билимдин айрым тармактарына болгон алардын кызыгуусун ар тараптан өнүктүрүүгө, окуу китептеринин үстүндө гана эмес, илимий адабият китептеринин үстүндө да өз алдынча көбүрөөк иштегенге үйрөтүүгө, балдардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө жардам берүүгө тийиш.

## V глава. АДЕПТҮҮ ТАЗАЛЫКТЫ ТАРБИЯЛОО

*Азыркы жаштарды тарбиялоо, билим берүү жана окутуу ишинин баары тең аларда коммунисттик моралды тарбиялагыдай болуу керек.*

*В. И. Ленин*

### 1. Адептүүлүктү тарбиялоо

Мораль, же адептүүлүк — бул адамдардын жүрүш-туруш нормаларын жана эрежелерин жалпы жонунан өз кучагына алган коомдук аң-сезимдин формасы. Мораль — бул адамдардын жүрүш-турушу кандай болууга тийиш экендиги жөнүндөгү көз караштар жана түшүнүктөр. Бул аң-сезим адамдын кылган ишин, анын кыймыл-аракетин жөнгө салып, ага өзүнүн жана башкалардын жүрүш-турушун жактырып же айыптап баалай билүүгө мүмкүндүк берип турат.

Ар ишти кандай кылуу керектигине адам өзү ачык-айкын түшүнүп, ошо кылган ишинин туура экендигин сезе билгидей таасир этүү, жакшы жүрүш-туруш ал үчүн бирдеи-бир мүмкүн болгон күндөлүк адатка айланып калышына жетишүүгө караганда, анчалык кыйын эмес, деп айткан А. С. Макаренко. Адам өзүнүн жаман кылык-жоругу аны кемсинтип, башкалардын алдында баркын кетирип жаткандыгын өз убагында сезип, жакшы жүрүш-турушка адат ала баштаса, анда аны тарбияланган адам деп айтууга болот.

Балдарды жакшы жүрүш-турушка адат алдыруу зарыл, б. а. бала өзүн тегеректегилердин көзүнчө гана жакшы алып жүрүп, алардын мактоосуна татыктуу болбой, аны тааныгандардан эч ким көрбөгөн, эч ким

укпаган жерлерде да өз ар-намысын сактай билип, адилеттүүлүк үчүн, өз алдындагы адамдык милдети үчүн өзүн жакшы алып жүргүдөй болушу зарыл.

Адамдын адептүүлүгү бир нече составдуу бөлүктөрдү өз кучагына алып турат. Бул, биринчиден, тигил же бул учурларда адамдын өзүн кандай алып жүрүү керектигин билиши, экинчиден, өзүнүн жакшы жүрүш-турушу менен ушул эрежелерди сакташы жана, үчүнчүдөн, адамдын өзүнүн же башка бирөөлөрдүн кылык-жоруктарына жана кыймыл-аракеттерине адилет баа бере билүүгө жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Демек, ата-энелер балдарын адептүүлүктүн нормаларын билгендик менен куралдандырып, жакшы жүрүш-турушка адат алдырганда гана эмес, аларда адептүүлүк сезимдерин тарбиялаганда гана балдарды адептүүлүк жагынан тарбиялоо өз натыйжаларын берет.

Окуучулар үчүн жүрүш-туруштун негизги эрежелерин өздөштүрүү (улуулардын айтканын угуп, тилин алуу, бөбөктөрдү кагып-сокпой, алар жөнүндө камкордук көрүү, дайыма тыкан болуп жүрүү, оюнчуктарды жана буюмдарды өз ордуна коюу, адептүү, ак ниет болуу ж. б.) анча деле кыйын эмес. Бирок бала деген бала, ал баарын эле биле бербейт, аны жакшы жүрүш-турушка гана үйрөтүү керек. Буга баланын жана үй-бүлөнүн турмушунда болуучу белгилүү бир кырдаалдарда үзгүлтүксүз кайталап айтып жүрүү, жүрүш-туруш нормаларын туура сактоо жолу менен жетишүүгө болот.

Моралдык нормаларды билүү адептүү жүрүш-туруштун өбөлгөсү болуп саналат, бирок бул али жакшы кылык-жоруктун, жүрүш-туруштун өзү эмес. Адамдардын кыймыл-аракети, алардын кылган иши канчалык каалап иштегендигине, канчалык дит койгондугуна жана жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Бул коммунисттик адептүүлүктүн нормаларын акыл-эстүүлүк менен сактоону каалагандык, ошого болгон дилгирлик жана жөндөмдүүлүк баланын өзүнүн көпкө созулган практикасынын процессинде гана, анын талапка туура келген моралдык жакшы иш-аракеттерди жасашы аркылуу гана тарбияланышы мүмкүн. Мына ошондуктан тарбиялоонун эң негизгиси, баланын турмушу белгилүү бир жакшы адаттарды тарбия-

лоочу тажрыйба катары уюштурулууда турат, деп баса көрсөтүп келген А. С. Макаренко.

Көрүнүктүү советтик жазуучу, балдар үчүн жазылган көп чыгармалардын автору С. Михалков «Все начинается с детства» («Баары бала кезден башталет») аттуу китебинде, балдар өмүрүнүн алгачкы жылдарында таасир эткен кандай элестерди эсинде сактап кала ала тургандыгы жөнүндө чоң кишилер көп учурларда ойлонушпагандыгын жазат. Кайда, алар али кичинекей, эмнеге түшүнмөк эле... деп коюшат. Чындыгында бул андай эмес. Бала өзү эмнени сезип турганын али сөз менен айта албаганы менен, ага таасир этип, эсинде калгандары анын мүнөзүн калыпташтыра баштайт. Адам ириде бала кезинде ар нерсени өтө тез баамдагыч келип, айланасында болуп жаткан окуяларга гана туура баа бере билүүгө акылы али жетишсиз даярдалган болот.

Адамдын бала кезинде көзүнө чалынбаган эчтеме болбойт — майда-чүйдө, болор-болбос нерсе эле бала үчүн эң бир зор окуя болуп, түк эсинен кетпей, жаман же жакшы жагынан ага таасирин тийгизиши мүмкүн.

«...Баланын кандай адам болоору кичине кезинен эле билине баштайт,— деп айрыкча белгилейт. С. Михалков.— Адам ириде бала кезинде жаңы ачылган гүлгө окшоп жайнап өсүп, алда кайда алып учкан жакшы ой-тилектерге көп берилет. Закымдап арадан жылдар өтөт, ошондо анын чыны менен жаңы ачылган гүлгө окшоп жайнап өскөндүгүн же кырсыктын чөбү басып өсүп-өнүгө албай өксүп калгандыгын көрөбүз. Ошондо кандай адам коомдун мүчөсү болуп турмушка киргендигин көрөбүз»[1].

Али тили чыга элек болгону менен бала «ал, алагой», «кой», алба» деген ж. у. с. сөздөрдү билип калат. Баланы адеп кадам шилтегенинен тартып кандай багыт берип өстүрүү ата-эненин турмушунун мазмундуулугуна жана аң-сезимине жараша болот. Мына ошондуктан моралдык жактан тарбиялоо баланын кичинекей кезинен эле башталууга тийиш экендигин далилдеп айтып отуруунун кажети жок. Ириде мектепке чейинки жашында эле атасы менен энеси баласын

---

[1] С. Михалков. Все начинается с детства.

адептүү жүрүш-турушка — адамкерчиликке, кайрымдуулукка, жолдошторуна, улууларга урматтагандык менен мамиле кылууга жана эң негизгиси — ак ниет, уят-сыйыттуу болууга, өз күнөөсүн сезе билүүгө үйрөтө баштайт. Бул сезим баланын келечекки түркүн турмуш жагдайларындагы жүрүш-турушунун маанилүү себеби болуп калат.

Кичинекей балдардын оң кыялы кармап, көңүлү куунак болуп турганда гана аларды жакшы адат алдырып тарбиялоого болот. Ошондуктан балдарды эң кичине кезинде көп ыйлатып, кыжырын келтире турган терс таасир этүүлөрдөн сактоо керек. Бала бирдеме жетишпей тынчы кетип жаткандыктан ыйлайт. Бала ыйлаган учурларда аны тынчытуу үчүн зарыл чараларды колдонуу керек, медицина ушундай сунуш кылат. Бирок эски көндүм адатка салып: «Мейли, бир аз ыйлай турсун, баланын ыйлаганы жакшы, көзү караят»,— деп коюшат. Бул туура эмес. Баланы тарбиялап өстүрүүдө мунун эки жагынан тең зыяны бар. Биринчиден, кичинекей баланын эрип-эпчип, безеленип ыйлаганы анын организминин бир калыптагы тиричилик аракетин төмөндөтөт, аны себепсиз көп чыргоолонтуп, нерв системасына күч келтирет. Экинчиден, бала, адаттагыдай, чатактыгынан ыйлабай, же курсагы ачкандыктан, же төшөгү суу болуп эти ачышкандыктан, же бир жери ооругандыктан ыйлашы мүмкүн. Ошондуктан ата-энелер алдын ала бардык камылгаларды көрүп, баланы тынчытууга аракет кылуулары керек. Бул үчүн, анчалык оңой болбосо дагы, баарынан мурда баланын эмне үчүн ыйлап жаткандыгынын себебин билүү зарыл.

Ата-энелерге арналган китепчелерден биз кээде эмизе турган убак боло электе эле ыйлаары менен колго алып, эмчек берип сооротууга каршы чыккан пикирлерди кезиктиребиз. Буга макул болууга болобу? Бир жагынан алып караганда гана. Баары шартка байланыштуу болот. Мисалы, эмчек ээмп жаткан бала кандайдыр тоё эме албай калып, кайра келип эмизгенге чейин курсагы ачып ыйлаган учурлар болот эмеспи. Бул биз айтып өткөн шектүү инструкцияны колдонуп жүргөн ата-энелер болсо, баланы чыркыратып жалгыз таштап коюп, эчтеке болбойт, ыйласа кайра чыйралат деп ойлошот.

Баланы колго алып сооротуу деле мына ушунун эле өзү. Балким, кандайдыр бир себеп менен бала ооругандыкты сезип жаткандыр (көп баскандан чарчагандыр же чыны менен эле бир жери ооруп жаткандыр), ал эми колго ала койсо тып басылып, тынчып калат. Ушинткен эмне жаманбы?

Албетте, ар жолу ушунун эле өзүн жасап, күндөн күнгө кайталай берүүгө жарабайт, бирок ушул талапты гана колдонуп, ошо менен чектелип калганда да болбойт. Дайыма баланын кандайдыр ыңгайына караш керек. Чоң киши деле бирдемеге наараазы болуп, жаны жай таппай убараланат эмеспи. Ал жаткан жеринен күйпөлөктөп тура калып, басып бараткан жеринен отура калып жана дагы ушу сыяктуу карбаластаган кыймылдарды жасайт. Ушинтип ал өзүн тынчытууга аракет кылат.

Мындай бир окуя болгон эле. Жаш эрди-катын 11 айлык уулу менен Москвадан Минскиге келишти. Бала ыйлаак эмес, абдан оюнкарак, чыйрак болгон. Ал уктаар алдында эч качан ыйлаган эмес. Ал эми биерге келгенден бери тынчы кетип, уктабай убара кылат. Көтөрүп жүрүп уктатайынчы деп, күйөөсү баланы колуна алат. Бирок аялы, китептердеги көрсөтмөлөргө моюн бербей, анын көтөрөйүн дегенине каршы чыгып туруп алат, ал тургай чатак салат. Ошондо эрди-катындын жаңжалына кийлигишип, күйөөсүнүн баласын уктатууга аракет кылганы туура эле, мында жаман эчтеке деле жок, анткени бала мурда уктаар алдында тынчы кетип ыйлачу эмес экен да, бул жолу атасы көтөрүп жүрө турсун: балким, ал баланын батыраак тынч алуусуна жардам берээр, деп пикир айтууга туура келди.

Бир азга ойлонуп туруп, аялы биздин пикирибизге макул болду. Атасынын колундагы бала үч мүнөттөн кийин эле уктап калды. Ал баласын этияттык менен кичинекей керебетке жаткырып койду. Ушинтип атасы дагы 1—2 жолу көтөрдү, анан андан ары уулу атасынын жардамысыз, өзү эле керебетте уктап жүрдү.

Баланын уктаар алдында тынчы кеткендигинин себеби башка шаарга келип, үй-бүлөнүн үйрөнүшкөн составынын өзгөрүлүшүнөн болду окшойт. Москвада ал, адаттагыдай, энеси менен гана болуучу, а биерде

болсо атасын да корду — ошон үчүн бала атасы менен көбүрөөк бирге болгусу келди окшойт: буга чейин ал керээли кечке кызматта болчу эмес беле. Өзүнүн каралашкандыгы, камкордугу жана көңүл койгондугу менен уулуна жаңы психологиялык шартка көнүгүп кетүүгө жардам берип, атасы абдан туура кылды.

Ириде баланын өмүрүнүн биринчи жылдарында эле анын нерв системасында бүт келечекки психикалык иш-аракетинин негизги элементтеринин даярдыгы жүрөт: кишинин жаратылышка жана адамдарга кандай мамиле кыларын бара-бара аныктай турган өбөлгөлөр иштелип чыгат, деп жазган болчу К. Д. Ушинский. Бейжай аялдын баккан баласы да бейжай болот деген бир ырым-жырымга ишенгендик бар,— деп айткан ал,— бирок бул анча деле ырым-жырымга жатпайт. Албетте, буркан-шаркан түшүп албууттанган аялдын сүтү балага зыян келтиргени менен, бейжайлыгы сүтүнөн жукпайт, бирок жүргөн-турганы жаман бейжай аял баланын сезимине каардуулуктун же коркоктуктун үрөнүн сүтү менен сеппестен кыжырланган мамилеси менен себет.

Баланын адамдарды көз карашына жараша айырмалап, аларды баамдай билүү жөнүндөгү түшүнүгү тили чыга элек кезинен тартып эле түзүлө баштаарын жана анын ушул түшүнүгүнүн пайда болушуна баштатан көп көрүп көнүп калган адамдардын мээримдүүлүгү зор таасир тийгизип, жүрөгүндө жылуу сезим калтыраарын, ал эми бул сезим болсо анын келечекте адамдарга жасай турган мамилесинин уюткусу болуп калаарын унутпоо керек. Эгер эркелеткен биринчи жакын адамынын жүзүнөн дайыма мээрими төгүлүп турса, анда, албетте, баланын багы ачылганы ошо. Демек, жаш эрди-катын бул учурда бири-бирине өзгөчө көп көңүл койгондук жана сыйлагандык менен мамиле кылууга тийиш. Күйөөсүнүн чыдамкайлыгы, токтоолугу жана өз жары — жаш эне жөнүндө көргөн камкордугу, аялын ашыкча күйпөлөктөп кетүүдөн сактап, үйдө жалпы жакшы маанайды жана моралдык канааттангандыкты түзүү үчүн, бул учурда бөтөнчө болууга тийиш. Кыскасы, баланын энеси өзүн бактылуу сезгидей куунак болушу керек. Жаш эненин ушундай жалпы көңүлү жай турмушта жашашы кандайдыр анын сүтү

аркылуу, балага берилгендей сыяктуу, ал шайыр, бактылуу жана гумандуу болуп өсөт.

Баланын тилинин чыгышына жараша аны адептүү кылып тарбиялоону ишке ашыруу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөр да акырындык менен көбөйө баштайт. Ошондуктан бул жашында баланы улууларды, алардын эмгегин жана эс алышын сыйлоого тарбиялап, аны башкалар жөнүндө камкордук көрүүгө үйрөтүү өтө маанилүү. Мисалы, бала оюнчугу менен полду такылдатса — астында кишилер турат, такылдатып алардын кулагынын кужурун алган жакшы болбойт деп, ага түшүндүргүлө. Же эгер балдар тепкич менен чуулдап түшүп келатышса,— тепкич менен кыйкырбай тынч түшүп жүрүү керек: тегеректин баарында кишилер турат эмеспи, балким, кимдир бирөө жумуштан чарчап келип, эс алып жаткан чыгар, деп аларга эскертип айткыла. Буга бала абдан эле түшүнөт, анан ал эмне үчүн мындай кылуу жакшы эмес экендигин сезе баштайт. Акырындык менен бала жакшы-жаманды айырмалап билип калат. Түшүндүрүп айтуу балага тигил же бул шарттарда ал өзүн кандай алып жүрүүгө тийиш экендигине түрткү берет. Улам бир аракетин жакшы болсо мактап, жаман болсо айыптап, ата-энеси баласын анын кылган ишинин тууралыгын же туура эместигин сезе билүүгө үйрөтөт. «Сен бүгүн Сережага өзүңдүн велосипедиңди тебүүгө уруксат берип, азаматтык кылгансың, мунуң жакшы»,— дейт.

Мектепке чейинки жаштагы балдар жүрүш-туруштун моралдык нормаларын активдүү өздөштүрө тургандыгын тажрыйба көрсөтүп отурат. Балдарда башка бирөө үчүн кандайдыр жакшы иш кылып берип көңүлүнө жагууну каалаган коомдук мүнөздөгү ынтызарлык пайда болуп турат. Алар чоң кишилер жана курбу-курдаштары менен болгон өз ара мамилелеринде, ошондой эле жомоктогу каармандарга карата болгон мамилелеринде белгилүү бир сезимдерин көрсөтүшөт. Эгер аңгемени угуп жатып, ким «жакшы», ким «жаман» экендигин түшүнүшпөсө, балдар наараазы болушат. Алар оң каармандарды дароо аныктоого умтулуп, аларды жакшы көргөндүгүн билдиришет жана терс каармандарды кескин айыпташат.

Мектепке чейинки жашында баланын Родинаны

сүйүү сезими ойгонуп калат; ак ниет чынчыл болуп, адамга урматтагандык менен мамиле кылуу керек экендигин ал түшүнөт. Албетте, бул түшүнүк өзүнөн өзү келе бербейт, ата-энелердин жана мектепке чейинки балдарды тарбиялоочу мекемелердин белгилүү ишинин процессинде бала тарабынан өздөштүрүлөт.

Ата-энелердин баары эле алардын баласы ыгы жок эрке, айтканга көнбөгөн кераяк болбой өсүшүн каалашат. Алар баласынын жароокер, ачык-айрым, бооруkер, эмгекти сүйгөн адам болуп өсүп келатканын көргүлөрү келет. Бул ой-тилектин чындыкка айланышы баарыдан мурда ата-эненин өзү менен байланыштуу болот. Эгер алардын балага, башка адамдарга жана бири-бирине болгон мамилеси көңүл коюучулук, камкордук, сезе билгичтик жана ошону менен бирге катуу талап кылуучулук менен айырмаланып турса, анда бала да мына ушу жакшы сапаттарга акырындык менен адат алып кетет. Ал эми эгер атасы жана энеси башкаларга жетишердик түрдө сезе билгичтикти жана көңүл коюучулукту, камкордукту жана талап кылуучулукту көрсөтө алышпаса, анда мындай ата-энелердин жүрүш-турушу бара-бара балага өзүнүн терс таасирин тийгизбей койбойт.

Мектепке чейинки жаштагы айрым балдар тегерегиндеги адамдарга карата болгон мамилелеринде дайым эле сыйлагандык сезим, сылыктык көрсөтө беришпейт. Такыр башка кылык-жоруктагы балдар да кезигет. Андайлар бири-биринин кыжырына тийип, кээде ал тургай өз курбу-курдаштарын, инилерин жана карындаштарын урушат, жаныбарларды жана курт-кумурскаларды кыйнашат. Мындай мүнөздүү балдар ушуга окшогон каталарды жиберип жаткан үй-бүлөлөрдөн кезиге тургандыгын изилдөөлөр көрсөттү. Куйругунан кармап тартышканда мышыктын чырылдап жаны ачып кете тургандыгын, канаттуулар кышында ачка болорун, эгер бутагын сындырып койсо, дарактан да сызылып суу чыгып жабыркаарын бала, мисалы, билбеши мүмкүн. Чоң кишилер балдарга бул жөнүндө дайыма айтышпаганы абдан өкүнүчтүү.

Чын жүрөктөн болгон мамиле, адамгерчилик, сезе билгичтик — баарыдан мурда балдардын ой-сезиминде калып алдыра турган сапаттар мына ушулар. Эгер баланы бардык тири жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө

карата мына ушундай камкор мамиле кылуу сезиминде тарбияласа, анда бул жакшы сезим бара-бара анын курбу-курдаштарына да, жалпы эле аны менен аралашып жүргөн адамдарга да берилет. Мындай бала жолдошун урбайт, жаман айтып начарларды кордобойт, ата-энесине күйүмү жок таш боор болбойт, анткени бирөөгө жаман айтса, анын зээни кейий тургандыгын билет.

Башка адамдарга гана эмес, ата-энесине да болгон мамилесинде өзүмчүлдүктүн, таш боордуктун белгилери балада кантип пайда болот? Баары кичинекей эле нерседен, мисалы балаңарга кашык менен тамак берип жатып, ал буламыкты жакшы жесин үчүн: «Буламык, жей гой, Сашенька. Көрдүңбү, мышык да буламык сурап турат, а биз ага бербейбиз. Сашенька өзү жеп алат»,— деп айта берме адатыңардан башталат окшойт. Энеси жерди тепкилеп мышыкты кубалайт, а Саша болсо качып бараткан мышыкты карап күлүмсүрөйт. Уулу кашыктагы буламыкты жутуп жиберет — энеси ошого ыраазы болуп калат. Мына ошол учурда баланын сезиминде, энеме жагып жаткандан кийин, эч ким менен эчтемени бөлүшүүгө болбойт турбайбы, деген түшүнүк пайда боло баштайт.

Ошентип энеси сөзүн улантат:

— Чоң эне дагы буламык сурап турат, биз ага бербейбиз. Кет, чоң эне, буламыкты Саша өзү эле жеп алат!

Чоң энесин го тамашалап кууп жиберишти, бирок Сашада: чоң энени деле көзгө илбей койсо болот турбайбы, деген ой туудурган дагы бир терс мүнөз пайда болду.

Эгер өмүрүнүн алгачкы айларынан жана жылдарынан тартып кичинекей бала өз энесин, атасын, чоң энесин сыйлап ызат кылууга үйрөтүлбөгөн болсо, анда аны курчап турган бүткүл дүйнөнүн борбору анын өзү эле болуп калат. Баланы эркине коюп, баарына макул боло берсе, баары тең ага жагынып, көзүнүн кареги менен тең айланып турууларын жакшы көрүп, оюндагысын бербеген чың тийбес эрке болуп кетет.

Арадан жылдар өтөт. Ошондо ата-энеси гана эмес, жакын туугандары да аны ушу өзүмчүлдүгүнөн жабыр тартышат. Албетте, уулунун же кызынын жаман жагына өзгөрүлүп кетиши алардын кичинесиндеги эрке-

лигинен болду деп эсептөөгө жарабайт. Бирок кийин ата-энелердин көзүнөн жашын агызган жаман кылык-жоруктардын көбү (баланын оройлугу, өзүмчүлдүгү ж. б.) ириде мына ушу эрке үйрөткөндөн башталат. Жүрүш-турушу бузулган бала, чоң эне менен эсептешпесе да болот, энени аябаса да болот, ал тургай жинге тийсе шалк эткизе жаакка чаап жиберсе да болот, деп ойлоого чейин барат. Анан дагы ата-энелеринен, мисалы, алардын акчасы жетпей турган костюмду сатып берүүнү талап кылып кыйнашат.

Адамдардын ортосундагы алгачкы коллективдүүлүктүн, өз ара жолдоштук мамилелердин өсүшү мектепке чейинки балдардын башка балдарга, өз теңтуштарына сыйлагандык менен мамиле кылууларынан негиз алат. Бул иш бала бакчаларда уюштурулат, бирок ата-энелер бала бакчага гана ишенип калбоолору керек. Үйдө да бул сапаттарды такай тарбиялоо зарыл.

Баарыдан мурда баланы тегерегиндегилерге жардам берүүгө умтулууга, башкаларга кызмат кылууга үйрөтүү керек. Бул: кокусунан кимдир бирөөнүн колунан түшүп кеткен буюмду жерден алып бере коюу, сумканы же таңгакты көтөрүүгө жардамдашуу ж. у. с. түркүн формаларда көрүнүшү мүмкүн. Ушунун баары кең пейилдиктин, кайрымдуулуктун жана адамдарга сыйлагандык менен мамиле кылуунун бир түрү болуп саналат. Бул максатта ата-энелер, мисалы, кечинде балдары бала бакчадан үйгө келишкенде кыймылдуу оюндарды уюштурушса же тегерете отургузуп алып, аларга кызыктуу жомок же аңгеме окуп беришсе, сейилге ж. б. жакка бирге чыгышса болот. Мындай бирге жүргөн учурларда балдардын жалпы кызыкчылыктары, коллективизмди сезе билүүсү, бири-бирин кадырлап сыйлоосу, өз турмуш-тиричилигинин коллективдүү формаларына умтулуусу калыпташат.

Тилекке каршы, баланы, башка балдар менен ойноп, оюнчуктарын алмашууга тыюу салып, башка балдардан обочо эле кармап тарбиялаган жакшы деп эсептеген ата-энелер да бар. Мындай энелер, балдар бири-бирин сыйлаганды жакшы көргөн конфет, печенье, жемиштерди башка балдардын колунан албай жүргүлө деп, өз балдарын алдын ала эскертип коюшат. Гигиеналык жагынан алып караганда, балким, мында кандайдыр маани бардыр. Бирок бул, баланын сези-

минде өз камын гана ойлоочулук, өзүмчүлдүк сыяктуу терс мүнөздүн пайда болушуна алып келе тургандыгын ата-энелер унутпоолору керек.

Ата-энеси балага кандайдыр бир сонун, таттуу тамак бергиси келип, аны үйдөгүлөрдүн баарынан өзгөчө жакшы көрүп бөпөлөгөндүн натыйжасында да өзүмчүлдүк пайда болот. Же мисалга алсак, ата-энелердин арасынан мындай бир көндүм адат көп учурайт: эгер бала бирдемеге чалынып жыгылып, бир жерин оорутуп алса, ошол бөгөт болгон нерсени ургулап калышат. «Ыйлаба, айланайын кызым, ушу таяк жаман экен, ээ,— деп энеси таякты ургулайт,— ушу сенин этиңди оорутуп койбодубу!» Кызы компоюп отуруп алып, аны туурап, ыраазы болгондук менен таякты ургулап жатканын карап, энеси жылмаят. Мында эки жагынан тең жаңылыштык бар. Биринчиден, эне ушинткени менен баланы башка бирөөгө залал келтиргенден канааттануу алууга үйрөтөт. Экинчиден, бардык чатак-жаңжалдын чыгышын өзүнөн эмес, ким болсо да башка бирөөдөн көрүүгө үйрөтөт. Өзүмчүлдүк мына ушундан башталат.

Адамдарга урматтагандык менен мамиле кылуу коммунисттик моралдын эң бир маанилүү талаптарынын бири болуп саналат. Бул урматтагандык адамга ишенич көрсөткөндүктөн, анын көз карашына ынтаа коюп мамиле кылгандыктан, адилеттүүлүктөн жана башка адамдардын укуктарын тааныгандыктан байкалат.

Уруксатсыз чоң кишилердин сөзүнө кийлигишпөөнү, жардам кылган бирөөгө ыракмат айтууну, алдынан чыкандарга жол берип жүрүүнү, сүйлөшүп жаткан учурда кыйшалактабай түз карап турууну, одоно болбоону, үчүн катуу чыгарып сүйлөбөөнү ж. у. с. талап кылган сылыктыктын жөнөкөй эрежелерин кичинекей бала да билүүгө тийиш. Сылыктыктын бул жөнөкөй жактарын өздөштүргөнү балдардын өз теңтуштарына болгон мамилелеринен да байкалууга тийиш.

Балдарды тарбиялоодо ата-энелердин өздөрүнүн көрсөткөн үлгүлөрү чоң мааниге ээ болот. Башкаларды туурап, ошолордон үлгү алуу — балдарга таандык өзгөчөлүк, ошондуктан алар көргөн-уккандарынын баарын катуу баамдап, губка сыяктуу өзүнө сиңирип алып турат. Ата-энеси бири-бирине, башка адамдарга

жана өз балдарына кандай мамиле кылгандыгына жараша, балдардын ой-сезиминде да оң же терс адептүүлүк сапаттар калып ала баштайт. Тилекке каршы, аталар жана энелер мындай мамилелердин белгиленген адептүүлүк нормаларын дайым эле сактай беришпейт. Кээ бир ата-энелер чоңоюп калган уулуна же кызына, ал тургай али кичинекей балдарына да кыйкырып-бакырып, алар угууга болбой турган жаман сөз менен тилдешет.

— Келесоо! Азыр сени сууга чөгөрүп өлтүрөм! Бас бери, иттин баласы! — бул үч жашар уулуна карата айтылган сөздү Н. Атаров «Кичинекей болгум келбейт» [1] деген китебинен келтирет. Ал андан ары төнөнкүдөй улантат:

«Кыйкырган үнгө бурулуп карадым: Москванын алдындагы кайыңдуу токойдо, чөмүч баш өскөн көлмөнүн жээгинде алкылдаган бир ажаан аял кичинекей, тармал чач, али чалыштап баскан үч жашар келесоону, анын кулагын кыпкызыл болуп кызаргыча чоюп бекем кармап алып, сууга алып келатат. Жок, ал жумуш иштеп чарчаган деле эмес, ал башка аялдар жана алардын балдары менен бирге «Фрунзе районунун эмгекчилеринин эс алуу зонасына» автобус менен келген. Азыр ал эс алып жүрөт, албетте, ал баласын сууга чөгөрүп өлтүрбөйт, бул жөн эле аны бир аз коркутуп коёюн дегени. Баласы дайыма анын ыңгайына карап, дайыма оюндагысындай болуп туруу үчүн эмес, ага куру эрмек болуп жүрүү үчүн же ачуусу келсе тилдеп жемелөө үчүн эмес, өзүнчө адам болуп өсүү үчүн туулгандыгын жана жанагинтип кулактан алып дикилдетип келатканында анын адамдык кулк-мүнөзү түзүлүп жаткандыгын ал түшүнбөйт. Эми ал кандай адам болуп чыгаар экен? Энеси эң бир жөнөкөй эрежелерди: бала менен эмне кылууга боло тургандыгын жана эмне кылууга болбой тургандыгын билет болду бекен? Мисалы, баланын эмчек эмгиси келип, эрип-эпчип ыйлаганы болбойт,— мында да адамдын кулк-мүнөзү түзүлөт. Жазалоо иретинде төшөккө жаткырууга болбойт. Ошондуктан кичинекей

---

[1] Н. А. Атаров. Не хочу быть маленьким. М. «Молодая гвардия», 1967, 25—26-бет.

баладан анын аткарууга алы жете тургандарды гана талап кылууга болот»[1].

Балага мындай мамиле жасагандан кийин анын адептүү жана камкор адам болуп өсүшүн күтүү кыйын.

Балдар жаман болуп туулушпайт, бирок ата-энесинин көрсөткөн күндөлүк жаман үлгүсүнүн таасири менен жаман болуп кетишет. Алар эчтемени унутушпайт, сөзүн унутушса да баары бир алардын ой-сезиминде терең из калат. Мына ушул калган издерден «анын ой-сезиминин уюткусу түзүлөт» (Ф. Э. Дзержинский).

Бала чак — бул турмушубуздун өзү, ал эми балалык жылдар болсо — адамдын күчүн сынап көрүү болот, деп айрыкча белгилейт Н. Атаров. Ошон үчүн биз, улуулар, балага турмуштан бекем орун алып чыйралып өсүүгө жардам беришибиз керек. Мейли алар али анчалык күчүнө кире элек дейли, каршыдан соккон шамалга туруштук бере албай калтырашканы эч нерсе эмес, бирок адам эми өз ордун таап, өзүнүн чоң турмуш жолун издей баштады. Аны ошо түз бараткан жолунан адаштырбайлы.

«Балдарды көзгө илбей коюга болбойт,— деп жазат Я. Корчак,— алар деле биздей адамдар, бирок түшүнүгү башка, турмуш тажрыйбасы башка, ар нерсеге кызыгуулары башка, ар нерсени сезе билүүлөрү башка. Эсиңде болсун, алардын бул касиеттери канчалык өскөндүгүн биз билбейбиз». Ошондуктан ата-энелер, балдарынын татаал духовный дүйнөсүн түшүнүү үчүн, жаман жагына ооп эси жоктук кылып баратса алдын ала эскертип айтып, жакшы жагына өзгөрүлүп, жакшы мүнөздүү болуп баратса, ошо сапатынын өнүгүшүнө багыт берүү үчүн, дайыма аларды көз жаздымынан кетирбей, жүргөн-турганына чейин билүүгө милдеттүү. Баланы чындыкты баалай билүүгө гана эмес, жалган айткандын бетин ача билүүгө да, сүйүүгө гана эмес, жек көрүүгө да, урматтого гана эмес, жаман көрүүгө да, бирөөнүн пикирине макул болууга гана эмес, кыжырданууга да, баш ийүүгө гана эмес, чечкиндүүлүк менен каршы чыгууга да үйрөтүү керек, деп көрсөтөт Я. Корчак.

---

[1] Н. А. Атаров. Не хочу быть маленьким. М., «Молодая гвардия», 1967, 25—26-бет.

«Адамгерчиликке, чын жүрөктөн болгон мамилеге, боорукердикке, сезе билгичтикке — жамандыкка каршы багытталган бул моралдык иммунитетке,— деп жазган В. Сухомлинский,— адам алгачкы бала кезинде жакшы жүрүш-туруш мектебенен, чыныгы адамдык мамилелердин мектебинен өткөндө гана барып ээ болот, жакшы үй-бүлө гана, бири-бирин чын дили менен сүйгөн эки жүрөктүн — атасынын жана энесинин бекем адамдык союзунун көрүнүктүү үлгүсү гана бала үчүн мына ушундай турмуш мектеби боло алат» [1].

Балдардын улууларды урматтагандыгы алардын тил алчаактыгынан байкалат. Бала өмүрүнүн биринчи жылынан тартып эле «болот» жана «болбойт» деген сөздөргө түшүнүүгө тийиш. Бул талаптарга балдар бат эле көнүп калышат да, ошол айткандарды туура баамдай билүүгө үйрөнүшөт. Бирок уулун же кызын эмне кылууга боло турганды жана эмне кылууга болбой турганды баарына үйрөтүү үчүн ата-энелер өздөрү жүргөн-турганы, кылган иши жагынан дайыма балдарына үлгү болуулары керек. Чынында эле, өзүбүз тамекини таштабай туруп, тамекинин зыяны жөнүндө уулубузга айтсак болобу? Өзүбүз жаман адаттардан арылбай туруп, өз ич ара мамилебизди оңобой туруп, анан кантип баланы жакшы сапаттарга үйрөтө алабыз?

Тарбиялоонун бул жагына Л. Н. Толстой да көңүл буруп келген. Ал мындай деп жазган:

«Бүт тарбия иши ар кимдин жакшы жашашын, б. а. ар кимдин өзүнчө аракет кылып алгалап жылып, тарбия-таалим алышын көздөйт. Мына ушу касиети менен гана адамдар башкаларга таасир этип, тарбия беришет, баарыдан мурда алар өздөрү менен күндөлүк байланышта болгон балдарга тарбия беришет. Жана андан ары:

«Ата-энелер өз кемчиликтерин оңобой гана тим болбостон, кайра ошо кемчиликтерин кемчилик катары санап мойнуна албай актанып, өз билгенин бербейт, ал эми балдарынан болсо мындай кемчиликтерди көргүлөрү келбейт, балдарга тарбия берүүнүн кыйынчылыктарынын баары мына ушундан келип чыгат. Кыйынчылыктын баары жана кемчиликтер менен күрөшүүнүн

[1] «Литературная газета», 3-июнь, 1965-ж.

баары мына ушунда. Адептүүлүк жагынан балдар чоң кишилерге караганда алда канча байкагычыраак келет, ошон үчүн алар бул байкагычтыгын билгизбей туруп эле, ал тургай ошону өздөрү сезбей туруп эле, ата-энелеринин кемчиликтерин гана эмес, кемчиликтердин баарынан жаман жагын — ата-энелеринин эки жүздүүлүгүн да байкап, аларды мурдагыдай сыйлабай, алардын берген тапшырмаларынын баарына көңүл кош карап калышат».

Албетте, баланын көзүнчө байкоостон айтылган ар бир жаман сөз акыры жүрүп отуруп анын терс сапаттарга көнүгүшүнө алып келет деп айтууга да жарабайт. Уулуңар же кызыңар өздөрү турмуштан дагы көп нерселерди көрүп, акылы кирет, а балким кийин ата-энесинен да мыкты болуп өсүшөт. Бирок ар ишке тыкан мамиле кылуучулук сыяктуу сапаттар, же болбосо, тескерисинче, тарбиясыздык, оройлук үй-бүлө жашап жаткан психологиялык атмосферага байланыштуу болот.

Эгер ата-энеси баланын жолдон тайып бараткандыгын байкабай жүрө берип, уулу же кызы жүрүш-турушу жагынан терс сапаттарга көнүгө баштаса эмне кылуу керек? Мындай иште шалк эткизе чаап, урупсогуу жардам бербейт. Балдарды өзүн кандай алып жүрүүгө акырындык менен үйрөтүп, алардын кайсы кылганы туура жана кайсы кылганы туура эмес экендигин чыдамкайлык менен далилдеп айтып, ынандыра билүү керек. Баланын жүргөн-турганынын баарын көрө билүү керек, бирок дайыма эле анын артынан аңдып баарын байкай бербей, ыгы жок ашыкча акыл-насаат айтуудан качуу керек. Бул, ата-энелерден абдан токтоолукту, чыдамкайлыкты, духовный күчтү талап кылган кыйын жана узак жол. Бирок ошонун эсесине ал, шексиз, баланын ой-сезиминде оң сапаттардын иштелип чыгышына алып барат.

Ак ниеттүүлүк жана чынчылдык ар бир адамдын ажырагыс өзгөчөлүгү катары балдар менен сүйлөшүп түшүндүрүү жолу менен гана эмес, балдарды ар нерсеге ак ниет мамиле кылууга көнүктүрүү жолу менен да калыптанат. Мындай өзгөчөлүктү тарбиялоого баарыдан мурда бул түшүнүктөрдү жеңил формада ачып көрсөткөн жана дайыма балдарда белгилүү бир се-

зимдерди ойготкон кызыктуу жомоктор, кыска аңгемелер жардам берет.

Мектепке чейинки жаштагы балдарда да ак ниет жана чынчыл адамдын мүнөздүү белгилери жөнүндө, дайыма чынын айтуу зарылдыгы жөнүндө түшүнүктү, өз кылмышын (күнөөсүн) мойнуна ала билүүнү, уруксатсыз башка бирөөлөрдүн буюмдарын албоону ж. у. с калыпташтыруу зарыл. Бирдемени ачык эле сурап алуу — бул ак ниеттүүлүк экенин, ал эми башка бирөөнүн буюмун эч ким көрбөй турганда алып алуу — ак ниетсиздик экенин балдар түшүнө билүүгө тийиш.

Кээде ата-энелер, балабыз кичинекейинде чын айтып жүрүп эле, азыр анын калп айтканын көп укчу болдук дешет. Мындай чындыгында болот. Бирок мунун себеби ата-энеси мурда баласынын кээ бир учурлардагы терс кылык-жоруктарына анча маани бербей келишкендигинде болуу керек. Калп айтууга түрткү бере турган шылтоо балада аз болгон. Улам чоңойгон сайын, өз каалоолоруна туруштук берүүгө үйрөнбөгөндүктөн, ал эми кээде болсо жемелөөдөн же жазалоодон кутулуу үчүн бала калп айта баштайт. Мында түркүн себептер болушу мүмкүн. Бул, биринчиден, ата-энелердин өтө эле катуу талап кылуучулугу, жазаланып калбайын деп балдар мына ушундан коркушат да, калп айта башташат. Экинчиден, балдардын улуулары кичүүлөрүн калп айтууга мажбурлашат. Үчүнчүдөн, ачык-айкын мисал: балдар ата-энесинин ортосундагы өз ара мамилелеринен ак ниетсиздикти ж. д. у. с. көрүп турушпайбы.

Эгер бала атайылап калп айтып келсе, анда бир жолкуга ачууланбай эле, бирок олуттуу көз караш менен мындай кылуу жарабастыгын, жаман кишилер гана ушундай боло тургандыгын катуу түшүндүрүп, эми калп айтпассың деп ишенгендикти билдирип коюу менен чектелип калуунун өзү эле толук жетиштүү болот. Бул таасир этпей, калпын дагы кайталаса наразылыкты эми абдан катуу билдирип, кылган ишине карата болгон терс мамилени айтуу керек. Эгер ал дагы жардам бербесе, анда бала жазаланышы мүмкүн, бирок уруп-сокпой, кандайдыр бир убада кылып койгон жакшы нерседен кур калтыруу жолу менен жазалаган оң.

Кээде ата-энелердин, педагогдордун ынандырарлык түшүндүрүп айта албагандыгын (баланын сезимине тие албаганын), демек алардын аракети натыйжа бербегендигин айта кетишибиз керек. Андай учурларда таасир этүүнүн башкача ыкмасына өтүп, китептердин( аңгемелердин, жомоктордун) жардамы менен балада жакшы ой-сезимдин пайда болушун ишке ашыруу керек. Мына ушуга байланыштуу бир юрист-атанын кичинекей уулу менен сүйлөшкөнүн абдан жакшы көрсөткөн А. П. Чеховдун «Үйдө» деген аңгемесин силердин эсиңерге салабыз.

Жетиге чыккан Сережа жаман жорук баштады. Атасынан уруксатсыз эле тамекисин алып тартчу болду. Бир жолу тамеки уурдап жаткан жеринен атасына кармалып калып, тартып жүргөнүн аргасыздан мойнуна алат. Ошентип атасы уулу менен сүйлөшө баштайт.

«... Мен сенден муну күткөн эмес элем. Биринчиден, сеники болбогондон кийин «тамекини алууга укугуң жок болчу. Ар адамдын өзүнө тиешелүү нерселерди гана пайдаланууга укугу бар; эгер ал башка бирөөнүкүн алып жүрсө, ал жаман адам.

Экинчиден, сен тамеки тартасың... Бул абдан жакшы эмес... Тамеки ден соолукка чоң зыян келтирет, тамеки тарткан киши жашай турган жашына жетпей эле, эрте өлүп калат. Сага окшогон кичинекей балдарга тамеки өзгөчө зыяндуу. Сен чемирчек эле бойдонсуң, көкүрөгүң чабал, сен али күчүңө кире элексиң, ал эми чабал кишилерди болсо тамекинин түтүнү ого бетер кындыйтып, учук оорусуна жана башка ооруларга чалдыктырат. Мына Игнатканын байкеси учуктан өлбөдүбү. Эгер ал тамеки тартпаса, анда, балким, ушул күнгө чейин жашап жүрө бермек».

Серёжанын атасы юрист болгондугуна жана түркүн кылмыштардын бетин ачууга, түркүн кылмыштарды алдын алып болтурбай коюу чараларын көрүүгө жедеп машыккандыгына жана ошол ишке тең өмүрүн бергендигине карабастан, баланын алдында акылынан адашып калды.

Ал уулуна дагы эмне деп айтаарды билбеди:

«Кандайдыр сөзүн бүтүш үчүн, атасы Сережага мындан ары эч качан тамеки тартпайм деп чыныңды айтып, убадаңды бер деди. Сережа абдан жаккандык менен убадасын берди.

«Чын айтам! — деди Сережа үнүн созолонтуп, карандашын катуу баса кармап, сүрөткө үңүлө карап. — Чын ай-там! Чын! Чын!»

Баланын «Чын айтам» деп созолонуп чыккан үнүнөн берген убадасына туруксуздугу оңой эле байкалып турду. Атасынан ушинтип оңой-олтоң кутулганына Сережа ыраазы болуп, ичинен кымыңдай түштү»

Атасы болсо педагогика жагынан алсыздыгын мойнуна алып отуруп калат.

Бирок аңгеме ушуну менен бүтпөйт. Мында, балага мүнөзүнө жараша билгичтик менен мамиле кылып, анын ой-сезимине таасир эткидей сүйлөшө албаса, курулай сөз аз натыйжа берери гана баса көрсөтүлөт.

Атасы Сережага жомок айтып берип жүргөн, ал жомокторду күндөлүк окуялар менен, баланын кызыккандары менен, анын жүрүш-турушундагы жаңылыштыктары менен байланыштырууга аракет кылган.

«Эми угуп отур,— деп сөзүн баштады ал... — Бар экен, жок экен, илгери-илгери карылыгы жеткен, ак сакалы сеңселип көкүрөгүнө түшкөн, муруту кулагына жетип тикчийген бир падыша болгон экен. Ошентип, ал көз уялткан алтын сарайда туруптур, анын ушунчалык укмуштай коздугун мындан бил: күнгө чагылышкандагы түркүн түскө кубулуп жылт-жулт этип жаркыраганын айтып түгөтө алгыс суктанарлык элес калтырчу экен...»

Ал падышанын сарайын анын бактылуу турмушун аблан элестүү кылып, көркөмдөп көрсөтөт. Бирок жомоктун аягы аянычтуу болуп бүтөт:

«Картаң падышанын ордун баса турган мурасчысы — жалгыз уул болуптур. Куду сендей эле кичинекей. Жакшы бала болуп өсүптүр. Ал эч качан кежирленбеген, эрте жатып уктаган, столдун үстүндөгүлөрдүн эчтемесине тийбеген акылдуу бала болот. Анын бир гана кемчилиги — ал тамеки тартчу экен.

Сережа атасынан көзүн албай алайып карап, абдан берилип угуп отурду. Прокурор сөзүн улантып баратып токтой калып: эми эмне десем? деген ойго кетти. Ал дагы көпкө жомок айтып, акыры сөзүн мындайча бүттү:

— Тамеки тартканынан падышанын уулу учук ооруга чалдыгып, жыйырмага чыкканда өлөт. Аябай шалдырап карыган оорукчал абышка эч кандай жар-

дамсыз калат. Мамлекетти башкарууга жана алтын сарайды коргоого эч ким жок болот. Ошондо душмандар кирип келип, абышканы өлүтүрүшөт, алтын сарайды талкалашат, эми анын жемиш багында жемиш да, канаттуулар да, жадырап өскөн гүл да жок болуп, каңгырап ээн калат.

— Көрдүңбү кандай болот, тууган...»

Жомоктун мындай бүтүшү атасына бир чети күлкү келерлик, бир чети билбестик болуп көрүндү, бирок Сережага абдан катуу таасир этти: «... бир азга ал ойго батып караңгы терезени карап, анан селт эте түштү да, үнүн араң чыгарып:

— Мен эми тамеки тартпайм... — деди.

Анын сөзү чын дилинен чыккандыктан, ишенбеске болбоду».

Балдарга билгичтик менен абайлап мамиле кылуу кандай зарыл экендигин бул аңгеме ата-энелерге жана педагогдорго дагы бир жолу айгинелейт. Баары тең тарбиялануучунун тиешелүү сезимдерин — жаны ачыгандыгын, өкүнүч кылганын, кайгыланганын, ачууланганын, кыжырданганын ж. б. сезимдерин канчалык козгой ала тургандыкка байланыштуу болот. Мындай ыкма колдонууга баарыдан мурда жакшы китептер жардам берет, бирок, тилекке каршы, ата-энелер китептерди али дайыма пайдаланышпайт. Жакшы китеп баланын акыл-эс жана адептүүлүк сыпатын өстүрүп, кандайдыр калыпташтырат, анын акылын жана ой-сезимин байытып, түшүнүгүн кеңитет, турмуш жолун тандап алуунун үстүндө ойлонууга жардам берет. Дал мына ошондуктан Горький балдарды билим булагы болгон китепти сүйүүгө чакырган, билим гана адамдын көзүн ачып, ар кырсыктан куткарып кала тургандыгын, билим гана адамдарды духовный жагынан күч-кубаттуу, ак ниет, ар нерсеге терең караган акыл-эстүү кыла тургандыгын жазуучу бекеринен айтып келген эмес.

Окуганды үйрөнө электе эле бала китепке ынтызар болуп, кунт коюп сүрөттөрүн карайт, ага жомокторду, аңгемелерди, ырларды окуп берип жатышканда угуп отурганды жакшы көрөт. Жомоктор балдарды кубантат, ой жүгүртүп кыялга батууга, жамандык менен жакшылыкты айра билүүгө үйрөтөт, алардын духовный жагынан өсүшүнө жардам берет. Курчап турган

дүйнө балдарга түшүнүгү жеңил, алда кайда алып учкан кызыктуу формада баяндалат. Ошондуктан балдар орустун жана чет элдик жазуучу-жомокчуларынын жомокторун жакшы көрүшкөнү бекеринен эмес. Балдар «Буратинонун башынан өткөргөн укмуштуу окуяларын («Приключения Буратино»), Джанни Родаринин жана башка жазуучулардын китептерин абдан жакшы көрүшөт. Бала кезде жомок окуу менен турмуш-тиричиликке түшүнүүгө ынта койгон ой-сезимдер балдарга чоңоюп эр жеткенде да турмушта керек болот. А. Толстойдун «Алтын ачкыч» («Золотой ключик»), Юрий Олешинин «Үч күпчөк» («Три толстяка»), Николай Носовдун «Незнайканын башынан өткөргөн укмуштуу окуялары» («Приключения Незнайки»), Валерий Медведевдин «Баранкин, киши бол!» («Баранкин, будь человеком!») аттуу жомокторун, белорус жазуучуларынын жомокторун жана көп башка жомокторду балдар билбей коё албайт.

Балдар үчүн жазылган жомоктордо жана китептерде түшүнүгү жеңил формада патриотизмдин, Советтик Родинага берилгендиктин, жаңыны жаратуучу, чыгармачылык эмгекти сүйүүнүн идеялары ачып көрсөтүлөт. В. Баныкиндин «Шумкардагы» төрт күн» («Четыре дня на «Соколе») жана «Костик», В. Костюковскийдин «Күнгө баруу» («Поездка к солнцу»). «Анын аты Валерка» («Его зовут Валерка»), «Жердеги бир туугандар» («Земные братья»), М. Мусатовдун «Күзөтчүлөр» («Стожары»), «Бороон-чапкында» («На семи ветрах»), «Генка Пыжов — Братскиге биринчи болуп отурукташкан» («Генка Пыжов — первый житель Братска») сыяктуу чыгармалар жана башкалар өспүрүм балдар эмгекте, талбай изденүүлөрдө кандай чыйралып, кандай чоңоё тургандыгы жөнүндө баяндайт.

Жаратылыштын кооздугун жана жүрөк толкуткан кенендигин, өз жерибиздин тарыхын ачып көрсөткөн жана жаратылышты, өз крайыбызды сүйүүгө үйрөткөн Г. Скребицкийдин, Г. Снегиревдун, А. Ивановдун, М. Фарутиндин чыгармаларды балдарга абдан жакын.

Китептер балдарды революциянын жол башчысы В. И. Лениндин жана анын күжүрмөн шакирттеринин өлбөс-өчпөс иш-аракеттери менен тааныштырат.

Китептер кандайдыр бир болгон окуяларды гана

билдирип, балдарды билим менен байытып гана тим болбостон, ар нерсени ойлонууга ар нерсени сезе билүүгө мажбурлайт жана үйрөтөт. Алгачкы өспүрүм кезде окуган жакшы, кызыктуу китеп адамдын турмушунда негизги жол көрсөткүч, анын түпкү ой-максатына багыт бергич болуп калышы мүмкүн.

Мектепке чейинки жашында **балдарда татаалыраак сезимдерди жана түшүнүктөрдү** да, ошону менен бирге *Родинаны сүйүү сезимин тарбиялоо зарыл.* Бул сезим ата-энесине, өз үйүнө, кыштагына, шаарына карата болгон сүйүүнүн негизинде келип чыгат. Мына ошондуктан балдарды кичинесинен тартып эле жаратылыштын кооздугун көрө билүүгө, анын шаңдуулугун сезүүгө, аны суктанып кароого жана коргоого үйрөттүү керек буга жаратылыш менен байланышта болгондо гана жетишүүгө болот.

Биздин элибиздин баатырдык иши жөнүндө балдар үчүн түшүнүгү жеңил китептерди окуу, өткөн баатырдык мезгил жөнүндө аңгемелер, шаарга экскурсияга баруу, токойго, талаага, көк-жашыл тартып мелжиген шалбааларга сейилге чыгуу — ушунун баары тең балада Родинаны сүйүүнүн улуу сезимин пайда кылат.

Бул сезимди тарбиялоо коомдук менчикке абайлап мамиле кылууну калыпташтыруу менен тыгыз байланышта болот. **Балдарды оюнчуктарды бузбоого, клумбалардагы гүлдөрдү үзбөөгө, бактарды жана бадалдарды сындырбоого үйрөтүү керек.** Ушуну менен бирге эмне үчүн мындай кылууга болбой тургандыгын түшүндүрүп айтуу керек. Клумбадагы гүлдөрдү үзүүгө жана тигилген бак-дарактарды сындырууга болбойт, анткени, көк-жашыл тукабага бөлөнүп, жайнаган кооз гүлдөрүнүн жыпар жыты аңкыган паркка эс алып көңүл сергитип келүү үчүн көп балдар жана чоң кишилер барып турушат. Демек, жаңы өсүп келаткан жаш бак-дарактарды сындырып, гүлдөрдү үзгөн балдар — жаман балдар, себеби башка балдардын жана чоң кишилердин көңүлүн калтырып, алардын бейпил эс алышына кедерги болушат. Мына ушундай түшүндүргөндү балдар оңой өздөштүрүп, анан өздөрү башка балдарга гүл үздүртпөй, балдарды сындыртпай калат. Бирок жалаң гана түшүндүрүп айтуу аздык кылат, балдарды ошондой эле коомдук пайдалуу эмгекке тартуу зарыл.

Эгер жазында үйүңөрдүн жанында гүл тигип, бадалдар менен бак-дарактардын түбүн бошотуп жатышса же күзүндө өсүмдүк отургузушса, бул пайдалуу эмгекке өз балдарыңарды да тарткыла. Уулуңарга же кызыңарга кичинекей күрөк берип койсоңор — алар дагы силер менен бирге бак-дарактардын түбүн бошотушсун же бадалдарды отургузуп жатканда түздөп кармап турушсун. Бул жумушка балдар адаттагыдай өздөрү кызыгып барышат, бирок, тилекке каршы, ата-лар менен энелер өз балдарынын жардамдашууга дилгир койгонун көп учурларда этибарга алышпайт. Мында эң негизгиси — ата-энелердин өтө маанилүү тарбиялагыч учурду текке кетирип жүрүшкөндүгүндө болуп отурат. Бала гүлдөрдү, бадалдарды же бак-дарактарды отургузууга өзү катышкандан кийин, ал аларды үзүп-сындырбай гана калбай, тентек баланы да колунан кармап токтото турганына ишенүүгө болот. Ушинтип акырындык менен эң маанилүү сезим — курчап турган жаратылышка байлап мамиле кылуу сезими тарбияланат.

Мектепке чейинки баланы адептүүлүк жагынан тарбиялоонун башталышына бир кыйла көп көңүл бөлгөнүбүз кокусунан эмес: ата-энеси өз уулун же кызын мектепке бергенге чейии кандай тарбияласа, алардын билимге болгон умтулуусун, сергек акылын жана жакшы ой-сезимин кандай өнүктүргөн болсо, алардын окуудагы, адептүүлүккө адат алуудагы ийгилиги да мына ошого байланыштуу болот эмеспи.

Мектепке чейинки балдарга таасир этүү методдору менен ыкмалары кенже мектеп жашындагы балдарга таасир этүү методдору менен ыкмаларына көп жагынан туура келет. Кенже мектеп окуучусунун өзгөчөлүгү мына мында: мугалимдин, мектептин жана ата-энесинин таасирине ал бат берилет. Ошондуктан ата-энелер мугалим менен болгон тыгыз байланышты үзбөй, алар менен бирге өз балдарынын адептүүлүккө көнүгө баштаганын андан ары өстүрүп-өркүндөтүүгө жана жакшыртууга милдеттүү.

12—13 жаштагы өспүрүмдөрдү тарбиялоо андан бетер татаал болот. Кенже мектеп окуучуларынан өспүрүм бала, ага ата-энесинин же мугалимдеринин түздөн-түз таасир этиши жагынан алып караганда, анча тил алчаак эместиги менен айырмаланат. Өспүрүмдүн

өзүнө өзү өтө кызыгууну туудурган сырткы жана ички сыпатында байкаларлык жылыштар болуп турат. Калкан безинин катуулап иштеши бөтөнчө анын сезимин ойготуп, туталангыч кылат. Ал Мен деген сыймыгына чоң маани берип калат.

Өспүрүм бала, чоң кишилер бири-бирине кандай мамиле кылса, ал дагы чоң кишилер менен теңтуштарына ошондой эле олуттуу мамиле кылууга умутулат. Ал өзүнүн керектөөлөрү менен үй-бүлөдөгү мүмкүнчүлүктөрдүн туура келбегенин катуураак сезип кабылдайт. Бул жаштагы окуучунун мындай психологиялык абалы ичинен сызып кыжыр кайнагандыкты, туудуруп, кээде ата-энеси менен чатакташууга чейин алып барат. Ал эми ата-энесинин карамагынан чыкпаган бала болууга ыраазы болбой, али жетиле элек болсо да, өз алдынчалыкка умтулат. Ошондуктан анын бул өз алдынча болууга дилгир коюшу көп учурларда тоң моюндук кылып өз билгенин бербеген жаалдуу мүнөзгө айланат. Өспүрүм бала катуу айтып кагуулап буйрук кылганды, ыгы жок талап койгонду жаман көрөт жана ошону менен бирге өтүнүп сураганды чын көңүлдөн макул болуп аткарат, айткан кеңешти угат, анын пикири менен эсептешишкенге ыраазы болот. Өспүрүм баланын мүнөздүү бир өзгөчөлүгү: андан ыгы менен эмнени талап кылса да колунан келишинче аткарат, ал эми андан **кантип** талап кылганды билбей күпүлдөп кирсе, анын ачуусу келип, көңүлү калат. «Эр болсоң үйгө кечигип келип көргүн!», «Кыңк-мыңк этпей бас магазинге!» — жана дагы ушу сыяктуу катуу талап кылуулар балага терс таасир этип, жинин гана келтирет.

Өспүрүм балада уялуу сезими күчтүү өнүккөн. Ал тегерегиндегилердин пикирин абдан бат сезгич келет. Чоң кишилердин айыптоосунан коркуп, ал көп учурларда өзүнүн жакшы ой-сезимдерин: тегерегиндегилерге кайрымдуулугун, энесине карата болгон мээримдүүлүгүн ж. б. айтуудан уялат. Жана тескерисинче, оройлуктан уялбай, муну чоңойгондуктун белгиси деп билет. Ал тегерегиндеги адамдарды жана алар менен болгон мамилесин жактырып туруп эле, үлгү алууга туура келбегендигин байкар замат кайра иренжий түшөт. Мына эмне үчүн төртүнчү класста тил алчаак, элпек болуп жүргөн бала алтынчы класска барганда

күтпөгөн жерден үтүрөңдөп орой сүйлөп, сабактарынан эки алып келе баштайт. Ал эми ата-энелери болсо, баласынын бул өзгөчөлүктөрүн билбей, кээде анын духовный жагынан өсүп, өз алдынчалыкка умтулуп келаткандыгын байкабай, ал тургай уулун же кызын баягы эле кичинекейинде кандай көрсө, азыр деле ошондой көрүп, акыл-эс деңгээлинин өсүп, чоңоюп калышканына таң калышат. Бирок да мына ушу кечээ эле кичинекей көрүнгөндөр азыр билинбей чоңоюп, акыл кире баштады, алардын түшүнүгү кеңиди, демек, алар өздөрүнө башка мамилени талап кыла тургандыгы да, албетте, табигый нерсе. Мында эң негизги талап мына мында турат: аларды дагы өз алдынча адам катары таанып-сыйлап, алардын айткан пикирлери менен эсептешүү керек.

1968-жылы 9-майда «Комсомольская правдага» басылып чыккан кат мына ушу жөнүндө далилдеп турбайбы: «Мен бул жөнүндө жазгандан уялып, жүрөк заада болдум. Эмне кылаарымды билбей, абдан көпкө ойлондум. Мага силердин жардамыңардын кереги жок. Мен — абдан күчтүү кишимин. Мен өз алдыма мындай милдетти койдум: суунун асты менен жүрүүчү атомдук туюк кеменин капитаны болгум келет. Мындан шек санабай эле койгула! Бардык аракетти жасайм, бирок капитан болом. Мен сегизинчи класста окуйм. Бааларым — «4» жана «5». Алдуу-күчтүү болууга аракет кылам. Күрөшө келгенде класстагылар менен биз турган көчөдөгүлөрдүн далайын жыгам. Балдар менен ынтымагым жакшы, мени окуткан мугалимдер да мага жакшы мамиле кылышат. Согуш жөнүндө жазылган китептерди кызыгып окуйм, бирок мага Пушкин да, Шевченко да, Гоголь да жагат (өзгөчө «Тарас Бульба»), Войничтин «Сайгак», Фурмановдун «Чапаев», Шолоховдун «Тынч Дон» деген китептерин жакшы көрөм. Мен азыр 600 дөн ашык китеп окуп чыктым. Газета-журналдарды үзбөй окуйм. Горькийдин чыгармаларын бүт дээрлик жана Лениндин өмүрү жөнүндө окуп чыктым. Комсомолго өткөнү жүрөм. А комсомолец алдыңкы адам болууга тийиш.

Бирок мен өзүм жөнүндө эмес, апам жөнүндө, карындаштарым жөнүндө, атам жөнүндө жазгым келет. Баарынан да атам жөнүндө.

Биздин бүлөбүздө балдардан үчөө: менин атым

Владимир, анан дагы карындашым бар, ал мектепте окуйт, экинчи карындашым беште. Апам уборщица болуп иштейт, айына 60 сом алат. Атам шофер болуп иштейт, бирок азыр иштебейт — ичкиликке берилип кетти. Анын азабынан үйүбүздө мушташка чейин барган чыр-чатактар көп болот. Кээде ичерге тамак жок болуп калат. Мен го баарына чыдайм — турмушта ушундай чыдамкай болуунун да кереги тиет, бирок апам, карындаштарым кантет?.. Аябай ичип келгенден кийин дене-бою калчылдап турганын көрүп, атамды да аяп кетем. Мен аны жакшы көрөм, абдан жакшы көрөм. Ал эң мыкты шофер, машинаны сонун айдайт. Адамдарга боорукер, акыркысын аябайт. Мага эч качан кол тийгизип көргөн эмес, ичпей соо болуп турганында апама деле тийбейт. Мектепте окууңар кандай деп дайыма бизден сурап турат, окуп чыккан китеп жөнүндө айтып бергенибизди жакшы көрөт. Мага болсо ичпе, тамеки тартпа дейт. Мен тамеки тартпайм, ал тургай пивону да эч качан оозума алып көрө элекмин. Анын бир жүргөн кишилери мага стакан сунушканда: «Вовкага тийбе! Жаман нерсеге көндүрбөгүн...» — деп атам дайыма урушуп жиберет.

Ичпесең боло деп сурансам, ал мага: «Вовка, атаңды үйрөткүдөй сен али жашсың, билдиңби?» — деп коёт. Албетте, аныкы туура. Мен буга түшүнөм. Бирок эгер, айталык, коммунисттер болобу, же ал иштеген жердеги ОТКнын начальниги болобу, же милициянын начальниги болобу, айтор ошолор ага пиянкечтиктин зыяндуулугун түшүндүрүп айтышса, анан аны менен бирге ичип жүргөн кишилерге көңүл бурушса, атамды бузулуудан аман алып калууга болоор эле...

Атакем... эмгекте алдыңкылардан болушун көргүм келет, комсомолго өтүп жатканымда атаң ким? деген суроого уялбагыдай жооп бергим келет...

Владимир».

Ушинтип, сегизинчи класстын окуучусу мага эч кандай жардамдын кереги жок деп, деле ишенимдүү билдирет. Ал «Мен — абдан күчтүү кишимин»,— дейт. Анан ушу сөзүн бекемдеп, ынандырарлык далилдерди келтирет: жакшы окуйт, алдуу-күчтүү болууга

аракет кылат, балдар менен ынтымагы жакшы, мугалимдер да ага жакшы мамиле кылышат. Өспүрүм баланын психологиясындагы өзгөчөлүк ириде мына ушунда. Ал өзүнүн Мен деген сыймыгын бекемдөөгө умтулат жана ошого иш жүзүндө жетишүүдө. Ал өз жакындарынын тагдырына көңүл кош эмес, мына ушу келтирилген мисалдын негизги маанисин түзүп турат. Ошону менен бирге ал «атаңды» үйрөткүдөй сен али жашсың деп атасынын айтканын келтирет.

Эгер бул каттын мазмунуна ой жүгүртүп көрсөк, анда али «жаш» болгондугуна карабастан атасы баласынан үйрөнсө боло тургандай деген тыянакка келебиз. Кат, ата-энелер өз балдарына акыл-насаат айтып гана тим болбостон, алардан да ар нерсеге үйрөнүүлөрү керек экендигин көрсөтөт. Мына ошондо тынымсыз өсүп-өнүгүп жаткан балдарда адептүүлүк сапатынын калыптанышы шексиз туурараак мүнөздө жүрөт. Мисалы, чоң кишилердин: «Сен эми чоңоюп эле калдың, ошон үчүн мен сени менен кичинекей бала менен сүйлөшкөндөй эмес, эркек менен эркек сүйлөшкөндөй сүйлөшкүм келет»,— деп ишеним көрсөтүп айтканын өспүрүм балдар бекеринен ушунчалык уюп укпайт.

Албетте, ар бир өспүрүм бала кандайдыр өзгөчө, өзүнчө бир көңүлүнө жагарлык мамилени талап кылат, бирок мындай мамиле жасай билүүнүн жалпыга таанылган принциптерин өспүрүм балдардын баарына колдонсо болот. Сүйлөшө билүүнүн ыкмасы ар түркүн: жылуу-жумшак гана болбостон, катуу талап кылуучу мүнөздө да болушу мүмкүн. Бирок уулунан же кызынан катуу талап кылуучулуктун корс этип бир тийип кагып-сокконду менен эч кандай жалпылыгы жок.

Баарынан да ата-энелердин балдарын уруп жазалоого колу барганы коркунучтуу, таяк жеген өспүрүм баланын жини кайнап, эмне кылаарын билбей далбас урат, аябай көңүлү калып, ичи муздайт, жек көрүү сезими мына ушундан улам пайда болот. Мында кеп баланын этин оорутуп жанын кейиткенде эмес, анын өз керт башынын адамдык сыймыгын кордоп кемсинткенде болуп жатат. Кагып-согуп, уруу чаралары баланы кандайдыр теске салганы менен, баары бир мындай катуу таасир этүү эмне себептен зарыл болгондугуна аны ынандыра албайт. Уруп жазалоонун өзү эле акыры жүрүп отуруп жакшылыкка алып барбайт, ал жа-

лаң гана жаман натыйжаларды берет. Ата-эне уулун же кызын күчкө салып тил алчаак кылып ала алат, бирок алар өөдө карай албай кирбик болуп, ачуусун ичинде түйүп, ындыны өчүп калат. Ал эми акыраяккы үчүнчү натыйжа болсо ата-энелер үчүн андан бетер кайгылуу болуп калышы мүмкүн, бул С. Сережа менен болгон окуянын мисалынан көрүнөт (атасынан таяк жегенден кийин ал үч күнгө кетип калат, кайтып келгенде: эгер эми тийчү болсоң,— биротоло үйдөн чыгып кетем, деп атасына эскертип айтат. Ушинтип, бул каршылашуудагы «жеңиш» өспүрүм тарапта болуп калат).

Тарбиялоо максатында уруп жазалоону колдонуунун зыяндуулугу талашсыз.

Өспүрүмдүн ой-сезиминде Мен деген сыймыгынын бекем орун алышы анын дагы бир өзгөчөлүгү менен байланыштуу болот. Ал ашыкча текшерип сурай бергенди, улам эле андай жүрбөй, мындай жүр деп тыюу салганды, ыгы жок камкордукту жакшы көрбөйт. Мына ушунун баары тең анын аң-сезиминде ага ишенбегендик, анын адамдык сыймыгын кемсинткендик, анын өз алдынча ой жүгүртүп, бир чечимге келүү укугун тангандык катары бааланат. Ошон үчүн өспүрүмдүн тынчы кетет, анткени ал мындан бир гана нерсени: чоң кишилер аны мурдагыдай эле кичинекей деп эсептеше тургандыгын көрөт.

Өспүрүмдөрдүн чоңоюп калгандыгын ырастагансып, аларга болжолу төмөндөгүдөй кайрылган ата-энелердики абдан туура:

— Мына, Валерий, сен эми V класстасың, кичине эмессиң, тыкан болуп, өз алдынчалыкка үйрөн. Ушу күнгө чейин мен сага көз салып, окууңу текшерип жүрдүм, азыр антейин деген менде ниет жок. Эми күндөлүк расписание түзүп алып, ошонун так аткарылышын өзүң байка. Өз убагында сабактарыңды даярдоого, эс алууга, уктаганы жатууга, анан эртең менен кечикпей эрте туруп жүрүүгө аракет кылып көр.

Бул уулунун же кызынын көңүлүн көтөрөт, ишеним көрсөтүп, өз алдынчылыкка көнүп калышты деп эсептешкенине алар ыраазы болушат. Албетте, анткени менен алгачкы күндөрү өспүрүмдүн өз күн тартибин кандай аткара баштаганына ата-энелер байкоо жүргүзүүгө тийиш, бирок ал тартибин жакшы сактап, оңо-

луп кеткиче ага байкатпай карап жүрүү керек. Бала үзгүлтүккө учурап, тартибин бузушу да мүмкүн, бирок мындан коркпоо керек, тартипке көнө албай койдуң деп жемелеген да жарабайт. Бир аз убак өткөндөн кийин уулу же кызы ата-энесинин ишенимин актап, өз алдынчалыкка көбүрөөк көнүп калышат. Өспүрүмдүн артынан калбай катуу текшерүү мына буга гана алып барат: окуучу улам айтып турганга көнүп калып, өз жүргөн-турганына, кылган ишине жоопкерсиздик менен мамиле кылуу жагына ооп кетет.

Өспүрүм теңтуштарынын көзүнчө ата-энесинин аны өтө эле сылап-сыйпап эркелетип, үйрүлүп түшө бергенин жактырбайт. Бала III, IV класстарда окуп жүргөндө го ага ушундай мамиле кылууга чыдай тургандыгын, бирок андан өткөндөн кийин чыдабай тургандыгын ата-энелер билиши керек. Аталар жана энелер мына ушундан улам өздөрү үчүн тыянак чыгарууга тийиш.

Өспүрүм бала анын кемчилигин, оңоло албагандыгын айтып жемелей бергенге абдан катуу кайгырат. Мисалы, ата-энесинин: «Калп айта турганыңы мурда эле билгем!», Жаман кылыктарыңан башка мен сенден эчтемени күтпөйм», «Сенин оңоло турган кейпиң жок!» — деп күпүлдөгөнү өзгөчө өспүрүм баланын көңүлүн оорутат. Кээде аталар менен энелердин оозунан чыгып кетүүчү мына ушу жана ушуга окшогон айыптоолор зыяндан башка эч жакшыга алып барбайт, анткени баланы басмырлап, анын ичин муздатып жатпайбы.

Өспүрүм балада тырышчаактык, эмгекти сүйүүчүлүк, чыдамкайлык, максатка умтулгандык сыяктуу сапаттарды тарбиялоо анын кенже мектеп жашындагы балага караганда тереңирээк жана башкачараак өнүккөн кызыкчылыгынын пайда болушу менен тыгыз байланышып турат. Өспүрүм бала кээде бир нерсеге ушунчалык катуу кызыккандыктан, окуусунан да өксүп калат. Эгер, мисалы, уулу же кызы китепке бир берилип алышса болду, түнүчүндө деле, танаписте деле, ал тургай сабакта отурганда деле окуй беришет. Бул жаштагы балдардын кызыкчылыгы ар түркүн болушу мүмкүн, ошон үчүн ата-энелер кээде уулунун же кызынын китеп окууга абдан берилип кетип, сабак бышыктоодон өксүгөнүнө чочулабай эле коюулары ке-

рек. Өспүрүм баланын кызыкчылыгынын көп түрдүүлүгү менен күрөш жүргүзбөстөн, ага мына ошо кызыккандарынын ичинен көңүлүнө жана жөндөмүнө жакынырагын табууга жардам берүү керек. Өспүрүм баланын бир нерсеге кызыкканына, сүйгөн ишине кандайдыр колдоо көрсөтүү үчүн, аны үй-тиричилик тапшырмаларынан бошотуп, чуру-чуу түшүү же бөлмөдөгү адат алган тартиптин бузулушу түрүндөгү кээ бир ыңгайсыздыктарга чыдап эле убакыт бөлүп, сүйгөн иши ж. у. с. үчүн жабдылган атайын орунду уюштурууга жардам берүү зарыл.

Балдардын аң-сезимин бир калыпка келтирүүдө фильмдерди көрүүнүн, китеп окуунун чоң мааниси бар, бул болсо фильмдердин жана китептердин каармандарынын айрым адептүүлүк сапаттары жөнүндө баа берүү пикирлери үчүн негиз болуп кызмат кылышы мүмкүн. Бирок да, балдар менен кинофильмдердин жана китептердин каармандарын талкуулап жана ушунун негизинде белгилүү бир тыянактарды жасоо менен, өз ой-пикирлерин айта электе эле балдардын мына ушу тыянактардын артынан ээрчип ойлонуусун талап кылууга болбойт. Анткени бул баланы ата-энелери менен бирге отуруп китептерди жана кинофильмдерди талкуулоодон иренжитип коёт. Мында маанилүүсү башкада — балдарды мына ушу тыянактардын үстүндө ойлонуп, ошолорго түшүнүүгө мажбурлоо керек.

Тилекке каршы, ата-энелер гана эмес, көп учурларда мугалимдер да билип туруп же билбей туруп эле балдарды бири-бири менен кандайдыр ыгы жок үлгүдө салыштырып киришет. Мына, мисалы, П. Николайга кандай мүнөздөмө берилген: «Коля жөнөкөй жүрөт, өзү токтоо, тырышчаак, сылык, эмгекти сүйгөн бала, ал эми В. Толяга болсо жөнөкөйлүк жетишпейт, анчалык тырышчаак эмес, борумдуу бешмант кийип алып мектепке келе берет. Ал мектептин формасын барк албайт» ж. у. с. Мындай салыштыруулар көп учурларда ата-энелерди чочутат. Чынында кантип эле Николай жөнөкөйлүгү жана мектептин формасын кийип жүргөндүгү үчүн Толядан мыкты болуп кетсин? Айтор, балдардын өздөрү кандай болсо, аларды деле так ошондой кабылдап, жаңылбай байкай билиш керек, б. а. ар бирөөнүн өзгөчөлүгүн көрүп, жакшы

жагын баалай билиш керек жана, албетте, баланын мүнөзүн өзгөртөм деп кур убара болуп кандайдыр бир башка үлгүгө салып салыштырбастан, анын начар жагын да эске ала жүрүш керек.

Баланын мүнөзүн өзгөртүү — бул жаңы идея эмес жана эчак эле сунуш кылынган, бирок өткөндөгү эң белгилүү педагогдордун баары тең тарбиялоонун мындай системасын айыптап чыгышпады беле. Көрүнүктүү советтик педагог А. С. Макаренко да бул системага таптакыр каршы чыккан.

Ар адам — өзгөчө, кайталангыс болуп жаралат.

Эгер Толя 17 жашында өзүнүн сырткы көрүнүшү жөнүндө камкордук көрсө, аны жүрүш-туруштун адептүүлүк нормаларынан абдан четтеп кетти деп айтууга болобу? Жок, болбойт. Бирок анын мүнөзүндө терс белгилер болгондо дагы, Толянын өзүнө таандык жакшы жактарын, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн да көрө билиш керек, ошондо башка балдар менен салыштыруу анын чыйрак, жетик болуп өсүшүнө түрткү берет. Айтмакчы, ыгы жок эле акыл-насаат айтып, кылт эткендин баарын үйрөтө берген ата-энелер мына ушундай теңештирип салыштыруулары менен балдарын ыйлатууга чейин алып барып, жакшылардан болууга койгон дилгирлигин мокотуп, алардын көңүлүн катуу оорутушат. Бирок да ушундай балдар жана кыздар, бардык сабактардан төрт жана беш деген бааларды ала албаганы менен, баары бир түпкүлүгү мыкты балдардан болушу мүмкүн.

Биз Ч. Валерий деген баланы билчү элек, энеси аны кошунасынын баласы менен салыштырып, төрт жана беш деген баалары аз болгондугу үчүн кулагынын кужурун алып жемелей берчү экен, бирок ал сонун бала болчу: мамилечилдиги, боорукердиги, ачык-айрым, ак көңүлдүгү менен айырмаланчу. Валерийдин курбу-курдаштары көп болгон. Жаңы эле техникумга кирип окуй баштаганында математикадан кыйналып жүргөнү, ошондой болсо дагы өзү менен мектепти бирге бүтүп, анан техникалык окуу жайына кирип, ушул эле сабактан артта калып келаткан курдашына колунан келген жардамын аябаганы эсибизде. Энеси болсо анын кемчиликтерин гана көрсөтүп урушуп, уулун далай жолу ыйлаткан, бирок баланы маселени ийгиликтүү чыгаргандыгы менен куттуктап коюну, заче-

тун же экзаменин жакшы тапшыргандыгы үчүн мактап коюну эч билчү эмес.

Биз көрүп тургандай, өспүрүмдүн рухий дүйнөсү өтө татаал келет, ошондуктан, бул жаштагы балдарда адептүү мүнөздү туура калыпташтыруу үчүн ата-энелер көптү билиши керек.

Алгачкы жаш кез (16—17 жаш) балдардын духовный дүйнөсүнө өзүнчө бир жаңы сезимдерди кийирет. Алгачкы жаш кез үчүн, мисалы, балдар талаш-тартышка, өз көз караштарын далилдөөгө жана коргоого даяр туруп, ошого шыктуу экендиги мүнөздүү. Алар ар нерсеге негиздүү, ынандырарлык далил келтирүүнү талап кылат. Өспүрүмдөргө салыштырганда уландар менен кыздар салмактуураак келип, өздөрүн жакшыраак тута билишет.

Жаш кезде ар ким «өзүнчө сыймыктуу» болууну, өзү эмнеге керек экенин билүүнү, турмуштан өз ордун табууну эңсейт. Уландарда: «Мен эмнеге жарайм?» «Эмне үчүн жашайм?» деген суроолор туулат. Ырас, көп учурларда алар өздөрү эмнеге керек экенин иш жүзүндө издебей, өзүнчө терең ойлонуудан, жаштык кезге таандык болгон өзүнүн Мен деген сыймыгын өзгөчө жогору коюп, өтө эле эргип кыялдануудан издешет. Бул жөнүндө уландар менен кыздар өздөрү баарынан жакшы баяндап билдиришкен. Мына «Комсомольская правдага» жазылган каттардын бирөө [1]:

«Канткени менен мен эмнеге жарайм? Эмне үчүн жашайм?» деген суроо ойлогон ойду бийлеп, жүрөктүн тынчын алат.

Эртедир-кечтир адамдар: мен тиричилик турмушта жашап жүрбөймбү,— деп баары бир ойго батпай койбойт. Кызыктуу нерсе — мына жашап жүрөм, бар болгону ушу: басып жүрөм, көзүм менен карайм, көөнүмө жакканды сүйөм. Башкалар да ушундай. «Мезгил, закымдап учпай токточу! Адамдар, бир азга токтой туруп, эмне үчүн жашап жүргөнүңөрдү жана ошо жашооңор канчалык маанилүү өтүп жатканын айтып бергилечи!» — деп өкүмдүк менен катуу кыйкырып айтса болор эле.

Кандай жашоону бизге белгилүү даңкы чыккан адамдардан үйрөнүү керектигин далай жолу угуп, ку-

---

[1] «Комсомольская правда», 24-сентябрь, 1968-ж.

лагыбыз каныкты. Буга макулмун. Бирок жашоону үйрөнүү өтө кыйын экен.

Чыдоого мүмкүн болбой баратса да чымырканып бекем тиштенүүгө, сай-сөөгүң ушунчалык катуу сыздап, жан-алакетке түшсөң да аябай тиштенип, кайра өзүңө өзүң: туруштук берем... деп айтууга туура келет. Кандайдыр жабышкак шорлуу кара тердин акканын эле байкайсың.

Жашоонун жакшысы мына ушу тер куюлган жерде, анын коолдугу, анын татынакайлыгы — ириде кишилердин кир болгон, одурайып-бодурайып тыурулуп кеткен колдорунда, жанагы иштегенде беттен ылдый томолонгон жабышкак тамчыларда болот турбайбы.

Терезеден шаарга көз чаптырып карагың келет трубалар сороюп чыгып турат, ары-бери машиналар ызгып жүрөт, алыскы тоо чокулары көгүлтүр тартып көрүнөт, асмандагы тарам-тарам кеткен жука булуттар батып бараткан күндүн шооласына кулпурат. Бул эмненин белгиси — тиричиликтинби? Баарыдан мурда — алга адымдоонун белгиси. Колуңдан канчалык келсе, ошончолук, ал тургай андан да көп пайда келтире турган жакты көздөй алга адымдоонун белгиси ириде мына ушу болот».

Ооба, алгачкы жаш кезде адам көп тынчсызданып, көп ойлонот. Турмушта болуп жаткандардын баары тең биздин уландарыбыз менен кыздарыбыздын тынчын алат, алардын ой жүгүртүүлөрүндө көп жетилгендиктер бар. «Жашоону үйрөнүү өтө кыйын» экенин алар эми түшүнө баштады. Чоңоюп келаткан балдарды тарбиялоодогу ата-энелер менен педагогдордун жоопту ролу мына ушундан улам келип чыгат. Бул ролду жакшыраак аткаруу үчүн, ата-энелер балдардын алгачкы жаш кезиндеги турмушунда болуп туруучу өзгөрүүлөрдү терең ойлоштурууга, алардын ой-сезимдерин, умтулууларын, үмүттөрүн билип түшүнүүгө жана аларга эң бир этияттык, камкордук жана көңүл бөлгөндүк менен мамиле кылууга, жакындык ушунчалык керек болуп турган учурда, аларды өзүнөн обочолотуп жибербес үчүн, уландар менен кыздардын жүрөгүн толкуткан татаал маселелерди бирге отуруп талдап карап, бирге талкуулоого тийиш.

Бул жаштагы балдардын жүрүш-турушундагы кемчиликтерди оңоого ченемдүү сезим менен, алардын

адамдык баркын сыйлоо менен мамиле кылуу керек. Энеси менен ынсап жөнүндө сүйлөшкөнүн жетинчи класста окуган бир кыз, мисалы, мына кандайча баяндап жазат:

«Бир жолу мен мектептен келип, кубангандык менен:

— Эне, мен бүгүн эки алып калмак элем, бирок эбин таап, жакшы баа алмак болдум,— дедим.

— Ии, кандайча?

— Бизде контролдук иш болду. Мен маселени чыгарган жокмун, бир барак кагаз да тапшырбадым. Кийинки сабакта ошо баракты сууруп чыктым да, баарын чыгарып жазып койдум. Танапис болгондо лаборанткадан менин ишимди жалпы жыйылып турган барактардын арасына салып коюусун сурандым. Ал адегенде мага макул болбой койду эле, мен көзүмөн жаш алып ыйлап да жибердим... Ушунчалык бактылуу сезе түштүм дейсиң, эне!

— А сенин уятың барбы деги?

Мен унчуга албай калдым, анткени ошондо да, азыр да уят жөнүндө ойлогон жокмун.

— Мен сенин ордуңда болсом билбегенден кийин ынсап кылып, эки алып чыга берет болчумун.

— Эмне кылышым керек эми?

— Абийириңе жараша иштегин. Абийир жөнүндө ашык жолу ойлонуунун залалы тийбейт,— деп энем жооп берип, бөлмөдөн чыгып кетти.

Мен китеп текчесине басып келип, энциклопедиялык сөздүктү алып, керектүү бетти ачтым: «Абийир — бул өз кылган иши үчүн коомдун алдында моралдык жактан жоопкерчилик сезими...»

Аңгыча болбой энем кирди:

— Ээ, кызым, эгер сен абийир деген эмне экенин энциклопедиялык сөздүктөн издесең, анда экөөбүздүн ишибиз жаман. Сөздүктү ордуна койгун да, кел отур, тамак ич.

Бир нече мүнөт өттү — мен ээгимди тамакка тийгизе албай койдум. Кандайдыр бир нерсе тынчымды алып, кыйнап жаткансыды.

— Сенин кылган ишиң жөнүндө балдардан кимдир бирөө билеби?— деп сурады энем.

— Эч ким билбейт.

— А мен, кемчилигиң калкалаган жаман жолдошторуң бар го деген ойго кетпедимби».

Ата-энеси тарабынан болгон мындай мамилени балдар алгачкы жаш кезинде жогору баалашат. Мында күпүлдөп катуу сүйлөгөн одонолук да жок, зыгырып акыл-насаат айтуу да жок, бирок кызынын адептүүлүк жагынан туура эмес кылган ишине терең талдоо жүргүзүү бар. Бул айтылган сөз анын ой-сезиминде из калтырбай койбойт, деп ишенүүгө болот. Жана ошол эле убакта одонолук, камкорсуздук жаман натыйжаларга алып барат.

Адам алгачкы жаш кезинде, чоң кишилерге окшоп, курчап турган дүйнө менен көп сандаган байланышы болбойт, ошондуктан ал өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгүлөргө көз каранды экендигин көп учурларда сезе билбей, мындай түрдөгү көз карандылыкты өз эркиндигине жолтоо болот деп эсептейт. Өмүрүнүн бул мезгилинде ар бир жаш жигит бардык жагынан турмуш жолун тандап алуу алдында турат: ал өзүнүн адептүүлүк идеалын айкын белгилеп, кесибин тандап алып, өзүнө өмүрлүк жолдош табышы керек. Мына ушунун баарын ишке ашыруу, албетте, оңой-олтоң эмес, абдан татаал жана абдан кыйын, ошон үчүн турмушта мындай кадам шилтөөдө шек саноочулук, олку-солкулук, ыргылжың болуу табигый нерсе, демек, адамдын мындай жасаган аракеттеринен жаңылыштык кетиши да мүмкүн.

Өмүрлүк жолдош табуу барып турган чоң, сонун сүйүү сезими менен байланыштуу болот, ал сезим жаш кезинде адамдын эт-жүрөгүн алеп-желеп кылып таттуу кыялга батырып, тынчын алат. Мына ушу жетилип калган кезинде балдар бардык жагынан өтө эле тандагыч келет. Алардын өзүнчө коздукту сезүү жөндөмдүүлүгү менен кулк-мүнөзү түзүлө баштайт. Алар өз көз караштарынын тууралыгын курбу-курдаштарына далилдөөгө аракет кылып, бири-бири менен көп талашып-тартышат, анан мына ушундай талаш-тартыштарда баарыдан мурда өздөрүн өздөрү ынандырышат.

Алгачкы жаш кезде өз кадыр-баркын жогору коюу сезими күчөгөн болот, ошондуктан байкоостон оздон чыгып кеткен ыгы жок сөзгө, кыйкырып катуу айтканга капа болгон уландар менен кыздар таарынычын оңой менен кечиришпейт.

Ата-энелер менен педагогдордун адилеттүүлүгүн, адептүүлүгүн, ак ниеттүүлүгүн, сөзгө чебердигин жана оюнун тереңдигин алар баарынан жогору көрүп баалашат. Алар ата-энелеринин адепсиздигин жана оройлугун кечирбей гана койбостон, аларды айыптап, жек көрүү менен кабылдашат. Жогорку класста окуган бир кыз өз ата-энеси жөнүндө мына эмнелерди жазып жиберген: «Энем ушундай акылдуу, жакшынакай, сулуу аял болуп туруп, өз оюндагысын бербеген тоң моюн, корс этип бир тийген орой жана туруксуз атамды кантип сүйүп калганын көп ойлойм. Ал жолдош кыздардын мага келишкенин жаман көрөт, ошондуктан менде эч качан эч ким болбойт. Ал богооз сөздөн кайра тартпай, оозуна эмне келсе, ошо менен тилдеп коё берет.

Бир жолу энемден: атам мурда деле ушундай беле деп сурасам, баш ийкеп жооп берди. Анан кантип ага сүйүп кошулдуң эле деп сурасам, унчукпай койду. Бирок жаш кезиңде эмне үчүн аны менен ажырашып кеткен жоксуң деген суроомо, ал: сени атасыз калтыргым келген эмес деп жооп берди.

Менде эмне ата барбы?

Мен атам менен эч чечилип сүйлөшө албайм, ошондой эле энем менен да чечилип сүйлөшпөйм. Ал мага кандайдыр алсыз, аянычтуу болуп көрүнөт. Кээде ушу энем менен бирге отуруп алып ыйлагым келип кетет, кээде туруп ага жиним да келет: атам урушуп зээнин кейитсе да болбой, эртеси эле күнү кайра аны менен сүйлөшүп, деле эчтеме болбогондой тамагын алдына коюп, ага баарын жасап калат!...»[1]

Ооба, өзүмчүл, адепсиз, күпүлдөгөн орой ата-энелердин мындай жоруктарын балдар эч кечирбейт. Алар ата-энесине өзүнүн ой-сезимин ишенип айта албайт, бул жашында ушунчалык татаал болуп, аларды толкундаткан маселелер боюнча да кеңеш сурап кайрыла албайт.

Адептүүлүк жөнүндө алардын ойлогон ойлору, алар өздөрү жазгандай, тереңирээк болуп калат.

«Жакында эле, сабакта отурганыбызда советтик адамдын моралдык сыпаты жөнүндө сөз болгондо, мен

---

[1] Л. Григорян тарабынан жыйналып, «Неделяга» басылып чыккан чыгармалардан.

муну көбөйтүү таблицасын же суффикстердин жазуу эрежелерин кандай кабылдасам, ошондой эле кайдигер кабылдап жүрчүмүн. Адегенде математиканы өздөштүрүү керек, андан кийин катасы жок кылып сабаттуу жазганды билиш керек. Анча көп ойлонуп турбастан Корчагин, жаш гвардиячылар, Горький, Фучик жөнүндө айтылган негизги ойлорго ичимен макул болуп, бул жакшы деп, ал эми агрессорлор — бул жаман деп, анан курулуштар жөнүндө болсо — күндөлүк эрдик көрсөтүү деп, ал эми мещандык — бул эскичилик деп кабылдадым.

Азыр мен андан да көпкө түшүндүм: Сайгак, Матросов, революциянын идеялары, курулуш романтикасы — бизди сүйүүгө жана жек көрүүгө мажбурлаган, күрөшүүгө үйрөткөн, ак ниеттүүлүккө жана кайраттуулукка үйрөткөн, бизди чыныгы адамдардан кылып тарбиялаган мына ушулар.

Биз грамматиканы баштан-аяк өтүп бүттүк, жогорку математиканын элементтери менен, философиянын негиздери менен таанышып жатабыз, «Моралдык кодексти» жатка билип алдык. Бир жарым айдан кийин өз алдынча турмуш жолуна түшөбүз. Кандай даярдык менен?

Бул курулай суроо эмес. Ленин гимназияда окуп жүргөнүндө эле элдердин тагдырын ойлоно баштаганын, Маяковский биздей кезинде революция ишине катыша баштаганын, Гайдар бүтүндөй полкко командалык кылганын, Тюленин баскынчылар менен болгон күрөштө өмүрүн бергенин мен билем. Жаштардын аң-сезимдүү күрөшүнүн мындай мисалдарын көп келтирүүгө болот. Азыр башка убак. Бирок эгер колума граната алып же кылыч алып биздин душмандарыбызга каршы ачык согушка чыксам, мен бактылуу болоор элем. Эгер муну бүгүн баштоо керек болсо, мен бүгүн баштайм.

Мектептин расписаниеси боюнча эле биз аң-сезимдүү адамдардан болуп кала албай тургандыгыбыз жөнүндө унуттууга жарабайт. Учуру келгенде биз дагы турмушту окуу китептердеги парграфтар боюнча гана кабылдап калбайбыз. Бирөөлөрдө мындай турмушту сезе билгичтик эртерээк өнүксө, башкаларында кечирээк өнүккөн болот.

Бизди али кагылып-согула элек жаш балдар, кыз-

дар деп эсептешет. Мейли. Жаман менен жакшыны, чындык менен жалганды бири-биринен айырмалай албагыдай, адилетсиздикти өз көзүң менен көрүп туруп унчукпай калгыдай, өзүңдүн жана башкалардын кылган ишине талдоо жүргүзгөндү билбегидей көп нерселерди байкабагандай кылып үйрөтүп окуткан эмес»[1].

Бул катта алтымышынчы жылдардагы жаш жигиттин духовный дүйнөсү, анын ой жүгүртүшүнүн тереңдиги менен жетилгендиги гана эмес, өнүгүү диалектикасы, көз карашынын жана адептүүлүк жагынан түшүнүгүнүн түзүлүшү да ачып көрсөтүлөт. Ата-энелер чоңоюп келаткан балдарына, алардын татаал духовный дүйнөсүнө жана ой жүгүртүшүнүн жетилгендигине көбүрөөк көңүл бөлүп, камкордук көрсөтүү менен мамиле кылуулары керек. Уулунун же кызынын духовный дүйнөсүндө болгон бул өзгөрүүлөр, алардын ой жүгүртүшүнүн жетилгендиги ата-энесинен баарыдан мурда балдарын сыйлоону, алардын жүргөн-турганына, кылган аракетине, умтулууларына бирге кеңешип отуруп баа берүү үчүн айткан ой-пикирлерин ынта коюп уга билүүнү талап кылат.

Кандай гана катта болбосун, ар адамдын өзгөчөлүгү айтылбай койбойт. Ошондуктан жогорку класстагыларды кантип тарбиялоо керектиги жөнүндө эч кандай жалпы колдонмо берилиши да мүмкүн эмес. Бирок бул каттар ата-энелерге бир нерсени: өз уулунун же кызынын керт башын баалап, сыйлоо керек экендигин тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Ата-энеси балдарын канчалык көп сыйласа, алардын ой-пикири, муктаждыктары менен канчалык көп эсептешсе, балдарынан талап кылууга атасынын жана энесинин моралдык жагынан ошончолук көп укугу болуп калат, балдары да улуулардын койгон талаптарына көп түшүнгөндүк менен мамиле кылып калат.

Мына дагы бир кат. Андан алгачкы жаш кезинде адамдын духовный дүйнөсү канчалык көп кырдуу жана татаал экендиги, өздөрүнүн ой жүгүртүүлөрүндө уландар менен кыздар кандай ар башка экендиги көрүнүп турат:

«Бул турмушта адамдын көңүлүн иренжиткен кандай гана учурлар болбойт дейсиң, аны айтып отуруу-

---

[1] Комсомольская правда, 27-сентябрь, 1968-ж.

нун кажети деле жок. Адабияттан үч алып калдым. Бирок бул мен адабиятка кызыкпайм дегендикке жатабы? Мен ага баарынан көп кызыгам. Окуучусунун оюнда эмне бар экенин мугалим күнүгө эле биле бербейт да. Мен жазуучуларга да, китептерге да, киного да, театрга да кызыгам. Акындарга гана кызыкпайм. Пушкинге кызыгар-кызыкпасымды кандайдыр ойлогон эмес экемин. Ал акын да, жазуучу да эмеспи, мындайча айтканда жанагы — прозаик, беллетрист. Деги үч алганыма таң калам, бирок андай баалар менде толуп кетти. Унчукпай, ичимен тымып таң калам, анткени үстүртөн караганда ошого татыктуу экенимди билем. Мугалимден баамды өөдөлөтүп коюп берүүсүн сурагып, артынан түшпөй жүргөнүмө чынында сыймыктанам. Ооба! Башкаларды карап көрсөң: жоо кууп келаткандай дегдеңдеп мугалимдин артынан чуркашат, жакшы баа коюп берүүсүн сурашып, жан-алы калбай аябай өтүнүшөт. Карап туруп тим эле жаман болуп кетесиң. Чыдай албай класстан чыга жөнөйм. Бул эми адепсиздик эмеспи. Ооба, ооба, адепсиздик. Ушундай деңгээлге чейин кантип өзүн кемсинтүүгө болот!

Ушинтип отличник болгондон көрө, үч алып деле жүрө берген жакшы эмеспи?[1].

Эң бир сонун көз караш, чын дилинен болгон ишеним жана үмүт менен жашоо сезими жаш чакта түзүлөт. Бирок адамдын жаш чагына турмуш тажрыйбасы гана жетишпейт. Бул тажрыйба ата-энелерде, мугалимдерде, улуу кишилерде болот. Ириде мына ушу мезгилде ата-энелер жана мугалимдер жаш жеткинчектерди өздөрүнүн турмуш тажрыйбасына үйрөтүү менен, алардын алда кайда алып учкан ой-тилегине орток болуп түшүнүк көрсөтүп, аларды турмуш кыйынчылыктары менен коркутпоого, аларды чын жүрөгүнөн чыккан боорукердик сезимин таш боор, кара мүртөз кылбоого аракеттенүүлөрү керек, бул өтө маанилүү. Бул учурда ата-энеси менен балдардын бири-бирин жакшы көрүп, ынак болушу баарынан чоң мааниге ээ болот, анткени кыйышпастык, ынактык гана уулунун же кызынын ички дүйнесүнө көз чаптырууга мүмкүндүк берет.

Кыздар энесине, балдар атасына ынак болуп, ичте-

---

[1] «Комсомольская правда», 24-сентябрь, 1968-ж.

ги сырын айтып чечилип сүйлөшөөрү белгилүү. Ата-энелерден уулунун же кызынын аларга карата болгон мына ушу ылымы жакындыгына өз убагында түшүнгөндүк менен мээримдүү мамилесин билдирип туруу талап кылынат. Уулунун атасына, ал эми кызынын энесине жакын болушу ата-энесине алардын ойлогон оюна жана кылган аракетине этияттык менен багыт берип турууга көмөк көрсөтөт. Бул жерден бир атанын баласы менен кызыктуу сүйлөшкөн сөзүн, алардын «Гражданин и семьянин»[1] деген китептен алынган каттарын мисалга келтирип айта кеткенибиз оң. Алардын бири-бирине жазган каттары бардык жагынан ата-энелер үчүн үлгү болорлук мүнөздө.

Атасы уулунун окуусуна абдан өкүнүп жүрдү: уулу төрткө гана окуганын, ал тургай кээде андан да төмөндөп барып, анан кайра оңолуп жүргөнүн, жакшылап тырышып окуса отличник болууга күчү жете турганын айтып беришти ага мектептен. Мунун себеби атасына белгилүү: уулу сабагын бышыктабай жүрө берип, анан учуру келгенде катуу киришет. Мисалы, акыркы эки күндөн бери Дж. Лондондун «Мартин Иден» деген китебинен башын албайт. Мына атасы уулунун жанына келип, китебин жулуп алат да, ачууланып мындай дейт:

— Деги мунун эмнесине түшүнүп жатасың? Эптеп эле убакыт өткөрөйүн деп окуйсуң да! Окууну болсо таштап койдуң. Тогузунчу класстасың эми, түшүнүшүн керек!

Башын ылдый салып, уулу эч үнчүкпады, чыдай албай эки бети албырып кызарып чыкты. Ал атасынын айткан пикирин абдан баалайт, ошон үчүн атасынын түккө турбайсың дегендей сөзүнө капа боло түштү.

— Болуптур эмесе,— деди атасы, уулунун ыйлап жибере жаздаганын сезе коюп.— Мен бир жумага командировкага кетип баратам. Апаң оорулуу болуп турат. Сен баш-көз болгун, мен сага ишенем. Мага кат жазсан болот. Мына адресим...

Ал Мишанын колун кыса кармайт, анан апасы менен коштошот да, кичинекей чемоданын алып, вокзалга жөнөп кетет.

---

[1] А. М. Гранина-Земскова. «Гражданин и семьянин». М., «Просвещение». 1967.

Керели-кечке Миша көңүлсүз болуп жүрдү. Ал аптекага барып дары алып келди, бала бакчага барып кичинекей карындашын да алып келди, оюнда атасына ал анчалык деле акылсыз эмес экенин далилдеп жатты. Кечинде баары уйкуга киргенде, ал колуна калам алып, атасына кат жазууга киришти:

«Ата! Унчукпай коё албагандыгыман сага ушу катты жазып отурам. Сен мени эчтеме кылганды билбейсиң, ал тургай китептерди да ары-бери окуп бүтүрө коюп, маанисин түшүнүүгө аракеттенбейсиң деп бекер эле жемелейсиң. Жок, туурасын айтканда анча деле бекер эмеско, чынында бул кемчилик менде бар, бирок, айталык, «Мартин Иденди» мен жалаң гана ары-бери окуй салбастан, көбүнө түшүндүм, көп жерине ортоктош болуп кошо кайгырдым. Мен жөн эле бул жөнүндө айтканды билбейм, кечээ кечинде, башканын баарын унутуп салып, катуу берилип окуп жатып, эмнени сезгенимди айтып бере албайм. Мен Мартинге, аны чын жүрөктөн сүйгөн досторунун арасында жүрсө дагы анын жалгыздыгына, анын сүйүүсүнө, билимге өтө берилгендигине түшүндүм. Бирок бул жөнүндө, айталык, жайланып тамак ичип отуруп сөз козгой кетүүнүн кажети деле болбос, ал эми ыгы келип, айткың да келип турган минуталар абдан аз болот. Кечкурун сыртка чыгып, серүүндөп бирге жүргөнүбүздүн баары, китептер жөнүндө, турмуш жөнүндө биздин сүйлөшкөндөрүбүз жакшы эле эсимде.

Жакында эле кандайдыр бир жолу мобу клубга баруунун кереги жок деп айткан болчусуң, ошо бойдон ал жакка барбай калдым. Мектепте болсо футбол да, волейбол да ойноп жүрөм.

Мага жооп жаз, анан батыраак кел. Апам тынчып уктап кетти, Лялька дагы уктаганы жатты.

Эми кош, ата. Сенин Мишаң».

Бул кат атасын таң калтырды. Куду жигит болуп калган турбайбы. Ой жүгүрткөнү да жакшы, демек, анча-мынчаны түшүнүп, талдай билет экен. Ырас, анчалык акыл кире элек, али бала эмеспи, бирок дээринде бирдеме бар... Бир аз убакытка болсо да серүүндөп бирге жүргөн күндөрүн уулу унутпай, ушунчалык баалаганы атасына абдан жакты, ошон үчүн ал аны ата катары гана урматтабай, ага түшүнө билген акылдуу адам катары да урматтоосун андан бетер каалап

кетти. Уулунун каты жаңы өсүп келаткан жеткинчектин чын ыкласынан чыккан түпкү ой-сезимин акырын ачып көрсөттү. Атасы ошо замат эле почтамттан уулуна жооп кат жазат (биз аны бир аз кыскартылган түрдө келтирдик):

«Кымбаттуу уулум! Мына мен да сенден өз алдыңча жазган биринчи катыңды алып, кубанып отурам. Эгер билгиң келсе, ириде азыр, ушу Ростовдун почтамтында отуруп, менин уулум чоңоюп киши болуп калганын, бат эле, абдан бат эле менин тун балам мага чыныгы бедел боло тургандыгын эми билдим. Анткени мындай кат жазуу жаш баланын колунан келбесин билем...

Сенин «Мартин» жөнүндөгү оюңа кошулам. Бирок эмне себептен апаң экөөбүздүн тынчыбыз кетип жүргөнүбүздү сен дагы, өз кезегиңде, түшүнө билгин. Адам канчалык көп жашаса, ал канчалык көптү билсе, өз керт башынан кеткен жаңылыштыктарын ошончолук даанараак көрөт, башка бирөөлөрдүн жаңылыштык кылышы мүмкүн экендиги ага ошончолук айкыныраак байкалат, жүрөк чыдабай кайгылануу мына ошондон болот. Ал эми ата-энелер үчүн балдарынын кетирген жаңылыштыгынан кайгылуу дүйнөдө эчтеме жок. Биз апаң экөөбүз силерди жалаң гана далай жыл түйшүгүңөрдү тартып, бар болгон күчүбүздү жумшап өстүргөн эмеспиз. Биз силерге бүт жан-дилибизди, бүт болгон сүйүүбүздү бергенбиз. Эгер силер биздин үмүтүбүздү актабасаңар, катуу кайгыга бизди мына ошондо саласыңар. Биз Лялька экөөңөн анча деле чоң эчтемени күтпөйбүз, сен андай ойлобо. Жок, биз жөн эле силерди дени-карды соо, ак ниет, чыныгы жакшы адамдардан болуп өскөнүңөрдү көргүбүз келет. Биз силердин өз турмуш жолуңарды таап алууңарды тилейбиз... Ар тараптан өсүп-өнүгүү керектигин унутуп салып, китеп окуганга өтө эле көп кызыгып бараткаsuccessfulныңды көрүп, биздин тынчыбыздын кеткен себеби да улам ошондон».

Андан кийин атасы, жаш чагында ал дагы «Мартин Иденди» окуганын, бечара-баатырларды жаман көргөнүн, ошон үчүн Дж. Лондондун китептерин жакшы көрүп окуганын мойнуна алат. Бирок «Мартиндин» такыр башка экенин ал азыр гана байкайт. «Мен анын ындыны абдан өчкөнүн, анын көңүлү катуу чөк-

көнүн, турмуш менен күрөшкүсү келбей калганын — ооба, ооба, уулум, как ошо турмуш менен көрүшкүсү келбей, чарчап бүткөнүн түшүндүм, анткени турмуш дегенибиз чырмалышкан жагдай-шарттар менен, өзүнүн адилеттиги, өзүнүн иши үчүн адамдар менен талбай күрөшүү болот, акыр-аягында, бул — өзү менен өзү, өзүнүн ой-тилектери менен дайыма күрөшүү болот... Бирок, мисалга алсак, Мартиндин кандай гана кыйын шарттарда болбосун балдарым үчүн жашашым керек дегендей мага окшоп балдары болгон эмес, менин аялымдай — сенин апаңдай жан жолдошу болгон эмес, акыр-аягында, Мартин биздикиндей сонун коомдо жашаган эмес.

Мен сага муну кайталап айткым келет: атаң менен апаң сенин үстүңкү эрдиңе кылтыйып түк пайда болуп мурут чыккансып келатканын көрүп, мурдагыдай көп акыл-насаат айтпай, тартынып калышат деп ойлобой эле кой. Жок, сен канчада гана болбогун, биз үчүн улуу балабыз, биринчи көргөн тун уулубуз бойдон кала бересиң. Ошон үчүн биздин айткан акылыбызды каршы болбостон угуп жүр. Ал эми сенин жашың, сенин улам өсүп келаткан акыл-эсиң мына ушу биз чочулагандыктан гана айтууга мажбур болгон акыл-насаатыбызды, турмуш жолунда кереги жок жаңылыштык кылбоо үчүн айткандарыбыздын кайсыларын кабылдоо керектигин билүүгө сага мүмкүндүк берет. Кереги жок жаңылыштык дегениме мен өзгөчө көңүлүңдү бөлгүм келет, анткени жаңылбаган адам болбойт. Ата-энеңин жаңылыш таасир этүүлөрүн байкай билип, ошого моюн сунуп кетпей, өзүңдүн кетирген жаңылыштыгыңды өз учурунда оңдоо гана чоң мааниге ээ болот. Курулай көйрөңдүккө салып бапырандап кетип, колуңдагыны түгөтүп алдан тайып отуруп калуу дагы оңолгус кырсык болот. Көңүлгө жакпаган, такыр эле башка кесипке туш келип калсаң—андай абалды да оңоп кетүүгө болот, бирок... ошонун эсесине жакшы көрбөгөн ишти иштеп жүрүп өмүрүңдүн көп жылын жоготуп аласың... Чын дилиң менен сүйбөй туруп же өз алдынча тың оокат кылып кетүүгө али жарай электе эле эрте үйлөнүү жагын алып карасак, мындан дагы оңолуп кетүүгө болот, бирок бул жүрөккө терең из калтыруучу өтө оор кырсык. Буга байланыштуу мисалдар көп. Мына ушуну унутпа.

Бирге серүүндөп жүргөнүбүз менин да эсимде, уулум. Дагы далай жолу бирге чыгып серүүндөп басабыз, ошондо көп нерселер жөнүндө пикир алышып сүйлөшөбүз. Азыр болсо апаңа көбүрөөк каралаш... мен келгиче, менин ордумду бас... Анан окууңа жакшылап катуу кириш. Азыр мен үчүн сенин ийгиликтериң өзүмкүнөн да кымбатыраак...» Андан кийин атасы, уулунун «али бүдөмүк болуп көрүнгөн...» жөндөмдүүлүгүнө көңүл бура баштаганын жазат.

«Ичим жылып кубангандык менен, эркекчесинен тең көрүп, өзүмдүн кичүү беделим, сенин колуңду бекем кыса кармайм. Сенин атаң»,— деп атасы катын аяктайт.

Бул эки каттан, эркектик ынак достук кандай чыңдалып өнүккөндүгү, бардык турмуш маселелери боюнча атасынын айткан ой-пикирлерин уулу кандай ардактаганы жана атасы уулун кандай чыдамкайлык жана акылдуулук менен тарбиялап келаткандыгы байкалат.

Ушинтип, жаш чак өзүнүн турмуш жолун табууга талпынат, жаш өспүрүмдөр бат эле чоңоюп, тең укуктуу болуп чоң кишилердин арасына кошулууну, алардын пикирлери менен да эсептешүүлөрүн, алардын оюнан чыккан акылын, сезген сезимин сыйлоолорун чындап каалашат. Чоңоюп бойго жетип, өз алдынча болуп турмуштан орун алуу жаштардын алдында турат. Ата-энелердин милдети, балдарын турмушка даярдоо менен, аларга бардык жагынан жардам берүү, алардын жаштыгын сыйлоо, алардын өз алдынчалыкка болгон укугун таануу болуп саналат. Мына ушунун баарын жакшыраак түшүнүү үчүн, өзүңөрдүн жаш кезиңерди, өзүңөрдүн өз алдынчалыкка умтулганыңарды, өзүңөрдүн сүйүүгө болгон укугуңарды эстеп көргүлөчү — ошондо силер балдарыңардын алгачкы жаш кезинин кандай өтүп жаткандыгына ошончолук жакшыраак, чыдамкайыраак жана көбүрөөк тилектештик менен мамиле кылып каласыңар. Силер дүйнөнү чоң кишинин көз карашы менен гана эмес, жаш баланын көз карашы менен да көрө билүүгө тийишсиңер.

## 2. Коммунисттик идеялуулукту жана көз карашты тарбиялоо

Коммунисттик идеялуулук дегенибиз — бул коммунизмге берилгендик, коомдун алдындагы өзүнүн милдетин түшүнө билүү, коллективизм, гуманизм, социалисттик патриотизм жана интернационализм сыяктуу белгилердин адамдагы биримдиги. Тарбия берүүнүн милдети, мына ушу сапаттар тарбиялануучунун мүнөздүү белгиси болуп калышына, анын чындыкка болгон мамилесин, анын жүрүш-турушун айкын бир калыпка келтиришине жетишүүдө турат.

Социалисттик коомдук түзүлүшкө карата болгон адамдын мамилеси, социалисттик Родинаны сүйүү, анын өнүгүшү жана гүлдөшү жөнүндө камкордук көрүү коммунисттик идеялуулуктун чордону болуп саналат. Өсүп келе жаткан жаш муундарды жогорку идеялуулуктун жана коммунизмге берилгендиктин духунда тарбиялоо—мектептин, үй-бүлөнүн, Совет мамлекетинин эң маанилүү милдети. Идеялуулук адамга өзүнүн турмушун коомдук турмуш менен тыгыз байланыштырууга жардам берет, ал эми бардык эмгекчилердин жалпы иши адамдын өз иши болуп калгандыктын аркасында анын турмушу байып, улам барган сайын көрүнүктүүрөөк жана кызыктуураак боло берет, мына ошонун өзү жүрөк толкуткан терең ой-сезимге батырат, деп айткан Н. К. Крупская.

Бирок адам баласы бир калыпка келген даяр көз карашы менен, айкын-ачык идеясы менен туулбай тургандыгы белгилүү. Бул идеялардын негиздери бала кезде, анан өспүрүм болуп чоңойгон кезде мектепте, ошондой эле үй-бүлөдө түзүлөт. Биздин өлкөбүздүн кызуу турмушу, ушу турмуш чагылдырылып жаткан радио, телекөрсөтүүлөр, китептер, журналдар жана газеталар да мына ушуга кызмат кылат.

Илимдердин негиздери окутулуп жаткан мектептен балдар жаратылыштын жана адамзат коомунун өнүгүү закондору жөнүндөгү биринчи түшүнүктөрдү алышат, аларда курчап турган дүйнөгө карата болгон белгилүү бир көз караш түзүлөт. Мектеп балдарга биздин өлкөбүздүн ичинде жана чет жерлерде болуп жаткан окуяларга талдоо жүргүзүп түшүнүп турууга жардам берет. Мектептен алган мына ушу билимдердин баары

теӊ илимий көз караштын негизи болуп кызмат кылат.

Бирок мындай көз караштын жана идеялуулуктун түзүлүшүнө баланын айланасындагылардын баары, мектептен тышкары жерлердө өзгөчө үйдө, үй-бүлө чөйрөсүндө анын уккан-көргөндөрү чоӊ таасир этет. Мында дайыма ар бир үй-бүлөдө баланын мектептен окуп-билгендери чын экенин далилдеп тура тургандай шарттын болушу өтө маанилүү. Мектептей эле, үй-бүлө да балдарын коммунисттик идеяларга, коммунизмдин жеӊишине ишенүүгө үйрөтүп, аларды өз көз караштарын дайыма коргой алгыдай сезимде тарбиялоого тийиш.

Балдарына кунт коюп, үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жүргүзүп келаткан ата-энелер алардын сүйлөшкөн сөзүнөн, кыймыл-аракетинен, ойногон оюнунан, сезимдеринен айлана турмушта болуп жаткан окуялардын улам көбүрөөк таасир этип жаткандыгын байкашат. 6—10 жаштагы балдар бардык окуяларды абдан тез кабылдагыч келет. Ошондуктан ата-энелердин милдети, балдарынын алдына кандайдыр жакшынакай, бийик максат коюуну сүйгөн асылзат сезимине ар тараптан колдоо көрсөтүп, аларга белгилүү бир идеялык багыт берип турууда болот. Мына ушинтүүлөрү менен ата-энелер балдарына турмуш жана эмгек жөнүндө, адамдардын ортосундагы өз ара мамилелер жөнүндө, совет адамдарынын биздин Родинабыздын байлыктарын көбөйтүүгө умтулушу жөнүндө туура түшүнүк түзүүгө жардам берет.

Бирок, ата-энелердин балдарына таасир этиши натыйжалуу болсун үчүн, эӊ маанилүү шарттардын бирин — баланы өз алдынча адам катары сыйлай билүүнү да бекем сактап, дайыма анын мүдөөлөрүнө жана муктаждыгына камкордук көрсөтүү менен, катуу талап кылып, туура пикирин айткан жакшы кеӊешчи болуу зарыл.

Бала деген оюнчук эмес. Ал тоскоолдук кылып жатса, аны күпүлдөп жемелөөгө жарабайт. Эгер сиз балаӊыз менен дайыма ынак жана өз ара ишенимде болгуӊуз келсе, сиз аны менен эсептешип, аны сыйлап, анын адамдык сыймыгын таанып жүргөнүӊүздү ал сезүүгө тийиш. Ошондо ал сиздин сыйлаганыӊызды баалай билүүгө тырышат. Бул балаӊыздын дүйнөгө

туура көз карашынын калыптанышындагы биринчи кадамы болот.

Курчап турган дүйнөнү баланын баамдап билиши ал бир жарым жашка чыккандан кийин: «Бул эмне? (ким?)», «Бул эмне үчүн?», «Эмне үчүн күн батат?» жана дагы ушу сыяктуу өзү көргөндөрү жөнүндө чоң кишилерден сурай баштаган учурунан тартып башталат. Ырас, балага кандай мазмунда жооп берсе да азырынча баары бир болот, ага жөн эле суроолоруна чоң кишинин жооп берип, аны менен сүйлөшүп жатканы кызык көрүнөт. Буюмдарды же окуяларды так айтып, мындай суроолорго туура жооп берүү зарыл, анткени мында баланын жаңы аттарды билүү менен сөз байлыгы гана көбөйбөстөн, белгилүү бир элес, түшүнүк да калыптанат.

Балдардын берген суроолорунан жөн эле курулай кызыккандыкты гана эмес, баланын курчап турган дүйнөнү билүүгө умтулгандыгын да көрүү керек. Бирок ата-энелер баланын зээндүүлүгүнө гана таянып, качан өзү суроо берээр экен деп күтүп жүрө алышпайт. Байкай билбегендиктен балдар көп нерселерге маани бербей жүрө беришет. Ошондуктан ата-энелер баланын көңүл буруусун, зээндүүлүгүн, байкагычтыгын, кыялга батып, ой жүгүрткүчтүгүн ойготуу үчүн анын алдына суроолорду көбүрөөк коюуга тийиш. Балдардын көңүл коюшу мындай суроолор менен багытталат: «Карачы», «Бул эмне?», «Угуп тур», «Бул кандай аталат?» ж. у. с. Ата-эненин баласынан ал мурда билгендер, мурда учураткандар жөнүндө да сураганы абдан жакшы. Мисалы: «Коля байке кайда турат?», «Ким эмне менен тамактанат?», «Мышык кантип мыёолойт?», «Ит кантип үрөт?» ж. у. с.

Балдардын турмушу ар түрдүү болот, алардын духовный дүйнөсү да бай келет. Кичинекей баланын улам жаңы өнөрү чыгып, ошонусу акырындык менен жүрүп отуруп акыры анын мүнөздүү адамдык белгисине айланат.

Балдарды баары тең терең толкутат.

Мына балдар бала бакчадан жолугушту дейли. Алардын балалык кызуу турмушу башталат, бул жөнүндө Б. Леонидова жакшы сүрөттөп жазган.

---

[1] Б. Леонидова. От понедельника до субботы. М., «Знание» 1968.

«— Менин космонавттар жөнүндө китебим бар!

— Мына эмесе! Карасаңар, Гагарин!

— Кел алмашалы: мен сага «мамалактын» фантигин берейин, сен мага китебиңди бер.

— Ооба сага! Китепти окууга болот, а фантиктин эмне кереги бар».

Тарбиячы аял балдарды батыраак чечингиле дейт.

«— Вера Петровна, сиз бизге космонавттар жөнүндө китеп окуп бересизби?

— Кандай болбосун окуп берем. Азыр чечингин.

— Вера Петровна, кайсынысы жакшы атылат: мылтыкпы же бардаңкеби?

— Мындай оюнчуктарды бала бакчага апкелбегиле деп, деги канча жолу айттым эле!

— Коля да тапанча алып жүрөт!

— Келе мага.

— Вера Петровна, анан кайра бересизби?

— Акыркы жолу берем. Дагы алып келсеңер — ыргытып жиберем, ушуну бир билип койгула.

Вера Петровна оюнчуктардын баарын жыйнай салып, алып кетет. Куралсызданган балдар анын артынан таарынып карап калышат.

— Витя, эмне үчүн тапанчаны да алып жүрүүгө болбойт.

— Анткени биз тынчтык үчүн күрөшөбүз, билдиңби?

— Вера Петровна болсо окуйт экен! Кечээ ал менин апама тарбиячылардын курсунда окуйм деп айткан.

— Ал ансыз деле тарбиячы эмеспи.

— Андан дагы жакшы тарбиячы болот.

— Ал азыр да жакшы тарбиячы.

— Анысын билем! — дейт Петя.— Эми ал ак көңүл боло баштайт.

Биздин жеткинчек жаш граждандарыбыздын ар нерсеге кызыгуулары жана ички дүйнөсү кандай ар түркүн экендиги мына ушу келтирилген балдардын сүйлөшкөн сөзүнөн көрүнүп турат. Алар космонавттар жөнүндө баарын билгилери келет жана алардын турмушу жөнүндө жазылган китептерди кайта-кайта угууга ынтызар болушат. Эмне үчүн бала бакчага оюнчуктарды — тапанчаларды жана мылтыктарды алып келүүгө болбойт, мына ушу маселе алардын тынчын

олат. Балдар чоң кишилердин аларга кандай мамиле кылганын укмуштай тез туйгучтугу жана сезгичтиги менен айырмаланышат.

Алар чоң кишилерден көп нерселер жөнүндө сурашат, бирок өздөрү жооп берүүгө аракеттенген суроолор да бар. Мисалы, Петя, тарбиячы аял ак көңүл болууга тийиш деп эсептейт. Анын бул пикирине макул болбой коюуга да болбойт. Мына ушинтип, көп түрдүү байланыштардын, социалдык тажрыйбанын негизинде мектепке чейинки балдарда ар нерсенин табигый жаратылышына болгон көз карашы, адамдык мамилелердин идеалдары, жакшылык менен жамандыкты айра билүү сезими калыптаншат.

Сүйлөшкөнүнөн, ойногонунан, кылык-жоруктарынан баланын бай ички дүйнөсү ачылып, анын адамдык мамилеси түзүлөт. Б. Леонидова балдар согуш оюнун кантип ойногонун, алардын ичинен Игорь аттуу бирөө кумга кантип жыгылып, бир азга былк этпей кыймылсыз жатып калганын сүрөттөп жазат. Башка балдар— Саша менен Вова — аны кош колдоп колтуктан алып сүйрөп жөнөшөт. Игордун башы алсыз шылкылдап барат. Тарбиячы аял чочуган бойдон алдынан чуркап чыгат.

Игорек, сага эмне болду?

Ошондо балдардын күлүмсүрөгөн өңүн көрөт.

— Ал жарадар болду!— деп түшүндүрөт Саша.

— Олда балакет баскырдыкы ай!— дейт тарбиячы аял айласы кетип.— Согуш ойнун ойногонду койсоңор боло!

— Бирок ал — Маресьев азыр буту жок болсо да учат эмеспи!— деп түшүндүрөт Вова.

Тарбиячы аял унчукпай колун булгап, отуруп калат.

Ооба, балдар кайраттуулукка үйрөнүү ойнун ойношот. Алар — жоокерлердин, адилеттүүлүк жана тынчтык үчүн күрөшүүчүлөрдүн балдары, небере-чөбөрөлөрү да,— деп Б. Леонидова баса көрсөтөт.

Ал эми бала бакчада өткөрүлгөн ракета учуруунун кызыктуу процессинде болсо, Б. Леонидова жазгандай, баланын жаратылышты сезүү жагы ачып көрсөтүлөт.

Күмүштөй жылтылдаган ракета акырын залга жылып келет да, ортого барып токтойт. Кичинекей эшиги

ачылып, андан космонавт көрүнөт. Бул күчтүү таасир этет. Балдардын баары жан-алы калбай кол чабышат.

Космонавт көрүүчүлөрдү тегерете айланып чыгып, ракетанын сүрөтү тартылган жылтылдаган целлофан пакеттерине салынган белектерди аларга таратып берет -- «космостон» келген белектер ириде мына ушундай болууга тийиш.

«Сашанын кубанычы койнуна батпады. Жогорку группадагылар ага сыймыктанышты. Ортоңку группадагылар аң-таң болушту.

Бирок көрө албастык кылган бирөө бар эле. Ал Игорь болчу.

— Анын эмнеси бар экен!— деди ал.— Менин деле колумдан келмек!

— Колуңдан келмекпи?! Космонавт кылып шайлашпагандан кийин кайдан колуңдан келмек!— деди Лена сөзүн бөгөп.

Ракетанын ичинде, түнт караңгыда жалгыз отуруу оңой деп турасыңбы?— деп кыйкырып жиберди Алеша кызууланып.

— Эми бу чыныгы ракета эмес да!— деп Игорь моюн бербеди.

— Чыныгы эмеспи? Сен эмне, чыныгы космонавттар дароо эле чыныгы ракетага түшүп учкан деп айткың келип турабы? Алар дагы адегенде ушинтип үйрөнүшкөн!

— Антпесе ракета жерге түшүп калмак!— деди Ирочка.

Алардын талаш-тартышы негизинен ушуну менен аякталат.

Анан Саша Вованын жанына келет да, аны менен саясат жөнүндө кеп козгойт.

— Эгер биз согушсак, баары бир Американы жеңип чыгабыз!

Бирок Вова азыр беште эле, ошон үчүн саясат менен анын али иши жок.

— Койчу ошо Американы,— деп жооп кайтарат ал.— Мен «Спартакты»[1] жактайм.

Көрдүңөрбү, балдардын ички дүйнөсү кээде биз ойлогондон да байыраак жана татаалыраак келет.

---

[1] Б. Леонидова. От понедельника до субботы. М., «Знание» 1968, 21—22-бет.

Кичинекей болгону менен, бала да дайыма өз алдынча ой жүгүртүүгө жөндөмдүү өзүнчө адам болуп саналат.

Биздин өлкөбүздүн жана планетабыздын тынымсыз кызуу турмушунда эмне болуп жатса, эмнени балдардын кулагы угуп, көзү көрсө, ошонун баары тең биздин Родинанын ар бир кичинекей гражданына өз таасирин тийгизбей койбойт. Ата-энелердин милдети мына мында: кичинекей балдар угуп отурганды ушунчалык жакшы көргөн китеп окуп берүү аркылуу, кечээли кечке ойносо да моокуму канбаган түркүн оюндар аркылуу, аларды ушунчалык кубанткан сейилдикке чыккан учурларда, силер менен бирге паркка, шаркырап аккан чоң суусу бар жерлерге, көлдүн жээгине, оюнчук саткан магазинге барган учурларда ар нерселер дүйнөсүнө карата болгон алардын көз карашын калыпташтыруу боюнча иш-аракетти үйдө да үздүксүз улантуу керек.

«Бала канчалык жашыраак болсо,— деп үйрөткөн В. Белинский,— анын адептүүлүк жагынан алган тарбиясы да ошончолук чын ниеттен чыккан тарбия болууга тийиш, башкача айтканда, баланын түшүнүгүнүн учуру келе электе эле өтө тез өнүгүшүнө эмес, көбүнчө адат алышына негизденүү менен ошончолук жакшы ой-сезимдерге, шыктуулуктарга жана жүрүш-туруштарга бет алды үйрөтө бербестен, көнүктүрүү керек».

Мына балаңар чоңоюп, мектепке жөнөдү дейли. Эми ал үчүн кырдаал такыр башкача болуп өзгөрүлдү. Эгер мурда ал бала бакчада же үйүндө ойногондон башка эчтемени билбей жүргөн болсо, азыр анын алдында олуттуу жана кыйын милдет — окуу милдети пайда болду. Азыр ал күнүгө өзүнүн портфелин жыйнап, сабакка барууга тийиш, ал эми мектептен келгенден кийин, бир аз эс алып, ойноп алып, мектептин тапшырмаларын аткарууга милдеттүү. Баланын күндөлүк турмушундагы бул маанилүү өзгөрүүлөр ал үчүн бир катар кыйынчылыктарды келтирет.

Баланын жүргөн-турганы өзгөрүлөт: ал эми ар нерселер дүйнөсүн тереңирээк түшүнүүгө аракет кылып калат, ал анын окуусуна, тартибине, көз карашына тийиштүү болгон өзүнүн курбу-курдаштарына башкача мамиле кылуу керектигин сезип-биле баштайт.

Дүйнө таануу жагы улам татаалдайт.

Кенже мектеп окуучусун дайыма класста болуп жаткан окуялар тынчсыздандырат. Коля сабакка кечигип келди, Оля жаман дежур этти, Вова дайыма итиркейди келтирип отурат, Нина арифметикадан эки алды — мына ушунун баары жөнүндө балдар өздөрүнө мүнөздүү болгон тартынбастык менен үйдө айтып беришет. Уулунун же кызынын мына ушу айткандарына ата-энелер көңүл кош карай алышпайт. Нинага арифметика боюнча алган жаман баасын оңдоого кантип жардам берүүнү, Коля сабакка кечикпей барып жүрүшү үчүн эмне кылуу керектигин алар бирге отуруп талкуулап, бирге чечим чыгарууга тийиш. Мына ушундай өз пикирин айтып ой жүгүрткөн учурларда баланын аны курчап турган дүйнөдөгү болуп жаткан окуяларга болгон белгилүү бир өзүнчө мамилеси, анын граждандык позициясы калыптанат.

Өзүнүн макаласында Э. Канцедикене энеси менен бир кыздын мындай сүйлөшкөн сөзүн келтирет.

«— Апа, мен туура кылыптырмынбы?

Маринка бул суроону бергенде экинчи класста болучу. Диктант жазып жатышкан эле. Мугалим аял дептерлерди текшерип чыгып, анан кайра балдарга таратып берди. Маринка дептерин ача салып, беш деген бааны көрө койду да, кубанып кетти. Ал диктантын дагы бир жолу окуп чыгып, мугалим аял байкабай калган тамгадан кеткен катасын тапты.

— Ошондо мен Клавдия Николаевнанын жанына барып, мына ушу кеткен ката жөнүндө билдирдим,— деп айтып берип жатты Маринка.— Клавдия Николаевна дептерди алып, карап көрүп, катанын астын кызыл сыя менен сызып койду да, бешти төрткө кайра оңдоду. Буга балдардын баары күлүп калышты. Анан ордума кетип баратсам, Яшка мага: «Бул эмне кылганың, келесоо»,— деп шыбырап калды. Мен эмне жаман кылдымбы?

— Жакшы кылгансың, Маринка.

— Бирок менин баам беш болмок.

— Мобу төртүң жанагы бешиңен артык,— деп жооп кайтарды энеси, а өзү болсо, мугалим аял баасын төмөндөтпөй деле койсо болмок экен деп ичинен ойлонду. Кыздын чынын айткандыгы кантип ошого татыбасын?

Бул ак ниеттиги үчүн жазасын тартканы Маринканын турмушундагы биринчи окуя эле.

Ал эми экинчи жолу болсо «принципиалдуулук» Маринкага андан да кымбатка турду. Ал чейректеги жүрүш-турушу боюнча төрткө «татыктуу» болуп калды...

Ошол учурда ал бешинчи класста болучу. Болгон окуя жөнүндө энесине айткысы келген сөзүн өтө эле жүйөлүү баштады:

— Сен кандай ойлойсуң, коллективден ажырап калууга болобу?

— Түшүнбөдүм, сен деги эмне жөнүндө айтып жатасың?

— Эми адам коллективде, мисалы, класста болуп турганында...

— Албетте, ажырап калуунун кереги жок.

— Мен дагы ушундай ойлойм.

Ошондо анан айтып берди. Мектепке санитардык комиссия келген. Сабак болбойт деп кимдир бирөө айтып калды. Балдар дароо ошо замат портфелдерин ала коюп, чуру-чуу түшүп кубанган бойдон коридор менен раздевалканы көздөй дуу коюшту... Беш мүнөт өтпөй эле кайра баары парталарына келип олтурушту, анан класс жетекчи келип:

— Сабактан качып бараткандар кимдер болсо, мен ошолордун жүрүш-туруш боюнча алган бааларын төмөндөтөмүн,— деди.

Бир нече кол көтөрүлдү.

— Зинаида Николаевна, мен ошол учурда карта алып келгени бараткан болчумун...

— Мен, чынын айтайын, ошол учурда класста болчумун, калем сабымды издеп жаткам...

— Билесиңби, апа, мен чынында эле чуркап чыккан эмесмин, китептеримди жыйноого үлгүрө албай калгам. Бирок колумду көтөргөн жокмун. Коллективден ажырап калуудан уялдым. Анын үстүнө мен качкым келбегендиктен эмес, үлгүрө албагандыктан калып калгам...

Энеси: «Кызымдын баары менен бирге жооп бергиси келгени жаман эмес»,— деп ичинен ойлонуп, жылмайып койду.

Турмуш жагдайлары кандай татаал экендиги келтирилген мисалдардан көрүнүп турат, ошон үчүн бал-

дар, белгилүү бир идеяларды жетекчиликке алып, өздөрүнүн башкаларга карата болгон мамилелеринин канчалык тууралыгына баа берсин үчүн ата-энелерине кайрылышат. Маринканын апасы абдан жакшы айтып түшүндүрүп, анын жүрүш-турушуна баа берди, бирок ошондой болсо да оюнун тереңинде мугалим аялдын кылганына анча макул болбоду. Маринканын апасынын ою менен макул болбой коюуга болбойт. Маринканын ак ниеттиги үчүн мугалим аял мурдагы эле баасын төрткө оңдобой жөн койсо болмок.

Мында мектепке чейинки балдар, ал тургай кенже мектеп жашындагы балдар да адатта дүйнөнү өз ата-энелеринин таасир эткен көз карашы менен карай тургандыгын эске салбай кетүүгө болбойт. Демек, түздөнтүз ата-энесинен тарбия-таалим алуу менен кабылдаган дүйнө таанууга карата болгон көз карашы баланын жаңы түзүлүп келаткан аң-сезиминин уюткусу болот.

Бешинчи класстагы баланын ички дүйнөсү андан бетер татаал келет. Бул жаштагы балдар көптү гана билгиси келбестен, турмушта болуп жаткан далай көрүнүштөргө өздөрүнчө баа берип да чыгышат.

«Жергиликтүү Пено» деген кичинекей аңгемесинде В. Бахревский бешинчи класстагы бала менен мындай бир сүйлөшкөнүн келтирет.

«— Сен кандай китептерди окуйсуң? Гайдарды окудуң беле?

— Бир аз окугам.

— А Маршакты, Михалковдучу?

— Булар кичинекейлер жөнүндө жазат эмеспи. Чоң кишилердин жоруктарын билиш үчүн мен ошо чоңдор жөнүндө окуйм... (А бул жаңы эле V класска көчкөн бала.)

— А силердин мектебиңерде кандай?— деп сурадым мен.— Сен пионер эмессиңби?

— Пионермин,— деди ал.

— Кандай иш жүргүзүп жатасыңар, кызыктуубу?

— Кайдан кызыктуу болмок эле? Кичинекейлерден бетер, алар бири-бирине ушак айткандан башканы билишпейт. Бир жолу эмне үчүн Паршин эки алып калгандыгын талкуулашты. Эси жоктук кылып, классты уятка калтырып жатат деп сүйлөмүш болушту, а Люська болсо: «Мен көрдүм, ал керээли кечке итин бакка секиртип үйрөтүп жүрөт, анан кайдан арифме-

тиканы билмек эле»,— деп айтты. Паршин жакшы эле тырышып окуйт. Бирок анын мээси гана жетишпейт. Ар кимдин шыгына жараша болот эмеспи. Бирөө арифметикага шыктуу болсо, бирөө орус тилине шыктуу болот. Бу кылганы, албетте, акмакчылык! Итти кантип бакка секиртип үйрөтө аласың?

— Менимче,— дедим мен,— пионерлер окуучулардын жакшы окушуна гана байкоо жүргүзүшпөйт окшойт. Алардын көп кызыктуу иштери болуу керек.

— Кайдан андай болсун,— деди бала колун шилтеп,— темир жыйнап келебиз, киного да кол кармашып алып барабыз.

Ал суусун түгөтүп ичип, стенадагы саатты карады да, ордунан турду.

— Кошуңуз эмесе. Бир аздан кийин кетем,— деди. Анан башын ийкеп мас кишини көрсөтүп: — «Аялы үйүндө күтүп отургандыр, а бу болсо биерде акчасын түгөтүп ичип жүрөт»,— деп койду.

Көрдүңүздөрбү, ата-энелер, сиздердин балдарыңар бул жашында «чоң кишилердин тайгылганына» көңүл буруп гана тим болбостон, алардын жаман кылык-жоруктарына да абдан таамай баа берип, жүрүш-туруштарынын терс жактарын туура аныктай билишет. Бул ата-энелерден, чоң кишилердин көп жаман кылык-жоруктарына туура баа берген пикирлерди айтууга жөндөмдүү адамдарга кандай караса, кичинекей болгонуна карабастан, балдарын да ошондой эле кароону дагы бир жолу талап кылат.

Баланын идеялык көз карашынын түзүлүшү үчүн чоң кишилердин ойлогон оюнун, сүйлөгөн сөзүнүн жана кылган ишинин таасир эткич чоң мааниси бар. Эгер чоң кишилер биздин турмушубузда болуп жаткан кандайдыр бир убактылуу кыйынчылыктар тууралу наразылык билдирип, көп угуза сүйлөшө турган болсо, эгер ата-энелер баланын көзүнчө чоң маанилүү коомдук-саясий окуяларды бурмалаган жана коммунизмдин идеяларына терең берилген адамдардын баркын кетире турган анекдотторду айтышса, анда ошентүүлөрү менен алар өздөрүнүн балдарын идеясыздыкка, жогорку коммунисттик идеалдарга ишенбөөчүлүккө тарбиялашат. Өзүнүн көз карашы али калып ала элек балдар үчүн мындай сүйлөшүү зыяндуу, анткени алардын ой-сезимин шек саноочулуктун, ишенбөөчү-

луктүн уусу чулгап, эң бир жийиркеничтүү нерсеге—адамды жакшыраак, күч-кубаттуураак, көңүлү көтөрүңкүрөөк кыла тургандардын баарына тоотпостук менен мамиле кылууга адат алдырат.

Бул, албетте, биздин турмушубуздагы кемчиликтер жөнүндө балдарга айтпоо керек дегендикке жатпайт. Маселе анда эмес, бардык маселе мына мында: кемчиликтер жөнүндө сөз, болуп жаткан окуялар үчүн өзүдагы кандайдыр бир жоопкерчиликти сезген адамдын көз карашында жүрүшү керек. Бирок кемчиликтер жөнүндө айтылган сөз биздин өлкөбүздө жаратылып жаткан, биздин турмушубузда саат сайын пайда болуп жаткан орчундуу, зор маанилүү иштерди чүмбөттөөгө тийиш эмес. Ушундай аракети менен ата-энелер балдарына турмушту жакшыраак таанып-билүүгө, аларда мына ошо турмушка карата болгон өз мамилесинин иштелип чыгышына, жакшы нерсени байкай билүүгө, ага кубанууга жана ошол эле убакта кемчиликтерге терс мамиле кылууга жардам беришет. Ар кандай айтылган сөз баланын ой-сезиминде из калтырбай койбойт, ошон үчүн бул жакшы таасир эткен из болушу керек.

М. Горький бул тууралу мындай деп жазган: «Жаркыраган, керемет кооз иш кылууга умтулуу баланын жаратылышына мүнөздүү келет. Жумушчу табынын революциялык энергиясы жаратып жаткандын баары тең керемет кооз, жаркыраган иш болуп саналат. Балдардын көңүлүн ириде мына ушуга буруу зарыл, бул алардын социалдык тарбия алышынын эң башкы материалы болууга тийиш. Бирок бул жөнүндө айтып берүү керек, муну таланттуулук, билгичтик менен, оңой өздөштүрө алгыдай формада көрсөтүү керек».

Албетте, баланын турмушка карата туура көз карашынын жана ага болгон мамилесинин иштелип чыгышы үчүн жалаң гана турмушка байкоо жүргүзүү жана ошо турмуш жөнүндө балага айтып берүү жетишсиздик кылат. Мында анын турмушка карата болгон белгилүү бир көз карашы—аң-сезими гана түзүлөт. Балдар жаңы турмуш курулушунун иштерине катышууга тартылгыдай, алар эмнени туура жана керек деп эсептешсе, ошону өздөрү аракет кылып жасагыдай болуулары керек. Буга баарыдан мурда балдардын коомдук иштерге катышуусу жардам берет, ал эми

кенже мектеп окуучулары болсо мындай иштерге дайыма абдан көңүл койгондук менен мамиле кылышат. Балдар класста же мектепте өзүнүн дежурный боло турган кезегин чыдамсыздык менен күтүшөт, металл сыныктарын чогултууга каалагандык менен жөнөшөт, мектептин короосун тазалашат, өсүмдүктөрдү ж. б. багышат.

Тилекке каршы, балдардын коомдук ишке болгон бул жакшы мамилеси ата-энелери ага туура мамиле кылбай койгондо акырындык менен жоголуп кетет. Балдардын коомдук пайдалуу ишине ата-энелердин терс мамиле кылышы, тилекке каршы, али да болсо жоюла элек. Мына көп кезигүүчү окуялардын бири.

Мектептин короосун жашылдандырууга VI класстагы балдардын баары катышууга тийиш болчу, бирок Валерий келген жок. Пионер отряды Валерийдин жүрүш-турушу жөнүндө маселе койду.

— Сен эмне үчүн жекшембиликке келген жоксуң? Келем дебедиң беле! Сен отрядды уятка калтырдың!— деп балдардын ачуусу келди.

Валерий башын шылкыйтып ылдый карап турду, туталанганынан эриндери да бүлкүлдөп кыбырап кетти, бирок ал унчукпады... Ал жолдошторунун алдында өзүнүн күнөөсүн түшүнүп турган эле. Бирок ал, мектептин алдындагы жерди казгылап жатып кийми бүт топурак болуп булганат деп коркуп, энеси аны бөлмөгө камап, сыртынан бекитип кеткенин балдарга айтып берүүдөн уялды.

Жакшы идеалдар жана умтулуулар өспүрүмдөр менен уландардын күндөлүк кылган ишинен көрүнүп турууга тийиш. Демек, ата-энелердин алдында балдарга мына ушу максатына жетишүүгө жардам берүү милдети турат. Ата-энелердин өздөрү активдүү коомдук турмуш менен жашаган, алардын жүрүш-туруштарынан жана ойлогон ойлорунан коомдук кызыкчылык сезилип турган үй-бүлөлөрдө мындай милдет ийгиликтүү чечилет. Бул учурда ата-энелер балдардын алдында жакшы үлгү көрсөткүч болуп чыгышат, ал эми өспүрүмдөр болсо чоң кишилерден үлгү алганды жакшы көрөөрү белгилүү.

Атасы менен энеси үйгө келип, өз эмгегиндеги ийгиликтер жөнүндө, алардын иштеген жеринде калыптанкан өз ара сыйлашуу жана жардамдашуу атмос-

ферасы жөнүндө кубангандык менен билдиришкенде, бул уулунун же кызынын мектептеги өздөрүнүн досторуна жардам берүүгө умтулуусунун пайда болушуна да кызмат кылбай коё албайт. Бирок бул аздык кылат. Ата-энелер балдарынын жана анын жолдошторунун ой-тилегине, алардын окуудагы ийгиликтери кандай экенине, алардын кандай коомдук иш аткарып жүрүшкөнүнө такай көңүл бурууга милдеттүү.

Балдар, ата-энеси алардын мектептеги ишине көңүл бурганын сезип, класстын жана мектептин турмушундагы аларды толкундаткан бардык маселелер боюнча үйдө отуруп бирге кеңешкиси келе баштайт.

Сегизинчи класстын окуучусу Д. Сашаны комсорг кылып шайлашканда, ага ишеним көрсөткөндүк жөнүндө ата-энесине ал толкундагандык менен айтып берди. Уулунун турмушундагы бул бир кыйла маанилүү окуяга Сашанын атасы өзгөчө көңүл коюп мамиле кылды. Ал эми класстагы, комсомолдогу иштердин жүрүшү жөнүндө уулунан көп сурачу болду. Саша атасына бардыгы жөнүндө абдан көңүлдөнүп айтып гана бербестен, айрым маселелер боюнча аны менен кеңешип да жүрдү.

Бир жолу Саша мектептен бир аз тынчсызданып келгенин атасы байкап калды.

— Эмне болду? Эмне үчүн маанайың пас?— деп сурады атасы.

Капаланган өспүрүм кантип комсомолдук чогулуш өткөрүүнү белгилегенин жана балдар кантип качып кетишкенин айтып бере баштады. Мына ошондо бирөө улуу, бирөө кичүү эки эркектин олуттуу сүйлөшүүсү болду. Атасын баары тең — уулу бул чогулушту кантип даярдаганы да, балдардан кимдер менен алдын ала сүйлөшкөнү да, кантип сүйлөшкөнү да ж. б. кызыктырып жатты. Көрсө, даярдык жаман жүргүзүлгөн экен, чогулуштун максаты жөнүндө балдардын ичинен бир азы эле билген, комсорг өзүнүн жолдошторунун дээрлик эч кимиси менен кеңешкен эмес. Ошентип атасы Сашага кеңешин айтып жардам берди. Ошондой болсо дагы кийинки жумада чогулуш өткөрүлгөн болучу, өткөндө да активдүү өттү.

Тилекке каршы, кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жаткан өз балдарына жардам берүүнүн орду-

на, кайта-кайта акыл-насаат айтуулары менен балдарга жакшы жагына өзгөрүлүүгө жардам берүүгө боло тургансып: «Сен комсомолец эмес эле, жалкоосуң. Комсомолец активдүү коомчул болууга милдеттүү», «ВЛКСМдин мүчөсү жакшы окууга тийиш. Ушул убакка чейин сени комсомолдон чыгарып жиберишпегенине таң калам» деген жана дагы ушу сыяктуу сөздөр менен үстү-үстүнө жемелеп киришет.

Мындай тарбиялагыч «таасир этүү» балдарда жаман сезимди гана козгойт, алар орунсуз жемелеп койгон улууларга ого бетер «өчөшүп», теңирден тескери иш кылууга кыялданып калышат. Ошондуктан балдарды коомдук турмуштан обочолотпой, кайра ошо турмушка көбүрөөк кызыгышы үчүн, алардын ой-сезимине абайлап мамиле кылуу керек. Мисалы, уулунун же кызынын комсомолго өтүшү үй-бүлөнүн майрамы катары белгиленип, ага балдардын жолдоштору менен ата-эненин курбу-курдаштарын чакырса болот. Мында ата-энелер өздөрүнүн жаш кезин, комсомолго кантип өтүшкөнүн эске түшүрүшөт, түркүн мезгилдердеги жана, албетте азыркы учурдагы комсомолдук ырларды ырдашат же угушат.

Мына ушунун баары тең ата-эненин баласынын же кызынын ой-сезимине күчтүү таасир этпей койбойт, дилгирлик менен ынта коюп, комсомолчосунан аракет кылууга, окууга, иштөөгө умтулууга түрткү бербей койбойт. Албетте, балдардын бул ар ишке ынта коюучулугун дайыма колдоп, анын артынан байкоо жүргүзүп, анын жалын жүрөк болушуна жардам берүү керек, антпесе анын жүрөгүндөгү жалыны өчүп калышы мүмкүн. Кээде адамдын турмушунда ушундай бир психологиялык абал болгондуктан, ал дайым эле ойлогон оюн иш жүзүнө ашыра бербейт. Ар кыл далай нерселерге ниеттенип, кызыгып жүргөн өспүрүмдөрдө мындай учурлар андан бетер көп болушу мүмкүн. Мисалы, ал китеп окуганга кызыгат дейли, бирок коньки жана лыжа тепкенге да, футбол ойноп, сүрөт тартканга да кызыгат. Мунун баарына анын убактысы да жетпей калат. Ата-энелер балдарына негизги кызыккан ишин тандап алууга, ойлогон ой-тилегин мүмкүнчүлүгүнө жараша багыт алдырууга жана убакытын кызыктуу иштерге бөлүштүрүүгө жардам берүүлөрү керек.

Ата-энелердин идеологиялык жактан жетилгендиги өспүрүмдүн идеялык көз карашынын түзүлүшүнө чоң таасир этет. Эгер кээ бир ата-энелер: «Балама эмне болгонун деги биле албай койдум. Баары эле жетиштүүдөй көрүнөт, эчтемеден кам санабай эле жыргап-куунап жашай тургандайбыз, а бу ыраазы эмес»,— деп өспүрүмгө даттанышса, анда бул баарыдан мурда ошол эле атанын жана эненин күнөөсү. Үй-бүлөдөгү жыргалчылыкка кантип жана эмненин эсебинен жетишкенине балдар көңүл кош карабайт эмеспи. Эгер алар эң негизгисин — адал эмгекти, ак ниеттүүлүктү, үй-бүлөдөгү ич ара мамилелердин тазалыгын көрүшпөсө, ата-энесин кечиришпейт.

Мугалим С. Мягченков оокаттуу бир ата-эненин баласы менен сүйлөшүп жатып (1968-ж. 2-марттагы «Комсомольская правда» ны кара), анын атасы жөнүндө сөз козгоп калат. «Менин байкоомо караганда,— деп жазат С. Мягченков,— Женя атасындай талбас тулпар, кажыбас шумкар болот окшойт. Бала жийиркеничтүү күлүмсүрөп койду да, мындай деп айта салды:

— Коюңузчу ошону, балким, качандыр кажыбас шумкар болсо болгондур! Ошо шумкарды мына эми көрсөңүз болор эле. Арифмометр сатып алды, светке төлөөгө келгенде кошуналар менен кайта-кайта эсептешет. Пайдалуу рейстерге чыгуу үчүн калчылдап катуу аракет кылат, үйгө болсо пайдасы тие турган гана кишилерди, көбүнчө начальниктерди чакырат, ал эми өзүнүн курбу-курдаштарын болсо — чакырбайт. Байкуш апам ыйлап-ыйлап тим болот, анткени ушул убакка чейин аны сыйлап, ак жүрбөй, бейоопасыздык кылат. Намысыма чыдабай мен дагы заводго кирип кеттим, көрдүңүзбү, элдин алдында киши уялат экен.

Бул сүйлөшкөнүбүз менин эсимден кетпей калды, анткени мына ушундан улам келип чыгуучу чыр-чатактар, тилекке каршы, далай кезигет».

Буга окшогон жагдайларда атасы же энеси балдарын оң таасир берип тарбиялай албасы табигый иш. Уулунун же кызынын туура көз карашынын жана идеалынын түзүлүшүнө өз таасирин тийгизе алышы үчүн ата-эненин ойлогон ою да, күндөлүк кылган иши да таза болуу керек.

Балдар ата-энесинин ак көңүлдүүлүгүн, чынчылдыгын, принципиалдуулугун абдан жогору баалашат. В. Красин (аскер окуу жайынын курсанты) өзүнүн атасы жөнүндө мындай деп жазат:

«Мен үчүн эч качан андан башка чын дилим менен жакшы көргөн адам болгон эмес. Азыр биз экөөбүз бири-бирибизден алыспыс, бирок мен ушу алыс аралыкта туруп эле, ал эч качан өз ой-пикирин таңуулабай, дайыма мен акыры анын көз карашына макул болгудай аракет кылып жүргөнүн көрүп турам. Ал чыны менен партияга берилген адам жана менин да коммунист болушумду көргүсү келет... Бардык жагынан — коөздук сезим жана адабият жагынан, живопись, музыка жагынан ал анык азыркы замандын адамы, ал менин курбу-курдаштарымды да алар өздөрү кандай болсо, ошондой эле кадыресе кабыл алуучу, мага таңуулабаган сыяктуу эле, аларга да өз көз карашын таңуулачу эмес. Алар менен тең укуктуу адамдардай талашып-тартышчу. Айтор, мен атам кандай болсо, так ошондой адам болуп өскүм келет»[1].

Балдар көздөгөн принциптерге аларды ата-энелер таңуулагандыктын натыйжасында эмес, бири-бири менен тең укукта болуп отуруп башталган пикир алышуудан жана талаш-тартыштан келип чыккан көз караштын натыйжасында келишет.

Жогорку класстын окуучуларын идеялык жактан тарбиялоо ата-энелерден дагы көбүрөөк көңүл коюуну, камкордукту, педагогикалык билгичтикти жана жогорку адептүүлүктү талап кылат. Бул, алгачкы жаш кез алда кайда алып учкан күлүк ой-тилекке берилип, кыялга батуучулуктун, мүнөздүн калыптанышынын жана анын чыйралып өнүгүү белгилеринин, турмуштан өзүн, өз ордун табууга умтулушунун мезгили болуп санала тургандыгы менен шартталат. Мындай жаш кезде маанилүү моралдык проблемаларга: алдыга койгон максатка, бакытка, сүйүүгө, достукка жана башкаларга кызыгуу сезими жогорулайт.

Бул жаштагы балдар өз башынан өткөргөн турмуш тажрыйбасына өтө эле ашыра баа берүүгө шыктуу боло тургандыгы жөнүндө да ата-энелер унутпоолору керек. Алар үчүн баары эле жаңы болуп көрүнө

[1] Комсомольская правда», 17-март, 1968-ж.

берет, аларга чейин эч ким мындай сүйгөндү да, мындай кыйноо тартканды да, поэзияны жана музыканы мындай түшүнгөндү да билбегендей сыяктанат. Ал эми ата-энелер болсо, кээде өз билгенин бербей, көндүм адатка салып, өздөрү да кичине кезинде ата-энелеринен өз алдынчалыкка жетишкенин унутуп коюп, эми балдарына ошол укукка ээ болууга уруксат беришпейт. Бул талап коюуларга балдар кандай мамиле кылышат?

Бул жөнүндө алар өздөрү айтышат. Катя З. өзүнүн күндөлүгүнө чачын кандай тарап алып жүргөндүгү тууралу мындай деп жазат:

«Эми мен кичине эмесмин. Чачымды жылмартып тарап, өрүп жүргөндөн тажап да бүттүм. Атаман коркконум гана болбосо, эчак эле кырктырып салмакмын. Бирок ал эмне үчүндүр чачыңды кырктырбай, тегиз тарап өрүп жүр деп күпүлдөйт. Эгер башка кыздардай болуп бейбаштык кылып чачыңды бузсаң, үйдөн кууп жиберем деп да айтты. Атам деги эскичиликтен башы арылбаган киши»[1].

Ата-энелердин катуу талап кылуулары, чоңоюп келаткан балдардын көз карашын этибарга алууну жана дүйнөгө мына ошолордун көзү менен кароого аракет кылууну каалабагандыгы кээде жөнү жок жерден эле чыр-чатакка алып келет.

Бул жаштагы балдар көп учурларда сыртынан сыр билгизбей өз ойлогон оюнда турганы менен, ичинен кыжыры келип, чынында өзүнө ишенбегендикти, өзүнүн акыл-эс жагынан начар экендигин сезет. Адептүүлүктүн жогорку идеалдарын, жамандыкка келишпестик менен мамиле кылууну, жан аябастыкты жана тайманбастыкты тарбиялоо үчүн жагымдуу шарт болуп саналган чымыркануп күч жумшоону жана баатырдык көрсөтүүнү талап кылуучу ар бир баштаган ишке жардамын аябагандык бул жаштагы өспүрүмдөргө мүнөздүү болот.

Уландар же кыздар адатта дүйнөгө алардын өздөрүндө болгон адептүүлүк идеалдарынын көз карашы менен карашат, ошон үчүн алар идеалы кадимки чындык менен туура келбегендигин билишкенде, бул

---

[1] Л. Исарова. Когда им шестнадцать. М., «Знание», 1968, 67-бет.

аларда канааттанбагандык сезимин пайда кылат, аларга идеалы да жана алардын өзү да турмуш тарабынан эч капарга алынбагандай сыяктанат. Мына ушу идеал менен чындыктын ортосундагы карама-каршылыкты чечүүдө балдарга улуу кишилер, ата-энелер жардам берүүгө тийиш.

Бирок ата-энелер чыныгы кеңеш бергич болуп, уулуна же кызына алардын идеалын турмушка ашпай турган ой жүгүртүүдөн арылтууда моралдык жактан жардам бере алышы үчүн, алар баарыдан мурда өз билгенинче тарбиялоо ыгынан баш тартып, өздөрүнүн эми чоңоюп калган балдарынын ой-пикири менен эсептеше баштоого тийиш. Мында ата-энелер өз идеалдарын таңуулоого умтулбай, балдарына алар тандап алган турмуш идеалынан кеткен жаңылыштыктарды териштирүүгө жардам берүүлөрү керек. Көрүп келишкен кинофильм, спектакль жөнүндө, окуп чыгышкан китеп, кызыктуу макала жөнүндө, биздин өлкөдөгү жана чет өлкөлөрдөгү саясий, маданий турмуштун окуялары жөнүндө бири-бири менен пикир алышууну керектөөнү чоң кишилер өздөрүнүн жана балдарынын ой-сезиминде туруктуулук жана чыдамкайлык менен адат алдырганда гана ата-энелердин бул таасир этүүсү мүмкүн болуп калат. Мына ушундай өз ара мамилелер болгондо балдар өз ата-энелеринен жалаң гана талап кылгыч жана камкор тарбиячыларды көрбөстөн, өзүнүн ойлогон ойлорун, күнөм саноолорун, үмүттөнүүлөрүн, кубанычтары менен кайгыларын ортого салып, акыл сурап кеңешүүгө боло турган улуу жолдошторун да көрүшөт. Ата-энелер менен балдардын духовный жагынан болгон мындай жакындыгы үй-бүлөдө өз ара ишенимдин атмосферасын түзөт жана ошону менен бирге үй-бүлөнүн кичүү мүчөлөрүн жаман таасирге кирип кетүүдөн, туура эмес кылык-жоруктардан жана аракет кылуулардан сактап калуу үчүн аларга ийгиликтүүрөөк таасир этүүгө, аларга өздөрүнүн ой-пикирлерин, сезимдерин туура баалай билүүгө, курчап турган чындыктын ар нерселерине жана көрүнүштөрүнө карата болгон өз көз карашын, өз идеалдарын коргоого жардам берүүгө ата-энелерге мүмкүндүк берет.

Уулу же кызы бош убактыларында эмне иш кылып жүрүшкөнүнө, алар эмне-эмнелерди окушаарына,

кимдер менен достошооруна, алардын кызыкчылык чөйрөсү кандай экенине, өз достору жана жолдоштору менен эмнелер жөнүндө сүйлөшөөрүнө күн сайын байкоо жүргүзүү зарылдыгы ата-энелердин өз балдарына духовный жагынан таасир этишинин экинчи маанилүү шарты болуп саналат. Бул ата-энелерге уулунун же кызынын духовный дүйнөсүн тереңирээк билүүгө жана ошону менен бирге биздин Родинабыздын жаш граждандарынын өздүк сапатынын түзүлүшүнө өз учурунда керектүү колдоо көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Үй-бүлө жана мектеп окуучулардын турмушу менен иштеген ишин алардын сезиминде өз идеалын түзүү зарылдыгы пайда болгудай уюштурууга чакырылган. Идеалдын түзүлүшү мүнөздүн тарбияланышына, жүрүш-туруштун терс түрлөрүн жеңүүгө, адамдын турмушунда чоң мааниге ээ болгон эрктүү сапаттардын иштелип чыгышына түрткү берет. Мисалы, Зоя Космодемьянскаянын энеси, Зояга адам чыдагыс катуу кыйноолорду ушунчалык эрдик менен башынан өткөрүүгө туура келгенде ал мектепте окуп жүргөндө эле баатырдык өмүрү өзүнө тарткан Н. Г. Чернышевскийдин күчтүү натурасы жардам берген, деп эсептейт. Анын «Эмне кылуу керек?» деген романын Зоя кызыгып окуган. Ал эми мектепте эркин темада сочинение жазуу сунуш кылынганда, Зоя өзүнүн жаза турган ишин: «Чернышевскийдин өмүрү» деп атаган.

Жаштардын коммунисттик идеялуулугу, патриотизми мектептин, класстын, комсомолдук уюмдун сыймыгы жөнүндө анын күндөлүк камкордук көрүшүнөн билинет. Бул жөнүндө ата-энелер билип гана тим болбостон, уулуна же кызына ар тараптан жардам берүүгө тийиш.

Алгачкы жаш кезинде балдар ар кандай ойго берилбестен, жайбаракат жашашат деп ата-энелер жаңылыштык менен ойлойт. Чындыгында, балдар ата-энеси менен чечилип сүйлөшкөндү анча деле жакшы көрүшпөйт, ата-энелердин өздөрү деле турмуш жөнүндө олуттуу жана маанилүү сөз сүйлөшүүгө аларды тартууга умтулушпайт. Бирок да ата-энелер үчүн эң негизгиси — алардын балдары эмне жөнүндө ойлоп жүрүшкөнүн, аларга ар кандай иш кылууга туура келген учурларда алар кандай аракеттенерин, алар

ши жүзүндө кандай экенин, алардын ар нерсеге болгон көз караштары кандай экенин билүүлөрү керек эмеспи. Адамдын идеялык көз карашы анын тандап алган турмуш жолунун ачык-айкындыгынан, жаңы коом үчүн, жаңы идеалдар үчүн күрөштөгү анын ээлеген ордунан билинет.

Балдардын көз карашынын түзүлүшүндө турмуштун бардык бай тажрыйбасын жана татаалдыгын, азыркы учурдагы адамдын психологиясын жана анын мүнөзүнүн түзүлүшүн ачкан, адамдын кандай жетилип жаткандыгын көрсөткөн көркөм адабияттын чоң мааниси бар. Ушунун баары В. Войновичтин «Эки жолдош»[1] деген повестинде жакшы чагылдырылат.

В. Войновичтин повести, андагы кандай идеялык көз караштa экендиктерин али биле элек, турмушта бардыгы түшүнүктүү, анча-мынча майда-барат гана жетишпейт: бирөө — аялдын көргөн болбогон бир камкордугунан кутулуу керек, ал эми экинчиси — мотороллер сатып алуу керек деп ойлогон уландар көрсөтүлгөндүгү менен кызыктуу. Алар үчүн бардык проблемалар мына ушуну менен чечилет. Автор анча чоң эмес кадыресе шаарда, кадыресе үй-бүлөлөрдө Валера жана Толик аттуу кадыресе балдардын кантип өсүп жатышкандыгы жөнүндө баян кылат. Алар отличниктер эмес, хулигандар эмес, комсомолдук активисттер да эмес. Бул балдар ар нерсеге кызыгышпайт, ошон үчүн аз билишет, ал тургай өздөрү жөнүндө да аз билишет.

Валера — интеллигенттүү үй-бүлөдөн, мында уулунун эң бир коркунучтуу кемчилиги анын тамеки тарткандыгы, ал эми турмушундагы эң бир жогорку жетишкендиги — диплом болуп саналат. Бул жөнүндө анын энеси менен чоң энеси, баласы дегенде эт-жүрөгү элжиреген, бирок өз билгенин бербеген майдачыл жалгыз бой аялдар кыялданышат.

Толик болсо энеси да, атасы да бар үй-бүлөдө өсүүдө. Атасы — таш боор киши, корс этип бир тийген орой неме, ал эми энеси болсо — орой күйөөсүнүн таасири тийген бир аял.

Бирок бул ар башка үй-бүлөнүн балдарын көптөн берки курдаштык мамиле байланыштырып турат.

---

[1] «Новый мир» журналы, 1967, № 1.

Валерийдин энеси алардын достугун жактырчу эмес. «Адамдарды жалпы кызыкчылык же болбосо идеялык көз караш жагынан достук байланыштырып турса, анда туура болоор эле, буга мен түшүнөм»,— дейт ал.

Ал эми уулу болсо, идеялык көз караш жагынан Толик менен достошуудан кайра тартпас элем, бирок ал учурда анда да, менде да мындай көз караш болгон эмес, ошон үчүн биз бирге ойноп жүргөндүктөн гана достошконбуз, деп жооп берген.

Өзүңөрдүн уулуңардан, же кызыңардан силер кандай идеялык көз караштасыңар деп сурап көргүлөчү,— алар силерге да мына ушунун эле өзүн айтышы мүмкүн. Бирок бул анчалык туура эмес да. Ар кимдин турмушка, адамдардын ак ниеттүүлүгүнө жана эки жүздүүлүгүнө, принципиалдуулугуна жана принципсиздигине, ишкердигине жана бекерпостугуна карата өзүнчө бир айкын көз карашы болот.

Өздөрүнө окшогон балдардай эле, Валера менен Толик да кошуна жашап турушат. Бирге жүрүп убакыт өткөрүшөт, паркка барганда кыздарга да асылып сөз айта калышат ж. у. с. Алар өздөрүнүн жүрүш-турушуна да, башкалардын жүрүш-турушуна да көңүл бурушпайт. Бирок кээде адамдын кандай экени ириде майда-чуйда кылык-жоруктарынан билинет. Анан адамдын кандай экени сынала турган учур келгенде, баары айкын-ачык болуп калат, адам өзүнүн чыныгы турпатын, өзүнүн чыныгы ички оюн, өзүнүн көз карашын ошондо көрсөтөт.

Бир жолу Толик менен Валера экөө келатышканда алдынан бир топ хулиган балдар чыгып, аларды курчап алышып, тамаша кылып кетиш үчүн бири-бирин урдурушканда мына ушундай болгон. Ошентип Толик Валераны урган. Албетте, мунун баары дароо эле боло койгон жок. Толик такыр ургусу келген эмес. Ал муну урууга мени аргасыз кылбагыла деп суранып, ыйлаган. Бирок ага антпесең жазаңды колуңа беребиз дешкен. Анан айласы кетип урган. Ал эртеси күнү эртең менен келип, досунан кечирим сураган. Анын башка эч кандай аргасы калбай калгандыгын айтып түшүндүргөн.

— Сен түшүнсөң,— деди ал,— алар мени зордоп ургузушпадыбы.

— Аның туура, бирок сен аябай эле ийледиң,— деди ал.

— Антпесек алар экөөбүздү тең уруп кетишпейт беле.

Коркоктун идеологиясы мына көрдүңөрбү кайда: алар экөөбүздү тең уруп кетишмек, андан көрө жалгыз сени урганы жакшы болду дейт.

Жогорку класстын окуучулары жөнүндө Л. Очаковская[1] кызыктуу баяндайт. Алар В. Войновичтин «Эки жолдош» деген повестинен Толиктин кылган ишине баа берип жатышкан. Мына ал өз окуучуларынан эмнелерди уккан. «Эми чындыгында Толик эмне кыла алмак эле? Акыр-аягында ар ким өзү үчүн күрөшөт эмеспи. Анын башка аргасы болгон эмес». Алардын акыркы сөзү мугалим аялды өзгөчө толкундатты.

Балдар Толикти айыптап жатып, күтпөгөн жерден алар өздөрүн ошонун ордуна коюшту. Койгондо да эч кандай шарттуулукка жол бербестен, чын ниеттен коюшту. Анан алар деле так ушундай кыла турганын үрөйү учкандык менен түшүнүштү. Түшүнүшкөндөн кийин, эмне үчүн? деген суроонун үстүндө ойлоно башташты. Бирөө «Сабап жатканда дененин ооруганына чыдоо кыйын»,— деди. Башка бирөө «...начарларга болушуу керек, а Валера болсо күч жагынан курдашынан кем калбайт»,— деди. Ал эми бир кыз мындай деп айтты: «Эмнеге алыбыз жетерин, эмнеге алыбыз жетпесин биз али билбейбиз. Биз эч кандай сыноодон өтүп көрө элекпиз». Бул жоопту баарынан туура десе болот, анткени, Л. Очаковская жазгандай, «балдар достуктагы өзүнүн күчүн, да, каршылык көрсөтүүдөгү өзүнүн мүмкүндүгүн да, жакындарына берилгендиктеги өзүнүн керектигин да билишпейт».

Ооба, хулигандан калтаарып коркуп калбас үчүн, дене-бойдун ооруганына туруштук берүү үчүн, адептүүлүк жагынан күчтүү адам болуу керек. Ал эми адептүүлүк күч болсо эмгек менен тарбияланат, бул жагынан алып караганда китептер чоң жардам беришет. Китеп адам дайым эле турмушта кездеше бербегендерди көрүүгө мүмкүндүк берет, татаал жана кыйын жагдайларда окурманды туура багыт алууга үй-

---

[1] Л. С. Очаковская, Зачем я? М., «Знание», 1968.

рөтөт. Китеп адамды өзүндөгү жаман кылык-жоруктардан уялууга үйрөтөт. Китеп окуп жатып, адам эрксизден өзүнөн жана курчап турган турмуштан окшоштуктарды издеп табат, а бул болсо аны ой жүгүртүүгө, салыштырып көрүүгө түртөт. Бирок уулу же кызы менен бирге отуруп башкалардын тажрыйбасын ойлонуп, талдоо жүргүзүш, татаал турмуш жагдайлары жөнүндө талашып-тартышып көрүү үчүн, ата-энелер да балдары окуган китепти окуп чыгуулары зарыл. Алгачкы жаш кезинде балдар алар менен турмуш жөнүндө, турмуш жагдайлары жөнүндө сүйлөшүүнү жана талашып-тартышууну керектешет. Бул жөнүндө алар өздөрү ачык-айкын айтып беришет.

Мисалы, Р. М. аттуу бир кыз өзү жөнүндө мындай деп жазат:

«Мен эмнени каалайм? Мен 16 дамын. Адамдын бүт өмүрүнө тиешелетип алып караганда бул аз, ал эми өзүнө тиешелетип алып караганда—көп. Бүт ушу жылдары мен жакшылыктуу жашагандай деле сезбейм. Мектебим, үйүм, ата-энем, мугалимдерим. Күнүгө ушу, ай сайын ушу, жыл сайын ушу. Мунун кандай аз экенин кантип эле эч ким сезбесин? Мугалимдер: «Мындай кылууга болбойт, анткени...», «Мындай кылууга болот, анткени...» деп айтыша турган. Ата-энебиз болсо бизден деле генийлерди өстүрүп жатышкансып, биздин адептүүлүгүбүз жөнүндө камкордук көрүшөт, «Кайда баратасың?», «Ким менен баратасың?», «Качан келесиң?»— деп сурабай коюшпайт. Бирок эч качан «Турмушуң кандай?», «Эмнени каалайсың?», «Эмне ой-сезимиң бар?» деп сурап көрүшкөн эмес. Алар эч качан биздин пикирибизди угушчу эмес. Ошентип кенебей жүрө беришет да: «Буларга деги эмне керек болду экен? Баары тең эле жетиштүү болуп турбайбы» деп кийин кокуйлап үшкүрүнүп, жан алакетке түшүшөт. Ооба, биздин курсагыбыз ток, кийимибиз бүтүн, бирок биз үчүн бул эң негизгиси эмес. Эмне үчүн адегенде институтту бүтүп, адистик алып туруп, анан барып турмуш жөнүндө олуттуу ойлонуш керек дешет? Мен мындайды каалабайм. Иштей турган болгондон кийин иштеш керек, окуй турган болгондон кийин окуш керек. Мен ата-энем менен ээн-эркин отуруп алып бардыгы жөнүндө чечилип сүйлөшкүм келет, алар менен бирге отуруп кыялга

баткым келет, ой жүгүртүп талашып-тартышкым келет, сүйгөн ишти иштегим келет, курбу-курдаштарым менен кафеге, бий бийлеген кечелерге баргым келет. А мага болсо: «Жөн отур!» деп күпүлдөп коюшат.[1]

Балким, катта жазылгандардын баары эле туура деп айтууга болбостур. Бирок маанилүүсү мында: анын мазмуну 16 жаштагы өспүрүмдөрдүн тынчын алган орчундуу маселелерди чагылдырып турат. Балдарын тарбиялап жүргөн ата-энелердин баары мына эмненин үстүндө ойлонуулары керек: балдарга таасир этип тарбиялоо — мындай кылсаң болот, мындай кылууга болбойт деп акыл-насаат айтуу менен гана чектелбестен, олуттуу маселе боюнча кеп козгоону да, чоңоюп келаткан балдардын турмуштан ала турган орду жөнүндө жана алардын ойлогон ою жөнүндө талаш-тартыштарды да өз кучагына алууга тийиш.

Бул кат, балдардын ички духовный дүйнөсүн: алардын эмнеге жүрөгү толкуп тынчы кеткенин, алар кандай жашап жатканын, эмнелерди сезип жүрүшкөнүн билүү кандай маанилүү экендигин дагы бир жолу ырастайт. Балдарынын алгачкы жаш кезинде тынчын алган суроолорго жооп берүү үчүн ата-энелер көптү билүүгө, далайды башынан өткөрүүгө, өзүнүн 16 жаштагы учурун бет алдына келтирүүгө, уулунун же кызынын ордунда болуп, аларды чын ниеттен ачык-айрым сүйлөшүүгө чакырууга аракет кылып көрүүлөрү керек. Мына ушу маселелердин баары тең ар кимдин көз карашы менен байланыштуу болот, ал эми көз караштты болсо күчкө салып калыпташтырбай, өсүп келаткан адамдын турмушундагы жана күндөлүк иш-аракетиндеги бардык өзгөрүүлөргө кеңири жана терең талдоо жүргүзүүнүн негизинде далилдөө жолу менен гана калыпташтырууга болот. Бул жагынан алып караганда ата-энелерге адабиятты, психологияны, педагогиканы билүү чоң жардам бере алат.

---

[1] «Комсомольская правда», 24-сентябрь, 1968-ж.

рөтөт. Китеп адамды өзүндөгү жаман кылык-жоруктардан уялууга үйрөтөт. Китеп окуп жатып, адам эрксизден өзүнөн жана курчап турган турмуштан окшоштуктарды издеп табат, а бул болсо аны ой жүгүртүүгө, салыштырып көрүүгө түртөт. Бирок уулу же кызы менен бирге отуруп башкалардын тажрыйбасын ойлонуп, талдоо жүргүзүш, татаал турмуш жагдайлары жөнүндө талашып-тартышып көрүү үчүн, ата-энелер да балдары окуган китепти окуп чыгуулары зарыл. Алгачкы жаш кезинде балдар алар менен турмуш жөнүндө, турмуш жагдайлары жөнүндө сүйлөшүүнү жана талашып-тартышууну керектешет. Бул жөнүндө алар өздөрү ачык-айкын айтып беришет.

Мисалы, Р. М. аттуу бир кыз өзү жөнүндө мындай деп жазат:

«Мен эмнени каалайм? Мен 16 дамын. Адамдын бүт өмүрүнө тиешелетип алып караганда бул аз, ал эми өзүнө тиешелетип алып караганда — көп. Бүт ушу жылдары мен жакшылыктуу жашагандай деле сезбейм. Мектебим, үйүм, ата-энем, мугалимдерим. Күнүгө ушу, ай сайын ушу, жыл сайын ушу. Мунун кандай аз экенин кантип эле эч ким сезбесин? Мугалимдер: «Мындай кылууга болбойт, анткени...», «Мындай кылууга болот, анткени...» деп айтыша турган. Ата-энебиз болсо бизден деле генийлерди өстүрүп жатышкансып, биздин адептүүлүгүбүз жөнүндө камкордук көрүшөт, «Кайда баратасың?», «Ким менен баратасың?», «Качан келесиң?» — деп сурабай коюшпайт. Бирок эч качан «Турмушуң кандай?», «Эмнени каалайсың?», «Эмне ой-сезимиң бар?» деп сурап көрүшкөн эмес. Алар эч качан биздин пикирибизди угушчу эмес. Ошентип кенебей жүрө беришет да: «Буларга деги эмне керек болду экен? Баары тең эле жетиштүү болуп турбайбы» деп кийин кокуйлап үшкүрүнүп, жан алакетке түшүшөт. Ооба, биздин курсагыбыз ток, кийимибиз бүтүн, бирок биз үчүн бул эң негизгиси эмес. Эмне үчүн адегенде институтту бүтүп, адистик алып туруп, анан барып турмуш жөнүндө олуттуу ойлонуш керек дешет? Мен мындайды каалабайм. Иштей турган болгондон кийин иштеш керек, окуй турган болгондон кийин окуш керек. Мен ата-энем менен ээн-эркин отуруп алып бардыгы жөнүндө чечилип сүйлөшкүм келет, алар менен бирге отуруп кыялга

баткым келет, ой жүгүртүп талашып-тартышкым келет, сүйгөн ишти иштегим келет, курбу-курдаштарым менен кафеге, бий бийлеген кечелерге баргым келет. А мага болсо: «Жөн отур!» деп күпүлдөп коюшат.[1]

Балким, катта жазылгандардын баары эле туура деп айтууга болбостур. Бирок маанилүүсү мында: анын мазмуну 16 жаштагы өспүрүмдөрдүн тынчын алган орчундуу маселелерди чагылдырып турат. Балдарын тарбиялап жүргөн ата-энелердин баары мына эмненин үстүндө ойлонуулары керек: балдарга таасир этип тарбиялоо — мындай кылсаң болот, мындай кылууга болбойт деп акыл-насаат айтуу менен гана чектелбестен, олуттуу маселе боюнча кеп козгоону да, чоңоюп келаткан балдардын турмуштан ала турган орду жөнүндө жана алардын ойлогон ою жөнүндө талаш-тартыштарды да өз кучагына алууга тийиш.

Бул кат, балдардын ички духовный дүйнөсүн: алардын эмнеге жүрөгү толкуп тынчы кеткенин, алар кандай жашап жатканын, эмнелерди сезип жүрүшкөнүн билүү кандай маанилүү экендигин дагы бир жолу ырастайт. Балдарынын алгачкы жаш кезинде тынчын алган суроолорго жооп берүү үчүн ата-энелер көптү билүүгө, далайды башынан өткөрүүгө, өзүнүн 16 жаштагы учурун бет алдына келтирүүгө, уулунун же кызынын ордунда болуп, аларды чын ниеттен ачык-айрым сүйлөшүүгө чакырууга аракет кылып көрүүлөрү керек. Мына ушу маселелердин баары тең ар кимдин көз карашы менен байланыштуу болот, ал эми көз караш болсо күчкө салып калыпташтырбай, өсүп келаткан адамдын турмушундагы жана күндөлүк иш-аракетиндеги бардык өзгөрүүлөргө кеңири жана терең талдоо жүргүзүүнүн негизинде далилдөө жолу менен гана калыпташтырууга болот. Бул жагынан алып караганда ата-энелерге адабиятты, психологияны, педагогиканы билүү чоң жардам бере алат.

---

[1] «Комсомольская правда», 24-сентябрь, 1968-ж.

## VI глава. ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ...

*Эгер сен искусство менен ыракаттангың келсе, анда көркөмдүк жагынан билимдүү адам болууга тийишсиң.*

*К. Маркс.*

Балдарга тарбия берүү алардын акылын, адептүүлүк сапаттарын, идеалдарын өстүрүүнү гана эмес, алардын сезимин ар тараптан өстүрүүнү да талап кылат.

Сезим дегенибиз — бул адамдын өзүнүн таанып-билгендерине же өз колу менен иштеп жүргөндөрүнө, б. а. жаратылыштын жана коомдук турмуштун көрүнүштөрүнө, башка адамдарга жана алардын кылык-жоруктарына, өзүнө, өз кылык-жоруктарына карата болгон өзүнүн мамилесин башынан өткөрүшү болот. Ар нерсени сезе билүү адамдын духовный турмушун байытып, аны башка адамдарга көбүрөөк көңүл койгуч, бирөөнүн кубанчына, кайгы-капасына көбүрөөк назар салгыч кылат. Жаш жигиттин духовный турмушу, эгерде ал тандап алган кесибинин тегерегинен сыртка чыга албаса, эгерде ал искусстводогу, жаратылыштагы, коомдук, турмуштагы, адамдардын күндөлүк кылган ишиндеги жана тиричилигиндеги жакшы жөрөлгөлөрдү сүйүүгө, баалоого жана түшүнүүгө үйрөнө элек болсо, толук мазмундуу боло албайт.

Сонун нерселерди сезе билүү адамдын турмушун байыраак, көрүнүктүүрөөк, кызыктуураак кылат. Мына ошондуктан, келечекте силердин уулуңар жана кызыңар ким гана болбосун, аларды искусстводогу, жаратылыштагы жана адамдын турмушундагы сонун нерселерди көрө билүүгө жана сезе билүүгө үйрөтүү зарыл.

Сонун нерсени сезе билүү адамды ыракатка, кубанычка бөлөп, аны жогорку, чоң иштерге жана ой-пикирлерге шыктандырып гана тим болбостон, анын адептүүлүк жагынан болгон көз карашынын маанилүү фактору да болуп саналат. Бирок жанга жагымдуу дабыштар менен түркүн түстөрдүн керемет дүйнөсү, жаратылыштын кооздугу, поэзиянын ажары ким байкагыч, ар нерсени билүүгө шыктуу болсо, ким көп окуса жана ой жүгүртө билсе, ким жаратылыш менен дайыма тыгыз байланышта болсо, мына ошого гана ачылат. Эң сонун нерселерге түшүнө билүү, аларды баалай жана сезе билүү касиети адамга өзүнөн өзү келе бербейт. Адамдын бул сапатын алгачкы бала кезинен тартып эле үзгүлтүксүз өнүктүрүп отуруу зарыл.

Ата-энелердин биринчи милдети мына мында: балдарды жаратылыштагы, коомдук турмуштагы, искусстводогу кооз нерселерди байкай билүүгө, түшүнүүгө үйрөтүп, аларга эстетикалык жактан туура ой жүгүртө билүүгө жана турмуштагы сонун нерселерге баа бере билүүгө көнүгүшүнө көмөк көрсөтүү керек. Ата-энелердин экинчи маанилүү милдети — балдардын көркөмдүк жагынан болгон жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп, аларды көркөмдүк чыгармачылыкка тартууга жардам берүүлөрү керек.

Балдарга бардык жагынан сонун нерселерди — жаратылыштагы жана эмгек майданындагы, искусствонун чыгармаларындагы жана күндөлүк турмуштагы сонун нерселерди көрсөтө билүү керек. Түркүн түстө кубулгандыгы өзүнчө мүнөздүүү назик дабыштары менен айырмалангандардын баарын балдар абдан сезгичтик менен баамдашат, ошондуктан ошо баамдагандарын эсинде бекем сакташат.

Бала токойго, талаага, көлгө сейилге барганында ал көпкө чейин өз көзү менен көргөн көрүнүштөрдүн, элестердин жана жаратылыштын кубулуштарынын таасири астында болот. Убакыт өтөт, ошондо уулуңар же кызыңар мемиреген күнөстүү эртең мененки учурду чыдамсыздык менен күтүп, токойдо жүргөндөгү көргөндөрүн эске түшүрүшөт, түркүн түскө бөлөнүп гүл жайнаган токойдун четин да, булуттары закымдаган көгүлтүр асманды да, алыска кеткен жолду да дагы бир жолу бет алдыга келтирүүгө умтулушат...

Бирок эгер балдарды жаратылыш курчап турса эле, алар аны жакшы көрүп, анын кооздугуна терең түшүнүшү үчүн ошонун эле өзү жетишерлик деп ойлоого жарабайт. Балада, жакшы ой-пикир жана жаратылышка карата болгон сүйүү сезимин пайда кылуу үчүн абдан көп аракет кылуу керек.

Балдарды жаратылышты сүйүүгө кантип тартуу керек, балдардын эстетикалык сезимдерин жана ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү үчүн аны кантип пайдалануу керек?

Белгилүү советтик педагог, Украинадагы Павлыш орто мектебинин мурдагы директору В. А. Сухомлинский бул жөнүндө кызыктуу баяндайт:

«Түш чен эле. Күн тийип, жылуу болуп турган. Биз боорундагы эшилме куму бозоруп алыстан көзгө чалдыккан бийик жарды көздөй бараттык. Жардын этек жагынан — куб сыяктуу формадагы кооз кристаллдар көрүнөт...

— Карасаңар, балдар, жылаңач жардын четине көгөрүп өскөн бир кичине түп чөптү, анан мобу кумдун алтындай жылтылдатып жол салганын. Чөп менен кумдун ортосунда кандай айырма бар?

— Чөп жайында өсөт, күзүндө солуйт, жазында кайра жанданат...— дейт балдар.

— Чөптүн тырнактай данчалары болот, алар жерге чачылып, ошондон жаңы сабакчалары өсүп чыгат...

— А кумчу?— деп мен сурадым...

Балдар ойлоно калып, көгөргөн шалбааны, такырайган жарды караштты. Бирөөнүн көзүнөн ойлонуп жатканы байкалды, экинчиси дагы кабагын салып ойго батты, үчүнчүсү кумдан уучтап алып, улам бир алаканына салып кирди...»

Балдарды ар нерсени билүүгө дилгир коюучулукка, байкагычтыкка, курчап турган жаратылыш жөнүндө алардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн ойготууга ушинтип үйрөтүп, алардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө болот.

Балдарды жаратылышка байкоо жүргүзүүгө үйрөтүү керек. Мисалы, жемиш багында жүргөн учурда балдарга бул жагынан көбүрөөк таасир этүүгө болот. Күзүндө алманын жана шабдаалынын бутактары жемишин көтөрө албай ылдый салаңдап ийилип турганын балдарга көрсөтүп, ошо замат: «Жемиш багы

кышында кандай эле?» деп суроо керек. Күздүн кечирээк мезгилинде, жалбырактар саргайып калган учурда балдарды жемиш багына кайра дагы ээрчитип баргыла, кайра дагы байкап карашсын, түркүн түскө бөлөнүп гүлдөгөн жаратылыштын кооздугуна кызыгышсын. Жаратылыш жанданып кулпурган жаз мезгилинде байкоо жүргүзүү андан бетер кызыктуу болот. Алсак, кечээ кечинде эле, мисалы, балдар өрүктүн карайган бүчүрлөрү менен жыланач бутактарын көрүшсө, эртеси күнү эртең менен эрте келип, ошо бутактарына жыбырап ачылган майда кызыл гүл каптаганын көрүшөт:

Албетте, мында балдарда ата-энелер кээде кыйындык менен жооп берүүгө туура келген далай суроолор пайда болушу мүмкүн. Ошентип ата-энелердин балдарынын көп суроолоруна жооп берип жатып, көп нерселер жөнүндө ойлонууга, көп нерселерди окуп чыгууга, дагы бир жолу китептерге көз жүгүртүп алууга аракет кылганы жакшы жышаана. Балдар: «Эмне үчүн дарак бир эле түндүн ичинде гүлдөп калды?», «Түнүчүндө дарак уктайбы же уктабайбы?», «Бутагын кесип салышканда дарак жабыр тартабы?», «Эмне үчүн дарак картайып, куурап калат?» деген ж. б. эң бир ар түркүн суроолорду бериши мүмкүн. Биздин балдар канчалык көбүрөөк суроо беришсе жана ошо берген суроолоруна канчалык туура жоопторду алышса, алардын таанып-билүүнү каалагандыгы ошончолук терең болот, алар мектепте да ошончолук жакшы окушат.

Эгер бала өзү менен өзү болуп, улуулары кичине бөбөктөрү менен көп сүйлөшпөсө, аларга китеп окуп жомок айтып берип жүрбөсө, баланын ар нерсени билүүгө ынтызарлыгы, зээндүүлүгү, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү начар өнүгө тургандыгын педагогдор эчак эле байкашкан. Бала тамак-аш, бут кийим, сырт кийим, бардык кийим менен шаймашай камсыз болгону менен, духовный азыгы болбосо, ал начар өнүгөт. Мындай бала мектепке келгенде көп учурларда эң бир жөнөкөй сөздүн да маанисин билбейт, тили чоркок келип, ар нерсеге кызыгуу сезими мокогон болот.

Эстетикалык жактан тарбиялоодо китептин чоң мааниси бар. Ушунчалык аябай кызыккандыктан

былк этпей демин ичине алып, көзүн балбылдатып карап сыйкырдуу кызыл шапке жөнүндө, көк карышкыр жеп кеткен улактар жана башкалар жөнүндө айтылган жомокторду улууңар же кызыңар кантип угуп отурушканын карап көргүлөчү. Эсте каларлык элестүү сонун образдар балдарда тайманбаган баатырдык иштерди чын дили менен жакшы көрүү жана кара ниет, адамгерчиликсиз иштердин баарын жек көрүү, жан-жаныбарларга, жаратылышка, жакшы нерселердин баарына карата болгон сүйүү сезимин пайда кылат.

Ушунчалык уккулуктуу, көркөм тилде ойдон чыгарылган жомоктор адилеттүүлүктү сезүүнү, кара ниет күчтү жек көрүүнү тарбиялап, өнүктүрүүнүн эң сонун куралы болуп саналат, балдарга жаман-жакшыны айырмалай билүүгө жардам берет. Мында жакшы-жаманды айырмалай билүүгө балдар акыл-эстүүлүк менен гана катышпай, чын жүрөгү менен берилип да катышат, өздөрүнүн ойногон оюндарында жана кылган иш-аракеттеринде аларда сүйүктүү каармандарга окшош болууну каалагандык пайда болот.

Минскидеги пионерлер Үйүнүн алдындагы кружокко барып жүргөн он жаштагы бир бала улактар жана боз карышкыр жөнүндөгү жомоктун сюжетине карата скульптура жасап, ал скульптурасында карышкыр эмес эле, улактар карышкырды жеңгендигин көрсөткөн. Бул, жакшылыктын жамандыкты жеңип чыгышына тилектеш болуу касиети баланын мүнөзүнө таандык экендигин ашыкча жолу далилдейт. Эстетикалык тарбия берүү кулк-мүнөзү калып алып келаткан жаш жигиттин асыл сезимдеринин пайда болушунун жана өнүгүшүнүн негизи болуп кызмат кылат. Мына ошентип, ар түрдүү кружоктордогу өткөрүлгөн сабактар, китеп окуу балдардын сезимдерин, ойлогон оюн, идеалдарын өнүктүрүп, кыймыл-аракеттерине багыт берип гана тим болбостон, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн, көркөмдүк жагына шыктуулуктарынын өсүшүнө да кеңири мүмкүндүк берет.

Балдарына көркөм адабият китептеринен жумасына эки-үч жолу угуза окуп берип, анан ошо окугандарын алар менен пикир алышып талкуулап жүргөн ата-энелер абдан туура кылат, жаратылыштын көркөмдүк ык менен сүрөттөлүшүнө, лирикалык чегиништерге,

сүрөттөп жазган тилинин коодугуна, андагы каармандардын мүнөздөлүшүнө балдардын көңүлүн бурушат. Ырларды окуп берүү балдарды сөздү машына келтирип туура сүйлөөгө үйрөтүп, аларды поэзияны сүйүүгө көнүктүрөт. Пушкиндин, Лермонтовдун, Маяковскийдин, Твардовскийдин, Купаланын, Коластын, Кулешовдун жана башка сонун акындардын ырлары үй-бүлөдө канчалык көп окулуп турса, балдардын поэзияга болгон сүйүүсү ошончолук күчтүүрөөк өнүгөт.

Бирок, тилекке каршы, бул жөнүндө белгилүү советтик жазуучу С. Михалков жазгандай, мындай да болот: «Кыштактардын биреөнө барып, колхоздун балдары менен сүйлөшө кетсем алар космостук кораблдер жөнүндө, Айга учуу жана Алжирде болуп жаткан окуялар жөнүндө айтып жатышкан экен. Бирок мен аларга Некрасов жөнүндө кеп козгоп, алардын туулуп өскөн жерлерин сүрөттөп жазган акындын ыр саптарын эстерине салсам, балдар эмне кыларын билбей буйдалып туруп калышты, «Мазай чоң ата жана коёндор» деген ырдан алардын арасынан эч кимиси эсинде калган бир да үзүндүнү окуп бере алышкан жок. Эгер ушу балдар илим жана техника жөнүндө, күндөлүк саясий окуялар жөнүндө билгендери менен катар ырларды да билишсе — Пушкиндин, Лермонтовдун, Некрасовдун, Феттин, Тютчевдин жана башка орустун сонун акындарынын ырларынан көп билишсе, алардын ички дүйнөсү байыраак болот беле,— анткени бул акындардын чыгармаларынын көңүлдү эргиткен саптары адамда «жакшы сезимдерди» ойготот эмеспи?— деген ойго батып, өзүмчө капалана түштүм».

Сезүү дүйнөсү татаал, ошон үчүн балага тикедентике таасир этүү да дайым эле каалаган натыйжаларды бере бербейт. Кичинекейинен тартып эле баланын искусстводогу, эмгек майданындагы, күндөлүк турмуштагы сонун нерселерди көрө билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү өтө маанилүү болот. Маселен, жазуучунун эстен кеткис сөзү балдардын аң-сезиминде жаркыраган элес калтырып, алардын ой-сезимине жана акыл-эсине жакшы таасир этет. Мисалга С. Маршактын «Бурганак» деген ырынан бир нече сап алып көрөлү:

Батыраак, бороон, чамдагын,
Өз ишиңен калбагын.
Алтыңкы жаңы жылга деп,
Кайыңга мончок камдагын!

Бул ыр саптарынан кубангандык, сергектик, өткүрлүк сезилип турат. Ырдын бүтүндөй түзүлүшү, ыргактыгы окугандардын ой-сезиминде жакшы элес калтырып, баланы кубандырып, анын көңүлүн көтөрбөй койбойт.

Жаш окурмандарды художниктердин көрүнүктүү чыгармалары менен жана алардын өмүрү менен, алар талбай эмгектенген доор менен тааныштырган китептер бар. Мисалы, Корней Чуковский өзүнүн «Репин» деген китебинде көрүнүктүү орус художнигинин образын теңдеши жок мээнеткеч адам катары ачып көрсөтөт. Ал мындай деп жазат:

«Эртең мененки тамактан кийин дароо эле Репин шашкан бойдон мастерскоюна барып, жанын аябастан чыгармачылык менен аябай катуу иштөөчү, анткени ал теңдеши жок мээнеткеч адам болчу, мастерскоюндагы тегерете тизилген зор полотнолорго сүрөт түшүрүп, ошого бардык күчүн жумшап таң азандан көз байланып күүгүм киргенге чейин иштеген ишине ушунчалык жан-дили менен берилгендигинен бир аз уялып да кете турган.

Көп жыл бою менен бул мастерскойго дайыма барып жүрдүм, ал ырп этерге алы калбай эси оогуча тынбай иштеп, ар бир тарткан сүрөтүн бүтүндөй бойдон, эч бир жерин калтырбастан он-он эки жолу кайра карап, кайра оңдоп чыгуучу, тигил же бул композицияны түзүп жаткан учурларда көп жолу анын айласы кетчү эле, өз күчүнө ишенбей ушунчалык жаны ачыгандыктан, ал бир күндүн ичинде бир нече жылдан бери түзүп келаткан сүрөттөрүнүн баарын бытчытын чыгарып жок кылып жиберүүчү да, эртеси күнү кайра ошо сүрөттөрүн, ал өзү айткандай, «жымсалдоого» киришчү.

...Кийин анын карылыгы жетип өтө чарчагандыктан оң колунан кан качып, кыймылга келбейката баштаганда, сүрөт тартуудан бир минутага да ажырап калбас үчүн ал дароо ошо замат сол колу менен жазганды үйрөнө баштайт».

Репин билимге көзү тойбогондугу менен да айырмаланчу эле,— деп жазат Чуковский: «Анын билимге умтулуусу ушунчалык зор болгондуктан, атактуу художник болуп туруп жөнөкөй эркин угуучу катарында университетке киргиси келет. Бирок ошол учурдагы университеттик тартиптердин кесепетинен бул оюн ишке ашыруу мүмкүн болгон эмес».

Илимдин, искусствонун жана адбияттын көрүнүктүү ишмерлери жөнүндө жазылган китептер балдарды гениалдуу художниктердин, композиторлордун, акындардын, жазуучулардын чыгармачылыгы жана турмушу менен, алардын мыкты чыгармалары менен гана тааныштыргандыгы үчүн эмес, бул адамдардын жогорку адептүүлүк белгилери жөнүндө, алардын эмгегинин асылдыгы жана жакшынакайлыгы жөнүндө баяндагандыгы үчүн да абдан баалуу.

Тажрыйбалуу энелер, балдарын биринчи эмгек ыкмаларына үйрөтүү менен, эмгек менен байланышкан белгилүү бир баалоочу пикирлерди тарбиялашат. «Семья и школа» журналына бир эне мына эмнелерди жазган:

«...Кызымды биринчи эмгек кадамдарына үйрөтүү менен, ага мындай деп айтып кайрылам:

— Танюша, сен кичинекей тарелкаларды кичинекейлеринин ичине, майдаларын майдаларынын ичине, түбү тереңдерин тереңдеринин ичине салып жыйна, болбосо карасаң, баары чакчелекей аралашып, көрксүз да, ыңгайсыз да болуп көрүнөт.

Дачадан мен бир баланы атасы экөө жыгач жыйып жатышканын көрдүм. Атасы баласына жыгачтарды бекемдеп каршы-терши тизип койгонду үйрөтүп жаткан экен.

— Жыгачтарды жакшы жыйдык: көрүнүшүн карачы, тим эле сонун, урап да кетпейт!»

Мына ушинтип ата-энелер балдарын кичинесинен тартып эле эмгектин кооздугун баамдап, аны сезе билүүгө үйрөтүүгө тийиш.

Кооз нерселерге өздөрү умтулгандыгы балдарга мүнөздүү болот. Токойдо же паркта жүргөндө балдарын: «Карачы, чоң эне, кандай кооз көпөлөк!», «Кандай кооз гүлдөр!» — деп кубанып кыйкырышканын баарыбыз эле угуп жүрбөйбүзбү. Жаратылыш дайы-

ма балдардын коздукка болгон сезимин ойготот. Ошондуктан ата-энелердин милдети балдардын мына ушу сезимин алардын өсүшүнө карай колдоодо жана өнүктүрүүдө турат.

Балдарга эстетикалык жактан тарбия берүүдө музыканын чоң мааниси бар. Музыкасыз, ыр-бийсиз эч бир үйдө турмуш өтпөй тургандыгы белгилүү. Бирок балдарда коздук сезимин жана музыкага болгон сүйүү сезимин тарбиялоо үчүн мына ушу фактынын өзү гана маанилүү болбостон, алар кандай музыканы угуп жүрүшкөнү маанилүү болот. Ата-энелер менен балдар көңүлдүү, жеңил музыканы гана укпастан, опералык, симфониялык музыканы угушу да өтө маанилүү. Көп үй-бүлөлөрдө, тилекке каршы, чоң кишилер да, балдар да джаз музыкасын же эстрадалык концерттерди укканды жакшы көрүп, олуттуураак искусствого аз көңүл бөлүшкөнүн изилдөөлөр көрсөтүп отурат. Жаштардын гана арасынан эмес, чоң кишилердин арсынан да бийлөөгө эс алып убакыт өткөрүүгө боло турган көңүлдүү, жеңил музыканы жакшы көрө тургандыгын көп байкайбыз. Ал эми үй-бүлөнүн милдети болсо, балдарды жеңил музыканы гана эмес, олуттуу музыканы да угууга үйрөтүүдө турат, анткени анын адамдын духовный дүйнөсүнө кошкон салымы бир кыйла көбүрөөк жана байыраак. «Көңүлдү ачуучу» искусство бар, ал искусствонун турмуштук мааниси жана милдети чындыгында адамдын көңүлүн ачууда, анын эс алуусун коздоодо турат, деп жазат композитор Д. Кабалевский. Бирок ар кандай чоң, чыныгы искусствонун милдети мына ушуну менен гана чектелип калбай, бир кыйла кеңири максатты кучагына алат. Ал максат адамдын духовный дүйнөсүн байытууну, адамды жакшыраак, акылдуураак, күч-кубатуураак кылууну көздөйт.

Адаттагыдай, олутуу искусствону жакшы көргөн жана чектелгендиги менен, адаттагыдай, жакшы искусствонун сонундугуна да баа берүүгө жөндөмдүү келет, анын үстүнө көңүл ачуучу жакшы жана жаман искусствонун ортосундагы айырманы жаңылбастан сезе билишет. Ал эми искусство жөнүндө сүйлөгөнү менен, көңүл ачууну гана кыял кылган адамдар өздөрүн чоң искусство менен байланышуунун кубанычынан (жана пайдасынан) ажыратып эле тим болбостон, ошо

көңүл ачуудагы өздөрүнүн ушунчалык тайкылыгы жана чектелгендиги менен, адаттагыдай жакшы искусствону жаман искусстводон айырмалай алышпайт.

Музыкага түшүнүү үчүн китептер менен радио жакшы мугалимдер болуп саналат. «Музыкалык шкатулка», лекциялар-концерттер, музыкалык викторина, концерт-табышмак» сыяктуу берүүлөр балдарды көп нерселерге үйрөтөт. Лекциялар-концерттер акырындык менен балдарды музыканы угуу маданиятына көнүктүрөт: музыкалык-билдирүүчү каражаттардын арналышы жана ролу жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү берет, өткөндөгү жана азыркы көрүнүктүү композиторлордун мыкты чыгармалары менен, алардын чыгармаларынын жаралышынын тарыхы менен тааныштырат. Ошондуктан ата-энелер жана балдар угууга мүмкүн болсун үчүн мындай берүүлөр качан жүрө тургандыгын билүүлөрү тийиш. Адаттагыдай, бул берүүлөр жогорку илимий-методикалык деңгээлде жүргүзүлүп, балдардын абдан кызыгуусун туудурат жана балдардын духовный жагынан байышынын маанилүү булагы болуп кызмат кылат. Анча чоң эмес «үйдөгү концерттердин» да ошондой эле чоң тарбиялагыч мааниси бар, ал концерттерде үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары ыр ырдап, ойношот, бийлеп, декламация айтышат.

Балдарга эстетикалык тарбия берүүнү көркөм сүрөт искусствосуз да бет алдыга келтирүүгө мүмкүн эмес. Башка каражаттар менен катар көркөм сүрөт искусствосу адамдын ой жүгүртүүсүнө, эркине жана сезимине активдүү таасир этет. Алсак, И. Репиндин портреттик чыгармалары адамдын ички дүйнөсүнүн сулуулугуна, акылынын күчүнө, анын керт башынын жана эркинин активдүүлүгүнө тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Сынчы Стасовдун эң сонун тартылган портретинде Репин трибунду, чындыкты таратуу үчүн жанын аябаган жалын жүрөк адамды көрсөткөн. «Запорожьеликтер түрктөрдүн султанына кат жазып жатышат» деген чыгармасында Репин кажыбас кайрат менен күжүрмөн күчкө жык толгон оптимисттик картинага бириккен ар башка мүнөздөгү жана көз караштагы бир жоон топ албан-балбан эр-азамат адамдардын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн кийген кийимдерине чейин ушунчалык таң каларлык тактык жана

чеберчилик менен табигый түрүндө берет. Душмандан артыкчылык кылуу сезимин художник запорожьеликтердин өңдөрүнүн ар башка түрүнөн көрсөткөн. Бирөөлөрүн ал каткырып күлүп жаткан түрүндө, башкаларын унчукпаган каардуу түрүндө, үчүнчүлөрүн — атаман Серконун сөзүн мыйыгынан жылмайып кабылдап жаткан түрүндө көрсөткөн. Картинанын мазмуну ачык түстүү боёктору, запорожьеликтердин айрыкча азаматтыгы жана келишкен келбеттүүлүгү менен күч алып турат.

Эстетикалык тарбия адамга курчап турган дүйнөнү, адамдын жаратылышынан берки күчүн жана бир нерсеге катуу берилгендигин тереңирээк таанып-билүүгө жардам берет. К. Цеткин менен болгон аңгемесинде В. И. Ленин искусство «массалардын сезимин, ойлогон оюн жана эркин... бириктирип, аларды көтөрүүгө тийиш. Искусство массалардан художниктерди ойготуп, аларды өнүктүрүүгө тийиш»,[1] — деп баса көрсөткөн. Искусство адамга таасир этүүнүн эң зор эмоционалдуу күчүнө ээ болуп, адамдын эмоционалдуу тез баамдагычтыгын козгойт жана чыңдайт, бирде кубаныч, бирде кайгы менен анын тынчын алат.

Балдардын көркөм сүрөт искусствосуна болгон кызыгуусун кантип пайда кылуу керек? Баарыдан мурда балдар өздөрү сүрөт тартканды жакшы көргөндүгүн эстен чыгарбоо керек жана балдарды керектүү боёк, карандаш, кагаз менен камсыз кылып, алар сүрөт тартып жатканда айтып жардам берүүдөн жана көңүл коюп жүрүүдөн аянбай, алардын мына ушу каалоосун бардык жагынан колдоо зарыл. Балдардын сүрөт тартууга дилгир койгондугунун шагын сындырбоо үчүн жакшы чыкпай калган сүрөттөрүн жаман деп айтуудан качуу керек (ушундай да сүрөт болобу, бул тартканың дегеле эчтемеге окшобойт деп жана дагы ушуга окшогон сөздөрдү айтпоо керек). Мында бала үйдүн, гүлдүн жана башкалардын сүрөтүн тартуудан мурда ошо тарта турган нерсени көңүл коюп карап алууга аракет кылганын эстен чыгарбоо өтө маанилүү болот. Кыясы, эгер бул тарта турганы гүл болсо, анда бала адегенде гүлдүн бүчүрлөрүнүн, жал-

---

[1] «Ленин искусствонун маданияты жөнүндө» деген жыйнактан. М., «Искусство», 1956, 520-бет.

быractарынын түстөрүн карап жатып, анын жыпар жытына ырыкаттанат, эң маанилүүсү мына ушу болуу керек, анткени мында бала эстетикалык ыракатты сезет.

Көп учурларда биринчи класстагылар менен экинчи класстагылар машинанын жана үйдүн гана сүрөтүн тартышат. Бул, алардын байкагычтыгы жетишерлик түрдө өнүккөн эмес дегендикке жатат. Тегерегинде турган нерселерди көрө билүүнү жана ошого суктана билүүнү тарбиялоодо ата-энелер балага бул жагынан жардам берүүлөрү тийиш. Терезеден силер жайкы, күзгү же кышкы пейзаждарын көрсөтүп, баланын көзүнө чалдыккан нерселердин ж. б. сүрөтүн кантип кагазга түшүрүү керектигин айтып бере аласыңар. Балдарга көркөм сүрөт искусствосундагы өз жөндөмдүүлүктөрүн жакшыраак өнүктүрүүгө жардам берүү үчүн, б. а. алдыңкы, ортоцку жана алыскы планды кагазга кантип жайгаштыруу керектигин, токойду, аккан сууну, алыска кеткен жолду кантип көрсөтүү керектигин ага боёктордун түстөрүн кантип тандап алуу керектигин айтып берүү үчүн, «Детский мир» басмасы чыгарган Г. Лабунскойдун «Сүрөт тартканды үйрөн» деген китебин ата-энелер окуп чыкса пайдалуу болот.

Тестиер жана өспүрүм мектеп жашындагы кезинде балдардын көркөм сүрөт искусствосуна болгон кызыгуусу мектептин, радионун, телекөрсөтүүлөрдүн таасири астында жана өзгөчө картиналык галереяларга барып келгенден кийин күч алат. Мектепте бул жаштагы балдар орус художниктеринин жана чет өлкөлүк художниктердин чыгармачылыгы менен адабият, сүрөт тартуу сабактарында, мектептеги кечелерде, диспуттарда, аңгеме өткөрүүлөрдө, көргөзмөлөргө жана музейлерге барган учурларда таанышышат.

Көп балдар открыткаларды-репродукцияларды коллекциялоого кызыгышат. Ал эми алардын айрымдары кээде «Кичине Третьяковдук галерея» деп аталган репродукциялардын, картиналардын жакшынакай альбомдорун түзүшөт. Бул абдан жакшы жөрөлгө. Ата-энелер балдарынын бул кызыгуусун колдоого тийиш, анткени бул кызыгуу аларга көркөм сүрөт искусствосунун жашырын сырын тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Картиналык галереялар жана айрым

художниктер жөнүндө чыккан илимий-популярдуу фильмдерди көрүү өтө маанилүү. Бул балдардын мына ушул тармактагы таанып-билгендерин байытат.

Балдарды көркөм сүрөт искусствосуна кызыгууга адат алдырууда өздөрү балдары менен бирге картиналык галереяларга барып, илимий-популярдуу фильмдерди көрүп жүргөн ата-энелердин иш-аракети чоң роль ойнойт. Бирок ата-энелердин балдары менен бирге барышы анчейин эле болбостон, алдын ала атайын даярдалган болууга тийиш. Бул тууралу В. аттуу бир эне мына эмне деп айтат: «Биз Третьяковкага он сегизинчи кылымды көрүүгө барганы жаткан элек. Мен живопись жагын анчалык билбейм, ошон үчүн бараар алдында керээли кечке окуп, репродукцияларды карап, репетиция жасадым. Эртеси күнү кызымдын жана өзүбүз менен бирге ала барган анын курдаш кызынын ойлогон оюнан ашып түшүп, өзүмдүн билгендерим менен аларды таң калтырсам болобу.

Кызымды карап: энесинин живопись жагын да билгендиги аны сыймыктандырып, абдан ыраазы кылганын байкадым. Жолдо кайтып келатканыбызда дедейде сүйлөбөгөн түнт кызымдын кабагы ачылып кетти, ал көргөндөрү жөнүндө айтып, улам пикир алышып, сурай калып жатты».

Көркөм сүрөт искусствосунун чыгармалары баланын эстетикалык жагынан ыракат алуусунун жана духовный байлыгынын булагы болуп калышы үчүн, анын кулк мүнөзүндө эстетикалык коздук сезимди тарбиялоо зарыл. Ф. Шиллер айрыкча белгилеп адилет айткандай, «кооздук сезим биздин кубанычыбызды гана күчөтүп тим болбостон, ошону менен бирге бизди цивилизациялаштырып, тарбиялап да турат». Жакшы кооздук сезим адамга искусствонун жана курчап турган турмуштун сонун жактарына түшүнүүгө жол ачат, ал эми «көркөмдүк менен ыракаттануунун өзү болсо,— К. Д. Ушинский жазгандай,— адамдын адептүүлүк тазалыгынын булагы болуп саналат».

Эстетикалык кооздук сезим адамдын өзгөчө бир жөндөмдүүлүгү менен байланыштуу болот. Алсак, көркөм сүрөт искусствосун кабылдоо үчүн өзгөчө бир жөндөмдүүлүк алынган багытты, симметрияны, про-

порцияны, түстөрдүн айкалышып турушун сезүү болуп саналат. Балдардын көркөм сүрөт искусствосунун чыгармалары менен таанышып турушу, эстетикалык көрүнүштөрдү салыштыруу жана анализдөө эстетикалык кооздук сезимдин түзүлүшүнө түрткү берет. Кооздук сезими өнүккөн адам олуттуу жана күлкүлүү, баатырдык жана күндөлүк окуяларга оңой түшүнө билгендиги менен айырмаланат. Мындай адамдын адабият, живопись, музыка, театр менен тыгыз байланышта болушу ал үчүн эс алуу гана болуп саналбайт — бул байланыш анын эстетикалык сезимин ойготот, аны жогорку моралдык сапатка ээ кылып, жакшы ой жүгүртүүгө үйрөтөт. Кооздук сезими жакшы өнүккөн адам искусстводон турмуш чындыгынын, адамдын ой-сезиминин чындыгынын чагылдырылышын табууга умтулат.

Өзүңөрдүн жана балдардын ой-сезиминде мына ушу сапаттарды өнүктүрүү зарыл.

## VII глава. ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫН ӨЗҮН ӨЗҮ ТАРБИЯЛООСУ

Бала тарбиялануучу гана болбостон, өзүн өзү тарбиялоочу да экендигин, бала улам өсүп чоңойгон сайын аны адам кылып тарбиялоо керектигин таануу— ата-энелерге өзүн өзү тарбиялоо жөнүндө, б. а. адептүү жакшы калып алууда жана башка мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн тарбиялоодо баланын өзүнүн катышуусу жөнүндө жок дегенде кыскача баяндап айтып берүүнүн логикалык зарылдыгына алып келет.

**Өзүн өзү тарбиялоо** — бул адамдын жеке өз кызыкчылыгынын койгон талаптарындай эле, коомдун койгон талаптарына да жооп бере турган касиеттерди өзүнүн ой-сезиминде иштеп чыгуу максатында атайын иштеген, план ченемдүү иш-аракети болуп саналат.

Өзүн өзү тарбиялоо экинчи кезектеги тарбиялагыч иш, бул, адам алган тарбиясынын жана турмуш тажрыйбасынын негизинде өзүнүн кылган күндөлүк аракетине улам олуттуу карай баштаганда, өзүнө мүнөздүү адамдык сапатын жакшыртуу жагын улам терең ойлоно баштаганда пайда болот.

Өзүн өзү тарбиялоо керектиги өзүн өзү жетилтүүгө дилгир койгон айрым адамдардын табигый зарылдыгынан келип чыгат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, мындай түрдөгү керектик жакшы түзүлгөн үй-бүлөдөгү жана класстагы коллективде, өзүнүн мүчөлөрүнө улам жогорку талаптарды койгон коллективде баарынан мурда пайда болот.

Өзүн өзү тарбиялоо адамзат өнүгүшүнүн ар түркүн жактарын өз кучагына алат. Ал адептүү жана чың денелүү болунуу тарбиялоого багытталышы мүмкүн, адамдын өзүнчө ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүгүнө же эстетикалык жагына, же болбосо анын эмоционал-

дык-эрктик чөйрөсүнө тиешеси болушу мүмкүн. Өзүнүн алдына койгон пландарына, турмуштагы алган багытына, ачык-айкын максатына жараша адам өзүндөгү белгилүү бир касиеттерди жана сапаттарды тарбиялайт. Өзүн өзү тарбиялоонун алган багыты баарыдан мурда адам өзүнүн кандай ийгиликке жеткендигин көргүсү келгендиги менен, ал өзү үчүн эмнени өтө орчундуу деп эсептей тургандыгы менен байланыштуу болот. Эгер уулу, мисалы, чың денелүү, күчтүү болуп өсүүнү кааласа, анда ал тынбай аракет кылып, өзүнүн дене-булчуңдарын өнүктүрүп, такшалат; эгер ал билимдин кандайдыр бир тармагында изилдөө иштерин жүргүзгүсү келсе,— ал байкагычтыгын, ар нерсени эсинде сактагычтыгын, өзүнүн акылын өнүктүрөт. Өзүн өзү тарбиялоонун багытталышы адамга турмушта кезиге турган кыйынчылыктар менен да байланыштуу болот. Бул ашыкча уялчаактык, өзүн токтото албагандык, чечкиндүү эместик, жалкоолук ж. б. Мисалы, көп учурларда ашыкча уялчаактык, өзүн кармай албагандык балага өзүнүн курбу-курдаштары менен мамиле түзүүгө кыйындык келтириши мүмкүн, ал эми жетишээрлик эмес өз алдынчалык болсо алдыга койгон максатты аткарууну кыйындатат.

Көп көрүнүктүү адамдар өзүн өзү тарбиялоого чоң маани берип келишкен. В. И. Ленин өзүн өзү тарбиялоону баарыдан мурда революциялык күрөштүн планында караган. Ал мындай деп жазган: «Азыр эң негизгиси мына мында: авангард өз билимин көтөрүүнүн үстүндө бир топ чымыркanып иштөөдөн, өзүн башкача кылып өзгөртүүдөн коркпошу керек...»[1]. Комсомолдун III съездинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө Владимир Ильич жаштарды дайыма өздөрүн тарбиялоого чакырган. В. И. Ленин өзү да ошондой эле бала кезинен тартып такай өзүн өзү тарбиялап келгендиги белгилүү. А. И. Ульянованын айтуусуна караганда, «Володя бала кезинен эле кызуу кандуу болучу, ал эми Сашанын көрсөткөн үлгүсү, анын дайыма бир калыпта жүрүшү жана абдан чыдамдуулугу бардык... балдар... үчүн, өзгөчө Володя үчүн чоң мааниге ээ болгон. Адегенде агасына окшош болгусу келет, бирок

[1] В. И. Ленин. Толук чыг. жыйн. 45-т., 137-бет.

кийин Володя атайын мына ушу кемчилиги менен күрөшө баштайт».

Өзүн өзү тарбиялоого А. С. Макаренко чоң маани берип келген, ал аны ар адамдын өнүгүшүнүн табигый натыйжасы катары караган. Л. Н. Толстой жаш кезинде эле күндөлүк жаза баштаган, ал күндөлүгүндө өз кемчиликтерин көрсөтүп, өзүн өзү тарбиялоо планын белгилеген, өз алдынча билимин көтөрүп иштеген ишинин жүрүшү жөнүндө отчет берип турган, жиберген каталарына талдоо жүргүзүп, жаңы пландарды белгилеген. Л. Н. Толстой өзүнүн күндөлүгүнө мына эмнелерди жазган: «Деги мен акмак элемин, эби-сыным жок... түнөргөн кейпим менен башкалардын да көңүлүн ача албайм, кичи пейил эмесмин, чыдамсызмын (intolerant), анын үстүнө жаш баладай уялчаакмын. Айтор караңгымын. Ара-чолодо окуй коюп билгендеримди болсо эптеп-септеп өзүм жаттап алгам, анын дагы байланышы жок, мааниси жок, анан калса ушунчалык аз. Бардык мүнөзү бош адамдардай эле, өзүмдү токтото албай кетем, чечкиндүү эмесмин, туруксузмун, акылсыздык менен менменсинип, кызып кетме жайым бар. Мен кайраттуу эмесмин. Турмушта кылдат болууну да билбейм, анан ушунчалык эринчээкмин, бекерчиликке адат алып жүрө берип, кандайдыр аракет кылууга мойнум жар бербей кетет. Мен акылдуумун, бирок менин акылым али эч бир нерсеге карата жакшылап сыналып көрө элек. Менин чындап ишке аша турган, кандайдыр пайда келтирип элге көрүнө турган ийкемдүү акылым деле жок. Мен ак ниетмин, б. а. жакшылыкты сүйөмүн, жакшылыкты сүйүү — бул менин адатым болуп калган, анан ушу адатыман тайгылып баратканымда, өзүмө өзүм ыраазы болбой, кайра мурдагы жакшылыкты сүйгөн калыбыма канааттангандык менен келе түшөм; бирок мен жакшылыктан да көбүрөөк сүйгөн нерселер бар, анын аты — даңк»[1].

Жеке өзүнүн сапаттарын талдап чыгуунун негизинде Л. Н. Толстой өзүнө мындай программасын белгилеп койгон: «Эң негизги үч кемчиликтен: бош мүнөздүүлүктөн, кыжырдангычтыктан жана жалкоолуктан арылуу мен үчүн баарынан маанилүү болот»[2].

---

[1] Л. Н. Толстой. Полн. собр. соч., 47-т. М.—Л., ГИХЛ, 1937. 8—9-бет.

[2] Ошондо эле. 22-бет.

Лев Николаевичтин күндөлүгүнөн өзүнүн билим деңгээлин көтөрүү боюнча өз алдынча иштеген ишинин натыйжаларына түркүн баа берүүлөрдү да учуратабыз:

«Мен көп өзгөрүлдүм, бирок кесибим жагынан өзүм каалагандай даражадагы ийгиликке али жетише элекмин»[1].

«Кечээки күн үчүн мен өзүмө абдан ыраазымын. Эрки майтарылбас чың денелүү боло баштадым; бирок акыл жагынан али өтө начармын...»[2].

Улуу адамдардан үйрөнүп, ар тарабынан жетик болууга умтулуу менен, ошондой эле биздин жаштар да өзүн өзү тарбиялоо жагында тынбай аракет кылып, өз мүнөздөрүн калыптандырышат. X класстын окуучусу Серёжа Д. өзүнүн күндөлүгүндө мына эмнелерди жазат:

«12. V. 1963-ж. Улуу философ Кант: «Мен эмнени ойлоп турсам, ошону гана айтам, бирок ошо ойлоп турганымдын баарын айтпайм»,— деген экен, деп мен кандайдыр уксам керек эле. Кандай сонун сөз!!! Бул сөздү мен кийин гана эсиме түшүрдүм. Бүгүн дагы оозума келгенди ойлобой сүйлөп калып, дагы балаага калбадымбы. Эмне үчүн мен өзүмдү токтото албайм? Ойлогон оюмду ичиме батыра албай, айтып туруп калма адатым бар. Кантип мындай болбошум керек? Бир гана айла: айтаардан мурда тилимди тиштей калып, өзүмдү токтотуп жүрбөсөм болбой калды. Тилимди тиштей калганым — адегенде жакшылап ойлон, андан кийин сүйлө деген белги болсун...

17. V. 1963-ж. Тилимди тиштей калып өзүмдү токтотконум жардам берди, бирок ушунчалык айткым келет. Кантип эле мен ушакчы болоюн?

25. V. 1963-ж. Бүгүн чыдай албай кеттим. Ачууланган бойдон тилимди тиштегенди унутуп калыптырмын. Володяга ашыкча көп күпүлдөп, капа кылып да койдум окшойт. Анан ошого өзүм уялып калдым. Өзүмдү жазалашым керек... Дайыма өзүмдөн кайрымдуулукту жана жолдошторума жардам берүүнү каалагандыкты сезем, көрө албастык менде жок, баарына жакшылык каалаймын. Менин эки начар

---

[1] Ошондо эле 15-бет.
[2] Ошондо эле 29—30-бет.

жагым, жок, үч начар жагым бар окшойт: 1) адам жөнүндө эмнени билсем жана эмнени ойлосом, ошонун баарын эч кандай арам ойсуз жашырбай айтууну каалагандык; 2) ачуум келип турганда туталанып кетүүчүлүк жана оройлук; 3) бирөө абдан суранган учурларда ашыкча тил алгычтык. Өз эркимди тарбиялашым керек экен — бул эң негизгиси. Жалаң эле унчукпай калуу жетишсиз окшойт, мунун башка жолун табыш керек. Китептерден окуп, ойлонуп көрүү керек»[1].

Сережа Д. өзүнө жетишерлик сын көз менен мамиле кылат, ал а тургай өзүн өзү тарбиялоо программасынын кээ бир пункттарын да келтирет. Анын күндөлүгүнөн алынган бул үзүндү силердин балдарыңар үчүн да өзүнүн күндөлүк кылган ишине талдоо жүргүзүүнүн өзүнчө бир үлгүсү болуп кызмат кылышы мүмкүн.

Өспүрүмдөрдө өзүн өзү тарбиялоо керектиги балдар бойго жетип калганда алардын көз караштары менен идеалдары түзүлүп, өз алдынчалыгы, адамдарга жана өзүнө өзү сын көз менен мамиле кылуу жагы башталганда пайда болот. Идеал менен салыштырган учурда өзүнө жана башкаларга терең баа берүү турмушунда белгилүү бир максатка жетишүү кызыкчылыгындагы зарылдык катары келип чыгып, өзүн өзү тарбиялоого муктаждыгын пайда кылат, ал эми бул керектик болсо жалпы өз деңгээлин көтөрүүнүн үстүндө иштөө процессинде күч алып отурат.

Окуучулардын өзүн өзү тарбиялоо муктаждыгын сезиши VI-VIII класстарда көбүрөөк учурай тургандыгын изилдөөлөр көрсөтөт. Өспүрүм эми жалган жеринен чоң кишинин ордунда болуп, чоң киши атыккысы келбейт, ал чынында эле чоң киши болгусу келет. Мында эң негизгиси — башкалардын да аны чоң киши деп таанышын каалайт. Ушундан улам өзүн өзү тарбиялоо жолу менен ар тараптан өсүп-өркүндөө керектиги келип чыгат.

Өспүрүмдөр баарыдан мурда эрк жагынан болгон кемчилигин жойгулары келет, мына ошондуктан өздөрүндө тайманбастыкты, кажыбас кайраттуулукту,

---

[1] А. Г. Ковалев. Окуучулардын өзүн өзү тарбиялашы. М., «Просвещение». 1967.

чыдамдуулукту, тырышчаактыкты ж. б. тарбиялоого умтулушат. Өспүрүмдөрдүн өз пикирлерин айтып жазгандарынан бир нечесин келтирели:

1. «Майтарылбас күчтүү эркти, туруктуулукту жана көздөгөнүнөн кайтпаган тырышчаактыкты тарбиялоону мен өз алдыма милдет кылып койдум. Өзүмдү ар иште тыкан болууга тарбиялагым келет. Н. Островскийдин «Болот кантип курчуду» деген романы мага чоң таасир тийгизди. Павел Корчагиндей болгум келет. Менин тарбияланышыма ал жакшы үлгү болуп кызмат кылат деп ойлогом. Ойлогон оюман кайта чегинбөөгө аракет кылып жатам. Күнүнө үч саат музыка менен алек болом, кээде гана туруктуулугум жетишпей кетет. Бир эле кыйындык: аба ырайы жакшы боло калганда көчө кулпуруп «азгырат» да турат. Ошондой болсо да өзүмдү тарбиялоого тырышам».

2. «Дене-боюмду такшалтып, күчтүү жана шамдагай болууну туура таптым. Өзүмдүн атамдай спортсмен болгум келди. Эртең менен зарядка жасайм, гимнастикалык кружокко барып жүрөм. Бул менин ден соолугумду жакшыртты».

3. «Мен өзүмдү эрки күчтүү, дене-бою келишкен чың денелүү адам кылып тарбиялоого дилгир койдум. Күчтүү жана кайраттуу болгум келет. Режимди сактап, эрте турам. Уктагым келет, бирок үйдөгүлөрдүн баарын ойготосуң деп апамдын урушканына карабастан, тура калам»[1].

(Эмне үчүн энеси баласын урушат? Анткени ал уулунун жакшы болууга дилгир коюп аракет кылып жүргөнүн түшүнбөйт. Тарбиялоо гана эмес, өзүн өзү тарбиялоо да бар экенин билгенде го, бул үчүн ал баласын минтип урушмак эмес).

4. «Мектепти жакшы бүтүрүп чыгууну алдыма милдет кылып койдум. Бул үчүн бекем эрк керек экендигин түшүнөм, ошондуктан өзүмдү мына ушу сапатка тарбиялоого умтулам. Эгер бир ишти баштасам, анын аягына чыгууга тырышам. Бирок бул дайым эле колуман келе бербейт. Кээде алагды болуп кетем. Өзүн башкача кылып кайталап тарбиялоо кы-

---

[1] А. Г. Ковалев. Окуучулардын өзүн өзү тарбиялашы. М., «Просвещение». 1967.

йын көрүнөт. Өзүмдүн каалагандарым менен дайым эле эсептешүүгө туура келбейт»[1].

Бул келтирилген мисалдар өзүнөн өзү эле айтып турат. Балдар өзүн өзү тарбиялоого умтулуп, өз алдыларына белгилүү бир милдеттерди коюшат, мындай учурларда пайда болуучу кыйынчылыктарды сезе билишет, бирок ошондой болсо да ар тарабынан өнүккөн жетик акылдуу адам болуп өсүүгө умтулушат: бирөөлөрү өз жүрүш-турушундагы кемчиликтерди жойгулары келсе, башкалары — аларга күчтүү деп эсептелүүгө укук берүүчү оң сапаттагы адамдардан ж. у. с. болгулары келет.

Өзүн өзү тарбиялоо анын натыйжаларына контролдук кылууну талап кылат, ал эми бул натыйжаларды болсо балдар өздөрү белгилешет. Өз алдынча иштөөнүн натыйжасында эмнеге жетишкендиктерине алар мына кандай баа беришет.

1. «Өзүм жөнүндө айтуу кыйын, бирок мага натыйжалары жаман эместей сезилет. Мурдагыга караганда жандуураак жана мамилечил болуп калдым, башкалардын ой-сезимин түшүнгөндү жана урматтаганды үйрөндүм, адамдарды сүйүүнү үйрөндүм».

2. Өзүмдү өзүм тарбиялоонун натыйжасында менде күчтүү эрк пайда болду. Азыр мен өзүмдү каалаганымды эмес, керек болгон нерсени жасоого мажбур кыла алам. Азыр мен дайыма, ал тургай жекшемби күнү да саат жетиде турам. Менимче, бул абдан жакшы болуш керек. Караңгыда коркуу дегенди такыр билбей калдым, мүрзөлөрдүн арасынан түнүчүндө деле өтүп кете берем. Айтор, натыйжа бар. Бирок бул аздык кыла тургандыгын түшүнөм. Мен өз алдымча иштегенимди улантып жатам жана бул адатымды эч качан таштабайм».

3. «Анча туталанып кетме адатымды коюп, өзүмдү оор басырык, токтоо кылып тарбиялагым келди. IX класстын аягында өзүмдү кармай билүүгө жарап калдым».

4. «Мен өзүмдүн кыжырдангычтыгым жана корс этип бир тийме одонолугум менен чечкиндүү күрөштүм. Өзүмдүн кылык-жоруктарыма, эмне айткандарыма жана аны кантип айткандарыма такай байкоо

---

[1] Ошондо эле.

жүргүзүүчү болдум. Мына эми тегеректегилер мени оор басырык, токтоо мүнөздүү адам деп эсептеп калышты[1]».

Биз көрүп тургандай, өзүн өзү тарбиялоонун натыйжасында балдар жакшы жагына оңолуп, мурдагыдан тыканыраак, чыйрагыраак, өзүн жана өз кылык-жоруктарын көбүрөөк башкара билгич, токтоо болуп калышат. Ырас, тестиер окуучулардын өзүн өзү тарбиялоосу өспүрүмдөрдүн өзүн өзү тарбиялоосунан айырмаланат. Тестиер окуучулар өз жүрүш-турушу үчүн жоопкерчиликти түшүнүп калышат, мына ушу жоопкерчиликти сезүү адептүүлүктү тарбиялоодо кошумча түрткү берет. Көп учурларда алардын өзүн өзү тарбиялоосу өзүнчө окуп билим алышы менен айкалышат.

Ар адамдын өзүн өзү тарбиялоого даярдыгы турмуш жагдайларынын жана тарбиянын таасири астында калыпташат. Адамды эмне курчап турган болсо жана ал эмне менен байланышкан болсо — мына ошонун баары турмуш жагдайлары болот. Бул, бала жашап турган жана анын акыл-эси менен ой-сезимдерине, анын жүрүш-турушу менен мүнөзүнүн бардык жагына өзүнүн изин калтырган материалдык жана маданий, моралдык жана психологиялык шарттар. Күндөлүк турмуш агымынын таасири менен адам өзүн өзү жагдайлардын талаптарына жооп бере турган касиетке ээ кылып тарбиялай баштайт.

Жүрүш-турушуна жана тегерегиндегилердин талаптарына жараша өзүнө талап коюучулук, ой-сезимдеринин, идеалдарынын бир багыттуулугу, ал эми акыркы жыйынтыгында болсо — мүнөзү түзүлгөн адамдын турмуш планы калыпташат. «Адамдар жагдайларды кандай жараткан болсо, жагдайлар да адамдарды ошондой эле өлчөмдө жаратат»[1],— деп көрсөтүшкөн К. Маркс жана Ф. Энгельс. Ошентип, ата-энелердин, класстагы окуучулардын турмушу жана жүрүш-турушу, мектеп жана мугалимдин көрсөткөн үлгүсү окуучуга чечүүчү таасир этет.

Моралдык аң-сезимдин негизинде адамдын жүрүш-турушунун адептүүлүк идеалы калыпташат. Ушундай

[1] А. Г. Ковалев. Окуучулардын өзүн өзү тарбиялашы, М., «Просвешение» 1967, 27-бет.

[1] К. Маркс, Ф. Энгельс. Чыг., 12-бас.., 3-том., 37-бет.

идеалдын болушу окуучуларга, өзүнүн өсүп-өнүгүшүндөгү кемчиликтерин билип, өзүн өзү тарбиялоо планын белгилөөгө мүкүндүк берет. Өзүн өзү тарбиялоо окуу менен тыгыз байланышат. Бул жагынан адабияттын өзгөчө мааниси бар, аны окуп үйрөнүү типтүү турмуш жагдайларындагы адамдардын типтүү мүнөздөрүн билүүнү камсыз кылат.

Ушинтип, ата-энелердин тарбиялоо ишиндеги ар бир кадамы түздөн-түз да, кыйыр түрдө да окуучулардын өзүн өзү тарбиялоо керектигин ойготууга багытталууга тийиш. Өзүн таануу өзүн өзү тарбиялоонун өбөлгөсү болуп саналат. Ар кимдин өзүн жана өзүнө карата болгон мамилесинин мүнөзүн билишине жараша адамдын өз билим деңгээлин көтөрүүнүн үстүндө иштеген ишинин активдүүлүгүнүн мазмуну жана багыттуулугу аныкталат. Өзүн өзү тарбиялоо башка адамдарды, ошондой эле өзүн да таанып билүү процессинде калыпташат. К. Маркс мындай деп жазган: «Адам адегенде, күзгүдөн көргөн сыяктуу, башка кишинин кандай экенин байкап көрөт. Өзүнө окшогон башка бир адамга адамгерчиликтүү жакшы мамиле кылганды билүү менен, адам өзүнө өзү да ошондой эле кунт коюп мамиле кыла баштайт»[1]. Балдардын башкалар менен болгон катнашуу чөйрөсү канчалык кеңири болсо, өзүн башкалар менен салыштыруу жана ошентип өзү таанып билүү мүмкүндүгү аларда ошончолук көп боло тургандыгы мына ушундан улам түшүнүктүү болуп чыгат.

Өзүн өзү тарбиялоо баланын мектепке чейинки жашында да башталышы мүмкүн. Ырас, бул жаштагы баланын өзүн өзү тарбиялашы толук жеткиликтүү түшүнгөн мүнөздө болбойт. Бирок мектепке чейинки балдарды өз кылык-жоруктарына жана аракеттерине, ошондой эле өз курбу-курдаштары менен башка адамдардын кылык-жоруктарына баа бере билүүгө үйрөтсө болот. Атасы өзүнүн беш жашар баласын өзүн өзү тарбиялоого кантип үйрөткөнү И. Кичинанын «Сенин мүнөзүң» деген аңгемесинде жакшы көрсөтүлгөн[2]:

«Толя маркаларды жыйноо менен алек болчу болду. Ошентип ал иштен келаткан атасын күнүгө алды-

---

[1] К. Маркс, Ф. Энгельс. Чыг. 12-бас., 23-т., 62-бет.
[2] «Семья и школа» журналы, 1958, № 5.

нан тосуп чыгып: «Алып келдиңби?» — деп чыдамсызданып сурачу. Өзгөчө иштен чарчап келаткан күндөрү кээде атасынын ачуусу келе турган, а тиги болсо күнүгө эле сураганын койбойт.

— Билесиңби, Толя,— деди атасы бир жолу,—мен сага маркалардан сатып келип турайын. Бирок иштен эрте бошогондо гана «Филателия» магазинине бара алам. Бирок мен муну мындай бир шарт менен жасайм: эгер сен күнүгө эле бул жөнүндө сурай бербесең.

Мындай чыдамкайлык көрсөтүү оңой-олтоң иш болбоду. Бирок Толя аракеттенди. Бирок ошонун эсесине атасы өзү мезгил-мезгили менен марка алып келе баштаганда ал кандай аябай кубанды дейсиң».

Эмне үчүн мектепке чейинки жаштагы балдарга тарбия берүүгө гана эмес, алардын өзүн өзү тарбиялашына да көңүл бөлүү керек?

Бул суроого Л. Н. Толстойдун сөзү менен баарынан жакшы жооп берүүгө болот, бала алгачкы балалык кезинде канчалык көп таасирге ээ болсо, ал кийин бүт өмүр бою ошончолук көп таасирге ээ боло албайт, деп эсептеген ал. Балким, Л. Н. Толстой адамдын өсүп-өнүгүшүндөгү жана таанып-билишиндеги балалык жаш кездин маанисин бир аз ашыра айтып жибергендир, бирок балалык жылдардын мааниси адамдын андан кийинки өмүрүндө жана өзгөчө мүнөзүнүн калыптанышында чоң роль ойнойт. Балалык жаш кездин бул жагына А. С. Макаренко көп көңүл бөлгөн, ал мындай деп жазган: «...Тарбия берүүнүн эң башкы негиздери беш жашка чейин калыптанат, силердин беш жашка чейинки кылган аракетиңер — бул бардык тарбия берүү процессинин токсон проценти болот, андан кийин адамдын тарбияланышы улантылат, бирок силер кылган аракетиңердин жемишин тата баштайсыңар, ал эми силер багып өстүргөн гүлдөр беш жашка чейин чыккан болучу[1].

Балдардын өзүн-өзү тарбиялоого умтулуу сезимин ойготууда баланын үй-бүлөдөгү турмушу акылга сыярлык уюштурулгандык менен бекемделген ата-энелердин туура талап коюулары чоң роль ойнойт. Бал-

---

[1] А. С. Макаренко. Чыг., IV. М., РСФСР ПИА басмасы, 1957, 462-бет.

дар эң алгачкы жаш кезинен тартып эле ар ишти белгилүү бир убакытта так аткарууга жана жүрүш-туруштун белгилүү бир чектеринен чыкпоого үйрөтүлгөн болууга тийиш, деп айткан А. С. Макаренко. Ар ишти убагында так аткарууга адат алуу — бул өзүнө талап коюу тактыгына адат алуу болот. Тактыкка көнүгүү — эркти тарбиялоонун эң маанилүүсү ушу. Ата-энелер мектепке чейинки балдарынан да күндөлүк режимди сактоону талап кылат. Бирок эгер мындай талап кылуулар дайыма болбой, ар кайсы учурларда болсо, анда бул режим бузулуп, бала кандайдыр бир калыпта жашоого адат ала албай калат.

Кенже мектеп жашындагы окуучунун өзүн өзү тарбиялоосун, баланы өзүм үчүн бир күндүн ичинде белгилүү бир иш тартибин белгилеп, аны расписание түрүндө түзүү колуман келет деген ойго алып баруудан баштоого болот. Бала өзүнө расписание түзүп алгандан кийин ал, албетте, анысын ата-энесине көрсөтөт. Ата-энелер баласы менен бирге сабак даярдоого, эс алууга, пайдалуу эмгекке ж. б. убакытты бөлүштүрүүнүн тууралыгын талкуулап чыгууга милдеттүү. Ошентип күндөлүк режим биротоло белгиленүүгө тийиш. Күндөлүк режим бала менен бирге алдын ала талкууланып, анан ал аны расписание түрүндө түзүп алса, андан бетер жакшы болот.

Бирок күндөлүк режимдин расписаниесин түзүү — бул иштин башталышы эле. Баланын өз алдынча иштөөсүнүн негизи белгиленген тартипти бирге алып барууда болот. Бала өзүнө күндөлүк режим түзүп алгандан кийин, ал аны өзү ишке ашырат. Балдардын режимди аткарышынын чоң мааниси бар, анткени ал алардын эмгек менен эс алууну айкалыштыруудагы белгилүү бир адаттарын, б. а. белгилүү бир турмуш стилин калыпташтырууга көмөк берет.

Адегенде уулу же кызы күндөлүк режимди катуу сактоого аракеттенет, бирок бир жумадан кийин же андан бери эле аны бузуп коюулары мүмкүн, муну оңоого ата-энелер даяр туруулары керек. Мындан коркуунун кереги жок, бирок көз жаздымынан кетирүүгө да болбойт. Ата-энелерден бала режимди сактоого көнүккүчө анын аткарылышына көңүл коюп байкоо жүргүзүү жана жемелөө менен эмес, эсине

салып туруу менен гана балдардын режим убактысын сактоосуна жетишүү талап кылынат.

Балдардын өзүн өзү тарбиялоо натыйжаларын бекемдөө максатында ата-энелер өзүнчө бир кароо өткөрүүлөрдү уюштурушса болот, бул кароо өткөрүүлөрдө балдар өз алдынча аракет кылып иштөөнүн натыйжасында пайда болгон өзүлөрүнүн адаттарын жана ыкмаларын көрсөтүшөт. Маселен, балдардын ар нерсени эсинде сактап калуучулугу менен байкагычтыгын өнүктүрүү өтө маанилүү болот. Бул үчүн күндөлүк мектепте болуп жаткан окуяларды эле эсте сактап калуу жетишсиз. Окуучулар өзүлөрүнүн эсинде сактап калуучулугун жана байкагычтыгын өзүлөрү машыктырып, белгилүү бир адаттарга калып алышат. Жетишилген ийгиликтерди ар кимдин сапатынын айкын-ачык көрүнүшүн талап кылуучу чалгынчылардын оюнун ойногон учурда текшерүү баарынан жакшы болот.

Балдардын жогоруда айтылып кеткен өспүрүм кезинде өзүн өзү тарбиялоосунун дагы чоң мааниси бар, анткени бул убакта өзүнө өзү баа бергенди биле баштайт, «Мен кандаймын?»—деген суроо анын тынчын алып, жолдошторунун арасындагы өзүнүн кадыр-баркы жөнүндө ойлонот.

Кээде өспүрүмдө өзүнө өзү ыраазы эместик, өзүнүн мүнөзүн анча жактырбагандык, өз кемчиликтеринен арылууга дилгир койгондук пайда болот. Мугалимдер менен ата-энелердин милдети — ошол учурду өткөрүп жибербөө, өспүрүмдү өсүп-өнүгүүдөн өксүтүп койбоо болуп саналат. Ата-энелер, мисалы, уулуна же кызына «Маркстын анкетасын» сунуш кылса болот, мында жооп бере турган суроолордун оңой-олтоң эместигин эскертип айтуу керек, анткени башкалардын кемчиликтери менен жакшы жактарына эмес, өз мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүнө түшүнүп, терең ойлонууга туура келет. Адам өзүнө эмес, башкаларга батыраак баа берүүгө шыктуу келе тургандыгы белгилүү эмеспи.

Бирок өзүнүн ким экендигин билүүгө үйрөтүү аздык кылат, мында баланын кайрадан жакшы жагына өзгөрүлүүгө, өз кемчиликтерине каршы чыгууга дилгир коюусун келтирүү чоң мааниге ээ болот. Өспүрүмдөрдө «өзгөрүлүүнү каалагандыкты» тарбиялоого

баарынан мурда өзүнчө бир калыпка келген «жетик адам» болуп өсүүгө болгон муктаждык түрткү берет. Мында да ата-энелер балдарына кылдат жана ынандырарлык мамиле жасоо менен адамдын чыныгы жетиктиги, өз алдынчалыгы кандай болорун түшүндүрүп айтып берүүгө тийиш.

Ачык-айкын адабий каармандардын көрсөткөн **үлгүсү баланын өзүн өзү тарбиялоосунун маанилүү каражаты болуп саналат.** Сонун адамдардын өмүрү алар жеке өзүнүн кемчиликтери менен кантип күрөш жүргүзгөндөрүн көрсөтөт. Муну Л. Н. Толстойдун, К. Д. Ушинскийдин, А. П. Чеховдун күндөлүктөрү менен каттарынан окуп көрүүгө болот. Жакшы тарбия алгысы келген адам өз мүнөзүн өзү жарата тургандыгын ата-энелер уулуна же кызына үйрөтүүлөрү керек. Жакшы тарбия алган адамдар жөнүндө А. П. Чехов мындай деп жазган:

«Жакшы тарбия алган адамдар, менин оюм боюнча, төмөнкү шарттарды канааттандырууга тийиш:

Алар ар адамды сыйлашат, ошон үчүн дайыма адамдардын көңүлүн оорутпай, жылуу жүздүү, сылык, эпке келгич болуп жүрүшөт... Алар бирөө ала койгон оюнчук балкасы же жоголгон резинкасы үчүн жаңжал чыгарышпайт; алар бирөөлөр менен бирге жашап тургандыгын милдет кылышпайт, ал эми алардан кетип бараткандa: силер менен жашоого болбойт!..— деп айтышпайт.

Жалаң кайырчылар менен мышыктарга гана алардын боору оорубайт. Алар жөнөкөй көз менен көрүнбөгөн жандуу нерселерди да күйүп-бышып аяшат...

Башка бирөөнүн тилектеш болуусун келтирүү максатында алар өздөрүн кемсинтишпейт. Башка бирөөлөрдүн алпештеп эркелетүүсүнө жетишүү үчүн алар эч кимге жагалданып жагынышпайт...»

Албетте, ата-энелер өздөрү да балдары үчүн өзүн өзү тарбиялоодо үлгү болууга тийиш: кандайдыр бир жаман адатты таштоо (мисалы, тамеки тартууну), кандайдыр бир жакшы адатка көнүгүү (мисалы, китеп окууга адат алуу). Ата-энелердин баласынын өзүн өзү тарбиялоосуна жетекчилик кылуусунун кээ бир ыкмаларына токтололук. Өспүрүм кезинде жана алгачкы кичине кезинде балдардын өзүн өзү тарбиялоосун уюштуруу — бул татаалыраак иш. Бул иш ата-

энелерден, балдар өз алдынча иштөөлөрүн кандайча жүргүзүүлөрүн гана билбестен, аларды мына ушуга үйрөтүүнү да билүүнү талап кылат. Уулуна же кызына өз алдынча иштөөнүн максатын гана белгилөө жетишсиз болот эмеспи. Эң башкысы — аларга өзүн өзү тарбиялоонун толук программасын түзүүгө, башкача айтканда өзүндөгү кандай сапаттарды өнүктүрүп, кандай терс сапаттардан арылууга жардам берүү болуп саналат.

**Мындан маанилүү милдет: ар баланын тигил же бул оң сапаттарын өнүктүрүү үчүн же терс сапаттарынын өнүгүшүнө тоскоолдук кылуу үчүн аракеттенүүнүн ыкмаларын жана жолдорун аныктоо,** муну кандай ырааттуулукта жана аракет кылуунун кандай түрүндө аткаруу керектиги келип чыгат.

Көрүнүктүү жазуучулардын, окумуштуулардын жана саясий ишмерлердин өзүн өзү тарбиялоодогу программалары, күндөлүктөрү жана аракет кылуу эрежелери бул жагынан алып караганда үлгү болорлук болуп саналат. Мисалы, Л. Н. Толстой, өзүнүн ар тараптан өнүгүшүн алдына милдет кылып коюп, төмөнкү программаны белгилеген: «1. Университеттеги аяктоочу экзамен үчүн керек болгон юридикалык илимдердин бүт курсун үйрөнүү. 2. Практикалык медицинаны жана теориялык медицинанын бир бөлүгүн үйрөнүү. 3. Француз, орус, немец, англис, италия, латын тилдерин үйрөнүү. 4. Айыл чарбаны үйрөнүү, теориялык жагын да, практикалык жагын да. 5. Тарыхты, географияны жана статистиканы үйрөнүү. 6. Математиканы, гимназиялык курсту үйрөнүү. 7. Диссертация жазуу. 8. Музыка менен живопистен жетилүүнүн орто даражасына жетишүү. 9. Эрежелерди жазуу. 10. Табигый илимдерден кээ бир маалыматтарды алуу. 11. Үйрөнө турган предметтердин баарынан сочинение түзүү»[1].

Л. Н. Толстой ошондой эле өзү үчүн өзүн кайрадан тарбиялоонун да программасын белгилеген.

Өзүн өзү тарбиялоонун программасын биздин өспүрүмдөр мына кандай түзүшөт. VIII класстын окуучусу Вера П. өзү үчүн төмөнкүдөй программаны белги-

---

[1] Л. Н. Толстой. Толук чыг. жыйн. 46-т., М.—Л., ГИХЛ, 1934, 31-бет.

лейт: «1) өзүмдү эрктүү адам кылып тарбиялашым керек; 2) өзүмдү кайрымдуу кылып тарбиялап, боорукер болуп, жолдошторуман колуман келген жардамымды аябай, адамдарды сүйүшүм керек; 3) спортко катышып, тулку-бою келишкен чың денелүү адам болушум керек; 4) маданий деңгээлимди көтөрүп, музейлерге, театрларга барып, көбүрөөк окушум керек».

Володя К., онунчу класстын окуучусу, алдына мындан татаалыраак милдеттерди коёт. Ал мындай деп жазат: «1) өзүмчө бир бекем көз караштагы жана ишенимдеги адам болууга аракет кылуум керек, муну мен жетекчиликке алам жана өз алдымча чечим чыгарып, түркүн маселелер тууралу өз ой-пикиримди айта алам; 2) өзүмдү тырышчаактыкка жана талбай иштөөгө көнүктүрүүм керек; 3) адамдардын бири-бирине болгон мамилелерине түшүнүп, аны терең талдоого алуу үчүн, менин адамдарды айырмалай билүүмдөгү практикалык турмуш ыкмаларым менен билгичтиктеримди өнүктүрүүнү улантышым керек; 4) ар түркүн чыгармаларга оңой жана негиздүү баа берүү үчүн искусствону үйрөнүүнү улантуу керек; 5) турмуш жолумда жолтоо болгон өзүмдөгү кээ бир терс сапаттарды жеңе билишим керек,— бул уялчаактыгым менен тартынчаактыгым»[1].

Албетте, К. Володянын программасы бир аз айкыныраак, жалпы мүнөздөгү пункттары бар, бирок анысы анын аткарылышынын жүрүшүнө карата кийин айкындалышы мүмкүн, ошондо Володя ага тагыраак талаптарды кийрет.

Өзүн өзү тарбиялоо программасынан башка анын айрым пункттарын ишке ашырууну камсыз кылуучу жүрүш-туруштун жалпы эрежелеринин болушу да зарыл. Үлгү катары көрүнүктүү орус педагогу К. Д. Ушинский өзү үчүн белгилеген эрежелерди келтиребиз:

«1. Жок дегенде сыртынан байкатпай дайыма бир калыпта оор басырык болуп жүрүү.

2. Ар нерсени бетке айтып, так жүрүү.

3. Ойлонуп иш кылуу.

4. Чечкиндүүлүк.

---

[1] А. Г. Ковалев. Окуучулардын өзүн өзү тарбиялоосу. М., «Просвещение». 1967.

5. Ыгы келбеген учурларда өзүң жөнүндө ооз ачып койбо.

6. Кур бекер убакыт өткөрбө: кокусунан чыга калган иш кылбай, каалаган ишиңди кыл.

7. Дароо эле өтө кумарданган сезим менен ар кай жакка чарпылбай, пайда келтире турган керек учурларда гана күчүңдү жумша.

8. Күн сайын кечинде күндөлүк кылган ишиңе адилет отчёт берип жүр.

9. Мурда кылган ишиңе да, азыркы кылган ишиңе да, алдыда иштей турган ишиңе да эч качан мактанба.

10. Бул журналды эч кимге көрсөтпө»[1].

Бул эрежелер тестиер жана өспүрүм балдар үчүн гана эмес, ата-энелер үчүн да чоң кызыгууну туудурат. Ата-энелер уулунун же кызынын алдында кадырбарктуу болуп, жогору туруу үчүн мындан көп нерселерди алышса болот.

Окуучулардын өздөрү үчүн өзүн өзү тарбиялоонун эрежелерин кантип жаза тургандыктары жөнүндө С. Соловейчиктин «Жаанга калып шөмтүрөгөндөр» деген китебинде жакшы баяндалган: «Жок дегенде үч жылдык программаны иштеп чыгуу керек, баарын тең: бекерчиликти, жалкоолукту, дайны жок китептерди окуй берүүнү, куру кыялга батууну, максатсыз шаарды кыдырып жүрүүнү ташташ керек. Айтор баарын ташташ керек. Бүгүндөн тартып мен өзүмө баскетболго, ишембилик кечелерге жана танаписке гана уруксат берем. Жок, танапис да болбойт экен. Танапистин кереги жок! Ага менин убактым жок».

Албетте, программаны жана өзүн өзү тарбиялоонун эрежелерин түзүү — алгачкы эле кадам болот. Эң негизгиси алдыда: кандай белгилеген болсоң, так ошондой кылуу керек. Ал эми эң кыйыны кайсы? Өзүн өзү тарбиялоонун кыйындыгы мына мында: өзүңдүн эле пландарыңа каршы өзүң күрөш жүргүзүп, өзүңдүн мурдатан бери келаткан турмуш түрүңдү түптамырынан бери өзгөртүү керек. Кабыл алынган чечимдерди аткарууга тоскоолдук кылган жеке өзүңдүн жалкоолугуңа каршы күрөш жүргүзүү өзгөчө татаал

---

[1] К. Д. Ушинский. Чыг. жыйн. 11-т., М., РСФСР ПИА басмасы, 1952, 27-бет.

болот. Уулу же кызы өз алдына окууга жана эмгекке олуттуу мамиле кылуу милдетин коюшат, мына ошондо көп учурларда эчактан бери жедеп сиңип бүткөн жалкоолук алардын жолуна бөгөт болуп туруп алат, аны жеңүү көп күчтү жана эрктин чымыркануусун талап кылат. Балдарга өз жүрүш-турушунун кемчиликтерин жеңүүгө ошондой эле сырткы азгырыктар да тоскоолдук кылат: көбүнчө жазында жана күзүндө жакшы болуп кулпуруп турган аба ырайы китептен алагды кылып, көчөгө чыгууга азгырат же курбу-курдаштарынын кызыктуу оюнга катышууга чакырышы кыйын маселени чыгаруудан же үйгө берилген тапшырманы жазуудан алагды кылат. Бул учурда ата-энелер, баласын жемелебей туруп, өзү белгилеген өзүн өзү тарбиялоо программасын аткаруу зарылдыгы жөнүндө анын эсине салууга тийиш. Мында кайта-кайта айта берип тажатпоо, өз алдынча иштегиси келген баланын көңүлүн калтырбоо керек.

Андан башка, балдар өзүнө өзү таасир этүүнүн кээ бир жолдорун жана ыкмаларын билүүгө тийиш. Мындай ыкмаларга өзүн өзү ишендирүү, өзүн өзү ынандыруу жана көнүгүү жасоолор кирет.

**Өзүн өзү ишендирүү** — бул сөздүн жардамы менен ишке ашуучу өзүнө өзү таасир этүү болот. Өзүн өзү ишендирүүнүн сөзүн макул тапкан формада жана келер чакта эмес, учур чакта өз атынан айтуу сунуш кылынат. Мисалы: «Мен тамеки тартпайм» деп айтуу керек («Мен мындан ары тамеки тартпайм» деп айтуунун ордуна).

Профессор А. Г. Ковалёв айткандай, максатка жетишүү үчүн өзүн өзү ишендирүүнүн 4—6 сеансы талап кылынат. Биринчи сеанстын учурунда ишендирүүчү сөздү 2—3 жолу катары менен кайталоо (мисалы, «Мен тамеки тартпайм») жана беш мүнөттүк танапистен кийин дагы эки жолу кайталоо керек. Экинчи сеанстын учурунда сөз 2—3 мүнөттүк интервалда эки жолудан кайталанат ж. у. с. Профессор А. Г. Ковалев биринчи сеансты эртең менен, ал эми экинчи сеансты — кечинде, уктаар алдында, үчүнчү жана төртүнчүнү — күн алыс, бешинчини болсо —биринчи сеанстан кийинки төртүнчү күнү өткөрүүнү сунуш кылат.

Өзүнө өзү ишенбеген абалда болгондо өзүн өзү ишендирүүнүн таасири натыйжалуу болот. Бирок өзүн өзү ишендирүү, А. Г. Ковалев көрсөткөндөй, ишендирүүнүн предметине толук көңүл топтолгон учурда гана натыйжа берет. Өзүн өзү ишендирүү жүрүш-туруштун белгилүү бир түрүндө өзүн өзү ынандыруу менен айкалышып турууга тийиш.

**Өзүн өзү ынандыруу** — бул белгилүү бир абалдын чындыгын же жалгандыгын, өзүнүн кылган ишинин тууралыгын же туура эместигин, кимдир бирөөгө же эмнедир бирдемеге карата болгон мамилесин өзүнө өзү далилдөө болот. Өзүн өзү ишендирүү менен, аң-сезимди, түркүн көрүнүштөргө карата болгон мамилени жана жеке өзүнүн жүрүш-турушун кайрадан түзүүгө болот.

Балдардын өспүрүм кезинде өзүн өзү ынандыруу зарылдыгы пайда болот, анткени өспүрүм, ага кызыктуу жана кызыктуу эмес, бирок керектүү иштин ортосунда (өзгөчө окууда) азгырык менен милдеттин буйругунун ортосунда тандоого туура келгенде далилдердин күрөшүн сезет. Өспүрүмгө өзүн өзү ынандыруу ал тандап жаткан иш багыттарында карама-каршылыктар орун алганда керек болот.

Уулу, мисалы, эмне кыларын билбей эки анжы болуп калат: сууда сүзүү боюнча спорт мектебине кирип окуш керекпи же жокпу? Ата-энеси бул окууну сунуш кылат, сууда сүзүү чеберчилигине ээ болуу — бул теңтуштарынын арасында кадыр-барктуу болуу дегендикке жатаарын бала өзү деле түшүнөт. Ал эми өспүрүмдөр болсо дайыма өз алдынча кандайдыр ийгиликке жетүүгө умтулушат. Бирок бала бассейнге бара баштаганда эле, бул үчүн көп күч-кубат, айрым бир түрдүү, кээде кызыгы жок ыкмалар менен кыймыл-аракеттерге машыгуу керек болду. Ушунун баары анча кызыкпай калууга, чыгарган чечиминин тууралыгынан шек саноонун пайда болушуна алып келет. Өспүрүм сууда сүзүүнү үйрөнүүнү андан ары улантышы үчүн, ал өзүн кошумча негиз менен ынандырууга тийиш. Ошону менен бирге ал өзүндө кыйынчылыктарды жеңүү анын эркин такшалта тургандыгы жөнүндө, бара-бара акырындык менен, чебердигинин өсүшүнө жараша, кызыгы жок көнүгүүлөрдүн саны улам азая тургандыгы жөнүндө, бирок ошонун эсесине кы-

зыктуураак жана ардактуураак нерсе — эң күчтүүлөрдүн мелдешине катышуу пайда боло тургандыгы жөнүндө ой туудурушу мүмкүн. Мындай өзүн өзү ынандыруу өспүрүмгө кыйынчылыктарды жана шек саноочулукту жеңүүгө жардам берет.

Мындай учурларда кээде ата-энелер да, уулунун же кызынын тандап алган ишинен бир аз кетенчиктей түшкөнүн байкап, өз далилдерин келтире алышат. Өз чечимдеринин тууралыгына биротоло ишенүү үчүн, ата-энесине же улууларына окуучу өзү кайрыла алат.

**Көнүгүүлөр** — бул жүрүш-туруштун белгилүү бир стилин калыпташтырууга багытталган кылык-жоруктардын жана кыймыл-аракеттердин кайталанышы болот. Жүрүш-туруштун мындай стилин иштеп чыгуу үчүн, деп айткан Н. Островский, тартиптүү болуш керек, б. а. жүрүш-туруштун өзүң иштеп чыккан эрежелерине баш ийип, белгиленген турмуш ритмин бекем сактоо керек.

Кээде өз алдынча көнүгүүлөрдү жасоо, иштөөнүн кандайдыр бир түрлөрү менен сабактын башталышы жалкоолуктун кесепетинен кийинкиге калтырылат. Мисалы, бир бала күнүгө эртең менен зарядка жасап жүрүүнү чечти дейли, бирок жалкоолук аны ар жолу өзүнүн чечимин ишке ашырууну улам эртеңкиге калтырууга мажбур кылат. Мындай учурларда Л. Н. Толстой өз жалкоолугу менен эрксиздигинин бетин ачууну, өзүн чечкиндүү аракеттенүүгө зордоону сунуш кылган. Буга өз ичинде өзүн өзү ынандыруу жолу менен жетишүүгө болот:

«Мен жалкоолукка берилип кеткендиктен, иштен качып жүрөм».

«Уят эле го, дагы мен күчтүүмүн деп мактанып жүрөм».

«Мен иштешим керек».

«Ишке киришейин!»

Бул болсо түздөн-түз көнүгүүлөр менен байланышкан өзүн өзү ынандыруунун жаңы формасы.

Эгер уулунун же кызынын белгиленген көнүгүүлөрүнүн планы аткарылбай жаткан болсо, алар өздөрүн өздөрү жазалай алышат. Мисалы, алар өздөрүн бир жума, бир ай бою киного баруу ыракатынан ажыратып, оюндарга ж. у. с. катышуудан баш тартышат. Эгер алар белгилеген программа ийгиликтүү аткары-

лып жаткан болсо, анда алар учуру келе электе эле кезексиз киного, театрга ж. б. барып, көңүл ачышат.

А. Г. Ковалёв, баланын жакшы таасир эткен үлгүгө карата болгон мамилеси менен байланышкан өзүн өзү тарбиялоонун кошумча ыкмаларына да көңүлдү бурат. Мисалы, окуучу кыз ар ишти ынтаалык менен иштеп, туруктуураак болууну өз алдына милдет кылып койду дейли. Бул үчүн ал сабак даярдап жүргөн столуна Н. Островскийдин портретин коюп, иштен көңүлү алагды болгон эң кыйын учурларда сүйүктүү жазуучунун портретинен көзүн айырбай, алган милдеттенмеси жөнүндө ойлонуп, көңүлүн бир жерге топтоп кайра иштей баштайт.

Балдардын өзүн өзү тарбиялоосу жөнүндө көбүрөөк билгиси келген ата-энелерге А. Г. Ковалёвдун «Окуучулардын өзүн өзү тарбиялоосу» деген кызыктуу китебине кайрылууга кеңеш беребиз.

# КОРУТУНДУ

Тарбиялоо чеберчилигинин өзгөчөлүктөрүнүн бири, К. Д. Ушинский белгилегендей, ал баарына тааныш жана түшүнүктүү, ал эми кээ бирөөлөргө—ал тургай оңой-олтоң эле иш болуп көрүнгөндүгүндө. Бирок үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо иши ата-энелерден тынымсыз эмгекти, изденүүнү жана жакшылап ойлонууну талап кылат. Тарбиялоо иши аларды духовный жагынан дайыма байып турууга, курчап турган чындыкты жана ириде балдардын турмушун билүүгө милдеттендирет.

Үй-бүлөдө тарбиялоо чеберчилиги ата-энелердин балдарынан өздөрүн таба билүүсүнөн, аларды өз артынан ээрчите билүүсүнөн көрүнөт. Тарбиялоо чеберчилиги жасалма таасир этип, бир айтканын улам кайталай берүүчүлүккө чыдабайт, анткени өзүнүн жаратылышы боюнча балдар өтө байкагыч келет. Ар бир баланын өзүнө таандык мүмкүндүктөрү жана өзгөчөлүктөрү болот, алардын бул өзгөчөлүктөрү менен тарбиялоочулардын эсептешүүлөрү зарыл.

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо ата-эненин кадыр-баркы менен тыгыз байланышта боло тургандыгын белгилей кетүү маанилүү. Ата-энелер балдарына таасир этип, ыгы жок эле акыл-насаат айта берүүнүн жардамынын аркасында эмес, өздөрүнүн чыныгы турмуш түрүнөн, чыныгы адамдык мээриминин негизинде алардын мүнөзүн калыпташтырышат. Ошондуктан таза турмушта жашабай, кубулгансып эки ачакей турмушта жашаган атасы же энеси чүмбөттөнгөн адамды, «артистти» элестетет, анын ушундай жаман жоругунан балдар эси-көөнүнөн кеткис жабыр тартышат. Үй-бүлөдө балдарга туура тарбия берүү жасалма таасир этип, кубулуп көрүнүүнү керектебейт. Таасир-

дүү тарбия — бул биздин өзүбүздүн жүрүш-турушубуз. «Өзүңдүн ойлогон оюң, кылган аракетиң жагынан ак ниет, партиялуу адам болушуң керек, анткени башка конгон бак-таалайды толуктап туруучу башкы нерсе—бул туура жашап жатканыңа ишенгендик, артыңда шермендечиликтин да, алдамчылыктын да, куулуктун да, арам ойлуктун да, кандайдыр башка жамандыктын да жоктугу болот»,—деп адилет белгилеп айткан А. С. Макаренко.

Тарбиялоонун педагогикалык чеберчилиги, педагогиканын классиктери далай ирет айрыкча белгилеп айткандай, бардык чеберчиликтерден жогору турган татаал, эң кылдаттыкты жана кеңири түшүнүктү талап кылган чеберчилик болуп саналат. Ошону менен бирге бул чеберчиликтин, ар кандай башка чеберчиликтей эле, өзүнө гана мүнөздүү болгон өзгөчөлүгү бар. Тарбиялоо чеберчилигинин чордону болуп анын составдуу элементтери саналат: билгичтиктерге негизденген тыгыз байланыш, ар нерсени көрө билүү, таасир этүү жана ишкердүүлүк.

Адамды сөзгө келтирип, аны менен жакындашып, ага таасир эте билүү, аң-сезимин көтөрүүгө ага жардам берүү, В. И. Ленин муну айрыкча белгилеп айткандай, тарбиялоонун эң бир маанилүү билгичтиктеринин бири болуп саналат. Бул чебердикке ээ болбой туруп тарбиячы чыныгы тарбиячы боло албайт. Бул китепте каралган ата-энелердин оң тажрыйбасы ириде өзүнүн чебердиги, мамилечилдиги менен, баланын ичинде кандай ойлор бугуп, анын тынчын алып жаткандыгын баамдай билүүчүлүгү менен жана ушуга ылайыктап анын жеке өзүнө натыйжалуу таасир эте билиши менен айырмаланат.

Балдардын ата-энеси менен болгон мамилесинин өзүнө тарткыч күчү болуп ак ниеттүүлүк, кылдаттык жана сөздүн мазмундуулугу санала тургандыгын үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо тажрыйбасы далилдейт.

Балдар өзүнүн жаратылышы боюнча ак ниет жана чынчыл келет, алар чыныгы ой-сезимин жашырбай, ачык-айрым сүйлөшкөндөрдү жакшы көрүп, бат эле ынак болуп кетишет. Өзүнүн ак ниеттүүлүгү менен ата-энелер балдарын таң калтырып, кубантышпайт, алар эмне айтып жатышса, ошого кызыктырып, көңүлдөрүн бурушат.

Балдар абдан кылдат келе тургандыгын дайыма эстен чыгарбоо керек, ошон үчүн аларга абайлап туура мамиле кылып, сылык жана жумшак, сезгич жана аярдагыч болуу зарыл. Мында ата-энелер ыгы жок кылдат болуудан качып, балдарынын духовный дүйнөсүнө тереңирээк түшүнүүгө аракет кылып, алардын чыгармачылык күчү менен мүмкүндүктөрүнө ишенгендигин көрсөтүүлөрү керек. Ак ниеттүүлүк жана кылдаттык, жакшы мамиле түзүү чебердигинин составдуу элементтери катары, өз ара мамиленин мазмуну менен тыгыз байланышта болот. Эгер ата-энелер көптү билип, коомдун, өз коллективинин жана балдардын коллективинин ар тараптуу кызыкчылыгы менен жашап жаткан болсо, балдар да аларга жакыныраак болуп калышат. Балдар өзүнүн жаратылышы боюнча ишкер келет, ошон үчүн чыгармачылык менен ой жүгүрткөн чыныгы адамдарды жакшы көрүшөт. Мындан мындай бир корутунду туулат: балдардын ата-энеси менен болгон мамилеси үзүлбөсү үчүн, аларга кубаныч, канааттануу алып келиши үчүн атанын жана эненин духовный жагынан дайыма өсүшү зарыл. Үй-бүлөдөгү улуу кишилердин билим булагы азайып же соолуп калышына жол берүүгө болбойт, алардын бул билим булагы кайра улам толукталып турушу керек.

Ата-энелер көп билгичтиктерге ээ болуулары керек. Сөз турмуштун, жаратылыштын сонундугун сезе билип, ыракатка батуу жөнүндө, китепти окуй билүү жана аңгемелешип отурган кишинин айтканын чыдамкайлык менен угуу, музыкага түшүнүү жана жанында сүйлөшүп турган кишинин түпкү ой-пикирин сезе билүү жөнүндө, адамдардан үйрөнө билүү, алардын жакшы жактарын өздөштүрүү жана ушу духовный байлыктардын баарын коомго, өсүп келе жаткан жаш муундарга берүү жөнүндө жүрүп жатат. Улуулардын кичүүлөрүнө кылган мамилелеринин баалуулугу ата-энелердин чыгармачылдыгында жана ойлоп тапкычтыгында, баланы өзүнчө адам катары терең урматтай билүүдө болот. Бирок бул, ата-энелер үй-бүлөнүн мүчөлөрү жана тегеректегилердин баары кубана тургандай ар кимге мамиле кылганга уста болууга тийиш дегендикти билдирет.

Тажрыйбалуу ата-энелер жай сүйлөп, баланы сөз менен ынандыра билүү жагына чебер келишет. Бирде жадырап-жайнап чечилип сүйлөшүп, бирде камырабагансып олуттуу карап, бирде кечирим сурагансып ылдый карап сүйлөп, ыгы келе калган учурларда ачууланып да жиберип, бирде кайра боорсунуп ылымын жакындатып — айтор алар аярлап сүйлөп таасир этүү ыкмаларынын баарын колдонушат. Албетте, өз сөзүнө ээ болуп, туура таасир эте билүү чеберчилиги үзгүлтүксүз жана туруктуу эмгектенүүнүн натыйжасы болуп саналат. Бул жөнүндө А. С. Макаренко эмне дегенин эске түшүрүп көрөлүкчү: «Адамдардын өңүн, кебете-кейпин, үнүн коюуга жыйырма чакты нюанс берүүнү үйрөнгөнүмдө гана мен чыныгы чеберчиликке жетиштим. Ошондо мен кимдир бирөө мага барбай коёт же керек болгон нерсени сезбей калат деп корккон эмесмин» (Чыг., V т., 269-бет).

Кээде ата-энелер, ал тургай мугалимдер да өз тарбиялануучуларынын жаман кылык-жоруктарына кыжыры келип, аларды эчтеме менен таң калтыра албайсың, эчтеме менен түшүндүрө албайсың,—аларга сөздүн таасири тийбейт дешет. Чындыгында улуунун айтканынын баары эле кичүүнүн аң-сезимине жете бербеген учурлар турмушта болот. Мунун көп себептери бар. Үй-бүлө жана мектеп балдардын угуп жаткан сөздүн маанисине түшүнүүгө умтулуусун жетишерлик толук өнүктүрбөй келаткандыгы мына ушундай себептердин бири болуп саналат.

Н. К. Крупская мындай деп кеңеш берген: тарбиялоодогу бул кемчиликтен арылуу үчүн ата-энелер өздөрү аңгемелешип отургандарды уга билип, алардын айтайын деген оюндагысын түшүнүүлөрү керек. Тилекке каршы, кээ бир учурларда энеси баласына жөндөн жөн эле: «Келжиребечи эми!» — деп кыйкырат. Анын эмгек кылып жүргөнүнө назар салып кароонун ордуна мына ушинтет, анткени, В. И. Ленин айткандай, «сөз дагы иш болот».

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо — педагогикалык чеберчиликтин эң бир кызыктуу жагы болот. Бирок практикасыз жана үлгү көрсөтүүсүз жалаң эле китеп аркылуу тарбиялоо чеберчилигине үйрөнүү—мүмкүн эмес. Анткени «тарбиялаганды билүү— ... скрипкада жакшы ойноо... жакшы фрезеровщик же токарь болуу

кандай болсо, ошондой эле чеберчиликти талап кылат. Адам ... инструментти колуна алмайын, станокко барып турмайын, жалаң китеп менен аны жакшы... музыкант, жакшы фрезеровщик болууга үйрөтө албайсың»,— деп айткан А. С. Макаренко.

Өзүнүн жаратылышы боюнча ата-энелер биринчи тарбиячылар болуп саналышат, бул болсо ардактуу гана эмес, жооптуу да иш.

## АВТОРЛОРДОН

Урматтуу окурмандар! Мына биз китептин акыркы барактарына да жеттик. Анда, албетте, үй-бүлө жана балдарды тарбиялоо менен байланышкандардын баары эле баяндалган жок, аны жалаң гана бир иште баяндап чыгуунун өзү да мүмкүн эмес. Биз мындагы коюлган маселелер ата-энелердин ортосунда талаш-тартыштарды, силердин үй-бүлөңөрдүн чөйрөсүндө кызуу талкууларды чыгарышы мүмкүн деп ойлойбуз. Бул толук табигый нерсе.

Эгер биздин китебибиз балдарды коммунисттик тарбиялоодогу асыл иште силерге, ата-энелерге, жардам берсе, аларды жогорку идеялуу, моралдык жагынан таза, өз элине жана коммунизмдин ишине берилген адамдардан кылып өстүрүүгө жардам берсе,— анда биздин эмгек текке кетпейт.

## МАЗМУНУ


I глава. Ульяновдордун үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоонун негиздери . . . . . . . . . . 3
II глава. Үй-бүлөдөгү өз ара мамиленин адептүүлүк-педагогикалык принциптери . . . . . . . 37
1. Үй-бүлө турмушундагы ынтымактуулук—балдарды тарбиялоонун негизги шарты . . . . . 37
2. Чоң энелер, чоң аталар, ата-энелер жана балдар 44
3. Атанын кадыр-баркы . . . . . . . . . . 64
III глава. Балдарга түшүнүүгө үйрөнүү . . . . . 82
IV глава. Балдарыңардын окуусу . . . . . . . . 103
V глава. Адептүү тазалыкты тарбиялоо . . . . . . 116
1. Адептүүлүктү тарбиялоо . . . . . . . . 116
2. Коммунисттик идеялуулукту жана көз караштыы тарбиялоо . . . . . . . . . . 159
VI глава. Эстетикалык тарбия берүү . . . . . . 184
VII глава. Үй-бүлөдө балдардын өзүн-өзү тарбиялоосу . 198
Корутунду . . . . . . . . . . . . . . . 218
Авторлордон . . . . . . . . . . . . . . . 223



*Василий Иванович Нефедов*
*Юрий Юрьевич Щербань*

**ИСКУССТВО ВОСПИТАНИЯ В СЕМЬЕ**

*На киргизском языке*

Перевод с издания, выпущенного издательством «Народная асвета», 1971 г.

Которгон *Бекбосун Орозалиев*
Редактор *М. Аманов*
Художн. редактор *Ю. Ким*
Техн. ред. *С. Нурмиева*
Корректор *З. Абыкеева*

Терүүгө 26/XII 1975-ж. берилди. Басууга 9/I 1976-ж. кол коюлду. Кагазы типографская № 3, форматы 84×108[1]/32, 14,0 физ. басма табак, 11,76 шарттуу басма табак, 11,3 учеттук табак. Тиражы 2000. Заказ № 4459. Баасы 44 т.

720002, Фрунзе, 2, ул. Советская, 170, издательство «Мектеп» Госкомиздата Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102, Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР Госкомиздата Киргизской ССР.

1 сом 33 т

~~44 т.~~